65.04(кыр)
Б 24

Ө. БАРАТАЛИЕВ
Н. АЛЫМКУЛОВА

# ГЕОГРАФИЯ

# 9

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:*** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

65.04(кыр)
Б 24

Ө. Бараталиев, Н. Алымкулова

# ГЕОГРАФИЯ

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ГЕОГРАФИЯСЫ

9-класс үчүн окуу китеби

**Оңдолуп, толукталып экинчи басылышы**

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

1518
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 979213

«Инсанат»
Бишкек – 2012

УДК 373.167.1
ББК 26.82. я 721
Б 24

**Рецензенттери:**

**Аламанов С.** – география илимдеринин кандидаты, профессор, Кыргыз Республикасынын УИАсынын М. М. Адышев атындагы Геология институтунун бөлүм башчысы

Касымов К. – Кыргыз билим берүү академиясынын илимий кызматкери

**Бараталиев Ө., Алымкулова Н.**

Б 24 География. Кыргызстандын экономикалык жана социалдык географиясы: 9-кл. үчүн окуу китеби. – Онд., толук. 2-бас.– Б.: «Инсанат», 2012. – 272 б.

ISBN 9978–9967–452–46–6

Б 4306021000–12

УДК 373.167.1
ББК 26.82. я 721

ISBN 9978–9967–452–46–6

© Бараталиев Ө., Алымкулова Н., 2012.
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2012.
© «Инсанат» басмасы, 2012.

## КИРИШ СӨЗ

Колуңардагы окуу китеп мектептин программасына ылайык түзүлүп, анда мурдагы (2006-ж.) чыккан китептин структурасы негизинен сакталды. Андагы статистикалык маалыматтар дээрлик жаңыланды.

Анда Кыргыз Республикасынын социалдык географиясы, административиялык-аймактык бөлүнүшү, Кыргызстандын чарбасынын тармактар боюнча жалпы мүнөздөмөсү, тышкы экономикалык жана социалдык байланыштары, облустары бүт камтылды. Республиканын жаратылыш компоненттеринин ресурстук маанилери кыскача мүнөздөлдү.

Кыргызстандын чарбасы тармактар боюнча жалпы мүнөздөлүп, аны улай, айыл чарба продукцияларын жана сырьёлорун кайра иштетүүчү өнөр жай тармактары өзүнчө берилди. Экономиканын жаңы маанилүү тармагы болгон республиканын рекреациялык ресурстары менен туризми кеңири мүнөздөлдү. Өлкөнүн мамлекеттик түзүлүшүндөгү олуттуу өзгөрүүлөр да көрсөтүлдү.

Ар бир облуска комплекстүү географиялык мүнөздөмө берилди. Анда облустардын табияты, калкы, тарыхы, чарбасы, маданий турмушу, билим берүүсү, саламаттыкты сактоосу кеңири баяндалып, облустарга тиешелүү шаарлар менен шаарчалар өз алдынча макала болуп, алфавиттик тартипте берилди.

Китепте карта, сүрөт, таблица ж. б. иллюстрациялар жаңыланып, арбын берилди. Республиканын өнөр жай жана айыл чарба тармактарын, калкын, облустардын административиялык бөлүнүшүн жана экономикасын чагылдырган 16 түстүү карта окуу китептин сапаттык деңгээлин кыйла арттырат.

Китептин аягына жаңыланып берилген «Кыргызстан жөнүндөгү маанилүү маалыматтардан» республика боюнча кошумча кызыктуу материалдарды табууга болот.

# I. КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ГЕОГРАФИЯСЫ

## I. 1. Кыргызстандын географиялык абалы

Кыргызстан – эгемендүү, укуктук унитардык демократиялуу өлкө. Кыргыз Республикасынын азыркы чегиндеги аймагы кол тийгис, ыйык жана бөлүнгүс экендиги 1993-ж. 5-майда Жогорку Кеңеште кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясында баса белгиленген. Республиканын аймагы географиялык жактан өтө ыңгайлуу жерден орун алган. Ал Европа менен Азияны байланыштырган байыркы Улуу Жибек жолунун, ошондой эле дүйнөлүк диндердин жана маданияттын кесилишинде, дүйнөдөгү ири мамлекеттердин геосаясаттык кызыкчылыктарынын чордонунда жайгашкан.

Дүйнөнүн географиялык карталарында Кыргыз Республикасы Евразия материгинин орто ченинен орун алып, Тынч океандан 3830 *км*, Атлантикадан 6530 *км*, Түндүк Муз океандан 3380 *км*, Инди океанынан 1670 *км* алыс жайгашкан. Республиканын аймагы 43°16' жана 39°11' түндүк кеңдиктердин, 69°15' жана 80°18' чыгыш узундуктардын аралыгында жатып, батыштан чыгышка 925 *км*ге, түндүктөн түштүккө 454 *км*ге созулат.

Кыргызстан – Борбордук Азиянын түндүк-батышын, Теңир-Тоонун батыш, Памир-Алай тоо системасынын түндүк бөлүктөрүн ээлейт. Жеринин бети кеңдик багытта бири бирине жарыш созулуп жаткан бийик кырка тоолордон жана аларды бөлүп турган тоо аралык ойдуң, өрөөндөрдөн турат. Түндүгүнөн жана түндүк-чыгышынан Казакстан, батышынан Өзбекстан, түштүк-батышынан жана түштүгүнөн Тажикстан, түштүктөн жана түштүк-чыгыштан Кытай менен чектешет. Республиканын чек арасы Казакстан менен 1113 *км*ге, Өзбекстан менен 1374 *км*ге, Тажикстан менен 972 *км*ге, Кытай менен 1049 *км*ге созулат. Чек арасынын жалпы узундугу 4508 *км*.

Өлкөнүн аймагынын жалпы аянты 198,5 миң $км^2$.

Калкы 5,5 млн адам (2009).

Кыргыздар өз мамлекетинин эркиндигине карай кылымдар бою татаал жол арткан эң байыркы элдерден. Кыргыз эли көп кыйынчылык менен ушу таптагы эркиндикке, эгемендүүлүккө жетишти. Өткөн тарыхты эске салып, акын, жазуучу Ашым Жакыпбеков мындай деп жазган:

Кайың барбы кыргыз балта чаппаган,
Кыр-жон барбы кыргыз кыргын таппаган,

Кылымдарга аты калбай өчөөрдө,
Кыргыз элин кыраан Манас сактаган.

Ушул төрт сап ыр элдин кандай кыйынчылык менен эркиндикке жеткенин далилдеп турат.

Кыргыз мамлекети эгемендүүлүккө жеткенден бери республикада көп өзгөрүүлөр болду: тоталитардык системанын эң жогорку катмары бийликтен ажырады; мамлекет көз каранды эмес деп жарыяланып, демократиялык нуктагы Президент шайланды; жаңы Конституция, мамлекеттик Туу, Гимн, Герб, улуттук валюта кабыл алынды; коомдо жаңы аң-сезимдин жышааны сезилип, өлкө демократиялык өнүгүүнүн жолуна багыт алды. Кыргызстан индустриялуу өлкөлөрдүн катарына кошулууга кадам жасап, калктын турмуш деңгээлин жакшыртуу үчүн экономикалык реформалар жүргүзүлүп, рынок экономикасына негиз салды. Атап айтканда жерге, мүлккө жеке менчик, айыл жана шаар жерлеринде эркин ишкердүүлүктүн өнүгүүсүнө шарт түзүлдү.

Дүйнө өлкөлөрү ушул тапта «өнүккөн мамлекеттер», «орто өнүккөн мамлекеттер» жана «өнүгүп келе жаткан мамлекеттер» деп негизинен үч типке бөлүнөт. Кыргыз Республикасы өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин катарына кирет. Ошондуктан суверендүү жаш мамлекеттин кен байлыктарына кызыккан алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн саны арбып, алар Кыргызстанга ар тараптан жардам берип, биргелешкен ишканалар түзүлүп, кен байлыктарды көмөктөшүп өздөштүрүүгө киришти.

Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет болору менен Бириккен Улуттар Уюмуна (1992), Эл аралык валюта фондусуна (1992), Коллективдүү коопсуздук келишими уюмуна (1992), Европа коопсуздугу жана кызматташтыгы уюмуна (1992), Экономикалык кызматташтык уюмуна (1992), Ислам конференциясы уюмуна (1992), Эл аралык реконструкция жана өнүгүү банкына (1992), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (1998), Шанхай кызматташтык уюмуна (2001), Евразия экономикалык биримдигине (2001) ж. б. эл аралык уюмдарга, комиссияларга мүчө болуп кирди. Бул уюмдар республиканын экономикасынын өнүгүшүнө, социалдык жактан тейлөөнүн жакшырышына, кадрларды даярдоого, материалдык жана моралдык жактан омоктуу жардам берүүдө.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан бери дүйнөнүн 130дан ашуун өлкөсү тааныды. Республика 108 мамлекет менен дипломатиялык байланыш түздү. Кыргызстанда азыр Түркия, Россия, Кытай, АКШ, Испания, Бельгия, Израиль, Германия, Иран, Швеция, Дания, Монголия, Чехия, Норвегия, Австрия, Япония, Түштүк Корея, Индия, Пакистан, Финляндия, Улуу Британия, Швейцария, Канада, Франция ж. б. 32 өлкөнүн атайын укуктуу элчиликтери иштеп жатат.

## I. 2. Кыргызстандын табияты жана табигый ресурстары

Р е л ь е ф и. Кыргызстан бийик тоолуу өлкө. Аймагынын деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2750 *м*, эң бийик жери – 7439 *м*, Жеңиш чокусу (Какшаал тоо тизмегиндеги Чоң Ак-Тоодо), эң жапыз жери 401 *м* (Лейлек районунун аймагындагы Кулунду өрөөнү). Республиканын 94%тен ашуун аймагы деңиз деңгээлинен 1000 *м*ден, 71,0%и 2000 *м*ден, 40,8%и 3000 *м*ден жогору жайгашкан.

Абсолюттук бийиктигинин кескин айырмалуулугуна, рельефинин татаалдыгына, геологиялык өнүгүү тарыхына ж. б. себептерге байланыштуу анын табияты ар түрдүү болуп, табигый ресурстарга бай келет.

Кыргызстандын аймагынын негизин ландшафты жана чарбалык пайдаланышы боюнча кескин айырмаланган ири кырка тоолор жана тоо аралык кенен өрөөндөр түзөт.

Республиканын эң бийик бөлүгү анын чыгыш жагында жайгашкан. Кытай менен чектешкен бул аймактагы Кан-Теңир тоо тоомунан бүт Теңир-Тоонун (Тянь-Шандын) эң бийик жерлери – Жеңиш (7439 *м*) жана Кан-Тоо (6995 *м*) чокулары орун алган. Ушул аймактан кырка тоолор батышты жана түштүк-батышты карай желпүүр сымал кеңдик багытта бири бирине жарыш 300–400 *км*ге чейин тармактанып кетет. Ушул эле багытта тоолор 7000 *м*ден 2000–1000 *м*ге чейин жапыздай баштайт. Бийиктиги 4500–7000 *м*ге жеткен ири кырка тоолор Теңир-Тоонун чет жакаларында жайгашкан. Аларга Кыргызстандын түштүк-чыгышындагы Какшаал тоо тизмеги, түштүк-батышындагы Алай, Түркстан кырка тоолору, түндүк-батышы менен түндүгүндөгү Талас, Кыргыз Ала-Тоолору, түндүк-чыгышындагы Күнгөй Ала-Тоо кирет. Республиканын түштүк чегинде Памирдин курамына кирген бийик (орточо бийиктиги 6000 *м*) Чоң Алай кырка тоосу созулуп жатат. Мындан (Тажикстандын чек арасында) Кыргызстандагы экинчи бийик чоку – Ленин атындагы чоку (7134 *м*) орун алган.

Теңир-Тоонун тоолору асимметриялык түзүлүшү, рельефинин терең тилмелениши менен өзгөчөлөнөт. Алардын түндүк капталдары жазы келип, көп ярустуу. Эң төмөнкү баскычын (700–800 *м*ден 1700–1800 *м* бийиктикке чейин) эрозия-аккумуляция рельефтүү этек тоо-адырлар зонасы түзөт.

Теңир-Тоонун рельефинде түрдүү бийиктикте (5000 *м*ден 3800 *м*ге чейин) жаткан тоо аралык кенен ойдундар жана өрөөндөр – Талас, Чүй, Ысык-Көл, Ортоңку Нарын, Алай өрөөндөрү ж. б. түзөт.

Тоолуу рельефинин табияттын башка факторлору менен бирге чарба тармактарынын адистешүүсүнө таасири зор. Тоо этегиндеги түздүктөр, жапыз жана орто бийик тоолордун аралыгындагы ойдуңдар чарбада кеңири пайдаланылат. Табияты катаал бийик

тоолуу (3000 *м*ден жогорку) сырттар – Кызыл-Суу, Ак-Сай, Сары-Жаз, Кичи Нарын, Арпа сууларынын алаптары ж. б. аймактар кыйынчылык менен өздөштүрүлүүдө.

Геологиялык түзүлүшү жана кен байлыктары. Кыргызстандын жери бүт бойдон Урал – Монгол геосинклиналдык бүктөлүү аймагынын чегиндеги Теңир-Тоо тармагына кирет. Анын геологиялык түзүлүшү палеозойго чейин жана палеозойдо пайда болгон түрдүү тоо тектерден туруп, аларды мезозой менен кайнозойдун чөкмөлөрү жаап жатат. Геологиялык түзүлүшү, өнүгүүсү ж. б. өзгөчөлүктөрү боюнча Түндүк Теңир-Тоо, Ортоңку Теңир-Тоо, Түштүк Теңир-Тоо жана Түндүк Памир болуп төрткө бөлүнөт. Алар бири биринен жер кыртышынын тектоникалык терең жаракалары (Тескей – Кара-Тоо, Түштүк Фергана, Талас – Фергана тектоникалык жаракалары) менен бөлүнүп, ар бири байыркы көтөрүлүүлөр менен ийилүүлөрдөн, структура-формациялык зоналардан турат.

Түндүк Теңир-Тоого Иле, Күнгөй, Кыргыз, Тескей Ала-Тоолору, Жумгал, Суусамыр, Соң-Көл кырка тоолору жана Талас Ала-Тоосунун жарым-жартылайы кирет. Бул аймактын геологиялык структурасы негизинен каледон тектоникалык циклинде түзүлүп, ал палеозой заманынын башталышын камтыган. Ортоңку жана Түштүк Теңир-Тоонун геологиялык структурасы палеозойдогу герцин тектоникалык циклинде пайда болгон. Ортоңку Теңир-Тоону Сары-Жаз, Көөлү, Жетим, Молдо-Тоо, Ак-Шыйрак (батыш), Чаткал ж. б. кырка тоолор, Түштүк Теңир-Тоону Эңилчек, Борколдой, Ат-Башы, Какшаал, Фергана, Алай, Түркстан кырка тоолору ээлеп жатат. Чоң Алай кырка тоосунда Түндүк Памирдин соңку герцин бүктөлүү аймагынын бир бөлүгү жайгашкан.

Тоо аралык ойдуңдар мезозой-кайнозойдун континенттик чөкмөлөрүнө толгон. Түндүк Теңир-Тоонун каледониддеринин түзүлүшүнө алгачкы палеозой эвгеосинклиналдык жана миогеосинклиналдык бүктөлүү комплекстери, ошондой эле протерозойдун байыркы структурасынын айрым бөлүктөрү катышат. Герцин структуралык кабатында болсо континенттик чөкмө жана жанар тоо эпигеосинклиналдык ороген комплекси басымдуу. Бул аймакка, ошондой эле каледондун ири гранитоид магматизми мүнөздүү.

Ортоңку Теңир-Тоо негизинен палеозойдун терриген жана карбонат тоо тек катмарларынан түзүлүп, алардын фундаментинде жалпысынан рифейге чейинки гнейстер, рифейдин гранитоиддери жана порфирлери жатат. Түштүк Теңир-Тоо негизинен палеозойдун эвгеосинклиналдык (негиздүү жанар тоо тектери менен) жана миогеосинклиналдык (жанар тоо теги жок) чөкмө тоо тек катмарларынан турат. Түндүк Памир негизинен карбондун жанар тоо


жана карбонат тоо тектеринин калың катмарларынан түзүлгөн. Кыргызстандын жеринин басымдуу бөлүгү жогорку сейсмикалык (7–9 балл) зонасына кирет. Мында бат-баттан жер титирөөлөр болуп турат. Бул болсо азыр да тоо жаралуу процесси жүрүп жаткандыгын айгинелейт.

Кыргызстандын аймагы кен байлыктарга бай. Алар негизинен күйүүчү заттар, металлдар, металл эместер жана жер астындагы суулар менен дары баткак кендери болуп бөлүнөт. Күйүүчү заттардан көмүр, күйүүчү сланец, чым көң, газ жана нефть кендери табылган. Көмүрдүн геологиялык запасы боюнча Кыргызстан Орто Азиядагы өлкөлөрдүн (Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстан) ичинен алдыңкы орунду ээлейт. Көмүр кендери негизинен мезозой заманынын башталышында пайда болуп, бардыгы 30дан ашуун кен табылган. Кыргызстандагы көмүрдүн геологиялык жалпы запасы 28317 млн *т.* Көбү Өзгөн таш көмүр бассейни менен Кабак күрөң көмүр бассейнинде топтолгон.

Республикада жогоруда аталган ири көмүр бассейндеринен башка Алабуга – Чатыр-Көл көмүрлүү аймагы (Ак-Сай, Тунук ж. б. кендери); Алай (Бел-Алма, Кашка-Суу ж. б.); Түндүк Фергана (Таш-Көмүр, Каратыт, Тегене ж. б.); Түштүк Ысык-Көл (Жыргалаң, Сөгөттү ж. б.); Түштүк Фергана (Кызыл-Кыя, Сүлүктү ж. б.) көмүрлүү аймактары белгилүү. Көмүр кендери таш көмүр жана күрөң көмүр болуп эки түргө бөлүнөт. Көмүрдүн түрлөрү боюнча республикада таш көмүрдүн запасы көбүрөөк.

Нефть жана газ кендери республиканын түштүгүндө жайгашып, Фергана нефть-газ аймагына кирет. Алар мезозой-кайнозойдун чөкмө тектеринде топтолгон. Мындагы Майлуу-Суу, Чыгыш Избаскен, Чаңгыр-Таш, Кара-Жыгач нефть кендери, Кызыл-Алма, Сузак, Сары-Камыш, Сары-Таш газ кендери пайдаланууга берилген. Ошондой эле Избаскен, Майлуу-Суу III, Майлуу-Суу IV, Түндүк Риштан нефть-газ кендери бар. Күйүүчү сланецтердин запасы бир гана Өзгөн таш көмүр бассейниндеги Каргаша кенинде белгилүү. Анын жалпы запасы 65 млн *т*, бирок азырынча казылбайт. Чым көң жаткан жерлер Кыргызстандын аймагынын 0,02% ин ээлейт. Алар негизинен Нарын, Чүй, Талас, Жыргалаң суулары жана алардын куймаларынын жайылмаларындагы саздарга туура келет. Кендери майда; запасы 5 млн $м^3$ге жеткен чым көң жаткан жер – Чүй өрөөнүндө (Токмок кени), 3 млн $м^3$ге чейинкиси Ысык-Көл ойдуңунда (Коңур-Өлөң кени) жайгашкан.

Металлдардан Кыргызстандын аймагында негизинен темир, жез, коргошун, цинк, молибден, боксит, висмут, сымап, сурьма, алтын жана калайдын кендери бар. Алардын ичинен полиметалл, сейрек металлдардын, ошондой эле сымап, сурьма, калай жана баалуу металлдардын кендери өнөр жайлык мааниге ээ.




# КЕН БАЙЛЫКТАРЫ

Темир кенташтары негизинен Нарын дарыясынын баш жагындагы Жетим кырка тоолорунун түштүк капталында (Жетим темир кенташ бассейни) жайгашкан. Жез кенташтары республиканын аймагында скарн, гидротерм жана стратиформ жолдору менен пайда болгон 1 миңдей майда кендерде кезигет. Алар аймактын дээрлик бардык жеринде учурайт. Айрыкча Ортоңку Теңир-Тоонун Чаткал-Курама бүктөлүү аймагында (Боз-Эмчек ж. б.) жана Чаткал зонасына (Куру-Тегерек, Суулуу-Тегерек ж. б.) топтолгон. Коргошун-цинк кенташтары Кыргызстандын дээрлик бардык жеринде жана ар кандай тоо тектерде кезигет. Алар генезистик жактан гидротерм жана стратиформ болуп эки түргө бөлүнөт. Гидротерм тарам түрүндөгү коргошун-цинк кендери өзгөчө Түндүк Кыргызстанда кеңири таралган (Коргон, Борду, Чолок-Терек, Темир-Тор-Булак, Ак-Көл, Арсы ж. б.). Стратиформ тобундагыларына Чаткал кырка тоосундагы Сумсар, Кара-Үңкүр, Ак-Башат ж. б., Ысык-Көлдүн чыгышындагы Эки-Чат, Чаар-Кудук, Каркыра ж. б. кендери кирет. Молибден-ванадий кенташтары Теңир-Тоонун ортоңку жана түштүк зоналарында таралган. Алар негизинен кембрий-ордовик мезгилдеринде пайда болгон көмүрлүү жана көмүр-кремнийлүү сланецтердин катмарларында топтолгон. Бардыгы 200дөй майда кен белгилүү (Бүркүт, Коргон, Боз-Эмчек ж. б.). Бокситтин чакан кенчелери Түштүк Ферганадан (Ак-Шагыл, Айдаркен, Чабай ж. б.) Майлуу-Суу, Кызыл-Кыя жана Таш-Көмүр кендеринин аймагынан табылган. Висмут кенташтары Кастек тоосунда, Талас Ала-Тоосунда жез-висмуттуу формациялар түрүндө кездешет. Сымап кенташтары негизинен Түштүк Кыргызстандын аймагында таралган. Алардын ичинен карбонат тоо тектеринде топтолгон гидротерм тобундагы кендер негизги өнөр жайлык мааниге ээ (Айдаркен, Чоңкой, Чабай ж. б.). Сурьма кенташтарынын өнөр жайлык маанидеги кендери Түштүк Кыргызстанда жайгашкан (Кадамжай, Терек-Сай ж. б.). Алар негизинен карбондун акиташ жана девондун сланец тектеринин кошулган жерлериндеги брекчия зоналарында кезигет. Кыргызстан СССР мезгилинде сурьма казып алуу боюнча негизги аймактардын бири болгон. Анын кендеринен бөлүп алынган сурьма сапаты боюнча дүйнөлүк эталон катары эсептелет.

Кыргызстандын аймагында алтын кендери байыркы мезгилден белгилүү. Алтын негизинен скарн жана гидротерм жолдору менен пайда болуп, магма тоо тектери менен байланыштуу. Байыркы мезгилдеги казуу иштеринин издери Боз-Эмчек, Кичи Сандык, Куру-Тегерек, Ак-Таш, Куран-Жайлоо сыяктуу чулу кендерден жана Касан, Чаткал, Чандалаш, Кум-Бел, Нарын дарыяларынын жээктериндеги чачынды кендерден байкалат. Кийинки иликтөөлөрдүн негизинде Кыргызстандын кен байлыктарынын ичинен алтын алдыңкы орунда экени айкын болду. Алтындын ири кендери: Кум-

Төр (Жети-Өгүз районунда), Макмал (Тогуз-Торо), Жер-Үй (Талас), Солтон-Сары (Нарын), Талды-Булак (Талас, Кемин), Куран-Жайлоо (Кемин), Терек-Кан, Терек, Куру-Тегерек (Чаткал) ж. б.

Калай кенташтары Кыргызстандын аймагында да кеңири таралган. Калайдын көптөгөн (100дөн ашуун) чакан кендери Кыргыз Ала-Тоосунун батыш, Күнгөй Ала-Тоонун ортоңку бөлүктөрүндө, Чаткал, Курама тоолорунда кездешет. Өнөр жайлык маанидеги кендер негизинен Сары-Жаз жана Ак-Шыйрак кырка тоолорунда бар (Таш-Короо, Ат-Жайлоо, Үч-Кошкон, Сары-Булак ж. б.). Республиканын аймагында, ошондой эле марганец, хром, титан, ванадий, вольфрам, мышьяк, кобальт, тантал, ниобий, күмүш, стронций, германий ж. б. металлдардын кенчелери да белгилүү. Металл эмес кендерге да өтө бай. Аларга кооздук таштар – акиташ теги, мрамор, гранит, сиенит, гипс жана табигый курулуш материалдар – чопо, кум, шагыл ж. б. кирет.

Кыргызстанда таш туздун Кочкор (Чоң-Туз), Желди-Суу, Шамшыкал, Тунук-Туз сыяктуу бир нече кени бар. Слюданын (мусковиттин) 2 кенине Кара-Суу – Каравшин жана Кырк-Булак кендерине геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Бариттин 43 кени жана кенчеси белгилүү. Алардын көбү барит-флюорит жана барит-кварц тарамдары түрүндө кезигет. Запасы боюнча ирилери: Молдо-Тоодогу Табылгыты, Алай кырка тоолорунун түндүк этегиндеги Бел-Өрүк кендери. Күкүртүү колчедан Талас Ала-Тоосундагы Ачык-Ташта ошондой эле Фергана ойдуңунун түндүк четиндеги палеогендин чөкмө тектеринен табылган. Чаңгыр-Таш кенинин өнөр жайлык мааниси бар. Ал нукура күкүрттөн турат. Кыргызстандын аймагынан, ошондой эле асбестин (Үкөк, Ала-Баш ж. б.), тальктын (Шамал-Тал-Казы, Тукту-Кыр-Булак ж. б.), графиттин (Кызыл-Булак, Топон, Тепши ж. б.) көптөгөн чакан кенчелери табылган, бирок алардын азырынча өнөр жайлык мааниси жок.

Имараттарды ж. б. курулуштарды кооздоп каптоо үчүн кеңири колдонулуучу кооз таштар акиташ теги, мрамор, доломит, үлүлдүү акиташ теги, гранит, сиенит ж. б. тоо тектер Кыргызстандын бардык жеринде кезигет. Алардын ири кендери: Кыр-Табылгы гранит кени, Ак-Өлөң сиенит кени, Сары-Таш (Жалпак-Таш) үлүлдүү акиташ кени, Кайыңды гранит жана горнблендит кендери, Арым (Чычкан) мрамор кени ж. б. Ошондой эле Кыргызстандын аймагында майда кооз буюмдарды, эстеликтерди даярдоого жарактуу өтө кооз таштардын (мрамор ониксі, озокерит, флюорит, тоо хрусталы, исланд шпаты, амазонит, яшма, роговик, родонит, нефрит, лиственнит, агальматолит, глиеж ж. б.) көптөгөн кендери белгилүү.

Чопо менен кум топурактын геологиялык чалгындалган 30дан ашуун кени бар. Эң ирилери – Орок, Бакай-Ата (Ленинполь), Покровка, Мырзаке, Ош, Нарын, Кызыл-Кыя, Жалал-Абад ж. б.

Кыргызстандын аймагында кеңири таралган кум-шагылдын 20дан ашуун кенинде геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн, жалпы запасы аныкталган. Ири кендери: Балыкчы, Ысык-Ата, Беш-Таш, Кожояр, Ак-Терек ж. б. Ошондой эле кумдун 10дон ашуун кени бар. Алардын ичинде Кум-Арык (Ивановка) кум кенинен жылына 209 миң $м^3$ кум казып алынат. Керамзит жана аглопорит сырьёлору катары колдонулуучу чополуу сланецтин 2, кум-топурактын 3 кени казылып, керамзит менен аглопорит өндүрүшүндө пайдаланылууда.

Жылуулук өткөрбөөчү материал катары жана минералдык таш буласын алууда керектелүүчү базальттын республикадагы жалпы запасы 5,5 млн $м^3$ (Сулуу-Терек ж. б.). Гипстин баланстык жалпы запасы 7 млн $м^3$ болгон 6 кенинде (Бак-Терек, Жыргалаң, Ордошах, Ноокат ж. б.) геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Цемент сырьёсунун (акиташ теги, чопо) жалпы запасы 260 млн *т* болгон 4 кени казып алынууда. Ак-Сай, Агала-Таш, Күрмөнтү, Исфайрам кендеринин запасы мол. Цемент сырьёсу Кант, Кызыл-Кыя, Араван, Күрмөнтү, Куба-Сай (Өзбекстан) цемент заводдорунда пайдаланылат. Имараттарды акилөөчү акиташ алынган акиташ тегинин ири кендери Бакай-Ата (Ленинполь), Карагайлы-Булак, Чаңгыр-Таш ж. б. казылып, өнөр жайда кеңири пайдаланылууда.

Кыргызстан жер астындагы тузсуз таза сууга бай. Ал чарбада кеңири пайдаланууда. Ошондой эле дээрлик бардык типтеги минералдуу суулардын түрлөрү бар, дары баткак чыккан жерлер да көп. Кыргызстандын аймагында 50дөн ашуун минералдуу жылуу жана ысык суу чыккан жерлер белгилүү. Алардын арасында иод-бромдуу (Избаскен, Кочкор-Ата ж. б.), радондуу (Жети-Өгүз, Кереге-Таш ж. б.), аз минералдашкан кремнийлүү (Ысык-Ата, Ак-Суу ж. б.) жылуу суулар да бар. Республикадагы жылуу суулардын табигый ресурсу 200 *л/сек*. Андагы 10 жылуу суу булактарынын базасында курорттор менен бальнеологиялык дарылоо мекемелери (Ысык-Ата, Жалал-Абад, Жети-Өгүз, Ак-Суу, Жыргалаң ж. б.) иштейт. Республиканын аймагында көмүр кычкыл суу чыккан 25тен ашык булак белгилүү. Алар негизинен Фергана тоо тизмеги менен Борбордук Теңир-Тоодо. Суу ресурсунун дебити 100 *л/сек*га жетет. Суусун катары ичилүүчү Ак-Суу, Чатыр-Көл, Беш-Белчир-Арашан суулары, дарыланууга жана суусунга керектелүүчү Кара-Шоро, Жалал-Абад суулары геологиялык жактан чалгындалып, кеңири пайдаланылууда. Сульфиддүү суулардын 10дон ашуун булагы республиканын түштүгүндө, негизинен нефть-газ кендерине жакын жерден чыгат. Дары баткактар негизинен Ысык-Көл аймагында (Кара-Ой, Жыргалаң ж. б.), Чүй өрөөнүндө (Камышановка ж. б.), ошондой эле республиканын түштүгүндө (Чымбай ж. б.) бар.

Кыргызстандын к л и м а т ы н а континенттүүлүк, күн тийүү мезгилинин узактыгы, ариддүүлүк, бийиктик алкактуулук жана

анын аймак боюнча кескин өзгөрүүсү мүнөздүү. Климатынын ар түрдүүлүгү, айрыкча анын континенттүүлүгү жана ариддүүлүгү республиканын түштүктө жайгашкан абалына, океандан алыс, чөлдөргө чектеш жатышына, рельефинин контрасттуулугуна жана аймагынын көп бөлүгүнүн туюк болушуна байланыштуу. Жайы бардык жеринде (2000–2500 *м* бийиктикке чейин), айрыкча Фергана өндүрүнүн түздүктөрүндө, Чүй, Талас өрөөндөрүндө ысык, кургакчыл. Июлдун орточо температурасы 20–27°С, орто бийиктиктеги өрөөндөрдө 5°Сге чейин, бийик тоолордо андан да төмөн; эң жогорку температурасы 43°Сге чейин (Чүй, Фергана ойдуңдарында). Кышы суук; январдын орточо температурасы жапыз жайгашкан өрөөндөрдө −1,5°Сден −8°Сге чейин, орто бийик тоолуу аймактарда − 8... − 20°С, бийик тоолуу аймактарда −27,7°С (Ак-Сай өрөөнүндө). Эң төмөн температура −53,6°С (Ак-Сай өрөөнүндө). Күн тийүү узактыгы жылына 1700 сааттан 2965 саатка чейин созулат; Ысык-Көл курорт зонасында 2670–2880 саатты түзөт. Жаан-чачын республиканын аймагы боюнча бир кылка жаабайт. Фергана тоо тизмегинин жана Кыргыз Ала-Тоосунун айдарым капталдарында жаан-чачын арбын (жылына 1500–2000 *мм*ге чейин) түшөт.

Жаан-чачындын өлчөмү батыштан чыгышка карай азая баштап, Ички жана Борбордук Теңир-Тоонун тоо аралык өрөөндөрүндө 200–400 *мм*ге чейин жетет. Жаанчыл мезгили Фергана өндүрү, Чүй, Талас өрөөндөрүндө жаз, ал эми Ысык-Көлдүн жээгинде, Ички Теңир-Тоодо жай айларына туура келет. Ысык-Көл курорт зонасынын климатына тоңбогон Ысык-Көлдүн таасири зор.

Кыргызстан азыркы м ө ң г ү л ө р д ү н ири очокторунун бири. Алардын жалпы аянты 8100 $км^2$ же республиканын аймагынын 4,2%ин ээлейт. Мөңгүлөрдүн жалпы аянтынын $^3/_4$ бөлүгү Сыр-Дарыя менен Таримдин алабында. Мөңгү чордондору негизинен республиканын чыгыш четинде, Сары-Жаздын алабында Түштүк Эңилчек (узундугу 60,5 *км*), Түндүк Эңилчек (32,2 *км*), Кайыңды (29,0 *км*) мөңгүлөрү сыяктуу зор мөңгүлөр бар, алар Тескей Ала-Тоо, Кыргыз Ала-Тоосу, Какшаал, Ак-Шыйрак ж. б. кырка тоолордо жайгашкан. Ички Теңир-Тоонун тоолорунда жалпак чоку тибиндеги мөңгүлөр кездешет. Кыргызстандын мөңгүлөрүндөгү эрибей жаткан суулардын запасы 650 млрд $м^3$; ал азыркы агын суулардын ресурсунан 12 эсе көп.

Кыргызстандын аймагында а г ы н с у у л а р арбын. Республикадагы 7 ири дарыянын алабында гана 28 миң агын суу бар; алардын 90%тен ашыгынын узундугу 10 *км*ге чейин. Жаанчыл Фергана, Чаткал тоолорунда, ошондой эле Ички жана Борбордук Теңир-Тоонун бийик тоолуу аймактарында агын суулар көп жана алардын суусу мол. Кыргызстандын дарыялары Арал деңизинин (республиканын аймагынын 76,5% тиешелүү), Таримдин (12,4%),

Ысык-Көлдүн (10,8%) жана Балкаш көлүнүн (0,3%) алаптарына кирет. Эң маанилүүсү жана ириси – Нарын дарыясы. Суусунун молдугу (жылдык орточо чыгымы чатына жакын 429 *м³/сек*) жана энергиялык потенциялы боюнча Нарындын эл чарбасында мааниси өтө зор. Ага жана анын куймаларына 20дан ашык ири суу электр станциялары курулмакчы, алардын алтоо ишке киргизилген; анын ичинде кубаттуулугу 1,2 млн *кВт* болгон Токтогул ГЭСи бар.

Кыргызстанда 2100дөн ашуун көл жана көлмө бар; алар республиканын аймагынын 3,4%ин ээлейт. Алардын 90%тен ашыгы суу өрөөндөрүн көчкү жүрүп бөгөп калышынан пайда болгон чакан көлдөр. Чаткал кырка тоосунун түштүк-чыгыш капталында деңиз деңгээлинен 1858,5 *м* бийиктикте жайгашкан кооз Сары-Челек көлү бөгөт көлдөрүнө кирет. Республикадагы эң ири көл – Ысык-Көл ал тектоникалык кыймылдан пайда болгон. Анын аянты 6236 *км²*, көлөмү 1738 *км³*, жана тереңдиги 668 *м*. Ысык-Көл Түндүк Теңир-Тоодо, Тескей жана Күнгөй Ала-Тоолорунун аралыгында деңиз деңгээлинен 1606 *м* бийиктикте жайгашкан. Андан кийинки ири көлдөргө – Соң-Көл менен Чатыр-Көл кирет.

Кыргызстан суу ресурстарына бай. Дайыма толукталып туруучу суу ресурстарынын көп жылдык орточо өлчөмү 47,4 *км³*. Алар чарбада, айрыкча сугат жана энергия алууда кеңири пайдаланылат. Ирригациялык тармактарга суулардын жылдык агымынын 20%ке жакыны алынат; анын 80%ке жакынын чектеш өлкөлөр керектейт. Шаар, кыштактарды жана айыл чарба муктаждыктарын суу менен камсыз кылууда жер астындагы суулардын мааниси зор. Кыргызстан суу энергиясынын потенциалдык запасы боюнча шериктеш өлкөлөрүнүн ичинен Россия, Тажикстан, Казакстандан кийинки 4-орунду ээлейт.

Тоолуу рельефинин татаал түзүлүшүнө жана экологиялык шартынын өтө ар түрдүүлүгүнө байланыштуу Кыргызстандын топурак өсүмдүктөрү жана жаныбарлар дүйнөсү да өтө ар кыл. Кыргызстандын аймагында өсүмдүктөрдүн чөл, талаа, шалбаа, бадал, саз, тоо тундрасы ж. б. типтери кездешет. Өсүмдүктөрдүн таралышы табияттын башка компоненттери сыяктуу эле зоналуулук жана бийиктик алкактуулук мыйзам ченемдеринен сырткары, ошол жердин аймактык өзгөчөлүктөрүнө – кырка тоонун абалына, тоо капталдарынын экспозициясына, топурак кыртыштардын курамына ж. б. да байланыштуу. Тоолорунда ландшафттары өтө ар түрдүү келип, бийиктик алкактуулук даана байкалат. Ал эми тоо аралык өрөөндөр менен тайпак тоолуу сырттардын рельефи жалпы жонунан түзөң, орографиялык жактан туюк, климаты континенттүү болгондуктан топурак өсүмдүктөрү салыштырмалуу бир кылка келип, бийиктик алкактуулук тоолорго караганда кескин айырмаланбайт.

Тоо этегиндеги өрөөндөрдү (400–1300 *м* бийиктикте) кургак чөл ээлейт. Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн карбонатка жарды боз топурактуу аймагында шыбак-эфемер өсүмдүктөрү, Фергана өндүрүнүн ачык жана күңүрт боз топурактуу жерлеринде шыбак, баялыш жана чекенде өсөт. Кургакчыл тоо этектери жана андагы өрөөндөр бүт өздөштүрүлүп, оазистерге айланган. Андагы көптөгөн шаар, кыштактын айланасын техникалык, дан өсүмдүктөрү, огород, бак-дарак ж. б. ээлейт. Чөл түрдүү кемирүүчүлөрдүн (сары чычкан, кош аяк ж. б.) жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн (таш бака, жылан, кескелдирик ж. б.), куштардын (булдурук, чөл жут чымчыгы ж. б.) жашоо чөйрөсү.

Континенттик кургакчыл климаттуу орто бийик тоолордогу (1300–2700 *м*) өрөөндөргө (Кочкор, Жумгал, Нарын, Ат-Башы – Кара-Коюн, Ысык-Көл, Алай, Алайкуу ж. б.) чөл (шыбак, баялыш, чекенде ж. б.) жана талаа (ак кылкан, бетеге, тоо сулуусу ж. б.) өсүмдүктөрү өсөт. Тоо-өрөөн тибиндеги коңур топурактуу Чүй, Талас, Кемин өрөөндөрүнүн салыштырмалуу бийигирээк жайгашкан бөлүктөрүнө да жогоруда айтылган топурак өсүмдүктөр мүнөздүү. Орто бийик тоолуу өрөөндөрдө дыйканчылык өнүккөн (Ички Теңир-Тоо менен Алайдын сугат жана кайрак жерлери); мында дан, тоют, айдалма өсүмдүктөрү, бак-дарак өстүрүлөт. Бул аймактын жаныбарлары тоо капталдарындагы тоо-талаа зонасыныкына окшошураак келет. Тоо-талаа зонасындай эле мында да кемирүүчүлөр (сокур чычкан, майда аламан, момолой ж. б.), сойлоп жүрүүчүлөр (кара чаар жылан, суу жылан, сойлок ж. б.), куштар (торгой, тоодак, безбелдек ж. б.), ал эми жырткычтардан карышкыр, түлкү, кашкулак ж. б. мекендейт. Бирок тоо-талаа зонасы чарбалык таасирге азыраак дуушарлангандыктан мында жаныбарлардын түрү көптүгү менен өзгөчөлөнөт.

Бийик тоо өрөөндөрү – Ички жана Борбордук Теңир-Тоонун сырттары (3100–3600 *м*) коңур сымал талаа жана күрөң чөл-талаа топурактуу келип, анда дан өсүмдүктүү талаа жана дан өсүмдүк-шыбактуу чөл өсүмдүктөрү басымдуу. Сырттар климаты катаал болгондуктан дыйканчылыкка жараксыз, жайыт катары гана пайдаланылат.

Тоо капталдарынын ландшафты тоо аралык өрөөндөрдүкүнө караганда бийиктик боюнча кескин айырмалангандыгы жана түрдүү топурак өсүмдүктөрү менен өзгөчөлөнөт. Этек жана жапыз тоолуу капталдарды 1000–1600 *м* бийиктиктен баштап коңур жана кара топурактуу тоо-талаа өсүмдүктөрү ээлейт. Орто бийик жана бийик тоолордо, алардын түштүк экспозицияларында тоо-талаа өсүмдүктөрү шалбаа менен аралаш өсөт. Түндүк тибиндеги талаага (Түндүк жана Ички Теңир-Тоо жана Алай ж. б.) түрдүү дан өсүмдүктөрү (майда дүңгөлүү, бетеге ж. б.), Фергана өндүрүнө



Көк-Ойрок.

саванна сымал өскүлөң чөп өсүмдүктөрү (буудайык, кызыл от, аюу чач ж. б.) мүнөздүү.

Кырка тоолордун салыштырмалуу нымдуураак түндүк, түндүк-батыш капталдарында (1000–3000 *м* бийиктикте) шалбаа, токой, бадалдар өсөт. Теңир-Тоонун токоюнун көбүн карагай ээлейт. Талас Ала-Тоосунда, Чаткал кырка тоосунда ага көк карагай кошулат; Түркстан, Алай тоолорун арча токою ээлеп жатат. Фергана, Бабаш-Ата, Ат-Ойнок жана Чаткал кырка тоолорунун Фергана ойдуңу жак капталдарын жаңгак, алма, алча ж. б. турган уникалдуу, палеоген-неоген флорасынын калдыгы – жаңгак-мөмө-жемиш токою каптап жатат; жаңгак-жемиш токоюна кара-күрөң, арча токоюна күңүрт түстүү тоо-токой, карагай токоюна тоо-токой-кара топурактары мүнөздүү.

Токойлордо аюу, сүлөөсүн, карышкыр, арыс, каман, элик, түрдүү кемирүүчүлөр, куштардан чаар карга, кайчы-тумшук, тоңкулдак, бактек ж. б. кездешет. Бийик тоолуу аймактын (2800–4200 *м*) айрым жерлеринде арча токою кездешкен субальп жана альп шалбаасы ээлейт. Көп жылдык тоңдо (3000 *м*ден өйдө бүт аймакта жолугат) өөрчүгөн тоо-шалбаа жана шалбаалуу талаа топурагы басымдуу. Тоо капталдарынын кыр бөлүгүн жайкы жайыт катары пайдаланылган жапыз өскөн альп өсүмдүктөрү ээлейт. Топурак өсүмдүктүн эң жогорку чегине, айрыкча Ички жана Борбордук Теңир-Тоонун бийик тоолуу аймактарына тоо тундрасы мүнөздүү. Бул аймакты аркар, тоо эчки, илбирс, карышкыр, суур, бүркүт, кажыр, улар ж. б. мекендейт.

Республиканын флорасында татаал түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн 4000ге жакын түрү бар. Анын 1600 пайдалуу (тоют, дарылык, эфир майы, ашаткыч өсүмдүктөр ж. б.) өсүмдүк. Топурак жана сууну сактоодо токойдун мааниси зор; анын Кыргызстандагы аянты 737,1 миң *га* (республиканын аймагынын 3,7%). Токойдон жаңгак, алма, алча, мисте ж. б. мөмөлөр жыйналып, жыгачы курулушта, эмерек өнөр жайында пайдаланылат.

Кыргызстандын фаунасы да өтө ар түрдүү. Мында омурткалуу жаныбарлардын 536 түрү бар, алардын 30%ке жакыны промыселдик мааниге ээ. Дарыяларда, табигый жана жасалма көлмөлөрдө балыктын 60 түрү кездешет. Ысык-Көлдөн май чабак, алабуга, жылтыр, көк чаар, каңылтыр, жилингир, судак балыктары кармалат. Тоо көлдөрүндө учуп өтүүчү куштар – Ысык-Көлдө ак куу, каз, өрдөк, Соң-Көл менен Чатыр-Көлдө маңка каз кыштайт.

Т а б и я т т ы  к о р г о о. Табият жана анын ресурстары республиканын эл чарбасынын өнүгүшүнүн табигый негизи болуу менен элдин материалдык жана маданий өсүшүнүн булагы катары да кызмат кылат. Бирок, табият шартын жана ландшафтты пайдаланууда табигый чөйрөнү жана экосистеманын абалы көбүнчө эске алынбайт.

Табигый ресурстарды кеңири пайдалануунун, табият системасына антропогендик таасирдин күчөшүнүн натыйжасында ландшафт өзгөрүп, топурак эрозияга учурайт, айлана-чөйрө булганат. Республикада табиятты коргоо, аны калыбына келтирүү жана табигый ресурстарды үнөмдүү пайдалануу боюнча бир катар чаралар ишке ашырылууда. Мамлекетке маданий жана илимий зор мааниси бар 81 табигый аймактык комплекс коргоого алынган. Кыргызстандын аймагында Ала-Арча, Каракол, Чоң Кемин улуттук табият парктары, Беш-Таш, Кара-Шоро, Кыргыз-Ата табият парктары, Ысык-Көл биосфералык резерваты, 6 корук (Беш-Арал, Сары-Челек, Кара-Тал-Жапырак, Сары-Чат-Ээр-Таш, Ысык-Көл), 68 заказник (анын ичинде 22 ботаникалык, 18 геологиялык, 16 аңчылык, 10 токойчулук, 1 комплекстүү заказник) бар. Сейрек жана жок болуп бараткан жаныбарлар менен өсүмдүк түрлөрү (бардыгы 146) Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргызстандын аймагынын эң бийик чокусу жана анын деңиз деңгээлинен бийиктиги? Деңиз деңгээлинен эң жапыз (чуңкур) жайгашкан жери жана анын бийиктиги?

2. Кыргызстанда алтындын ири кендери кайсы жерлерден чыгат?

3. Кыргызстандын эң жаанчыл жана эң кургакчыл жерлерин жана аларда жааган жаан-чачындын өлчөмдөрүн аныктагыла.

4. Дүйнөдө чанда өскөн, торгой флорасынын калдыгы – уникалдуу жаңгак-мөмө-жемиш токоюнун ири массивдери Кыргызстандын кайсы жерлерин ээлейт?

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 979213

# II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ГЕОГРАФИЯСЫ

**Кыргызстандын калкы жана алардын отурукташуусу, эмгек ресурстары**

## II. 1. Калктын динамикалык өсүүсүнүн өзгөчөлүгү

Кыргыз Республикасында 2009-ж. 5418,3 млн калк жашаган. Ал эми 1897-жылкы эл каттоонун маалыматы боюнча анда жашаган калктын саны болгону 663 миң гана болгон. Бул жылдардын аралыгында калктын саны 7 эседей өскөн. Кыргыздардын 1916-жылдагы көтөрүлүшү жана биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында калктын саны төмөндөгөн, мисалы, 1913–20-жылдары калктын саны 0,5% ке кыскарган. Калктын өсүшү 1920–40-жылдардын аралыгында 77% ке чейин өскөн. Калктын бул жылдардагы өсүшүнүн негизги себеби табигый өсүш, ошондой эле Европадан көчүрүлүп келинген өнөр жайларынын адис жумушчулары жана элге билим берүү кызматкерлери болгон. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында калктын табигый өсүү темпи төмөндөгөнү менен согуш жүрүп жаткан европалык бөлүктөн, өзгөчө оккупацияда калган райондордон көчүрүлүп келгендердин жана өз жеринен куугунтукталып, күчкө салып көчүрүлгөн чечен, ингуш, карачай, балкар, крым татарларынын эсебинен калктын жалпы саны анчалык кыскарган эмес.

*1-таблица*

**Республиканын калкынын саны**

| Жылы | Калктын саны (миң киши) | Анын ичинен | |
|---|---|---|---|
| | | шаар калкы | айыл калкы |
| 1897 | 663,0 | 63,0 | 600,0 |
| 1926 | 1001,7 | 122,3 | 879,4 |
| 1959 | 2066,1 | 696,2 | 1369,9 |
| 1970 | 2933,2 | 1097,5 | 1835,7 |
| 1979 | 3529,0 | 1366,5 | 2162,7 |
| 1989 | 4296,5 | 1640,9 | 2649,6 |
| 1999 | 4811,1 | 1674,7 | 3131,4 |
| 2009 | 5418,3 | 1846,8 | 3571,5 |

Калк санындагы эң жогорку өсүш 1950-жылдардан кийин болду: мисалы, 1950–1960-жылдардагы өсүүсү – 24%, 1960–70-жылдары 38%, 1970–80-жылдары – 21,6%, 1980–90-жылдары – 21,7% түзгөн. 1950–90-жылдар аралыгында ар бир он жылдагы калктын өсүшү – 26,3% ке барабар болгон. Мындай өсүштүн эң негизги

себеби – калктын табигый өсүшү; андан башка тыштан көчүп келгендердин үлүшү дагы жогору болгон. Бирок, калктын табигый өсүүсү 1990-жылдан акырындап төмөндөй баштаган; мисалы, ал 1990-жылы – 22,2, 1996-жылы – 5,8, 1998-ж. – 14,8, 2000-жылы – 12,8, 2002-жылы – 13,1% ти түзгөн. Башкача айтканда, кийинки 10 жыл ичиндеги (1990–2000-ж.) калктын табигый өсүүсү 15,2% гана түзгөн. Бул процесс төрөлгөндөрдүн санына гана эмес, ошондой эле негизинен калктын миграциясына байланыштуу. 2009-жылы бул көрсөткүч 18,5% ке жеткен.

Калктын өсүү темпинде республика ичиндеги аймактар боюнча бир топ айырмачылыктар бар экендиги байкалат. 1950–2000-жылдар ичинде республика боюнча калктын өсүшү 2,37 эсе болсо, ал Ош, Жалал-Абад облустарында 3 эсеге жакын, ал эми Чүй, Ысык-Көл, Талас облустарында 3 эсеге көбөйгөн. Бул жылдары республикадан көчүп кеткендердин саны да өскөн.

## II. 2. Калктын табигый өсүүсү

Төрөлгөндөр менен өлгөндөрдүн айырмасы табигый өсүшү деп аталып, эң жөнөкөй формула менен туюнтулат: $К_{тө} = К_{т} - К_{ө}$ (мында: К – коэффициент, тө – табигый өсүш, т – төрөлгөндөрдүн саны, ө – өлгөндөрдүн саны). Төрөлгөндөрдүн саны 1000 кишиге алынат, мисалы, 2009-ж. төрөлгөндөрдүн коэффициенти 25,2 дегени жылына 1000 кишиге 25,2 бала төрөлдү деген маанини түшүндүрөт [1000 кишиге – 25,2‰ (промилле)].

Республика ичиндеги аймактар боюнча да төрөлгөндөрдүн саны ар түрдүү: 2002-жылдагы Ош облусундагы көрсөткүч 21,7, Жалал-Абад облусунда 23,5, Талас облусунда – 24,4, Нарын облусунда – 24,2, Чүй облусунда – 14,0, Баткен облусунда – 24,3, Бишкек шаарында 13,1ди түзгөн. Айыл-кыштак жерлеринде шаарларга караганда бала көп төрөлөт.

Төрөлүү деңгээли көптөгөн социалдык-экономикалык факторлорго жараша болот. Буларга үй-бүлөнүн материалдык, маданияттын жана саламаттыкты сактоонун деңгээли, эненин өндүрүштө иштөөсү, шаарда же айыл жеринде эмгектенүүсү, динге ишенүүлөр, элдин улуттук өзгөчөлүгү ж. б. таасир кылуучу факторлор кирет. Кыргыз элинин улуттук салты боюнча көп балалуу үй-бүлө кадырбаркка ээ.

Көп балалуу үй-бүлө турмушу начар болгон күндө да бактылуу жашап, ынтымактуу, эмгекчил балдарды өстүрөт. Ислам дини боюнан алдырууга тыюу салат. Өкмөт тарабынан да көп балалуулукка экономикалык жактан жардам берилет. Шаардык үй-бүлөлөрдүн аз балалуу болушуна энелердин өндүрүштө иштеши, квартиранын жетишсиздиги, үй-бүлөнүн бюджетинин аздыгы, бала бакчанын жетишсиздиги ж. б. себеп болот.

Азыркы мезгилде дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө ар түрдүү демографиялык саясат жүргүзүлүүдө. Жалпысынан алганда – өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдө көп балалуу болуу саясатын көздөп, өкмөт тарабынан көп балалуу энелерге ар тараптан жардам жана жеңилдиктер берилип, аборт ж. б. боюна бүтүртпөө жолдоруна тыюу салынып, көп балалуу болуу үгүтү жүргүзүлөт. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн көбүндө, тескерисинче төрөлүүнү чектөө саясаты жүргүзүлүп, никеге кирүү мөөнөтү узартылып, үй-бүлөнүн санын кыскартуу үгүтү иштелип, боюна бүтүрбөө чаралары колдонулууда.

*2-таблица*

**Калктын табигый өсүшү (1000 кишиге эсептегенде)**

| Жылдары | Төрөлгөндөрдүн саны | Өлгөндөрдүн саны | Табигый өсүшү |
|---|---|---|---|
| 1940 | 33,0 | 16,3 | 16,7 |
| 1950 | 32,4 | 8,5 | 23,9 |
| 1960 | 36,9 | 6,1 | 30,8 |
| 1970 | 30,5 | 7,4 | 23,1 |
| 1979 | 30,1 | 8,3 | 21,8 |
| 1989 | 30,4 | 7,2 | 23,2 |
| 1999 | 21,4 | 6,8 | 14,6 |
| 2009 | 25,2 | 6,7 | 18,5 |

Калктын динамикасына таасир этүүчү дагы бир фактор – өлүм-житим, өлүм-житимдин деңгээли материалдык жактан жашоо деңгээлине, гигиеналык шарттарга, медициналык жетишкендиктерге жараша болот.

Өлүм-житим көрсөткүчү адамдын жашоо узактыгына байланыштуу, өлүм көбүнчө наристелерде жана улгайган курактагыларда жогору. Азыркы кезде дүйнө жүзүндөгү өлүм-житим 1000 кишиге 9,9 деп эсептелсе, Кыргызстандагы өлүм-житим 2009-ж. – 6,7ни түзөт. Акыркы 40 жыл ичиндеги республикадагы өлүм-житимдин орточо көрсөткүчү 6,1 – 8,4төн ашкан эмес; республикадагы эң төмөнкү көрсөткүч Ош облусунда – 5,2, Баткен облусунда 7,5, Жалал-Абад облусунда – 5,3, ал эми Чүй облусунда – 10,2, Бишкек шаарында – 7,5.

Өлгөндөрдүн саны шаарларга салыштырганда айыл-кыштактарда бир аз төмөн. Аялдарга караганда эркектердин арасында өлүм-житим көбүрөөк кездешет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2009-жылкы маалыматына караганда республикада өлгөндөрдүн негизги себеби төмөнкүлөр: 1-орунда – кан айлануу системасы оорууларынын өлүмү – 49,0%; 2-орунда – ар кандай кырсык, өлтүрүп кетүү, өзүн-өзү өлтүрүү, жол кырсыгы ж. б. – 9,7%; 3-орунда – рак ооруулардын – 9,1%; 4-орунда – дем алуу органдары оорулуу-

лардын – 8,4% ; 5-орунда – тамак-аш сиңирүү органдары оорулуулардын – 6,6% ; 6-орунда – жугуштуу жана мите оорулууларынын өлүмү – 2,3% ж. б.

Республиканын калкынын табигый өсүшүндө аймактык айырмачылыктар бар. Эгер, 2009-жылы республика боюнча калктын орточо табигый өсүшү 18,5ти түзсө (1000 кишиге), Баткен облусунда 23,4, Ош облусунда 16,7, Жалал-Абад облусунда 24,6 болуп, жогорку коэффициентти көрсөттү. Бул облустарда төрөлүүнүн саны эң жогору, ал эми жалпы калк ичинде жаштардын үлүшү көп болгондуктан өлгөндөрдүн саны аз.

Республикалык орточо табигый өсүшкө жакын коэффициент Талас, Нарын жана Ысык-Көл облустарында. Чүй облусу менен Бишкек шаарында республикадагы эң төмөнкү табигый өсүш байкалат (8,0 жана 5,4). Анткени бул аймактарда шаар калкы басымдуу келип, өзгөчө Бишкек, Токмок, Кара-Балта шаарларында төрөлүүнүн саны өтө аз, анткени бул аймактарда славян калкы басымдуулук кылат, алардагы улуттук, диний көз караштын таасири төрөлүүнүн санынан аз болушуна алып келген.

Кыргызстандын калкынын орточо жашы жылдан-жылга өсүп келген (1991-ж. чейин). 20-кылымдын башында орточо жаш 30 жаштын айланасында болсо, экинчи дүйнөлүк согуштун алдында ал 40–45 жашка жеткен, ал эми 2010-жылкы маалыматка караганда орточо жаш 68,8ге жеткен. Бул көрсөткүч эң өнүккөн өлкөлөрдөгү калктын орточо жашынан 2–3 эле жашка төмөн болгону менен дүйнөнүн басымдуу мамлекеттериндегидей эле жашты түзөт. Башка бардык өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй эле республикада аялдарга (73,0 жаш) караганда эркектердин өмүрү (64,8) кыска, себеби өлүмжитим эркектердин арасында көбүрөөк.

Төрөлгөндөрдүн санынын өсүшү никелешүүгө байланыштуу. Өнүккөн мамлекеттердин көбүндө бойго жеткен кыз-уландар кеч үйлөнөт, алардын никелешүүгө өтө турган жашы ар кайсы мамлекеттерде ар түрдүүчө, көбү 18–20 жаштан башталат. Мурда 13–15 жашка чыккан кыздарга 16–18 жаштагы уландар менен никелешүүгө уруксат берилген. Республикада никелешүү 18 жаштан башталат. Ошондуктан калктын табигый өсүшүн негизинен никеде турган 20 жаштан 29 жашка чейинки аялдар камсыз кылат. Акыркы 20–25 жыл ичинде республикада никелешүүлөрдүн (ар 1000 кишиге) коэффициентти 9,9–10,6 кишини түзгөн. Ал эми (1000 кишиге ) никени бузуп, ажырашкандардын саны 1,8–2 болгон, кийин азайып, 2009-жылы никелешкендер 8,8, ажырашкандар 1,4ге төмөндөгөн. Республиканын аймактары боюнча бул көрсөткүч өтө ар түрдүү. Ажырашкандар басымдуулук кылган Бишкек шаарында алардын саны 2,4, Чүй облусунда 2,3, ал эми Нарын облусунда болгону – 0,6, Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында – 0,6 – 0,7ни түзөт.

Ажырашкандардын саны айыл-кыштактарда өтө төмөн, шаарларда ал көрсөткүч айыл жерлердегиден 2–3 эсе көптүк кылат. Жалпы эле кыргыз элинин салты жана ислам дини ажырашууну колдобойт.

Коомдун баштапкы уюму үй-бүлө деп эсептелинет. Балдарды тарбиялап өстүрүү, карыларды багуу үй-бүлөнүн милдети, бул жерде муундар алмашат.

Кыргыз Республикасы көп улуттуу болгондуктан анда ар түрдүү үй-бүлөлөр бар: жөнөкөй үй-бүлө – аял, эркек балдары менен, чакан үй-бүлө – аял, эркек 1–2 баласы менен, орто үй-бүлө – аял, эркек 2ден ашык баласы менен, татаал үй-бүлө – бир үй-бүлөдө 3 жана андан ашык муундар жашайт.

Республикада 5–6 кишиден турган орточо үй-бүлөлөр басымдуулук кылат. Бирок, бул көрсөткүч айыл-кыштак жана шаар жерлеринде, улуттар арасында, дини боюнча, иштеген кесибине жараша кескин айырмаланып турат. Кыргыз элине тийиштүү, кылымдар бою урпактардан урпактарга өтүп келе жаткан касиеттүү салты – бир үй-бүлөдө аял, эркек өз балдары менен гана эмес, ата-энеси, чоң ата, чоң энелери менен да чогуу жашаган. Азыркы күндө да, өзгөчө айыл-кыштак жерлеринде бир үй-бүлөдө 3–4 муун бирге чогуу жашаган учурлар кездешет. Кээ бир учурда бир үй-бүлөдө 2–3 бир тууган өз балдары менен бирге чогуу жашап, чогуу чарба жүргүзүп, ата-энелери менен бирге жашайт.

## II. 3. Калктын курактык жана жыныстык курамы

Калктын курактык жана жыныстык курамын билүү өтө маанилүү. Калктын табигый өсүшү, эмгекке жарамдуу курактагыларды эсептеп чыгуу, аларга баа берүү, мектепке чейинки жана мектеп жашындагы өспүрүмдөрдү, пенсияга чыккандарды билүү жана аларга ылайык кийим-кече менен элге керектелүүчү башка товарлардын ассортименттерин пландоо калктын курактык өзгөчөлүгүнө жана эркек менен аялдын санына жараша болот.

Ар бир кишинин өмүрүндө үч мезгили болот: а) эмгек курагына чейинкилер (0–15 жаш); б) эмгек курагындагылар (аялдар 16–57, эркектер 16 – 65); в) эмгек курагынан өткөндөр (60 жаштан өйдө).

2010-ж. Кыргызстандын калкынын 32,8% и эмгек жашына (15 жашка) чейинкилер, 59,0% и эмгек курагындагылар (эркектер 15–63, аялдар 15–58 жаш), 8,2% и эмгек курагынан өткөндөр.

Өнүккөн мамлекеттерде эмгек курагына чейинкилердин саны өтө аз – 19–20%, эмгекке жарамдуулар – 50–65%, ал эми улгайгандардын көрсөткүчү да өтө жогору – 17–20% ти түзөт. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө тескерисинче, эмгек курагына чейинкилер – 40–42%; эмгек курагындагылар – 57%, эмгек жашынан өткөндөр – 6–7% ти түзөт.

Кыргызстандагы калктын курактык өзгөчөлүгү – өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ортосундагы абалды ээлейт. Республикада төрөлгөндөрдүн саны жогору болгондуктан өспүрүмдөрдүн саны арбын. Калктын курактык жана жыныстык курамы боюнча бөлүнүшүн окуп үйрөнүү үчүн графиктик жол менен пирамидаларды түзүү методдору пайдаланылат.

Бүткүл дүйнө жүзүндөгү калктын теңи эркектер, теңи аялдар. Европа, Түндүк Америкадагы өлкөлөрдө эркектерге караганда аялдардын, ал эми Азияда эркектердин саны басымдуу.

Кыргыз Республикасында 1939-жылкы эл каттоо боюнча 1000 эркекке 965 аял туура келген. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында эркектердин саны кескин кыскарган, бүгүнкү күнгө чейин алардын саны аялдардан аз. Кийинки жылдарда эркектердин саны аялдардын санына жакындап келе жатат. 1959-ж. эркектер – 47,2%, аялдар – 52,8% болсо, 1989-ж. эркектер – 48,8%ти, аялдар – 51,2%ти түзгөн, ал эми 2010-ж. эркектер 49,4%ке, аялдар 50,6%ке жеткен.

Азыркы мезгилде жаштардын ичинде эркектердин саны басымдуулук кылат да, эс алуу курагына келгенде гана аялдардын саны көбөйө баштайт. Жалпысынан республика боюнча аялдардын саны эркектерге караганда 68,7 миңге көптүк кылат.

Өлкөнүн аймактары боюнча да айырмачылыктар бар: Нарын облусунда азыр эркектер басымдуулук кылат – 1,1%ке, Ысык-Көлдө – 50,0%, Талас облусунда – 49,9%ти түзүп, алардын үлүшү республиканын орточо көрсөткүчүнөн жогору. Бишкек шаарында эркектердин үлүшү – 46,7%, Чүй облусунда – 49,2%.

## II. 4. Калктын миграциясы

Миграция деген сөз, конуш жаңыртуу, көчүү же чыгуу дегенди билдирет. «Калктын миграциясы» боюнча бирдиктүү аныктама жок, бирок анын негизги маңызы – адамдардын бир жерден экинчи бир жерге көчүүсү; жашаган жерин мезгилдүү, узак мөөнөткө же биротоло өзгөртүүсү; «маятниктик» деп аталган бир пункттан экинчи пунктка барып, кайра келүүсү да миграцияга кирет.

Калктын миграциясынын негизги түрлөрү: кайрылбас же биротоло (туруктуу жашаган жерин которуу), убактылуу (келишим боюнча иштөөгө, окууга, аскерге кетүү), сезондуу (айыл чарба, курулушка) иштеп кетүү.

Миграциялык агымдын багытына карата тышкы жана ички миграция болуп, экиге бөлүнөт. Мамлекеттик чек арадан чыгып кеткендер же башка мамлекеттен келгендер «тышкы миграция» деп аталат. Эгер өз өлкөсүнөн чет өлкөгө кетсе «эмиграция», тескерисинче чет өлкөдөн келсе «иммиграция» деп аталат. Бир өлкөнүн ичиндеги көчүүлөр «ички миграцияга» кирет, анын: об-

лус аралык, район ичиндеги, багыты боюнча «кыштак – шаар», «шаар – кыштак», «шаар – шаар», «кыштак – кыштак» деген түрлөрү бар. Миграциянын эки формасы болот: а) пландуу (айыл чарбасына иштөөгө жиберүү, дипломдуу адистерди бөлүштүрүү, аскерге чакыруу ж. б.); б) өз күчү менен орун которуштуруу.

Миграциянын экономикалык (бош жер, кызмат издеп, көп айлыкты көздөп), социалдык (турмуш шартын өзгөртүү, статусун өзгөртүү үчүн ж. б.), саясий (департация, элди согуш болуп жаткан жерден көчүрүү) себептери болушу мүмкүн.

Миграция өз каалоосу менен же мажбурлоодон да болушу ыктымал. Миграциянын деңгээли көчүп келгендер жана көчүп кеткендердин саны менен өлчөнөт. Көчүп келгендер таза миграция болуп саналат. Миграция өлкөнүн ар кандай бөлүгүнүн экономикалык жана социалдык өнүгүү деңгээлин теңдеп, калк менен эмгек ресурстарынын аймак жана тармак боюнча кайра бөлүштүрүлүшүнө таасир кылат.

Миграциялык процесс калктын этностук курамына көз каранды. Ар кандай улуттар үрп-адаттарына, башка тилди билгендигине жараша миграция процессине катышат. Мисалы, европалыктарга караганда Борбордук Азияда түрк тилдүү элдер, анын ичинде кыргыздар миграциялык процесске, өзгөчө чет өлкөлөргө аз катышат, мобилдүүлүгү төмөн. Белгилүү бир убакыт (ай, жыл) ичинде келгендердин (К) жана чыгып (Ч) кеткендердин суммасы «миграциялык масштаб» – деп аталат, ушунун өзү эле айрым адабияттарда «брутто-миграция» деп да жазылат. Белгилүү бир убакыт ичинде келгендер менен чыгып кеткендердин калдыгы (К – Ч) «таза миграция» же «сальдо-миграция» деп аталат.

Келгендер көп болсо оң (+), чыгып кеткендер көп болсо тескери (–) «сальдо-миграция» болушу мүмкүн.

Миграцияга анализ бергенде калктын кыймылынын деңгээлин билүү зарыл. Калктын миграциялык кыймылынын коэффициентин (КМКК) профессор С. А. Ковалев[1] – төмөнкү формула менен туюндурат:

$$\text{КМКК} = [\text{Мк} + \text{Мч} : 100\ (1000)]\ \text{С}$$

Мында: Мк – келген мигранттар, Мч – чыгып жаткан мигранттар, 100 же 1000 киши, С – аймактагы калктын жалпы саны.

Ар кандай улуттардын миграциялык кыймылы ар түрдүү. Мисалы, жылына орустардыкы – 6,5% болсо, өзбек, кыргыз, түркмөндөрдүкү – 1,9–1,5%; регион, калктын курагы, шаар-кыштак боюнча да кыймыл ар түрдүү болгон. Кыргыз Республикасында 100 жылдар бою тышкы миграция басымдуулук кылып келген.

[1] *Ковалев С. А., Ковальская Н. Я.* География населения СССР, М.: 1980: 278-б.

Орус, украиндер бир кылка болуп жашаган Чүй, Талас, Ысык-Көл, Фергана өрөөндөрүндөгү калктуу пункттарды 19-кылымдын 70-жылдарынан баштап, Россиянын Европалык бөлүгүнөн көчүп келгендер негиздеген. Ошол эле учурда 19-кылымдын аягынан тартып Талас менен Чүйдө немис кыштактары пайда боло баштаган. Аларды Украинадан, Россиядан ж. б. жерлерден куугунтукталып көчүп келген немис мигранттары негиздеген. 19-кылымдын 2-жарымындагы көтөрүлүштөрдөн кийин кытайлык бийликтен жапа чеккен, куугунтукка алынган дунгандар, кийинчерээк уйгурлар көчүп келип, негизинен Чүй өрөөнүнө, Ош облусунун Кара-Суу районуна отурукташып калган. 20–30-жылдары Түндүк Кавказдан даргин, түрк ж. б. улуттардын дыйкандары да көчүрүлүп келинген.

Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда зордук менен көчүрүлүп келинген чечен, ингуш, карачай, балкар, крым татарлары менен катар немис басып алган европалык бөлүктөн орустар, украиндер, белорустар, согуш майыптары, аялдар, кары-картаңдар ж. б. миңдеген мигранттар республиканын бардык облусттарына көчүп келип, отурукташкан.

Кыргыз Республикасына көчүрүлүп келинген өнөр жай ишканалары менен кошо жогорку квалификациялуу адистер да келген. 20-кылымдын 60–90-жылдары ичинде Сибирден, Ыраакы Чыгыштан, Россиянын түндүгүнөн өз ыктыяры менен «жакшы жер» издеп келгендердин саны да арбын болгон.

1988–90-жылдары тыштан көчүп келүүлөр кыскарып, миграциялык-сальдо нейтралдуу орунду ээлесе, 1991–93-жылдардан баштап тескерисинче, республикадан көчүп кетүүлөрдүн саны көбөйгөн. 1993-ж. Кыргызстанга келгендердин саны – 23 015 киши, республикадан чыгып кеткендердин саны 143 619 кишини түзгөн, башкача айтканда анын эң күч алышы 1993-жылга туура келген, сальдо-миграция тескери (минус – 120 604 киши) болгон. Көчүп келгендердин 99% жакынкы чет өлкөлөрдөн, өзгөчө Россия, Казакстан жана Өзбекстандан келгендер; алыскы чет өлкөдөн болгону 188 киши көчүп келген. Ошол эле жылы кеткен 143,6 миң кишинин 132,2 миңи жакынкы, 11,4 миңи алыскы чет өлкөлөргө көчүп кеткен.

Сальдо-миграция 1993-жылы улуттар боюнча – 120 604 кишинин 80 896сы орустар, 10 607си украиндер, 10 585и немистер, 8759у татарлар, 5977си өзбектер ж. б. түзгөн. Алыскы чет өлкөлөргө – 9828 немис, 2144 орус, 422 еврей, 238 украиндер ж. б. бардыгы болуп сальдо-миграция – 12975 кишини түзгөн. Көчүп кеткендер негизинен жакынкы чет өлкөлөргө – Россия, Өзбекстан, Казакстан, Украина, Белоруссияга оошкон. Ал эми алыскы чет өлкөлөргө кеткендер салыштырмалуу аз. Алар негизинен Германия, Израиль, АКШга кеткендер.

Массалык түрдө мындай кетүүлөрдүн себеби – Кыргыз Республикасынын өз алдынча эгемендүү мамлекет болушу, коомдук менчиктен рыноктук экономикага өтүү мезгилиндеги кубулуштар (экономикалык кризис, өнөр жай ишканаларынын көбүнүн жабылып калышы) ж. б. болгон. Көчүп кеткендердин 50%тен ашыгы жумушка жарамдуу курактагылар – жогорку квалификациялуу жумушчулар, интеллигенция, инженерлер болгон.

Азыркы учурда миграциялык процесстин мүнөздүү белгиси – тышкы миграцияда көчүп кеткендердин басымдуулугу (2009-жылы 33 380 адам; 72%тей). Ошону менен катар акыркы жылдары республиканын бардык облустарынын материалдык жана социалдык шарттары төмөн райондорунан, өнөр жайы иштеп жаткан жана соодасы бар Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Токмок, Кара-Балта ж. б. шаарларга чаржайыт түрдө, көбүнчө эмгек курагындагылар көчүп кетип жатат. Көптөгөн жаштар билимин улантуу максатында Бишкек, Ош, Каракол, Жалал-Абад шаарларына отурукташууда. Ошондуктан ички миграциянын басымдуу бөлүгү – 80%тейи эмгек курагындагылар болуп саналат.

## II. 5. Калктын жыштыгы

Калктын аймак боюнча жайгашуусун көрсөткөн бирдик – калктын жыштыгы. Калктын орточо жыштыгы калктын санын алар жашап турган райондун, өлкөнүн аянтына бөлүп, андан 1 $км^2$ жерге канча киши туура келе тургандыгы аныкталат. Тескерисинче, аянтты, андагы жашап турган калктын санына бөлсө да болот, мындан ар бир кишиге канча $км^2$ жер туура келе тургандыгын билүүгө болот. Калктын жыштыгы аркылуу мамлекеттерди, райондорду салыштырып, калктын аймактар боюнча жайгашуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктайт.

Ири административдик бирдиктер боюнча калктын жыштыгын майда масштабдагы карталарга түшүргөндө көп бурмалоолор кетиши мүмкүн. Чоң масштабдагы карталарда чакан административдик бирдиктердин жыштыгын көрсөткөн карталардын масштабы канчалык чоң болсо, анын маалымат берүү мүмкүнчүлүгү ошончолук жогору болот. Эгер, изилденип жаткан район, өлкөлөрдө шаарлар көп топтолсо, калктын жыштыгын көрсөткөн чоң масштабдагы карталарда деле так эместиктер (бурмалоолор) болот. Ошондуктан географиялык карталар аралаш (комбинированный) методдор менен түзүлөт, орточо жыштык – ар түрдүү фон менен, ал эми шаарлар пунсон менен көрсөтүлөт.

Кыргызстандын аймагы тоолуу болгондуктан анда калк текши отурукташкан эмес. Азыркы учурда республикадагы калктын


орточо жыштыгы ар бир $км^2$ жерге 27,1 киши (2010) туура келет.

Республиканын калкынын саны өскөн сайын, анын орточо жыштыгы да жогорулады: 1926-жылы 1 $км^2$ жердеги калктын жыштыгы – 5 киши болсо, 1939-жылы – 7, 1959-жылы – 10, 1971-жылы – 15, 1981-жылы – 18, 1989-жылы – 21, 2003-жылы – 24,9, 2010-жылы – 27,1 киши болгон. Кыргызстандагы калктын табигый өсүшү жогору болгондуктан келечекте калктын жыштыгы да жогорулайт.

Республиканын аймагы боюнча калк текши жайгашпагандыктан алардын жыштыгы ар кандай. 2009-жылга карата облустар боюнча калктын орточо жыштыгы 1 $км^2$ жерге Баткен облусунда 22,4, Жалал-Абад облусунда – 27,9 киши, Ысык-Көл облусунда – 9,9, Нарын облусунда – 5,4, Ош облусунда – 43,0, Талас облусунда – 19,3, Чүй облусунда (Бишкек шаарын кошкондо) – 81,6 киши туура келет. Бирок, облустар боюнча алганда орточо жыштык чыныгы абалды көрсөтө албайт. Анткени, калк түздүктөргө отурукташып, тоо капталдарында туруктуу жашабайт. Кыргызстандын тоолуу рельефин эске алып, бийиктик зоналуулук боюнча калктын жыштыгын эсептөө максатка ылайык.

Деңиз деңгээлинен 1500 *м* бийиктикке чейин жайгашкан четки өрөөндөрдө калктын 80%и жайгашкан; ал республиканын 15%ке жетпеген аянтын ээлейт. Буларга Чүй, Талас өрөөндөрү, Фергана ойдуңунун чет-жакалары кирет. Айрым жерлердеги орточо жыштык 100–150 кишиге жетет. Кыргызстандын аймагынын 10%ин түзгөн Чүй өрөөнүндө өнөр жай өндүрүшү өнүккөн шаарлар – Бишкек, Токмок, Кара-Балта ж. б. жайгашкандыктан республиканын калкынын дээрлик 30%и жашайт. Ошондой эле, республиканын калк жыш жайгашкан аймактарынын бири – Ош облусу болуп эсептелет. Мында калк негизинен айыл чарбасы өнүккөн райондорунда жышыраак отурукташкан. Бийик тоолуу Нарын, Жумгал, Кочкор, Тогуз-Торо, Чаткал, Суусамыр, Ат-Башы, Алай сыяктуу өрөөндөрдө калк өтө сейрек отурукташкан. Кыргызстандын өтө бийик тоолуу өрөөндөрүндө, сырттарда, тоо капталдарында туруктуу калк жашаган айылдар жокко эсе.

Дүйнөдө калктын бийиктик алкак боюнча жайгашуусун төмөнкү таблицадан көрүүгө болот. Жер шарындагы калктын 80,2%и деңиз деңгээлинен 200–500 *м* бийиктикке чейинки кургактыкта жашайт. Кыргызстанда мындай жапыз жаткан жер болбогондуктан, калк жашаган аймактар деңиз деңгээлинен 500 *м* бийиктиктен башталат. Республикадагы калктын негизги бөлүгү 500–1500 *м* бийиктикте отурукташкан.




КАЛКТЫН ЖАЙГАШУУ КАРТАСЫ

*3-таблица*

**Калктын бийиктик алкак боюнча отурукташы, % менен**

| | Деңиз деңгээлинен бийиктиги, *м* менен | | | | | | Орточо бийиктиги | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 200-дөн төмөн | 200–500 | 500–1000 | 1000–1500 | 1500–2000 | 2000-ден бийик | калк отурукташканы | аймактар |
| Антарктида, Гренландиядан башка | 56,2 | 24,0 | 11,6 | 4,4 | 2,3 | 1,5 | 320 | |
| Европа | 68,8 | 23,5 | 7,2 | 0,5 | – | – | 168 | 300 |
| Азия | 56,5 | 23,5 | 11,7 | 4,9 | 2,5 | 0,9 | 319 | 950 |
| Африка | 32,5 | 24,1 | 20,8 | 13,8 | 6,9 | 2,0 | 590 | 750 |
| Түштүк Америка | 42,3 | 15,0 | 22,8 | 4,7 | 4,2 | 11,0 | 644 | 580 |
| Түндүк Америка | 46,9 | 33,3 | 7,9 | 4,1 | 4,0 | 3,8 | 430 | 700 |
| Австралия жана Океания | 72,9 | 17,8 | 8,4 | 0,9 | – | – | 95 | 350 |
| Кыргыз Республикасы | – | – | 80,0 | 10,0 | 8,2 | 1,8 | 700 | 1000 |

## II. 6. Калктын улуттук-этностук курамы

Кыргызстандын калкы көп улуттуу. Анда 150дөн ашык улут жана эл өкүлдөрү жашайт. Алар бири биринен саны, тили, дини, маданияты, антропологиялык курамы, үрп-адаты ж. б. боюнча айырмаланат. Антропологиялык жактан республикада жашаган калк монголоид жана европоид болуп эки расадан туруп, түрк жана славян тилдеринде сүйлөгөндөр басымдуулук кылат.

Калктын саны боюнча миллиондон тартып миң, жүз, он жана 1–2 эле кишиден турган улут өкүлдөрү да бар. 1989-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча саны 10 (он) жана андан аз калктардын өкүлдөрү – 35ке жеткен. Республикада жакынкы өлкөлөрдүн гана эмес, эң алыскы өлкөлөрдүн, дүйнө бөлүктөрүнүн өкүлдөрү да жашайт, мисалы, гректер, кытайлар, болгарлар, чехтер, персилер, күрддөр, финндер, словактар, америкалыктар, арабдар, кубалыктар, венгерлер, голланддар, ассириялыктар, вьєтнамдар, албандар, француздар, австралиялыктар, хорваттар ж. б.

2009-жылкы маалымат боюнча республиканын калкынын басымдуу бөлүгүн кыргыздар – 71,09%ти түзөт. Калктын саны боюнча экинчи орунда өзбектер – 14,3%, үчүнчү орунда орустар – 7,8%. Он миңдеген калкы бар – татарлар (0,6%), казактар 0,6%, дунгандар (1,1%) жана тажиктер (0,9%), уйгурлар (0,9%), түрктөр

(0,7%), азербайжандар (0,3%), корейлер (0,3%), украиндер (0,4%), немистер (0,2%) жана бир нече миң кишиден турган белорустар, еврейлер, калмактар, армяндар, башкырлар, мордва, чуваш, грек-тер, молдовалар, поляктар, грузиндер, цыгандар жашайт.

Акыркы эл каттоодо калктын улуттук курамында төмөндөгүдөй өзгөрүүлөр болгон: табигый өсүшү жогору болгон кыргыздардын саны 5,5% ке өскөн, ошондой эле азиялык калктар – өзбектердин, дунгандардын, тажиктердин, уйгурлардын санынын өсүүсү менен бирге, орустардын, немистердин, украиндердин, казактардын, корейлердин, татарлардын, еврейлердин саны азайган. Бул улуттардын санынын азайышы эмиграцияга байланыштуу.

Жашаган элдердин бардыгы биригип, жалпы Кыргыз Республикасынын калкын түзөт. Алардын негизги максаты бир: экономиканы көтөрүү, улуттук идеологияны түзүү, рынок мамилесине өтүү, ар бир адамга камкордук, элдер арасындагы достукту чыңдоо, эгемендүү көз каранды эмес, демократиялык, тең укуктуу мамлекетти түзүү жана аны өнүктүрүү. Чыныгы демократиянын негизи калкты улутка, расага – «жергиликтүү», «келгендерге», «өз эл», «башка эл» же «улуу», «кичүү» бир туугандарга бөлбөө.

*4-таблица*

**Калктын улуттук курамы (% менен)**

| | 1926 | 1959 | 1979 | 1989 | 1999 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардык калк, а. и. | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| кыргыздар | 66,9 | 40,5 | 47,9 | 52,4 | 64,9 | 71,0 |
| орустар | 11,7 | 30,2 | 25,9 | 21,5 | 12,5 | 7,8 |
| өзбектер | 10,6 | 10,6 | 12,1 | 12,9 | 13,8 | 14,3 |
| украиндер | 6,4 | 6,6 | 3,1 | 2,5 | 1,0 | 0,4 |
| татарлар | 0,5 | 2,7 | 2,0 | 1,6 | 0,9 | 0,6 |
| дунгандар | 0,6 | 0,5 | 0,8 | 0,9 | 1,1 | 1,1 |
| уйгурлар | 0,8 | 0,7 | 0,8 | 0,9 | 1,0 | 0,9 |
| казактар | 0,2 | 1,0 | 0,8 | 0,9 | 0,9 | 0,6 |
| тажиктер | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,8 | 0,9 | 0,9 |
| түрктөр | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,5 | 0,7 | 0,7 |
| азербайжандар | 0,0 | 0,0 | 0,5 | 0,4 | 0,3 | 0,3 |
| корейлер | 0,0 | 0,0 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,3 |
| немистер | 0,4 | 2,0 | 2,9 | 2,4 | 0,4 | 0,2 |
| башка улуттар | 1,4 | 4,0 | 2,0 | 1,9 | 1,2 | 0,7 |

Республикада жашаган башка элдерден айырмаланып, кыргыздар өзүнүн санынын көптүгү жана маданий менталитети боюнча бардык улуттардын алдында жоопкерчилиги өтө чоң. Алардын тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат. Муну менен катар башка тилдерди да өнүктүрүү маселелери алдыда турат: кош тил билүү, ал гана эмес 3–4 тилди




КЫРГЫЗСТАН УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУНДА

өздөштүрүү, мисалы, орус, англис ж. б. тилдерди билүү чыныгы маданияттуулуктун, дүйнөлүк коомго аралашуунун, прогресске умтулуунун жолу. Улуттук өзүмчүлүк, башка эл менен байланышты кыскартуу регресске (чегинүүгө) алып келери белгилүү.

Кыргыздар Ала-Тоодогу, Түштүк Сибирдеги эң байыркы элдердин бири. «Кытай тарыхынын атасы» деп эсептелген Кытайдын белгилүү байыркы тарыхчысы Сыма-Цян «Тарыхый жазмалар» деген эмгегинде алгачкы жолу кыргыздар «гянгундар» деген аталыш менен Энесайдын Минуса жана Тува ойдуңдарын жердеген элдердин бирикмеси (б. з. ч. 201-жылы) катары эскерген.

Кыргыздар – биздин замандын 1-кылымына чейин белгилүү болгон. Кыргыздар бир нече жүздөгөн жылдар бою Энесайдын жогорку агымынан Ала-Тоого (Теңир-Тоого) которулуп келген. Энесайлык кыргыздар жергиликтүү иран тилиндеги элдердин, көбүнчө сак жана усун уруулары менен аралашуусунан пайда болгон.

9-кылымдын 840–847-жылдарында энесайлык кыргыздар Манжуриядан тартып Ала-Тоого чейинки зор мейкиндикте кыргыздардын феодалдык мамлекетин түзгөн. Ал мамлекет 9-кылымдын аягында кыйрап, 10-кылымда экинчи жолу массалык көчүп келүүлөрдүн натыйжасында Ала-Тоону мекендеген басымдуу эл болуп калган. Кылымдар бою эң бир оор замандарды башынан өткөргөн кыргыз калкы өзүнүн тарыхын, маданиятын, үрп-адатын, тилин сактап келе жатат. Кыргыз улутуна тийиштүү эң жакшы үрп-адаттар, каада-салттар өтө көп, алар укумдан-тукумга берилип келе жатат. Улууну сыйлоо, кичүүнү урматтоо, ата-эненин, улуунун сөзүн эки кылбоо, меймандостук, өз ара жардамдашуу, боорукердик, азыркы жаштардын маданиятка, илимге умтулуусу, ички дүйнөнүн боштондукка умтулуусу ж. б. сапаттарга ээ.

Жалпысынан кыргыздардын саны көп болбогону менен алар дүйнөлүк маданиятка, адабиятка, саясатка өз салымын кошуп жатат. Азыр Кыргыз Республикасындагы кыргыздардын саны 3804,8 миңди же 71,0% түзөт (2009). Алар бардык региондордо жашайт, бирок бир келки болуп, кыргыздар көп жашаган облустарга – Нарын облусу, Ысык-Көлдүн батышы, Таластын чыгышы, Чүй облусунун чыгышы, Фергана ойдуңунун тоо этектери кирет. Чүй өрөөнүнүн, Талас, Ысык-Көл облустарынын басымдуу бөлүгүндө кыргыздар башка улуттар менен аралаш отурукташкан.

Кыргыздар алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө – Өзбекстанда, Казакстанда, Тажикстанда, Ооганстанда, Түркияда, Кытайда ж. б. өлкөлөрдө да жашайт.

Түндүк Кыргызстанга 19-кылымдын 60-жылдарында, Түштүк Кыргызстанга 90-жылдарында о р у с т а р көчүп келе баштаган. Падышалык Россия колониялык саясатын жүргүзүп, орустарды Кыргызстанга массалык түрдө көчүрүүнү ишке ашырган. Андан кийинки чоң агым 1941–45-ж. Ата Мекендик согуш учурунда

болгон. Чыгышка көчүрүлгөн завод-фабрикалар менен кошо жогорку квалификациялуу жумушчулар, жарадар болгондор, карыкартаңдар, жетим балдар көчүрүлүп келген. Кыргызстанда орустар көп жашаган аймактарга Чүй облусу, бардык шаарлар, өзгөчө Бишкек шаары, Ысык-Көлдүн чыгышы, Талас облусунун батыш бөлүгү ж. б. кирет. Орустардын саны 1999-жылкы эл каттоо боюнча 603 189 (12,5%) адамды түзсө, 2009-ж. 7,8% гана калган. Алар бардык кесипте иштейт, жогорку квалификациялуу жумушчулары, алдынкы интеллигенциясы арбын.

Өзбектердин көбү Фергана ойдуңунун түштүк-батыш тарабына Кокон хандыгы түзүлгөнүнө чейин эле жайгашкан. Алар көбүнчө Ош, Жалал-Абад облустарынын Өзбекстандын Наманган, Анжиян, Фергана облустары менен чектеш райондорунда отурукташкан. Түндүк Кыргызстанда жашаган өзбектер Кокон хандыгы түзгөн чептерде жашаган өзбектердин урпактары. Республикадагы бардык өзбектердин 4/5 бөлүгү Ош, Жалал-Абад облусттарында отурукташкан. Алардын жалпы саны – 660 миңдей (14,2%); негизинен дыйканчылык жана соода менен алектенет.

Украиндер Кыргызстанга орустар менен удаа келген. Алардын көбү Украинадан (Полтава облусунан) жана Россиядан келгендер. Украиндердин көбү шаарларда жана Чүй облусунда жашайт, алардын саны 2009-жылы жалпы калктын 0,4% ин түзгөн.

Немистер Кыргызстанга негизинен Украинадан көчүп келген; отурукташкан жерлери – Талас облусу, Чүй облусунун Кант району, кийинчерээк алар шаарларга отурукташа баштаган. 1989-жылдагы эл каттоо боюнча республиканын калкынын 2,4% ин немистер түзгөн, бирок акыркы жылдар ичинде эмиграцияга кеткендердин саны көбөйүп, 0,2% ти гана түзүп калды.

Азыркы учурда республикада 40,0 миңдей (0,6%) татар жашайт. Татарлар 19-кылымдын башында көчүп келген, алар алгачкы мектептерди ачып, кыргыз жаштарына билим бере баштаган агартуу кызматкерлери болгон. Татарлардын көпчүлүгү шаарларда жашайт, көбү жумушчу кадрлар, калгандары интеллигенция, соода кызматкерлери.

19-кылымдын аягында Цинь көтөрүлүшүнө катышкандыгы үчүн миңдеген дунгандар катуу куугунтукталып, өз мекени Кытайдын түндүк бөлүгүнөн Кыргызстанга качып кетүүгө аргасыз болгон. Дунгандар кытай тилинде сүйлөп, мусулман динин тутат; алар Кыргызстандын калкынын 1,1% ин түзөт (2009). Кыргызстанга келген дунгандар негизинен Чүй өрөөнүнө (Токмок шаары, Александровка, Милянфан, Кең-Булуң кыштактары), Ысык-Көлгө (Каракол шаары, Ырдык кыштагы), Ош облусунун Кара-Суу районуна ж. б. жерлерге топтолгон. Дыйканчылык жана соода менен алектенет.

Кыргыз Республикасына уйгурлар 20-кылымдын 20-жылдарында Кытайдын Синцзян районунан, экинчи жолу 1950-ж.

жүргүзүлгөн «маданий революциянын» кесепетинен он миңдеген уйгур көчүп келген. Кыргызстандагы уйгурлар калктын 0,9% тин түзөт, отурукташкан жерлери – Чүй өрөөнүндөгү дыйканчылык зоналары жана Бишкек, Токмок, Каракол шаарлары.

Казактар эзелтен бери кыргыздар менен коңшулаш жашап келгендиктен Кыргызстандын бардык жеринде кездешип, басымдуу көпчүлүгү Чүй жана Талас облустарында жашап, негизинен мал чарбасында, билим берүү системасында жана соодада иштешет. Кыргызстанда жашаган казак калкы 0,6% ти түзөт (2009).

Тажиктер Кыргызстандын калкынын 0,9% ин түзөт. Алар Кыргызстандын түштүгүндө, негизинен Баткен облусунун аймагында жана Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунда жашайт. Негизинен дыйканчылык, соода ж. б. иштер менен алектенет.

Кыргызстандын бардык жеринде, айрыкча Чүй, Ош облустарында түрктөр жашайт. Республиканын калкынын 0,7% ин түзөт. Чарбанын бардык тармактарында, айрыкча айыл чарба менен соодада эмгектенет.

Республикада 19 миңге жакын (0,3%) корейлер бар. Алар 20-кылымдын 20–30-жылдарында Ыраакы Чыгыштан көчүп келген. Көп отурукташкан аймактары: Чүй, Талас облустары жана Бишкек шаары. Көбү дыйкандар, ошондой эле соода тармагында эмгектенет.

Кыргыз Республикасында булардан башка дагы көптөгөн улуттардын чакан топтору – азербайжандар (2009-жылкы маалымат боюнча Кыргызстандын калкынын 0,3% ин түзөт), белорустар, еврейлер, калмактар, армяндар, башкырлар, грузиндер, чуваштар, цыгандар жана 0,7% башка улуттар жашайт.

## II. 7. Калктын социалдык курамы, эмгек ресурстары жана аларды пайдалануу

Калктын социалдык курамы (структурасы) – таптык (класстык), демографиялык, этностук, адистик (профессиялык) түзүмдөрдү ичине камтыйт. Булардын ичинен эң маанилүүсү таптык курамы, анткени, ар бир коомдун өзүнүн табы болот. 1990-жылга чейин Кыргызстанда калктын социалдык курамына жумушчу, кызматкерлер менен колхоздук дыйкандар эле кирген, себеби менчиктин эки гана түрү болгон – коомдук жана кооперативдик-колхоздук.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасы коомдук менчиктен рыноктук мамилеге өтүү менен өлкөдө мурдакы жумушчу, кызматчылар жана дыйкандардан башка жаңы болочок таптардын негизи түзүлө баштады, алар: шаардык буржуазия – өнөр жай ишканаларынын ээлери, айыл чарбада – дыйкан чарбалар, фермерлер, банкирлер, ар кандай экономикалык уюмдардын, биргелешкен

ишканалардын, көптөгөн соода, тейлөө системаларынын майда ишканаларынын ээлери.

Азыр Кыргыз Республикасы өз алдынча демократиялык мамлекет болуп, рыноктук мамиле жана көп менчиктүү (укладдуу) экономиканын негизи түзүлүп жаткан учурда менчиктин жаңы түрлөрү пайда болду. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык 2011-жылы Кыргызстанда ар түрдүү менчиктеги 18,6 миң чакан, 3,5 миң орто, 1,7 миң ири ишкана, 263,7 миң дыйкан (фермер) чарбалары иштеген. Ушуга байланыштуу экономиканын секторлорунда да өз ара жумуш күчтөрүн бөлүштүрүү процесстери пайда боло баштады. Чарбанын башка альтернативалуу формалары пайда болгонуна байланыштуу коомдук сектордо иштегендердин саны кыскарууда.

Өндүрүш процессине жараша калк өз алдынча (өз күчү менен) жана өз алдынча эмес деп эки топко бөлүнөт. Өз алдынча калктын категориясына жашоо үчүн каражаты бар кишилер кирет, ал эми экинчи топко туугандарынын багуусундагы (балдар, пенсия албаган карылар) адамдар кирет. Өз алдынча калктын негизин экономикалык активдүү адамдар түзөт, алар эмгек менен киреше табат.

Экономикалык активдүү калк негизинен курактык курамына жараша болот. Калктын курамында жаш балдардын, өспүрүмдөрдүн жана улгайган адамдардын саны канчалык көп болсо, экономикалык активдүү калктын үлүшү ошончолук төмөн болот.

Көп менчиктүү (укладдуу) чарбага өтүү республиканын калкынын социалдык курамынын ар түрдүүлүгүн көбөйтүүгө алып келет. Бирок, калктын социалдык курамынын ар түрдүүлүгү негизги көрсөткүч боло албайт. Негизги маселе алардын сапатында, билимдүүлүгүндө, профессиялык адистигинде, техникалык революциянын жетишкендиктерин пайдалана билүүсүндө. Рыноктук мамилеге өтүү жаңы профессияларды өздөштүрүүнү талап кылат. Ошондуктан мектептердеги окуу системасын түп-тамырынан бери өзгөртүү, атайын адистик-техникалык окуу жайларды түзүү, колледж, лицей, гимназия, чет өлкөлүк адистер менен биргелешип жаңы формадагы бизнес, менеджмент, башкаруу ж. б. жаңы адистешкен окуу жайларын ачуу, жаш өспүрүмдөрдү чет мамлекеттерге жиберип, кадрларды даярдоо, жаңы типтеги жогорку окуу жайларды (техникалык адистешкен институттарды, университеттерди, колледждерди) ачуу өтө зарыл.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын аймактарында географиялык жактан калктын социалдык курамында чоң айырмачылыктар бар. Өнөр жайлуу, шаарлары бар Чүй, Жалал-Абад, Ош облустарынын айрым райондорунда калктын социалдык курамы ар түрдүү – интеллигенция менен дыйкандардын катарында жумушчулар жана кызматкерлер, ал эми бийик тоолуу Нарын облусунда, Алай, Чоң Алай, Тоң, Чаткал ж. б. райондордо калктын социалдык курамы бир түрдүү – айыл интеллигенциясы менен дыйкандар.

Калктын билимдүүлүгүнүн негизги көрсөткүчү – сабаттуулук жана орто, атайын орто билимдүүлөрдүн үлүшү. Азыр республикада сабаттуулардын саны эң жогору, 9 жаштан жогору өспүрүмдөрдүн арасында сабатсыздык жокко эсе. 2009-ж. жалпы билим берүүчү мектептердин саны 2212, аларда окуган окуучулардын саны – 1036,8 миңге жеткен, 109 кесиптик-техникалык окуу жайында 31,0 миң, 54 жогорку окуу жайында 116,7 миң, 111 атайын орто окуу жайында 59,6 миң студент окуган. Республикада жыл сайын жогорку окуу жайын 10,0 миң, атайын орто окуу жайын 12,0 миң студент бүтүрөт. Алардын ичинен басымдуулук кылуучу адистиктер: эл агартуу системасынын кызматкерлери – биринчи, өнөр жай жана курулуш кызматкерлери – экинчи, саламаттыкты сактоо, физкультура жана спорт кызматкерлери – үчүнчү орунда, андан кийин экономика жана укук, айыл чарба, искусство кызматкерлери турат. Жалпы адистердин теңине жакыны, ал эми кайсы бир адистиктер боюнча (агартуу, саламаттыкты сактоо ж. б.) теңинен көбү аялдар болгон.

Кыргыз Республикасында эмгек ресурстарына эмгек курагындагы 16 жаштан 63 жашка чейинки эркектер, 16 жаштан 58 жашка чейинки аялдар, эмгектенип жаткан пенсионерлер менен 14–16 жаштагы өспүрүмдөр кирет. Эмгек курагындагылардын майыптары, ишке жараксыздары эмгек ресурсуна кирбейт.

Калктын экономикалык активдүү бөлүгүнөн жумушсуздарды алып таштап, жумуш өтөгөндөр же чыныгы кызмат кылгандар категориясы бөлүнөт. Жалпы кызмат өтөгөндөр коомдук эмгек, же өз чарбасында жекече эмгек кылгандар тобуна бөлүнөт. Азыркы шартта жекече эмгек кылгандардын саны өсүүдө. Калктын географиясынын предметине – эмгек ресурстарынын жана кызмат өтөгөндөрдүн аймактык өзгөчөлүгүн окуп-үйрөнүү, аймактык айырмалардын бар-жогун тактоо, алардын курамы, пайдалануу деңгээли жана натыйжалуулугу, аймактарда эмгек ресурстарын божомолдоо жана пайдалануу келечеги кирет.

Эмгек ресурстарынын саны жана сапаты калктын экономикалык активдүүлүгүнө, курагына, жыныстык курамына, билимине, профессиялык адистигинин деңгээлине, географиялык жактан аймактык бөлүнүшүнө жараша болот.

Эмгекти сарп кылуу багыты боюнча – материалдык өндүрүштө иштегендер жана тейлөө чөйрөсүндө иштегендер болуп экиге бөлүнөт. Материалдык өндүрүштө иштегендер ич ара өнөр жайда, курулушта, айыл чарбада, токой чарбасында, транспортто, байланышта, айыл чарба продукциясын даярдоодо, жабдуу, соода, коомдук тамак-аш системасында иштегендер болуп бөлүнөт. Тейлөө чөйрөсүндө иштегендерге агартуу, илим, искусство, адабият, физкультура жана саламаттыкты сактоо, социалдык камсыздоо тармагында, банктарда жана сактоо кассаларында, башкаруу, коргонуу,

партиялар, коомдук уюмдар, турак жай чарбасы, коммуналык чарба, турмуш-тиричиликти тейлегендер кирет.

Кыргыз Республикасында эмгек курактагылардын 13% ке жакыны көмөкчү жана үй чарбаларында иштейт, алардын басымдуу бөлүгү көп балалуу аялдар.

Эмгекке жарамдуу калкты курактык өзгөчөлүгү боюнча карала турган болсо, республикада эмгекке жарамдуулардын теңинен көбүн жаштар (16–29 жаш) түзөт. Демек, республикада эмгек ресурсунун потенциалы жогору. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жараша эмгек курагындагы адамдарды белгилүү илимпоз демограф Б. Ц. Урланис төмөнкү топторго бөлөт:

1. 30–39 жаштагылар жогорку квалификациялуу жана жетиштүү иш тажрыйбасы бар эмгек ресурстарынын эң активдүү жана туруктуу тобу.

2. 20–29 жаштагылар жалпы билими жакшы, атайын даярдалган, бирок иш тажрыйбалары азыраак. Эркектер миграцияга активдүү катышкандыктан кызматтан бошонуулар арбын. Аялдар ушул куракта фертилдик (тукум берүү жөндөмдүүлүгү) жактан активдүү болот.

3. 40–49 (орто) жаштагылар көп жылдык иш тажрыйбасы бар, жогорку эмгек квалификациялуу, иштеген жери туруктуу, жумуштан бошонуулар аз болот.

4. 50–59 жаштагы улгайгандар, иш тажрыйбалары чоң, эмгек активдүүлүгү жана өндүрүмдүүлүгү төмөн. Жалпы билим берүү даярдыгы анча жогору эмес, кызматкерлердин үлүшү кыйла жогору.

5. 16–19 жаштан кичүүлөр орто жана атайын кесиптик-техникалык окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү. Жалпы билим деңгээли жогору, иш тажрыйбасы жок. Иштин шартына жана адистигине, аброюна алар жогорку талап коюшат. Миграциялык кыймыл жогору.

2010-ж. республикадагы бардык эмгекке жарамдуу калкты жогорудагы топтор боюнча бөлгөндө: биринчи топко – 730,03 миң, экинчи топко – 1057,8 миң, үчүнчү топко – 630,8 миң, төртүнчү топко – 419,5 миң, бешинчи топко – 596,9 миң киши туура келген. Жалпысынан республиканын калкынын 50% тейи эмгекке жарамдуу курагындагылар.

Эмгек ресурсунун сапатына орчундуу таасир кылуучу факторлордун бири – аларды кесиптик жактан окутуп-даярдоо. Республика кадрларды окутуп-даярдоо боюнча коңшу мамлекеттердин катарында турат. Өндүрүштүн бардык тармактары боюнча жогорку жана атайын орто билим берүүчү окуу жайлардан даярдалган кадрлар бар. Эмгекке жарамдуулардын 48,7% аялдар, башкача айтканда азыр 1,090 млн аял эмгекке жарамдуу деп эсептелинет. Бирок, алардын бир тобу кызмат өтөбөйт, себеби айыл жерлериндеги аялдардын көпчүлүгү көп балалуу, айылдарда бала бакча

жетишпейт жана тейлөө чөйрөсү анча жакшы жолго коюлган эмес. 2009–2010-жылдары эл чарбасында иштеген аял-жумушчу кызматкерлердин саны 857,9 миңге жеткен.

Кыргызстандын аймактарында эмгек ресурстарын пайдалануу деңгээли бирдей эмес. Ал көбүнчө ошол аймактын чарбасынын структурасына жараша болот. Мисалы, Нарын облусу мал чарбасына адистешкен, калктын негизги кесиби – мал багуу. Малчылардын үлүшү жалпы эмгек ресурсун пайдаланууда төмөн болгондуктан калкты иш менен камсыз кылуу өтө татаал. Шаарларда да жумуш орундарынын жетишсиздиги байкалат. Өндүрүштү рыноктук экономика шартына өткөрүү мезгилинде көпчүлүк ишканалар жабылып жумушсуз калктын саны көбөйгөн. Алардын көпчүлүгү өндүрүштө иштеген адистер, окуу жайларды бүтүп, ишсиз калган эмгекке жарактуу жаштар болгон.

## II. 8. Калктын отурукташуусу, шаар калкы

Кыргызстанда жалпы калкка караганда шаардык калк тез өсүүдө. 2009-ж. республикадагы 5362,8 миң калктын 1829,2 миңи (34,1%и) шаардык калк болгон, ал эми 1926-жылкы эл каттоо боюнча бүткүл республикадагы 1001,7 миң калктын 122,3 миңин (12,2%ин) шаардык калк түзгөн. Бул жылдардын ичинде жалпы калктын саны 5,4 эсе, шаар калкы 15,0 эсе өскөн.

СССР мезгилинде айылдык калктын шаарга келип отурукташуусунан улам шаардык калк тез темп менен көбөйө баштаган, себеби республиканын индустриясы өнүгө баштап, көптөгөн жаңы өнөр жай тармактары, ишканалары пайда болгон. Эски шаарлардын калкынын өсүүсү менен көптөгөн жаңы шаарлар, шаарчалар өсүп чыккан.

*5-таблица*

**Облустар боюнча шаар жана айыл калкынын бөлүнүшү (2009)**

| Административдик-аймактык бирдиги | Калкы | | анын ичинен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | шаардык | | айылдык | |
| | саны, миң | Республикадагы үлүшү, % менен | саны, миң | % менен | саны, миң | % менен |
| Кыргыз Республикасы | 5362,8 | 100,0 | 1828,2 | 34,1 | 3534,6 | 65,9 |
| анын ичинен: | | | | | | |
| Баткен облусу | 428,6 | 8,0 | 103,8 | 24,2 | 324,8 | 75,8 |
| Жалал-Абад облусу | 1009,9 | 18,8 | 228,3 | 22,6 | 781,6 | 77,4 |
| Нарын облусу | 257,8 | 4,8 | 39,0 | 15,1 | 218,8 | 84,9 |
| Ош облусу | 1388,1 | 25,9 | 321,6 | 23,2 | 1066,5 | 76,8 |
| Талас облусу | 226,8 | 4,2 | 33,8 | 14,9 | 193,0 | 85,1 |
| Чүй облусу | 803,2 | 15,0 | 144,0 | 17,9 | 659,2 | 82,1 |
| Ысык-Көл облусу | 413,1 | 7,7 | 126,0 | 38,5 | 287,1 | 69,5 |
| Бишкек шаары | 835,3 | 15,6 | 831,7 | 99,6 | 3,6 | 0,4 |

Революцияга чейинки Кыргызстандын аймагында 6 гана шаар болгон – Бишкек, Токмок, Каракол, Жалал-Абад, Ош, Өзгөн. Азыркы учурда республикадагы шаарлардын саны 25ке, шаарчалардын саны 28ге жетти. Жаңы шаарларга көмүр казылып алынуучу шахталардын базасында курулган – Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, административдик борборлор – Нарын, Талас, Баткен, Кара-Суу, Исфана, Ноокат, Кербен, нефть базасында курулган – Майлуу-Суу, Кочкор-Ата, ГЭСтин курулушуна байланыштуу – Кара-Көл, курорттук шаар – Чолпон-Ата, өнөр жай борборлору – Балыкчы, Кара-Балта, Кант, Шопоков шаарлары кирет.

Кыргыз Республикасындагы шаарлар бири биринен чоңдугу боюнча гана эмес, ошондой эле аткарган функциялары, эмгекти аймак боюнча бөлүштүрүүдөгү орду, географиялык абалы жана шаардын өсүп чыгышы боюнча да айырмаланат. Ошондуктан шаарларды ар түрдүү белгилери боюнча типтерге, класстарга бөлүү талап кылынат.

Бардык өлкөлөрдө географтар менен статисттер – ш а а р л а р д ы ч о ң д у г у боюнча калкы 100 миңге чейинки, 100 миңден көбүрөөк деп, акыркынын ичинен – м и л л и о н е р ш а а р л а р деп бөлөт.

СССР мезгилинде шаарлар төмөнкүчө классификацияланган: чакан шаарлар (50 миңге чейинки калкы бар); чоң шаарлар (100 – 250 миң); ири шаарлар (250–500 миң); эң ири шаарлар (500 минден ашык).

Бирок географтар башкача классификацияны пайдаланат: чакан шаарлар (20 миңге чейинки калкы бар); орто шаарлар (20 миңден 100 миңге чейин), [алар өз ичинен 2 топчого – төмөнкү (20–50 миң) жана жогорку (50–100 миң) шаарларга бөлүнөт]; чоң шаарлар (100 миңден 500 миңге чейин), эң ири шаарлар (500 миңден ашык).

Шаарларды калкынын саны боюнча бөлгөндө Бишкек – эң ири шаарга, Ош – чоң шаарга, Жалал-Абад, Каракол, Токмок, Өзгөн, Кызыл-Кыя, Балыкчы, Кара-Балта, Нарын, Талас, Таш-Көмүр, Кара-Суу, Кант, Кара-Көл, Исфана, Майлуу-Суу – орто шаарларга, ал эми калган шаарлар – Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Баткен, Кочкор-Ата, Ноокат, Чолпон-Ата, Кербен, Шопоков – чакан шаарларга кирет.

*6-таблица*

**Кыргыз Республикасынын шаарларынын калкынын саны**

| Шаарлар | | Калктын саны, миң (эл каттоодо) | |
|---|---|---|---|
| | | 1999-ж. | 2009-ж. |
| 1 | Бишкек | 762,3 | 865,1 |
| 2 | Ош | 208,5 | 243,2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Жалал-Абад | 70,4 | 92,1 |
| 4 | Каракол | 64,3 | 63,7 |
| 5 | Токмок | 59,4 | 53,1 |
| 6 | Өзгөн | 41,5 | 44,3 |
| 7 | Кызыл-Кыя | 31,9 | 40,9 |
| 8 | Балыкчы | 41,4 | 39,3 |
| 9 | Кара-Балта | 47,2 | 37,7 |
| 10 | Нарын | 40,1 | 34,2 |
| 11 | Талас | 32,6 | 32,6 |
| 12 | Таш-Көмүр | 23,3 | 31,7 |
| 13 | Кара-Суу | 19,1 | 21,9 |
| 14 | Кант | 22,1 | 21,8 |
| 15 | Кара-Көл | 18,0 | 20,8 |
| 16 | Исфана | 17,0 | 18,2 |
| 17 | Майлуу-Суу | 20,7 | 18,1 |
| 18 | Сүлүктү | 13,5 | 18,0 |
| 19 | Баткен | 11,0 | 17,9 |
| 20 | Кочкор-Ата | 16,1 | 14,8 |
| 21 | Ноокат | 16,1 | 13,7 |
| 22 | Кербен | 13,0 | 13,2 |
| 23 | Чолпон-Ата | 8,9 | 10,3 |
| 24 | Көк-Жаңгак | 10,7 | 9,3 |
| 25 | Шопоков | 9,1 | 8,7 |

Бир шаарды экинчисинен ажыратууда эң маанилүү белги алардын аткарган милдеттери (функциялары); ар бир шаар бир же бир нече милдетти аткарышы мүмкүн. Аткарган милдеттери боюнча шаарлар экономикалык жана экономикалык эмес болуп бөлүнөт.

Экономикалык шаарларга өнөр жай, транспорт, соода-сатык; экономикалык эмес шаарларга административдик, маданий, рекреациялык шаарлар кирет. Бир гана функцияны аткарган шаарларды – монофункциялуу (мындайлар аз кездешет), бир нече функция аткарган шаарларды – полифункциялуу шаарлар деп аташат. Республиканын шаарлары жана шаарчалары аткарган функциялары боюнча төмөндөгүдөй классификацияланат:

1. Ири полифункциялуу шаарлар, аларга Бишкек жана Ош шаарлары кирет. Республиканын шаар калкынын 40% жана өнөр жай потенциалынын 50% Бишкекте топтолгон. Бул шаарлар ири

өнөр жай, саясий, маданий борборлор, калк отурукташуучу негизги таяныч, илимий-техникалык прогресстин, кадрларды даярдоонун жана сооданын борборлору.

2. Полифункциялуу структурасы жана өнөр жайынын өнүгүү келечеги боюнча орто шаарларга – Жалал-Абад, Каракол, Токмок, Кара-Балта, кирет.

3. Өнөр жай өнүгүү деңгээли төмөн, обочолонгон аймактардагы отурукташуунун таяныч борборлору болгон орто шаарлар – Нарын, Талас.

4. Жергиликтүү өнөр жай борборлору таасир кылуучу административдик райондун чегинен чыкпаган – Исфана, Баткен, Ноокат, Шопоков шаарлары.

5. Көмүр казуу өнөр жайынын борборлору болгон шаар жана шаарчалар – Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Жыргалаң; экономикалык багыты бир тармактуу.

6. Тоо-кен өнөр жайынын жана түстүү металлургиянын борбору болгон шаарчалар – Айдаркен, Ак-Түз, Борду, Сумсар, Терек-Сай, Чабай ж. б.

7. Гидроэнергетика жана суу чарба курулуштарынын алдындагы шаарлар жана шаарчалар – Кара-Көл, Достук, Найман, Орто-Токой, Токтогул, Шамалды-Сай.

8. Транспортту тейлөөгө байланыштуу пайда болгон шаарлар жана шаарчалар – Балыкчы, Кара-Суу, Каракол пристаны, Оймак, Сары-Таш.

9. Курорттук борбор – Чолпон-Ата. Шаарлардын функциялык курамына жараша калктын өсүү темпи, курагы, жыныстык курамы, эмгек ресурстарын пайдалануу деңгээли, калктын миграциясы өзгөрөт.

Эмгекти аймактык жактан бөлүштүрүүдөгү орду боюнча Кыргызстандын шаарларын жана шаарчаларын төмөндөгүдөй бөлүүгө болот: а) Жергиликтүү байланыштарга катышкан шаарлар (райондук деңгээлдеги – экономикалык, административдик жана маданий борборлору – Чолпон-Ата, Шопоков, Жыргалаң ж. б.); б) Облус ичиндеги эмгекти бөлүштүрүүгө катышкан (экономикалык райончо) шаарлар жана шаарчалар (Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, Сүлүктү); в) Облус аралык (экономикалык райончо) эмгекти бөлүштүрүүгө катышкан шаарлар жана шаарчалар (Жалал-Абад, Балыкчы, Нарын, Талас, Кара-Көл ж. б); г) Эл аралык эмгекти бөлүштүрүүгө катышуучу шаарлар жана шаарчалар – Бишкек, Ош, Токмок, Кара-Балта, Кант, Айдаркен ж. б.

Экономикалык-географиялык абалы боюнча республиканын шаарларын типтерге бөлүү да маанилүү, бирок, бул татаал, аз изилденген тармак. Экономикалык географиялык мүнөздүү белгилери боюнча төмөнкү топторду бөлүүгө болот:


Бишкек шаары.

а) сырьё же отун кендеринде жайгашкан шаарлар жана шаарчалар: Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр, Майлуу-Суу, Кант, Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Кочкор-Ата, Айдаркен, Ак-Түз, Борду, Жыргалаң, Орловка ж. б.; б) порт шаарлар: Балыкчы, Каракол пристаны; в) темир жол боюнда жайгашып, өнөр жай, транспорттук борборлоруна айланган шаарлар: Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Кара-Суу ж. б.

Шаарларды генезистик жактан классификациялоодо ал шаарлар качан, эмне үчүн ошол жерде пайда болгондугу, шаарлардын архитектуралык пландаштыруусу кирет. Мындай классификацияны «шаардын ички географиясын» окууда пайдаланса болот. Шаарларды окууда, аларды чоңдугу боюнча ажыратып, өзгөчө ири шаарлардын үлүшүн тактоо талап кылынат. Республикадагы 25 шаар, 29 шаарча жалпы шаар тармагын түзөт. Бул тармактын басымдуу ($^3/_4$) бөлүгү чакан, орто шаарлар жана шаарчалар, бирок, бүткүл шаар калкынын $^1/_2$ бөлүгү эки гана шаарда – Бишкек менен Ошто топтолгон. Бири-бири менен байланыштагы шаарлар, бир максаттагы иштерди аткарып, шаар системасын түзөт. Шаар системасы экономикалык, өндүрүштүк, маданий, тиричилик ж. б. байланыштарды анализдөөнүн негизинде окулат.

Шаардык отурукташуу системасынын бири – агломерация. Шаардын тарыхый өнүгүшүндө анын калкы көбөйүп, аянты кеңейе баштап, жакын жайгашкан шаарлар менен кошулуп кетиши – агломерация деп аталат. Агломерациялар өнүгүү темпи, байланыштын ургаалдуулугу, түзүлүү даражасы, аймактын жана тармактын структуралары боюнча айырмаланат.

Кыргызстандын ири шаарларынын айланасында шаар агломерациясы түзүлө баштагандыгы байкалат. Чүй өрөөнүнүн борборунда Бишкек агломерациясы түзүлүүдө, бул агломерация батышта Кара-Балтага, чыгышта Кант шаарына, түштүгүндө Кыргыз Ала-Тоосунун этегине (Байтик өрөөнүн камтыйт), түндүктө Казакстан менен болгон чек арага чейинки аймакты камтыйт. Түштүктө Ош – Кара-Суу багытында Ош шаары агломерациясы түзүлүп жатат.

## II. 9. Айыл-кыштак калкынын географиясы

Кыргыз Республикасынын айыл-кыштактарында 2009-жылы 3534,6 миң калк жашаган, бул бардык калктын 65,9 %ин түзгөн. Айыл-кыштак калкынын үлүшү 1926-жылы – 87,0 %ти, 1939-жылы – 81,5 %ти, 1959-жылы – 66,3 %ти, 1970-жылы – 62,6%ти, 1989-жылы – 61,7%ти, 1999-жылы – 65,2 %ти түзгөн; башкача айтканда алардын жалпы саны өскөнү менен үлүшү бир аздан төмөндөөдө. Акыркы 20 жыл ичинде айыл калкынын динамикасында эч кандай өзгөрүү болгон жок. Анткени, айыл калкынын табигый өсүшү чоң болгону менен, алардын көбү шаарларга миграцияланып кетүүдө. 1970–1992-жылдар ичинде айыл калкынын үлүшү бир калыпта (62%) болгону менен анын абсолюттук өсүшү өтө жогору, 1970-ж. 1835,7 миңден 2003-ж. 3254,5 миңге өскөн.

Өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдө айыл калкынын үлүшү өтө төмөн (12–14%). Жаратылыш шартынын контрасттуулугу, тарыхый-экономикалык процесстин татаалдыгы, этностук өзгөчөлүгү, айыл чарбага пайдаланылуучу жердин потенциалдык деңгээли айылдык калк жашаган жерлердин ар түрдүү болушуна алып келген.

Айыл калкы жашаган жерлерди класстарга, типтерге бөлүүнүн чоң мааниси бар, себеби айылдык калктуу жерлер өтө көп. Кыштактар чоңдугу, аткарган милдеттери, рельефке байланыштуу жайгашуусу, пайда болуу мезгили ж. б. белгилери менен айырмаланат.

Кыштактарды топторго бөлүүдө эң кеңири пайдаланылган түрү аларды чоңдугу боюнча классификациялоо (калктын санынын көптүгү боюнча). Кыргыз Республикасындагы кыштактардын калкынын саны 5–10дон 10 миңге чейин өзгөрөт.

Чоңдугу боюнча Кыргыз Республикасынын кыштактарын жалпысынан 3кө бөлүүгө болот: ири, орто жана чакан айылдарга.

1. Ири кыштактар – райондун айыл округунун, ири кооперативдик чарбалардын борборлору. Булар айыл жеринин өзөгүн түзөт. Ири кыштактар негизинен тоо этектеринде же тоо арасындагы өрөөндөрдө, транспорттук магистралдын боюнда жайгашкан.

2. Орто кыштактар тоо этегиндеги түздүктөрдөн, тоо арасындагы ойдуңдардан орун алган. Бул типке айыл округдарына караштуу жеке дыйкандардын айылдарын кошууга болот.



Бишкек шаарынын кичи райондорунун бири.

3. Чакан кыштактар – жайлоо, күзгү-жазгы жайыттардагы малды багуу үчүн бир аз боз үй, чатырлардан турган сезондуу айылдар. Ошондой эле малдарды кыштатуу үчүн орто типтеги айылдарга жакын жерге салынган сарайларды да ушул 3-типке кошууга болот.

Аткаруучу милдеттери боюнча айыл чарба, агрардык-индустриялык, айыл чарбалуу эмес, көп функциялуу, жергиликтүү борбор болгон кыштактарга бөлүнөт.

Айыл чарба кыштактарына чарбалардын борборлору, дыйканчылык жана комплекстүү бригадалардын жашаган жери, бригадалык айылдын филиалдары, бөлүмдөрүнүн айылдары, алыскы жайыттардагы мал багуучу убактылуу айылдар, айыл чарба продукциясын алуучу, өткөрүүчү пункттар, бийик тоолордогу маданий борборлор ж. б. кирет.

Айыл чарбасына адистешпеген айыл округдарындагы эл жашаган айылдарга өнөр жай ишканаларынын, жол күзөтчүлөрдүн, токойчулардын, балыкчылардын жашаган айылдары, дачалар, жумушчу кызматкерлердин шаар четиндеги жашоочу пункттары кирет.

Айылдардын өндүрүштүк функциясына жергиликтүү борборлордун функциялары кошулуп кетет. Ал функциялар чарбалык, уюштуруу, билим берүү, саламаттык сактоо, соода, тейлөө багыттары боюнча түзүлөт. Бул багытта райондун борбордук айылдарынын мааниси жогору, анткени аларда административдик, маданий-

тиричиликти тейлөөчү жайлары жана ири базалык ишканалар топтолгон.

Кыргызстанда айылдардын көп типте болушуна анын тоолуу рельефи, климаты, агын суулары ж. б. жаратылыш шарттары таасир тийгизет. Республикада көбүрөөк таралган тип – тоо этегиндеги делювий шилендилеринде жайгашкан кыштактардын тиби; ал жерлерге сугат иштерин жүргүзүү ыңгайлуу. Айыл-кыштактар тоо сууларынын капчыгайлардан чыга беришинде жайгашкан кыштактардын типтери, тоо арасындагы өрөөндөрдөн орун алган кыштактардын типтери, Ысык-Көлдүн айланасындагы көл тибиндеги айылдар болуп бөлүнөт.

Республиканын түндүк бөлүгүндөгү жолдордун боюнда көп катарлуу, сызыктуу формада жайгашкан кыштактар 2–5 *км*ге чейин созулат. Мындай ири кыштактарга Чүй өрөөнүндөгү – Панфилов, Беловодск, Сокулук, Новопавловка, Ысык-Көл ойдуңундагы – Ананьев, Түп, Кызыл-Суу ж. б. кирет.

Республиканын түштүгүндө ири, компактуу, татаал пландагы, эски кыштактардын негизинде өсүп чыккан, өзүнчө типтеги айылдар – Сузак, Араван, Базар-Коргон ж. б. бар.

Азыркы айылдар пайда болуу мезгили боюнча **генезистик типтеги кыштактарга** бөлүнөт. Республикадагы кыштактарды пайда болуу мезгили боюнча үч негизги топко бөлөт: а) бир нече жүз жыл мурда пайда болгон түштүктөгү эски айылдар; б) Чүй, Талас, Ысык-Көл өрөөндөрүндөгү 19-кылымдын аягында көчүп келген элдер негиздеген ири кыштактар; в) мурдагы көчмөн жергиликтүү элдер негиздеген, 1920–30-ж. пайда болгон көптөгөн чакан жана орто чоңдуктагы кыштактар.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргыз Республикасынын калкынын динамикалык өсүүсүнүн өзгөчөлүгү эмнеде? Табигый өсүү дегенди түшүндүргүлө. Калктын миграциясы эмнеге байланыштуу?

2. Республиканын калкынын жыш жана сейрек отурукташкан жерлерин аныктагыла. Эмне себептен калк текши отурукташкан эмес?

3. Республиканын калкынын улуттук курамы кандай? Силер жашаган райондо кандай улуттар жашайт, алар кайсы өлкөлөрдөн келген?

4. Калктын социалдык курамында кандай өзгөрүүлөр болуп жатат?

5. Эмгек ресурстарына түшүнүк бергиле.

6. Республиканын шаардык жана айылдык калкы. Шаарлардын жана айыл-кыштактардын кандай типтерин билесиңер?

# III. КАЛКТЫ СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ ЧӨЙРӨСҮ

## III. 1. Калктын социалдык абалы жана анын өнүгүү келечеги

Социалдык саясаттын объектиси болуп социалдык процесстер, мамилелер, бүткүл коомдук таптардын жана ар бир инсандын турмуштук кызыкчылыгынын жыйындысы эсептелет. Социалдык мамиле адамдардын коомдогу ордун, теңдүүлүктүн даражасын, социалдык эркиндигин, адилеттүүлүгүн, материалдык жана маданий керектөөсүнүн канааттандырылышын аныктайт.

Социалдык чөйрөнүн өнүгүүсү жана коомдук өндүрүштүн натыйжалуу өнүгүшүнүн жогорулашы бири-бири менен диалектикалык байланышта жана өз ара көз карандылыкта болот. Социалдык өнүгүүнүн негизин материалдык өндүрүш түзөт. Ушул чөйрө гана адамдын тамак-ашка, кийимге, билимге, үй-жайга, ден соолукту сактоого болгон керектөөсүн канааттандырат.

Эмгектин өндүрүмдүүлүгү, экономиканын натыйжалуулугу жана сапаттуулугу көбүнчө ошол өндүрүштө иштеген адамдын ден соолугуна, адистигинин жогорулашына, интеллектуалдык өсүшүнө көз каранды. Элдин жашоо деңгээлин, билимин жана маданиятын жогорулатуу, адамдын кадыр-баркын урматтап, укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу бүгүнкү күндө турмушка милдетүү түрдө ашырыла турган жалпы адамзаттын дөөлөттөрү.

Экономиканы өнүктүрүүнүн чечүүчү фактору – адам фактору. Социалдык багыт алган экономика – мамлекеттин социалдык жактан кайрымдуулук саясаты, чарба жүргүзүүчүлөрдүн ошол багыттагы аракети. Муну өз капиталын, эмгегин жумшап өндүрүштү жогорулата турган инсанды ишмердүүлүккө, экономикалык жөндөмдүүлүккө үндөгөн багыт деп айтууга болот. Өндүрүштү натыйжалуу тейлөө чөйрөсүндө өндүрүмдүү иштөөгө жөндөмдүү жана устат жаңы адамды калыптандыруу азыркы эң бир маанилүү милдеттердин бири. Азырынча билимдүү, сабаттуу бизнесмен, менеджерлер аз. Билимге жана атайын даярдыкка ээ болгон жаңы ишкер адамдарды калыптандыруудагы илимдин жана билим берүүнүн мааниси өтө зор. Эгерде, адам экономикалык, рухий, саясий жактан эркин, жөндөмдүү болсо, өз тагдырын өзү чечип, коомдогу ордун таба билсе, андай кишиге социалдык жактан өзгөчө жардам берүүнүн кажети жок.

Социалисттик экономикадан рыноктук экономикага өтүүдө чакан жана орто бизнести, фермер чарбаларын өнүктүрүү жана анын

жыйынтыгы катары – эркин ээлик кылуучулардын муундарын түзүү мезгилдин талабы. Ошондо ар бир адамдын турмуш деңгээли өзүнүн демилгесине жана ишкердик сапатына жараша болот.

Калктын жашоо-тиричилиги ошол коомдун экономикалык өнүгүшүнүн деңгээли менен аныкталат. Коомдо канчалык жетиштүү өлчөмдө материалдык жана руханий байлыктар өндүрүлсө, ошончолук деңгээлде калктын жашоо тиричилиги өнүгөт. Мында калкка материалдык жана руханий байлыктарды керектөө-бөлүштүрүү бирдей эмес. Планетада жашаган калктын 20%ин өтө бай адамдар түзөт. Бириккен Улуттар Уюмунун билдирүүсүнө караганда дүйнөлүк дүң продуктунун 82,2%и, дүйнөлүк кредиттик ресурстун 94,6%и алардын үлүшүнө туура келет.

Кыргызстанда калктын байыраак жашаган 20%ин колунда бардык акча кирешелердин 48,3%и топтолсо, ал эми кедей жашаган калктын 20%нин колунда акча кирешесинин 3,9%и гана топтолгон. Мындан бай калк менен жакыр калктын ортосундагы айырмачылык чоңоюп бараткандыгы байкалат.

Кийинки мезгилде калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканалары талаптагыдай иштебей жатат. Өзгөчө айыл жерлерде кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү калктын керектөөлөрүнөн алда канча артта калууда. Республикада калктын басымдуу бөлүгү айылдарда жашап, турмуш-тиричилик жактан тейлөөдө чечиле элек көп маселелер топтолгон.

Калктын турмуш-тиричилигинин деңгээли айыл жеринде гана эмес, шаарларда да азыркы шартта жалпы белгиленген стандарттык нормадан төмөн. Ошондуктан республикадагы жүрүп жаткан экономикалык реформалардын негизги максаты калктын жыргалчылыгын, жашоо-тиричилик деңгээлин бийик көтөрүү болуп эсептелет.

Калкты турмуш-тиричилик жактан кызмат көрсөтүүнү ар тараптан өнүктүрүү өндүрүшкө, ошондой эле калктын коомдук турмушуна түздөн-түз таасирин тийгизет. Турмуш-тиричилик жактан көрсөтүлгөн кызматынан республиканын ар бир адамы дээрлик күн сайын пайдаланат, ал кандай тейлегендигине, талабы канчалык деңгээлде канааттандырылгандыгына жараша анын эмгегинин өндүрүмдүүлүгү өсөт.

Тейлөөнү талаптагыдай уюштуруу коомдук эмгекти үнөмдөөнү камсыз кылуу менен адамды жадатма үй иштеринен бошотот жана бош убакыттын көбүрөөк болушуна шарт түзөт.

Өлкөдө азыркы экономикалык реформанын жана рыноктук экономикага өтүү шарттарында турмуш-тиричилик жактан тейлөөдө эң оболу калктын суроо-талаптарын толук канааттандыруу максатында кызмат көрсөтүүнүн жаңы түрлөрүн мындан ары өнүктүрүү боюнча иштер жүргүзүлүшү керек.

Кыргызстандагы турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканалары бүт бойдон менчиктештирилип, акционердик коомдор, кооперативдерди түзүп, кызмат көрсөтүүнүн көлөмүнүн жана номенкулатурасынын көбөйүүсүнө шарт түзүүдө.

Азыркы кезде турмуш-тиричилик жактан тейлөө кызматы чыныгы социалдык багытты көздөп, эң оболу калктын турмуш абалын жакшыртууга багытталган. Ушул максатта бардык мүмкүн болгон күчтөрдү, убакытты жана ар бир адамдын жөндөмдүүлүгүн пайдалануу максатка ылайык.

## III. 2. Билим берүү тармагы

Кыргыз Республикасында рыноктук экономиканын шартына ылайыкташкан жаңы адамды калыптандырууда билим берүүнүн мааниси өтө зор. СССР мезгилиндеги билим берүү системасы жаңы адамды калыптандырууда өзүнүн натыйжалуулугун жоготуп, бүгүнкү күндүн маданиятынын, экономикасынын, техникасынын, рыноктук экономикасынын талабына туура келбей калды. Ошондуктан азыркы учурда билим берүү системасынын окуу процессинде тереңдетилген кайра куруу иштери жүрүп жатат. Ушул татаал маселелерди чечүү билим берүүнү демократташтыруунун, гумандаштыруунун, дифференциалдаштыруунун принциптерине негизделген.

Азыркы кезде билим берүүнүн бардык тармактарынын максатынын маңызы – адам жана анын билим алууга болгон умтулуусуна көмөк көрсөтүү.

Кыргыз Республикасында билим берүү мамлекеттик жана жеке менчик окуу жайлары аркылуу жүргүзүлөт. Республикада 54 жогорку окуу жайы, 111 атайын орто окуу жайы, 2191 жалпы билим берүүчү орто мектеп, ошондой эле 22 менчик жогорку окуу жайы, 7 шериктеш өлкөлөрүнүн окуу жайларынын Кыргызстандагы филиалдары иштейт (2009).

Жогорку окуу жайларда окуган студенттердин жалпы саны 233,6 миң, анын ичинен келишим боюнча окугандардын саны 21,8 минден ашык. Республикада 10 миң адамга 74 студент туура келет (2009).

Кыргызстанда жаштардын билим деңгээли кыйла жогору. Мында 16 жаштан 30 жашка чейинки курактагы миң адамга жогорку билимдүү 50 адам, толук эмес жогорку билимдүү жана атайын орто билимдүү 155 адам, жалпы орто билимдүү 536 адам жана толук эмес орто билимдүү 220 адам туура келет.

Республиканын жогорку окуу жайлары негизинен Бишкек шаарында жайгашкан. Кыргыз мамлекеттик университетине «Улуттук» университет деген статус берилди. Кыргыз айыл чарба

институтунун базасында Кыргыз агрардык академиясы, Кыргыз медицина институтунун базасында Кыргыз медицина академиясы түзүлдү. Бишкекте Кыргыз-Орус (Славян), Кыргыз-Түрк, Борбордук Азия Америка, Чүй, Эл аралык, Гуманитардык, Педагогикалык, Техникалык университеттери, Тоо-кен жана металлургия, Архитектура жана курулуш институттары уюштурулду. Ош шаарында Ош мамлекеттик университети, Кыргыз-Түрк техникалык университети, Өзбек жогорку колледжи, Караколдо Ысык-Көл университети, Башкаруу институту, Балыкчыда Менеджмент жана укук институту, Нарында Нарын университети, Жалал-Абадда Жогорку коммерциялык, Мамлекеттик техникалык институттары жана мамлекеттик университети бар.

Азыркы мезгилдин шартында республикада айрым окуу предметтерин тереңдетип окутуучу мектептердин, гимназиялардын, лицейлердин саны көбөйүүдө. Түрк мамлекетинин «Себат» фирмасынын Кыргызстандагы 12 лицейинде окутуу кыргыз, англис, түрк тилдеринде жүргүзүлөт. Мындай окуу жайлар Нарын, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Талас облустарында жана Бишкек шаарында ачылган. Алардын негизги максаты мектеп окуучуларын түрк, англис, немис, француз тилдерине үйрөтүү жана кээ бир окуу предметтерин тереңдетип окутуп, рыноктук экономика шартында жогорку билимдүү адистерди даярдоо.

Жүргүзүлүп жаткан мектеп реформасынын ишин алдыга жылдыруунун негизги бир шарты — мектептердин материалдык-техникалык базасын бекемдөө, бардык мектептерде окутууну бир сменада жүргүзүү.

Кыргызстандын жаңы мууну алыскы чет өлкөлөрдөн окууга гранттарды ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү бар. Миңден ашык студент, аспирант жана мектеп окуучулары Түркия, АКШ, Кытай, Чехия, Швейцария, Венгрия, Германия, Франция, Англия, Испания, Голландия, Польша ж. б. өлкөлөрдө окууда (2009).

Республикадагы 111 кесиптик-техникалык окуу жайында 59,6 миң окуучу окуйт (2009–2010).

## III. 3. Илим жана маданияты

Өлкөдө илимди жана маданиятты өнүктүрүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр бар. Республикада ар түрдүү профилдеги 62 илимий жана маданий борборлор, институттар, долбоорлоочу мекемелер иштейт. Илимий мекемелерде 7500дөй адам иштейт, анын ичинен 45и академик, 200дөйү илимдин доктору, 1200дөн ашыгы илимдин кандидаттары (2009). Түрдүү илим-изилдөө, долбоорлоочу конструктордук жана технологиялык иштерде 4600дөй адис эмгектенет.

Кыргыз Улуттук илимдер академиясы жетекчи илимий борбор болуп эсептелет. Мында табигый ресурстарды өздөштүрүү, өндүргүч күчтөрдү жайгаштырууну комплекстүү чечүү, маанилүү фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөр ишке ашырылып жатат. Көптөгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө белгилүү. Аларда изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу, өндүрүшкө киргизүү боюнча көптөгөн чаралар ишке ашырылууда. Окумуштуулардын киргизген сунуштары менен изилдөөлөрү боюнча тоо-кен өнөр жайында, айыл чарбасында жана өнөр жай өндүрүш процесстеринде илимий изилдөөлөрдүн жетишкендиктеринин негизинде механизациялаштыруу, автоматташтыруу олуттуу экономикалык натыйжаларды берди.

Илимдин көп тармактарынын өнүгүшүнө элибиздин рухий мурас казынасынын ролу чоң. Улуттук илимдер академиясынын фондусунда «Манас» эпосунун кырктан ашык варианты жана ар кайсы акылмандардан, улукмандардан, даанышмандардан чогултулган элдик дастандар, санжыралар, жомоктор, макал-ылакаптар ж. б. сакталып турат. Алардын арасында «Манас», «Семетей», «Сейтек» ж. б. бөлүмдөрдү кучагына алып, жарым миллион саптан ашык ыр менен жазылган өтө чоң көлөмдөгү трилогия «XX кылымдын Гомери», улуу манасчы С. Каралаевдин ыр менен жазылган 200 миң саптан турган «Манас» эпосунун биринчи бөлүмү, улуу манасчы С. Орозбаковдун варианттары бар. Мындан башка Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Молдо Нияз, Нур Молдо, Эсенаман Жапак уулу, Нишан Молдо, Жеңижок, Токтогул, Коргоол, Тоголок Молдо, Барпы, Калык, Осмонаалы Сыдык уулу, Тыныбек Жапай уулу, Мамбет Чокмор уулу сыяктуу таланттардан чогултулган мурастар турат.

Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык географиясын негиздөөчүлөрдүн бири, Улуттук илимдер академиясынын академиги, география илимдеринин доктору, профессор К. Оторбаев болуп эсептелет. Анын эмгектери негизинен Кыргызстандын жана анын райондорун экономикалык жана социалдык жактан комплекстүү изилдөөгө, өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө жана рационалдуу жайгаштырылышына, коомдук өндүрүштүн аймактык комплекстерин түзүү маселелерин изилдөөгө, республикадагы калктын географиясына, география жана экономика илимдеринин өнүгүү тарыхына арналган.

Республикада физикалык география жана картография илиминин өнүгүшүнө зор таасирин тийгизген окумуштуу мамлекеттик сыйлыктын лауреаты С. Өмүрзаков болуп эсептелет. Кийинки мезгилде экономика илимдери да бир кыйла өстү. Аларды өнүктүрүүгө академиктер Ж. Алышбаев, А. Молдокулов, Т. Койчуев зор салым кошту. Акыркы жылдарда республикада эсептөө техникалары

жана кванттык радиофизика, оптикалык эсептөө техника тармагы, кибернетика жана автоматика сыяктуу илимдин жаңы багыттары өнүгүп жатат.

Жыйынтыктап айтканда, илимдин ар түрдүү тармактарынын өнүгүшүнө профессионал-адис чоң илипоздор салым кошсо, ал эми жалпы эле экономиканын, билимдин, илимдин, маданияттын өнүгүшүнө залкар кыргыз инсандардын орчундуу салымы бар. Алардын ичинен мамлекеттик ишмерлер А. Орозбековду, Ж. Абдрахмановду, И. Раззаковду ж. б. атоого болот.


Айыл чарбасында малдын асыл тукумдуулугун жакшыртуу, тоют базасын чыңдоо боюнча окумуштуулардын иштеп чыккан илимий негиздери пайдаланылып келген. Чарбалык келишимдердин жана ишканалар менен биргелешип комплекстүү илимий иштерди иштеп чыгуунун негизинде илимдин өндүрүш менен байланышы күчөтүлүүдө.



Махмуд Кашгаринин жер шарын түшүргөн картасы. (1074-жыл).

Азыркы мезгилде республиканын жогорку окуу жайларында да олуттуу илимий изилдөөлөр түрдүү багыттар боюнча жүргүзүлүп, өндүрүш мамилелерди өркүндөтүүгө жана калктын маданий өнүгүшүнө зор салым кошуп, көптөгөн ишканаларга жана мекемелерге илимий-техникалык жардам берилүүдө.

Кыргыз окумуштууларынын Россиянын илимий борборлорунун жана көптөгөн чет өлкөлөрдүн илимпоздору менен тыгыз байланыштары күчөп, азыркы учурдагы илимдин проблемаларын чечүүгө шарт түзүп, жогорку квалификациялуу илимий кадрларды даярдап чыгарууда зор жардамдарды көрсөтүүдө.



Махмуд Кашгаринин дүйнөлүк картасында Баласагын, Барскандын орун алышы.

Маданият иштеринин өнүгүүсүнө да көп көңүл бурулуп, калктын руханий байлыгын жогорулатууда маданий агартуу мекемелери – театрдын жана көркөм ишканалардын, телекөрсөтүү, радио уктуруу жана киностудиялар зор салым кошту.

Кыргыз Республикасынын маданиятын жана искусствосун өнүктүрүүдө өз салымын кошкон айрым таланттуу адамдар өсүп чыкты. Эгерде, XX кылымдын башында кыргыз элинде улуттук профессионал театрлар, филармония, цирк жок болсо, азыр Бишкек шаарында Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театры, Ч. Айтматов атындагы орус драма театры, Шаршен Термечиков атындагы драма театры, Туңгуч театры, А. Малдыбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик академиялык опера жана балет театры, Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясы жана цирк иштеп жатат, ал эми Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад шаарларында да драма театрлары бар. 2009-ж. мамлекеттик менчикте 21 театр, 3 филармония, 1055 китепкана, 63 музей, 3 жогорку окуу жайы, 8 орто адистештирилген маданият окуу мекемелери, 697 клуб, 8 парк, 84 балдар музыкалык мектеби болгон.

Азыркы мезгилде республикада жашаган көптөгөн улуттардын чакан маданий борборлору түзүлгөн. Алар калктын арасында маданий-агартуу иштерин жүргүзүп, эмгекчилерди маданият жактан тейлөөнүн натыйжалуулугун жана таасирдүүлүгүн жогорулатууга зор мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө.

## III. 4. Саламаттыкты сактоо системасы

Саламаттыкты сактоо системасына калкты социалдык жактан коргоодо негизги орун таандык. Ага көп профилдүү жана атайын профилдүү ооруканалар, фельдшер-акушердик пункттар, амбулаториялык-бейтапкана мекемелери, дарыканалар кирет. Кыргызстанда 2009-жылы 100 миң адамга 240 врач, 540 медициналык атайын орто билимдүү кызматкер, 19 стоматолог, 3 фармацевт, 52 акушер, 510 оорукана койкасы туура келген. Республикада саламаттык сактоо системасына улуттук дүң продукциянын 5,6% бөлүнсө, өнүккөн АКШда тиешелүү чыгымдар 10%тен ашык улуттук дүң продукцияны түзгөн.

Саламаттык сактоо ишин калыптандыруу үчүн ооруканалардын, бейтапканалардын, калкты жалпы диспансерлештирүүнүн тармактарын кеңейтип, аларды жана эне-баланы сактоо боюнча мекемелерди азыркы мезгилдин аппараттары менен жабдуу, дарылоо жана ага керектүү каражаттар менен толук камсыз кылуу маселесин чечүү зарыл.

Азыркы мезгилдеги рыноктук шартта медицинанын айрым түрлөрү акы төлөө жолу менен тейленүүдө. Республикада саламаттыкты сактоо боюнча реформа жүргүзүлүп жатат.

1998-ж. милдеттүү түрдө медициналык жактан камсыздандыруу киргизилип, «Кыргыз Республикасынын жарандарын ме-

дициналык жактан камсыздандыруу» жөнүндө мыйзам кабыл алынган. 2001-жылдын 1-январында эле 1890 миң адам милдетүү түрдө медициналык жактан камсыздандырылган, анын ичинде 900 миңден ашууну иштегендер. Азыркы мезгилде милдетүү түрдө медициналык камсыздандырылган системада 82 стационар жана 413 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт. Акыркы жылдарда 2000 орундуу ооруканалар 2,5 миңдей бейтапкана курулган.

«Манас» улуттук программасына ылайык саламаттык сактоо органдары менен мекемелеринде структуралык өзгөрүүлөр болду: Улуттук кардиология жана терапия, Улуттук хирургия, Кыргыз гематология илимий, Республикалык диагностика борборлору, Республикалык балдар ооруканасы, Республикалык наркология жана адамдын репродуктордук ден соолугун сактоо борбору түзүлдү. Кыргыз мамлекеттик медицина институту, Кыргыз мамлекеттик медициналык академия болду. Республикада амбулаториялык-бейтапкана кызматы өркүндөтүлгөн. Азыркы убакта республика боюнча 800 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу түзүлгөн. Республиканын дарылоо, ооруну алдын алуу жана медициналык илим-изилдөө мекемелеринде жогорку квалификациялуу дарыгерлер иштейт. Дарыгерлер 44–48 адистик боюнча медициналык жардам көрсөтөт. Бардык адистиктеги дарыгерлердин саны 2009-жылы 13 135 болгон.

Кыргызстандын медицина тармагында 8 академик жана Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөлөрү, 102 илимдин доктору иштейт.

Саламаттыкты сактоо иштерин дене тарбия жана маданий иштери менен камсыз кылуу, өнүктүрүү да азыркы шартка ылайык. Ошондуктан бул системанын иштерин да түп-тамырынан бери жакшыртуу зарыл. Анткени, мындай иштер аракечтикти, зордук-зомбулукту, нашаачылыкты ж. б. зыяндуу адаттарды калтырып, сергек жашоого түздөн-түз көмөк түзөт.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Социалдык жактан тейлөө деген түшүнүккө аныктама бергиле.
2. Кыргызстандын азыркы мезгилдеги социалдык абалына мүнөздөмө бергиле.
3. Турмуш-тиричилик жактан тейлөө тармагына кайсылар кирет? Силер жашаган аймакта турмуш-тиричиликти тейлеген кандай мекемелер бар?
4. Кыргызстанда кандай илимий мекемелер бар?
5. Окуу жайлардын кандай түрлөрүн билесиңер?
6. Саламаттыкты сактоо мекемелеринин кандай түрлөрү бар?

# IV. АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-АЙМАКТЫК БӨЛҮНҮШҮ МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ

## IV. 1. Административдык-аймактык бөлүнүшү

Республиканын аймагындагы өрөөндөр бири биринен бийик тоо кыркалары менен бөлүнүп, экономикасы жана табияты, өнүгүү деңгээли, тарыхый өнүгүүсү ар түрдүү келип, өз ара айырмаланып турат. Республиканын административдык-аймактык түзүлүшүнүн бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жана жергиликтүү өзүн-өзү башкарууну өркүндөтүү максатында өндүрүштүн натыйжалуулугун көтөрүүнүн жана аны аймактык жактан уюштуруунун рационалдуу формасы катарында, эмгектин аймактык бөлүнүшүнүн жана аймактарды адистештирүүнүн багытында, тарыхый жактан калыптанган экономикалык жана маданий борбору болгон аймактык жалпылыгы эске алынып, региондордун өндүргүч күчтөрүнүн өз алдынча натыйжалуу жана комплекстүү өнүгүшү, тармактардын калыптануудагы өзгөчөлүгү, жалпы айыл чарбасынын аймак боюнча өнүгүшү жана жайгаштырылышы боюнча республика облустарга, райондорго, шаарларга, айыл округдарга ж. б. бөлүнөт.

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасы 7 облуска (Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ош, Талас, Чүй, Ысык-Көл), 40 административдык районго (шаар райондорунан башка) бөлүнөт жана мында 25 шаар, 28 шаарча, 1834 кыштак, 440 айыл округу бар (2011).

Баткен облусунда 3 район, 4 шаар (Баткен, Исфана, Кызыл-Кыя, Сүлүктү) бар. Борбору – Баткен шаары. Жалал-Абад облусунда 8 район жана 7 шаар (Жалал-Абад, Кара-Көл, Кербен, Кочкор-Ата, Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу, Таш-Көмүр) жайгашкан. Борбору – Жалал-Абад шаары. Нарын облусу 5 районду, 1 шаарды (Нарын) камтыйт. Борбору – Нарын шаары. Ош облусуна 7 район жана 4 шаар (Ош, Кара-Суу, Өзгөн, Ноокат) кирет. Борбору – Ош шаары. Талас облусунда 4 район, 1 шаар бар. Борбору – Талас шаары. Чүй облусуна 8 район, 4 шаар (Кара-Балта, Кант, Токмок, Шопоков), кирет. Борбору – Токмок шаары. Ысык-Көл облусунда 5 район, 3 шаар (Каракол, Балыкчы, Чолпон-Ата) бар. Борбору – Каракол шаары. Бишкек шаарында 4 район, 1 шаар, 1 шаарча, 1 айыл бар.

Облустардагы административдык райондор өз ичинен шаарчаларга, айыл округдарына жана айылдарга бөлүнөт.




КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ. АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-АЙМАКТЫК БӨЛҮНҮШҮ

*7-таблица*

**Кыргызстандын административдик-аймактык бөлүнүшү (2009)**

| Администра-циялык-аймактык бир-диктери | Аянты, миң $км^2$ | Калкынын жалпы саны | Адм. райондору | Айыл округдары | Шаарлары | Шаарчалары | Айылкыштактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 198,5 | 5107,7 | 40 | 440 | 25 | 28 | 1834 |
| Облустары: | | | | | | | |
| Баткен . . . . . | 17,0 | 380,3 | 3 | 29 | 4 | 5 | 198 |
| Жалал-Абад. . . | 33,7 | 938,6 | 8 | 66 | 7 | 7 | 420 |
| Нарын . . . . . . | 45,2 | 245,3 | 5 | 61 | 1 | 2 | 134 |
| Ош. . . . . . . . | 29,2 | 1000,0 | 7 | 86 | 4 | 2 | 474 |
| Талас . . . . . . | 11,4 | 219,6 | 4 | 36 | 1 | 1 | 90 |
| Чүй . . . . . . . | 20,2 | 790,5 | 8 | 104 | 4 | 5 | 331 |
| Ысык-Көл . . . . | 43,1 | 425,1 | 5 | 58 | 3 | 5 | 175 |
| Бишкек шаары . . | 15,7 миң *га* | 865,1 | 4 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Ош шаары | – | 243,2 | – | – | 1 | – | 11 |

## IV. 2. Мамлекеттик түзүлүшү

Кыргызстан – эгемендүү, унитардык, укуктук, динден тышкары демократиялык республика. Кыргыз Республикасы өзүнүн аймагында толук мамлекеттик бийликке ээ, ички жана тышкы саясатты өз алдынча жүргүзөт. Эгемендүүлүктү алгандан кийин Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы 1993-жылы 5-майда кабыл алынган. 2010-жылы Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип, Кыргызстан парламенттик республика деп жарыяланган.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликти – Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Конституциялык соту, Жогорку сот, жергиликтүү соттор жана судьялар Конституцияда белгиленген бийлик укуктарынын чегинде иш жүргүзөт. Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтеринин органдары өз алдынча жана бири-бири менен эриш-аркак иштейт.

Эл өз бийлигин түздөн-түз (шайлоо, референдум, элдик курултай, чогулуш, жыйын), ошондой эле мамлекеттик органдар системасы аркылуу Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүргүзөт. Эл шайлаган Жогорку Кеңеш жана Президент гана Кыргызстандын элинин атынан сүйлөөгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ыйык белгилери – Туусу, Герби, Гимни бар. Кыргыз Республикасынын борбору – Бишкек шаары. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары катары өлкөнүн эң жогорку артыкчылык даражасы «Кыргыз Республикасынын Баатыры», андан кийин «Манас», «Данакер», «Баатыр эне», «Курманжан датка» ордендери, «Эрдик», «Даңк», «Эне даңкы» медалдары, ардактуу наамдар, Ардак грамотасы.

Кыргыз Республикасынын Президенти – мамлекет башчысы, эң жогорку кызмат адамы, өлкө ичинде жана эл аралык мамилелерде ал Кыргыз Республикасынын атынан иш жүргүзөт.

Президент мамлекеттин биримдигин, конституциялык түзүлүштүн бузулгустугун камсыз кылат. Конституция жана мыйзамдар Кыргыз Республикасынын атуулдарынын укугу менен эркиндигинин кепили болуп саналат, мамлекет органдарынын макулдашып иштешин жана биргелешип аракеттенүүсүн камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын Президенти алты жылдык мөөнөткө шайланат. Бир адам, бир мөөнөттөн ашык Республиканын Президенти боло албайт. Мамлекеттин Президенти болуп жашы 35 менен 65тин ортосундагы, мамлекеттик тилди билген, республикада 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргызстандын атуулу шайлана алат. Президент Жогорку Кеңештин депутаты болбойт, башка кызматты ээлебейт, жеке ишкерчилик жүргүзө албайт.

Республиканын Президенти өкмөттүн түзүмүн аныктайт. Жогорку Кеңештин жыйынынын макулдугу менен Республиканын Премьер-министрин дайындайт, ал эми Премьер-министрдин сунушу боюнча өкмөт мүчөлөрүн, Жогорку Кеңештин макулдугу менен Кыргызстандын Башкы Прокурорун, Республиканын Улуттук Банкынын Башкармалыгынын төрагасын дайындайт.

Жогорку Кеңештин депутаттары 5 жылга шайланат. Алар шайлоого көрсөтүүлөр алдында 25 жашка чыккан жана республикада 5 жылдан кем эмес жашаган тургундар болушу керек.

Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген тартипте Республиканын Конституциясына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизет, өлкөнүн эл аралык келишимдерин ратификациялайт, демонстрациялайт, аскер наамдарын, дипломатиялык даражаларды ж. б. атайын наамдарды белгилейт, шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы менен мүчөлөрүнүн үчтөн бирин шайлайт, Контролдук эсептөө палатасынын төрагасынын орун басарын дайындайт жана кызматтан бошотот ж. б.

Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамдарды Конституцияда белгиленген учурларга ылайык бекитет, республикалык бюджетти жана анын аткарылышы боюнча отчётту бекитет, өлкөнүн чек арасын өзгөртө алат, административдик-аймактык жайгашуу маселе-

лерин чечет, Президенттин шайлоо мөөнөтүн белгилейт, дайындайт, Өкмөттүн Премьер-министрин, Республиканын Башкы Прокурорун, Улуттук банк башкармалыгынын төрагасын дайындоого макулдук берет, өзгөчө абалды киргизүү, согуш абалын жарыялоо сыяктуу Президенттин указын бекитет же алып салат, бюджеттин аткарылышы боюнча Өкмөттүн отчётун угат ж. б.

Өкмөт Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аткаруу бийлигинин жогорку органы. Өкмөттүн ишин Кыргыз Республикасынын Премьер-министри башкарат. Өкмөт Республиканын Премьер-министринен, вице-премьер-министрлеринен, министрлеринен жана мамлекеттик комитеттердин төрагаларынан турат. Өкмөттүн курамын Премьер-министрдин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти аныктайт да, аны Жогорку Кеңештин жыйыны бекитет.

Республиканын өкмөтү аткаруучу бийлик катары өлкөдөгү бардык социалдык-экономикалык, финансылык ж. б. маселелердин аткарылышын уюштурат, текшерет жана камсыз кылат.

Кыргызстандын сот органдары Республиканын Конституциясынын талаптарына ылайык иш жүргүзөт.

Республикада жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу улам барган сайын өзгөчө орунду ээлеп жатат. Анткени ар бир облустун, райондун, ал түгүл айрым айылдардын жаратылыш шарттары, экономикалык, финансылык, демографиялык өзгөчөлүктөрү жана айырмачылыктары ар түрдүү. Ушундан улам жергиликтүү өзүн-өзү башкарууну уюштурууда жергиликтүү журтчулуктун мүдөө-кызыкчылыктарын эске алуу азыркы учурдун талабы.

Облустарда, райондордо, шаарларда жана айылдарда жергиликтүү кеңештер иштеп жатат. Мындан сырткары ар бир облуста губернатор, райондо жана шаарларда жергиликтүү мамлекеттик акимчилик, айыл-кыштактарда айыл округу түзүлгөн. Алар биргелешип иш жүргүзөт.

Айыл округу аткаруу-тескөө органы катарында төмөнкү функцияларды ишке ашырат: аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программаларынын долбоорун жана айыл кеңештерин бекитүүсүнө берүү үчүн жергиликтүү бюджетти түзүү жана аларды аткарууну уюштуруу; айыл чарбанын бүт тармагын башкаруу жана аларды өнүктүрүү, айлана-чөйрөнү коргоону уюштуруу, калкты социалдык жактан тейлөөнү жакшыртуу ж. б.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргыз Республикасы канча облуска жана районго бөлүнөт? Кандай шаарлар жана шаарчалар бар? Аларды картага түшүргүлө.

2. Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы качан кабыл алынган? Парламенттик Республика, аткаруучу бийлик – Өкмөт, Сот бийлиги жөнүндө кандай түшүнөсүңөр?

# V. КЫРГЫЗСТАНДЫН ЧАРБАСЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Кыргыз Республикасынын өндүргүч күчтөрүн жайгаштырuунун жана өнүктүрүүнүн өз алдынча басып өткөн жолу, өзгөчөлүктөрү бар. СССР мезгилинин алгачкы жылдары республиканын эл чарба тармактарынын курамында айыл чарбасынын үлүшү негизги орунду ээлеген. Эл чарба дүң продукциясында 1926-жылы айыл чарбанын үлүшү 90,0% тен ашса, өнөр жайдын салыштырмалуу салмагы 2,3 % ти гана түзгөн. Калктын басымдуу бөлүгү айыл чарба тармактарында иштеген.

Ал эми республиканын өнөр жай өндүрүшү 1920–40-жылдар аралыгында 10 эсеге, 1940–70-жылдары 19 эсеге өскөндүктөн Кыргыз Республикасынын эл чарба тармактарынын курамында ири өзгөрүүлөр болгон. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жылдары өнөр жайдын ээлеген орду кыйла бекемделген. Өнөр жайы 1960-жылы республиканын коомдук дүң продуктусунун 51,2% ин өндүргөн. Өнөр жайдагы ушундай көрсөткүч 32 жылдан кийин да ошол эле калыбында болуп, 1992-жылкы маалымат боюнча 51,3% ти түзгөн. Айыл чарба продукциясын өндүрүү Октябрь революциясына чейинки мезгилге салыштырганда бир нече эсеге өсүшүнө карабастан мурдагы Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы эл чарба продукциясынын 90% тен ашык үлүшүнөн 1992-жылы 31,7% ке чейин төмөндөгөн. Азыр өнөр жай, курулуш, транспорт жана байланыш тармактарынын үлүшүнө коомдук дүң продуктунун 60,6% и туура келет.

Кыргыз Республикасынын чарба тармактарынын түзүмүндө өнөр жай өндүрүшүнүн башкы орунга чыгышы 60-жылдарга туура келет. Ушул мезгилде өнөр жайы техникалык, экономикалык жана социалдык жактан жеткиликтүү негизделип, оор өнөр жайынын карамагында түстүү металлургия жана курулуш материалдар өнөр жайлары калыптанган. Өзгөчө, энергетика, машина куруу жана металл иштетүү өнөр жайлары кыйла тез өнүгө баштаган. Республиканын аймагында 130дан ашуун адистештирилген өндүрүш тармактары калыптанган. Алар өндүргүч күчтөрдү жайгаштырууга жана өнүктүрүүгө зарыл жабдууларды, материалдарды, калк кеңири керектеген өнөр жай продукцияларын чыгарган.

Республиканын өнөр жай тармактары чыгарган продукциянын түрлөрүнүн көбүнүн көлөмү эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары кайра төмөндөп кеткен; 1990–1992-жылдардын ичинде таңгактоочу машина 2,0 эсеге (азыр иштебейт), кум шекер 1,8 эсеге, эт 1,7

эсеге, консерва 2,0 эсеге, минералдык суулар 2,6 эсеге, бут кийим 2,0 эсеге төмөндөгөн. Ырас, өнөр жай продукцияларынын айрым түрлөрүн (электр энергиясын, байпак, тор кийимдерди) чыгаруу ушул мезгилдин ичинде бир топ көбөйгөн.

Ушундай эле көрүнүш айыл чарба тармактарында кеңири таралган. Алсак, 1990–92-жылдар ичинде республикада эгиндин дүң жыйымы 23,0 миң тоннага, жүгөрүнүкү – 22,0 миң тоннага, картошканыкы – 57,0 миң тоннага төмөндөп, бодо малдын саны 143,0 миң, кой 1400,0 миң, чочко 224,0 миң башка, үй куштары 7 млнго кыскарып кеткен.

Республиканын экономикасынын өнүгүүсүнүн жогоркудай төмөндөшүнүн башкы себеби – административдик-командалык, борборлоштурулган пландоого негизделген башкаруунун үстөмдүк кылып келиши болуп саналат. Өндүргүч күчтөрдү жайгаштырууда жана өнүктүрүүдө ыксыз борборлоштуруу күч алып, жаратылыш ресурстарын пайдаланууда олуттуу кемчиликтер кетирилген. Эл чарбасын комплекстүү өнүктүрүүнүн алкагында өнөр жай тармактарынын, өзгөчө союзга баш ийген ишканалардын жеткиликтүү шартка негизделбей жайгаштырылышы болгон. Ошондуктан өнөр жайдын өнүгүүсү республиканын экономикасынын жалпы кызыкчылыгына, социалдык өнүгүүсүнө, ошондой эле эмгек ресурстарынын сандык жана сапаттык курамына дал келбей калган. Ишканаларды жайгаштырууда аймактын экономикалык, экологиялык шарты, жергиликтүү жаратылыш байлыктарынын мүмкүнчүлүгү жеткиликтүү эске алынган эмес. Жыйынтыгында коомдун өндүрүштүк курамы, ресурстар менен даярдалган продукциялардын ортосунда шайкеш келбей калуу күчөгөн.

Кыргызстан өз алдынча мамлекет болгон 1991-жылдан тартып комплекстүү экономикалык кайра куруу программасынын негизинде республикада экономиканын жаңы принциптери турмушка ашырыла баштады. 1992-жылдан баштап көпчүлүк товарга баалар эркин коё берилди. 1993-жылдын май айынан тартып Кыргызстан улуттук жаңы акчаны – сомду киргизди.

Менчиктештирүү айрыкча 1992–93-жылдарда күчөтүлүп, ал 2009-ж. өнөр жайында 95,5%, курулушта 96,8%, транспортто 56,9%, соода жана коомдук тамактанууда 97%, турмуш-тиричилик жактан тейлөөдө 98,8% ти түзгөн.

Айыл чарбасында менчиктештирүү негизинен аяктап, жерге болгон жеке менчик жана аны сатуу укуктары да толугу менен ишке киргизилди.

Энергетика, телекоммуникация сыяктуу стратегиялык тармактарды менчиктештирүү боюнча иш чараларды жүргүзүүнүн натыйжасында чарбалык ишканалардын көбү мамлекеттик эмес секторго кирип, алардын иш-аракеттери базар мамилесине ылайык

жөнгө салынып, жаңы экономикалык системанын негизин жеке менчик, эркин баа түзүлүшү, эркин атаандаштык жана мамлекеттик тейлөө түзүүдө.

Базар мамилеси менен мамлекеттик тейлөөнүн мындай өз ара айкалышы азыркы учурда Кыргызстанда аралаш (же конвергенция) экономика системасы калыбына келтирилди.

Жаңы экономикалык системага өтүү, мурунку өндүрүштүк байланыштын үзүлүшү алгачкы жылдарда башка шериктеш өлкөлөрдөгүдөй эле Кыргызстандын экономикасын да терең кризиске учуратты. 1990-жылдан өндүрүштүн жалпы көлөмү улам төмөндөп, 1995-ж. эң төмөнкү чегине жеткен. Алсак, 1995-ж. республиканын ички дүң продукциясы (ИДП) 1990-жылдагыга (100%) караганда 50,3%ти, өнөр жай дүң продукциясы 35%ти гана түзгөн. 1996-ж. экономиканын төмөндөшү токтоп, өндүрүш турукташа баштаганы байкалат; мисалы, ИДП 1995-жылга салыштырганда 5,6%ке, өнөр жайдын продукциясын өндүрүү 10,8%ке, айыл чарбасыныкы 13,1%ке жогорулаган. 1997–2001-жылдарда да ушул эле көрсөткүч сакталган. Мисалы, 2001-жылдын жыйынтыгы боюнча ИДП 5,3%ке өсүп, инфляция 18,7%ке чейин, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы (ИДПга карата) 0,5%ке төмөндөгөн.

Акчалай сунуштун көлөмү жетишсиз болгондуктан ишкер адамдар кредит (насыя) алуу менен өндүрүштү өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүнөн чектелүүдө. Азырынча республикадагы банктардын көбү кыска мөөнөттүү кредиттерди соода жана алып сатарлыкка гана берүүдө. Узак мөөнөттүү кредиттер аз. 1995-ж. 1 доллар 10,8 сом болсо, 2000-жылы 47,7 сомго, 2001-жылы 48,4 сомго чейин көтөрүлгөн; 2004-жылы кайрадан 41,1 сомго төмөндөп, 2011-жылы кайрадан көтөрүлүп, 46,4 сомду түздү. Баалуу кагаздардын базары республикада жаңыдан гана калыптанууда.

Кыргызстандын өнөр жайынын өнүгүүсү негизинен электр энергиясы, түстүү металл, тамак-аш жана жеңил өнөр жайларынын эсебинен гана камсыз болууда.

Айыл чарбасынын жетишкендиктери негизинен дыйканчылыктын эсебинен болууда. 2000-жылдары эгиндин дүң жыйымы көтөрүлүп, мал чарбасы кайрадан өнүгө баштады.

Жүк жана жүргүнчү ташуучу транспорттун иш көлөмү кеңейгени менен тармактагы техникалык жабдуулардын эскилиги анын өнүгүүсүнө тоскоол болууда.

Экономиканы турукташтыруу акча кредит жана финансы системасын чыңдоо жана инфляциянын деңгээлин олуттуу төмөндөтүү өкмөттүн иш-аракеттерине таянат. Ошондуктан республиканын реалдуу экономикасын көтөрүү ички базарды Ата мекендик өндүрүштүн салыштырмалуу арзан жана сапаттуу товарлары, кызмат көрсөтүүлөр менен толтуруу деңгээлине байланыштуу. Азыркы

учурда республика экономиканы көтөрүүдө биринчи кезекте айыл чарбасын, анын продукциясын кайра иштетип чыгуучу тармактарды, тамак-аш жана жеңил өнөр жайын, туризмди өнүктүрүүгө, республиканын экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багыт алды.


Жыйынтыктап айтканда, экономикалык реформаларды жүргүзүүдө товар – базар мамилелерин өнүктүрүү үчүн шарт түзүү милдети чечилип, жеке менчик жана ишмердик эркиндиги киргизилип, мамлекеттик жана колхоздук ишканалар жоюлуп, өзүнчө жеке менчик, акционердик биргелешкен жана чет өлкөлүк ишканалар, дыйкан жана фермер чарбалары, айыл чарба кооперативдери, дыйкан ассоциялары ж. б. чарбалык формалар түрүндө кеңири атаандаштык чөйрөсүн түзүү боюнча зор иштер жасалууда.

## V. 1. ӨНӨР ЖАЙЫ

Кыргыз Республикасынын чарба тармактарынын негизин 1990-жылга чейин өнөр жайы түзгөн. Ал республиканын коомдук дүң продуктусунун теңинен көбүн берип, улуттук кирешенин жана өндүрүштүк негизги фондунун жарымын түзгөн; коомдук жана менчик өндүрүштө эмгектенген калктын үчтөн бири өнөр жайда иштеген. Өлкөбүздүн экономикалык потенциалын, өндүрүштүн техникалык деңгээлин, жаратылыш байлыктарын, материалдык жана эмгек ресурстарын пайдалануу өнөр жай өндүрүшүнө байланыштуу.

Өнөр жайы аймактык-өндүрүштүк комплекстердин (АӨК) өзөгүн түзүп, ички жана тышкы район аралык байланыштарды тейлейт, жаңы шаарлардын, айыл чарба базаларынын, транспорт системаларынын түзүлүшүнө таасирин тийгизет, жаңы сырьё, отун энергетика булактарын түзүүгө мүмкүндүк берет.

Өнөр жайында 1917-ж. чейин чала кустардык кол эмгеги басымдуулук кылып, чакан жана өтө чакан саналуу гана ишканалар болгон; ал эми механикалык күчтү пайдаланган 16–30 жумушчусу бар өнөр жай ишканалары, өнөр жай продукциясынын болгону 5%ин гана берген. 1917-жылдан тартып техникалык жактан дурус жабдылган жүздөгөн ири өнөр жай ишканалары пайда боло баштаган. Өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн темпи шериктеш өлкөлөрдүн өнүгүү темпинен алдыда болгон. Өзгөчө Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында жана андан кийин 1960–80-жылдары тез өсө баштаган (көбүнчө оккупацияда калган аймактардан завод, фабрикалар көчүрүлүп келинген). 1991-жылдан тартып өнөр жай өндүрүштүк байланыштары бузулуп, Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет болуп, рынок экономикасына өтүү мезгилинде өнөр жайдын өнүгүү ылдамдыгы басаңдаган. Коомдук менчиктен рыноктук мамилелерге өтүү мезгилинде жаңы инвестициялык саясаттын төмөндөгүдөй принциптери түзүлгөн:




КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨНӨР ЖАЙЫ

– өнөр жай ишканаларын түп-тамырынан бери өзгөртүп, техникалык жактан жабдуу үчүн өндүрүштүк капиталдык чыгым жумшоо;

– экономикалык жактан тезинен пайда алып келүүчү өнөр жай тармактарына капиталдык салымды багыттоо;

– капиталдык салым жумшоо үчүн өнөр жайдын приоритеттүү делинген, тезинен экономиканын социалдык ориентацияланган тармагын тандап, өнөр жай тармагын пропорциялуу, тең салмакта сактоо;

– мамлекеттик менчикти көп формадагы менчикке айландыруу, башкача айтканда акционердик коомдорду, бирикмелерди, ассоциация, концерн ж. б. коллективдүү жана жеке менчик ишканаларын түзүүгө багыттап, администрациялык чек коюуну жоюп, атаандаштыкты күчөтүү, антимонополиялык саясатты колдонуу;

– өнөр жай өндүрүшүнүн приоритеттүү тармактарын божомолдоо, калкты социалдык жактан коргоо саясатын жүргүзүү;

– илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин өнөр жайда кеңири пайдалануу, электрлештирүү, өндүрүштү механикалаштыруу жана автоматташтыруу, химиялаштыруу, электрондоштуруу, адамдын бардык турмуш-тиричилигинде информацияны кеңири киргизүү ж. б.

Өнөр жайдын курамында экономикалык жана жаратылыш факторлорунун, өндүргүч күчтүн өнүгүү деңгээлинин, илимий-техникалык прогресстин, өндүрүштүн өнүгүү деңгээлинин, сырьё жана отун-энергетика менен камсыз болушунун мааниси зор. Кийинки жылдарда өндүрүштү базар экономикасынын талаптарына ылайыкташтыруунун натыйжасында өнөр жай өндүрүшүндө тармактык чоң өзгөрүүлөр болду. Мисалы, 1991-ж. республикада базар чөйрөсүн түзүүгө багытталган иш-чаралар, ири ишканаларды структуралык жактан кайрадан уюштуруу жана менчиктештирүү программасы аткарылды. 1992–95-жылдарда өнөр жай тармагында ири масштабдагы менчиктештирүү жүргүзүлдү. Менчиктештирүү базар шартында даярдыксыз жүргүзүлгөндүктөн жогорку адистешкен өнөр жай ишканалары токтоп, айрымдары күнүмдүк турмушка керектелүүчү жөнөкөй буюмдарды чыгарган.

Азыркы учурда республикада өнүккөн өнөр жай тармагынын структурасын электр-энергетика, отун, түстүү металлургия, машина куруу жана металл иштетүү, машина ремонттоо, курулуш материалдар, жеңил жана тамак-аш өнөр жайлары ж. б. түзөт. Өнүккөн тармактарга – түстүү металлургия, электр энергиясын өндүрүү жана жеңил, тамак-аш өнөр жайлары кирет.

Ар бир өнөр жай тармагынын ичинде ондогон тармакчалар бар; мисалы, жеңил өнөр жайына – пахта тазалоо, тор кийимдерин токуу, кийим тигүү; тамак-аш өнөр жайына – ун тартуу, эт, сүт, консерва, кант, арак-шарап, пиво, спирт ж. б. өндүрүү кирет.

Республиканын өнөр жайы жалпысынан өндүрүүчү жана кайра иштетип чыгаруучу өнөр жай тармактарына бөлүнөт. Өндүрүүчү тармакка – көмүр казуу, нефть, газ, алтын, цинк, коргошун, сурьма, сымап өндүрүү ж. б., кайра иштетип чыгаруучу тармактарына – кездеме токуу, кийим тигүү, машина куруу, жыгач иштетүү кирет. Бул эки тармактын маанилүүсү – кайра иштетип чыгаруу өнөр жайы. Республикада кайра иштетилбеген тамеки, пахта, түстүү металлдын концентраты жана башкалардын сырьё катары башка өлкөлөргө арзан сатылышы, ошол жактан даяр продукциянын иштетилип чыгышы республиканын өнөр жайындагы башкы кемчилик.

Республиканын өнөр жайын, сырьёлук ресурстарды пайдалануу боюнча үч топко бөлүүгө болот: 1) айыл чарба сырьёсун иштетүү өнөр жайы; 2) жаратылыш кен байлыгын иштетүү; 3) сырттан ташылып келинүүчү сырьёлорду иштетүү.

Кыргыз Республикасында айыл чарба сырьёлорун иштетүү кыйла өнүгүүдө. Бул тармактагы өнөр жай курамы ар түрдүү, алардын башкылары: мал чарба сырьёлорун – эт, сүт, май, консерва жасоо, жүндү, терини иштетүү; өсүмдүк сырьёлорун иштетүүчү – кант, май, пахта, тамеки, ун тартуу, кондитердик, пиво кайнатуу, аракшарап жасоо, пахтадан кездеме токуу ж. б. тармактардан турат.

Жергиликтүү жаратылыш байлыктарын иштетүүгө негизинен түстүү металлдарды өндүрүү (алтын, сурьма, сымап ж. б.), көмүр казуу, газ жана нефть өндүрүү, курулуш материалдарынан – мрамор, гранит, кум-шагыл, чопо ж. б. иштетүү кирет. Бул топко отун-энергетикалык комплекстин негизин түзгөн гидроэлектр-станцияларды куруу, электр энергиясын жана жылуулук өндүрүү кошулат.

Сырттан ташылып келинүүчү сырьёлорду иштетүүчү өнөр жай тармагына машина куруу, жыгач иштетүү, жеңил өнөр жайдын айрым тармактары, химия өнөр жайы ж. б. кирет. Булардын ичинен эң маанилүү тармак – машина куруу. Кыргызстанда кара металлургия өндүрүшү болбогондон кийин – чоюн, болот, прокат, машиналардын жабдуулары жана тетиктери жакынкы чет өлкөлөрдөн ташылып келинет. Союз тарап, ар бир республика өз алдынча мамлекет болгондон тартып, өндүрүштүк байланыштар бузулду, көпчүлүк ишканалардын продукция өндүрүүсү кескин төмөндөдү, бирок бул процесс убактылуу, өткөөл мезгилге таандык. Республикада бул тармактын өнүгүүсү үчүн илимий-техникалык потенциал жогору; темир кендерин иштетүү маселелери каралууда.

Жогоруда көрсөтүлгөн эки өнөр жай тобунун тармактарынын жергиликтүү сырьёлорду – минералдык, гидроэнергетикалык, айыл чарба сырьёлорун иштетүүнүн көлөмүнө жана деңгээлине жараша алардын келечеги кең. Чет элдик инвесторлордун, адистердин жар-

дамы менен түстүү металлургия, машина куруу, жеңил, тамак-аш өнөр жайлары өнүкмөкчү.

Азыркы учурда жергиликтүү айыл чарба продуктуларын иштетип чыгаруу – республикадагы жалпы өнөр жайдын дүң продукциясынын теңин берет. Республикада кара металл убактылуу өндүрүлбөгөндүктөн – прокат, болотту коңшу мамлекеттерден алууга туура келет. Ошондуктан республикада машина курууну металлды көп талап кылбаган, квалификациялуу жумуш күчүн кеңири пайдаланып, радио-электрондук, электр-энергетикалык, транспорттук, прибор куруу сыяктуу тармактарды өнүктүрүү талапка ылайык.

Республиканын аймагында өнөр жай ишканалары бир кылка жайгашкан эмес. Өнүгүү деңгээли боюнча жалпысынан Чүй өрөөнү, айрыкча Бишкек, Токмок, Кара-Балта шаарлары өзгөчөлөнүп турат. Бул аймактагы өнөр жайдын негизин машина куруу, жеңил, тамак-аш, курулуш материалдар өнөр жайлары түзөт. Тоо-кен (алтын, сымап, сурьма), тамак-аш, гидроэнергетика боюнча Ысык-Көл, Жалал-Абад, Ош, Баткен облустары алдыңкы орунда. Өнөр жайы начар өнүккөн аймактарга Нарын, Талас облустары кирет, бирок ал облустарда түстүү металл, өзгөчө алтын өндүрүүнүн келечеги чоң.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Республикада эл чарбасы структурасы кандайча өзгөрүп жатат?
2. Коомдук мүлктү менчиктештирүүнүн мааниси.
3. Өнөр жайдын курамдык өзгөрүшү кандай болгон?
4. Өнөр жайды менчиктештирүүнүн принциптери жана формалары жөнүндө айтып бергиле.

## V. 1. 1. Отун-энергетика өнөр жайы

Кыргызстандын аймагында түрдүү отун энергетикалык ресурстар бар. Отун-энергетика өнөр жайы отун жана энергияны өндүрүүчү татаал тармак аралык система, буга кен казып алуу, иштетүү, ташуу, бөлүштүрүү, пайдалануу кирет. Өнөр жай эки чоң тармактан – отун өндүрүү (көмүр, нефть, газ) жана электр-энергетикадан турат. Бул эки тармак республикадагы өнөр жайдын бардык тармактары менен тыгыз байланышта болуп, коммуналык чарбаларды, айыл чарбасын, транспортту энергия менен камсыз кылып турат.

Республикадагы отун-энергетикалык ресурстарга көмүр, «ак көмүр» деп аталуучу агын суунун күчү, нефть, газ, күн энергиясы, шамал, жер алдындагы терм суулары, ошондой эле «коммерциялык эмес» отун (жыгач, тезек, куурай, камыш, саман, топон) кирет.

Көмүрдүн запасы боюнча республика Борбордук Азияда Казак-

стандан, гидроэнергетика ресурсу боюнча Тажикстандан кийинки экинчи орунда турат.

Оор өнөр жайынын ичинен отун-энергетика өнөр жайы экинчи орунду ээлейт. Бул тармакка жалпы өнөр жайдын дүң продукциясынын 20% тейи туура келет. Өнөр жайдын ички тармактык курамында электр энергетикасынын үлүшү 67,0% болсо, отун өнөр жайыныкы – 33,0% ти түзөт.

Кыргыз Республикасында **о т у н  ө н ө р  ж а й ы** башка өнөр жай тармактарына караганда мурдараак калыптанган. Көмүр казып алуу ишканалары 19-кылымдын 2-жарымында Кыргызстандын түштүгүндө – Сүлүктү менен Кызыл-Кыяда пайда болгон. Көк-Жаңгак көмүр кени 1910-жылы, Маркай кени 1914-жылы, Таш-Көмүр көмүр кени 1916-жылы казыла баштаган. 1913-жылы Кыргызстанда 27 көмүр шахтасы болгон. Алар Орто Азиядагы казылган көмүрдүн 70% ин берип турган. Ошол кездеги эң ири шахта жылына 100 миң *т* көмүр казып алган. Революциядан кийин өлкөнүн отун өнөр жай тармагында эски ишканаларын кеңейтип, жаңыларын салуу башталып, Алмалык, Жыргалаң шахталары ишке киргизилген. 1940-жылы көмүр казып алуу 1913-жылдагыдан 17 эсеге көбөйгөн. Согуштан кийин отун өнөр жайы тез өнүккөн. 1970-жылдарда 4,5 млн *т* көмүр казып алган 10 шахта жана 2 разрез иштеген, ачык ыкма менен казып алынган көмүр 55% ти түзгөн. Республиканын аймагында азыр 100гө жакын көмүр кени белгилүү.

*8-таблица*

**Отун өнөр жайынын негизги көрсөткүчтөрү**

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| Таш көмүр жана лигнит, миң *т* | 335,3 | 321,3 | 295,6 | 491,8 | 605,9 |
| Иштетилбеген мунайзат, *миң т* | 77,2 | 70,9 | 68,5 | 71,0 | 77,3 |
| Табигый газ, млн. $м^3$ | 25,1 | 19,4 | 15,0 | 17,3 | 15,4 |
| Бензин, миң *т* | 13,2 | 9,8 | 13,6 | 12,8 | 9,9 |
| Дизелдик отун, миң *т* | 31,4 | 31,3 | 51,6 | 59,9 | 48,0 |
| Мазут, миң *т* | 41,7 | 42,1 | 55,5 | 58,9 | 39,0 |

Көмүр ресурстары республиканын аймагы боюнча текши таралган эмес, анын 65% и Түштүк Кыргызстандын облустарында, 33% и Нарын, 2% и Ысык-Көл облустарында жайгашкан. Көмүр кендеринин 70% тен ашыгы тоолуу аймактарда. Азыр Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Тегене, Жыргалаң кендеринен таш көмүр, Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Миң-Куш, Кара-Кече, Алмалык кендеринен күрөң көмүр казылып алынат. Казылып алынган көмүрдүн көбү энергетикалык, 32% и коммуналык чарбалар, 13% и курулуш материалдарын чыгарууда пайдаланылат.

Республиканын базар экономикасына өтүшүнө байланыштуу экономиканын башкы тармактарындай эле отун өнөр жай тармагы

да убактылуу кризиске учурады. Көмүр шахталарында бекемдөөчү карагай, тирөөч материалдардын, шахта жабдууларынын, запастык бөлүктөрдүн ж. б. жоктугунан же жетишсиздигинен, казып алуучу техниканын, технологиянын эскириши (негизги жабдуулардын 90–98% и жарабай калгандыгына байланыштуу), ошондой эле финансы каражаттарынын тартыштыгынан жылдан жылга көмүр аз казып алынууда. Көмүр кендеринин республикада арбын экендигине карабастан, кийинки жылдары көмүрдүн көбү Казакстандан ташылууда.

Көмүрдүн 70% Түндүк Кыргызстанда керектелет, ал эми анын 90% түштүктөн казылып алынат. Көмүрдү алыска ташуу үчүн миллиондогон сом каражат сарпталат, натыйжада отундун өздүк наркы жогорулайт. Сырттан ташылып келинген көмүрдүн баалары мамлекеттик баадан 3–5 эсе жогору. Ошондуктан мамлекеттик-энергетикалык программада көрсөтүлгөндөй, өзүбүздөгү отун-энергетикалык байлыктарды өздөштүрүүнү күчөтүү менен сырттан ташылып келинген отундун үлүшүн кескин кыскартуу зарыл.

Республикада көмүр өнөр жайынын келечеги кең, өздөштүрүлө элек көмүр кендери арбын. Алардын ичинен бүткүл Түндүк Кыргызстан үчүн экономикалык жактан зор маанилүүсү Кабак күрөң көмүр бассейни (геологиялык запасы 800 млн *т*). Бул бассейндин эң келечектүүсү жана жакшы изилденгени – Кара-Кече кени. Кен тоо арасында деңиз деңгээлинен өтө бийик (2800–3300 *м* бийиктикте) жайгашкандыгына жана темир жолдун жоктугуна байланыштуу азырынча жылына 200 миң *т* га чейин көмүр казылып алынат. Көмүрлүү кабаттын калыңдыгы айрым жерлеринде 200 *м*ге жетет. Кендеги көмүрдүн жалпы запасы 312,0 млн *т*, анын жер үстүнө жакын жатып, ачык жол менен казып алууга жарамдуусу 191,6 млн *т*, жер астынан шахта менен казып алууга жарамдуусу 118 млн *т*. Ал болсо биринчиден, Кара-Кечеге чейин темир жол куруу, көмүрдү ошол транспорттун арзан түрү аркылуу Бишкек ж. б. шаарларга жеткирүү, экинчиден, көмүрдүн чыккан жерине жылуулук электр станцияларын куруу, электр энергиясын аралыкка берүү, үчүнчүдөн, көмүрдөн газ бөлүп алып, аны куур аркылуу керектөөчүлөргө жеткирүү.

Республиканын түштүгүндөгү Өзгөн таш көмүр бассейнинде 30дан ашуун кен бар. Көмүрдүн жалпы запасы 2,2 млрд *т*, анын теңинен көбү кокусталуучу көмүр. Таш көмүрдүн сапаты өтө жогору, 7000–8000 *ккал* жылуулук берет, күйгөндө күл аз чыгат, көмүрдүн курамында фосфордун, күкүрттүн үлүшү өтө төмөн. Ачык казып алууга толук мүмкүнчүлүк бар. Өзгөндүн таш көмүрүн кокс-химия өнөр жайы үчүн сырьё, коммуналык чарбада энергетикалык отун катары республиканын түштүгүндө гана эмес түндүгүндө да кеңири пайдаланууга болот. Бул бассейнди өздөштүрүүдөгү кыйынчылык – бийик тоолуу татаал рельеф жана темир жолдун жоктугу. Бассейн-

деги ири кендерге Көк-Жаңгак, Кум-Бел (запасы 5 млн *т*), Зындан, Кара-Дөбө, Туюк, Каргаша ж. б. кирет. Кум-Белден келечекте жылына 1 млн *т* көмүрдү ачык казып алууга болот.

Көмүрдүн мааниси Ата Мекендик согуш учурунда өтө жогору болгон, анткени СССРдин Орто Азия, Түштүк Казакстандагы согушка адистештирилген ишканаларынын бир бөлүгүн Кыргызстан көмүр менен камсыз кылып турган.

Азыркы учурда Кыргызстандын өзүндө өндүрүлгөн жана сырттан ташылып келинген көмүрдүн 44% жылуулук станцияларында, 23% коммуналык чарбаларда, 25% өнөр жайлык, райондук котельныйларда жагылат. Көмүрдү көп талап кылган ишканаларга Бишкектеги ЖБЭ (жылуулук электр борбору), Ош ЖБЭи, курулуш материалдарды өндүрүүчү өнөр жайы, коммуналык чарбалар, өнөр жайлык, райондук котельныйлар кирет. Көмүрдү пайдаланууда көп проблемалар чечилбей келүүдө. Мисалы, республика таш көмүрдү коңшу Казакстандан ташып келет. Мурда республика өзү ошончо көмүрдү коңшу Орто Азия өлкөлөрүнө, Түштүк Казакстанга жөнөтүп турган. Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, көмүрдү отун катары пайдаланбай, аны электр энергиясына айландырып, экологиялык таза булак катары колдонуу пайдалуу. Өндүрүш ишканаларын, турмуш-тиричилик мекемелерин электрлештирүүнү кеңейтүү үчүн бул тармакка чет мамлекеттик каражатты тартууну күчөтүү ж. б. проблемаларды чечүү турат.

Республиканын нефть менен табигый газды өндүрүү жана аны пайдалануу отун өнөр жай тармагына кирет. Республикада нефтинин 12 кени бар.

Республиканын аймагы боюнча нефть менен табигый газ ресурстары текши жайгашкан эмес. Алардын негизги запасы Түштүк Кыргызстанда, Фергана өндүрүндө, Жалал-Абад, Баткен облустарынын аймактарынан табылган. Нефтини изилдөө республикада XIX кылымдын аягынан бери эле жүргүзүлө баштаган, бирок өнөр жайлык запасы бар кен табылган эмес. Өнөр жайлык нефть өндүрүү республикада 1937-ж. башталган, бирок анын көлөмү анчалык чоң болгон эмес. Азыркы кездеги нефть өндүрүүнүн 90%и Жалал-Абад облусундагы Избаскен, Чаңгыр-Таш, Майлуу-Суу, Чыгыш Избаскен кендерине туура келет. 1940-жылы 24 миң *т*, 1960-жылы, 464,0 миң *т*, 1970-жылы 298,1 миң *т*, 1990-жылы 155 миң *т*, 2000-жылы 77,0 миң *т*, 2010-жылы 83,0 миң *т* нефть өндүрүлгөн.

Республикадагы өндүрүлгөн нефть бүтүндөй Өзбекстандын Фергана шаарындагы нефтини иштетүүчү заводго ташылып, ал жактан нефть продукциясы алынчу. 1996-жылы Жалал-Абад шаарына жакын жерде америкалыктар менен биргелешкен кубаттуулугу 0,5 млн *т* нефть иштетүүчү завод ишке киргизилген. Нефтинин жаңы запастарын табуу иштери жүргүзүлүп жатат. Азыр анын

өнөр жайлык запасы анчалык көп эмес, 14,6 млн *т* ны түзөт. Чийки нефть өндүрүүнүн азайгандыгынын негизги себептери нефть ажыратуучу заводдордун кубаттуулугунун төмөндүгү, иштеп жаткан ишканалардын жабдууларынын эскиргендиги ж. б. «Кыргыз Петролеум Компани» биргелешкен ишканасы 2001-жылы 47,8 миң *т* бензин, 43,4 миң *т* дизелдик отун, 39,8 миң *т* мазут чыгарган.

2005–2006-жылдары нефть өндүрүүчү ишканалардын ишмердүүлүгүнүн төмөндөшү, ал эми 2008–2009-жылдары алардын кайра өсүшү байкалган. Нефть өндүрүү 2009-жылы 2008-жылга салыштырмалуу 8,8% ке өскөн. Ошол эле убакта бензинди иштеп чыгаруу 22,7% ке, дизелдик отун чыгаруу 19,9% ке, мазут майын чыгаруу 33,8% ке төмөндөгөн.

Табигый газдын өнөр жайлык запасы да аз – 5 млрд $м^3$ге жетет. Газ чыгуучу жер да түштүктөгү – Избаскен, Кызыл-Алма. Газ чыгуучу келечектүү райондорго – Фергана, Чүй, Талас, Ак-Сай ж. б. өрөөндөр кирет. Газ өндүрүү 1999-ж. 25,1 млн $м^3$ди, 2001-ж. 32,8 млн $м^3$ди, 2010-ж. 21,8 млн $м^3$ди түзгөн. 1980-жылга салыштырганда 2001-ж. 4 эсеге, 2010-ж. 2001-жылга караганда 33,5% ке газ өндүрүү кыскарган. Республиканын түштүгүндө Майлуу-Суу – Жалал-Абад – Ош газ куурлары курулган, ал эми Бухара – Ташкент – Чымкент – Тараз – Алматы газ кууруна Бишкек – Токмок да туташтырылган. Бирок, жакынкы чет өлкөлөрдөн газды жогорку баада сатып алуу республика үчүн экономикалык оор проблемаларды жаратууда. Нефть жана табигый газ өндүрүү тармагы республиканын нефть, газга болгон керектөөсүн камсыз кыла албайт. Ошондуктан аларды Россия, Казакстан, Өзбекстандан алууга муктаж болууда.

Электр - энергетика тармагы отун-энергетика өнөр жайынын негизин түзөт. Ал республиканын эл чарбасынын өсүшүнө, жайгашуусуна, райондук өнөр жайлардын түзүлүшүнө зор таасирин тийгизет.

Республиканын электр-энергетикасынын өсүшү төмөнкү принциптерге байланыштуу: арзан отунду жана гидроэнергетикалык ресурстарды пайдаланып, арзан электр-энергияны өндүрүү үчүн ири райондук электр-станцияларды куруу; шаарларда жана индустриялык борборлордо электр энергиясын жана жылуулукту өндүрүү менен айкалыштыруу; гидроэнергетикалык ресурстарды кеңири өздөштүрүү, андан электр-энергияны алуу; ошондой эле ирригацияны өнүктүрүү жана суу менен камсыз кылуу; энергия системасын, башкача айтканда бирдиктүү жогорку вольттуу желе сымал системаны түзүү.

1917-жылга чейин Кыргызстанда электр-энергетика өзүнчө өнөр жай тармагы катары өнүккөн эмес. 1913–14-жылдары чакан 5 электр станциясы (жалпы кубаттуулугу 265 *кВт*) иштеген. Алар

Кызыл-Кыя көмүр кениндеги жылуулук станциясы (121 *кВт*), Ош шаарындагы эки ГЭС (120 *кВт*), Бишкек дизель электр станциясы (16,5 *кВт*), Каракол электр-станция түйүнү (7,5 *кВт*). 1929-жылы Кичи Аламүдүн ГЭСи (410 *кВт*) курулган. 1923-жылдан баштап электр энергиясы көчөлөрдү жарыктандырууга, 1930-жылдан айыл чарбасында пайдаланыла баштаган.

Кыргызстандын энергетика балансында гидроэнергетиканын ролу чоң. Республиканын жалпы гидроэнергетикалык потенциалы 142 млрд, техникалык потенциалы 73 млрд, экономикалык потенциалы 48 млрд *кВт·с*. Акыркы эки көрсөткүчү боюнча Кыргызстан КМШ өлкөлөрүндө 3-орунду (Россия менен Тажикстандан кийин) ээлейт. Гидроэнергия ресурстарынын мындай зор запасы республиканын энергетика тармагынын андан ары өнүгүүсүнө зор өбөлгө түзөт. Кыргызстан 80-жылдардын башынан баштап Орто Азия аймагында электр энергияны өндүрүүчү ири өлкө болуп эсептелген. Орто Азия бириккен энергия системасына өндүрүлгөн электр энергиянын 50%тен көбүн берип келген.

*9-таблица*

**Ири гидроэнергия курулмалары**

| ГЭСтер | Кубаттуулугу (*мВт*) | Иштеп чыгарган энергиясы (млрд *кВт ·с*) | Иштей баштаган жылы |
|---|---|---|---|
| Үч-Коргон | 180 | 0,75 | 1962 |
| Ат-Башы | 40 | 0,12 | 1971 |
| Токтогул | 1200 | 4,1 | 1975 |
| Күрп-Сай | 800 | 2,6 | 1982 |
| Таш-Көмүр | 450 | 1,5 | 1987 |
| Шамалды-Сай | 240 | 0,91 | 1995 |
| Камбар-Ата | 360 | – | 2010 |

Электр энергетикасы республиканын экономикасынын, айрыкча отун-энергетика өнөр жайынын өнүгүүсүнүн өзөгү болуп эсептелет. 2001-ж. Кыргыз Республикасынын энергетика тармагы (көмөкчү ишканаларды кошпогондо) 20 электр станциясынан (жалпы кубаттуулугу 3,6 млн *кВт*) турган: анын 18и гидроэлектрстанция, 2 жылуулук борбору. Ири ГЭСтер Нарын дарыясынын төмөнкү агымында курулуп, 5 ГЭСтен турган гидроэлектр станциялардын каскадын түзөт. Уникалдуу гидроэнергетикалык жана ирригациялык курулма болуп Токтогул ГЭСи (белгиленген кубаттуулугу 1200 миң *кВт*) эсептелет. Ал 1975-жылы иштей баштаган. Энергия системасы менен эки жогорку вольттуу линия (500 *кВт*) аркылуу байланышат. Нарын каскадынын дагы башка уникалдуу энергетикалык курулмалары – Күрп-Сай (800 миң *кВт*) жана Үч-Коргон (180 миң *кВт*) ГЭСтери. Күрп-Сай ГЭСи 1982-жылы, ал

эми үч-Коргон ГЭСи 1962-жылы курулуп бүткөн. Күрп-Сай ГЭСи энергосистемага чыңалуусу 110 жана 220 *кВ* линиялары, Үч-Коргон ГЭСи чыңалуусу 110 *кВ* линиясы аркылуу байланышат. Ошондой эле ири ГЭСтерден 1971-ж. курулган Ат-Башы ГЭСи (40 миң *кВт*), 1987-жылы Таш-Көмүр (450 миң *кВт*), 1995-жылы Шамалды-Сай (240 миң *кВт*) ГЭСтери да иштей баштаган. 2010-жылы Нарын дарыясында (Токтогул районунун чегинде) Камбар-Ата-2 ГЭСи ишке киргизилген.

Республикада азыркы кезде (2009-жылы) 13 кичи ГЭС (жалпы кубаттуулугу 3 739,9 *мВт*) жылына 11 083,2 млн *кВт·с* электр энергиясын иштеп чыгарат.

Кыргызстанда ГЭСтерден башка Бишкек жана Ош жылуулук электр борборлору (ЖЭБ) да иштейт. Бишкек ЖЭБинин кубаттуулугу 609 миң *кВт*, жылуулук берүү кубаттуулугу 1157,4 *Гкал/с*; Ош ЖЭБинин кубаттуулугу 22 *мВт*, жылуулук берүү кубаттуулугу 375 *Гкал/с*. Булар Бишкек жана Ош шаарларын электр жана жылуулук энергиясы менен камсыз кылат.

Республикадагы гидроэлектр станциялар 2005-ж. 14 891,2 млн *кВт* электр энергиясын өндүрсө, 2009-жылы 11083,2 *кВт*ка азайган. Энергия системасынын Борбордук Азия өлкөлөрү менен 500 жана 220 *кВ* магистралдык тармактары аркылуу туруктуу байланышы бар. Казакстандын магистралдык тармагы менен бүгүнкү күндө Россиянын энергия системасына кошулган. Электр энергиясы Казакстан жана Өзбекстан мамлекеттерине да экспорттолот.

Кыргызстандын өнөр жайында электр энергетикасы маанилүү орунду ээлеп, анын өзөгүн «Кыргызэнергия» акционердик коому түзөт. Бул коом чарбалык эсеп менен иштеп, анын курамындагы ар кандай 16 ишкана республикадагы электр энергиясы менен жылуулук энергиясын өлкө боюнча таратуу жана бөлүштүрүү иштерин аткарат.

2002-жылдан республиканын энергия системасы реструктуризацияланууда. Ал «Кыргызэнергияхолдинг» компаниясын менчиктештирүү жана мамлекеттен ажыратуу программасына ылайык жүргүзүлүүдө. Ошону менен катар Кыргызстанда электр энергетиканы өнүктүрүү, гидроэнергетикалык ресурстарды жакынкы убакта жана келечекте пайдалануу жөнүндө программа иштелип чыккан; анын негизги максаты: кубаттуулугу 142 млрд *кВт/с*ка жеткен гидроэнергетикалык ресурстарын өздөштүрүү.

Ошондуктан келечекте республикада отундун, өзгөчө нефть менен газдын аздыгын эске алып, эң арзан энергиянын булагы болгон ГЭСтерди куруу келечектүү деп эсептелинет. Республиканын экономикасын өнүктүрүүнүн туруктуу башкы булагы – келечектеги гидроэлектр-станциялары. Республикада ГЭСтерди курууга жарактуу дарыялар көп, алар бардык облустарда бар: Нарын, Сары-Жаз,



Камбар-Ата-2 ГЭСи.

Чүй, Чаткал, Исфайрам, Талас ж. б., бардыгы 27 дарыяга республиканын гидроресурсунун 75%и туура келет. Алардын ичинен энергиянын эң ири запасы Нарын дарыясына таандык (6,97 млн *кВт*). Нарын дарыясында 30 млрд *кВт·с* электр энергиясын иштеп чыгара турган дагы 22 гидроэлектр-станцияны курууга болот.

Нарын дарыясы кубаттуулугу боюнча Түндүк-Чыгыш Евразия өлкөлөрүндө 7-орунду, ал эми Борбордук Азияда 1-орунду ээлейт. Республикада Нарындан кийинки кубаттуу дарыя – Сары-Жаз, анын потенциалдык кубаттуулугу 1 млн *кВт*. Чаткал дарыясынын кубаттуулугу 0,79 млн *кВт*, Чүй дарыясынын суммардык потенциалы 0,36 млн *кВт*.

Гидроэнергетиканы мындан ары өнүктүрүүнүн дагы бир жолу шар аккан чакан агын сууларды пайдалануу. Чакан суулардын суммардык потенциалы өтө жогору – 8,2 млн *кВт*. Мындай энергияны калкы жана ишканалары аз бийик тоолуу жерлерде өндүрүү өзгөчө пайдалуу. Жабылып калган чакан ГЭСтерди калыбына келтирүү максатка ылайыктуу, анткени алар дизелдик станцияларга караганда арзан жана экологиялык жактан таза болот.

Республиканын отун-энергетикалык балансында ушул учурга чейин эч бир пайдаланылбай келген табигый-энергетикалык ресурстар да арбын. Аларга күндүн, шамалдын, геотерм суусунун энергиялык ресурстары кирет. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, энергиянын бул арзан булактарын пайдалануу республикада эң келечектүү. Азырынча энергиянын бул түрлөрүн кеңири пайдалануу үчүн алгачкы кадамдар шилтенүүдө, алар илимий жактан долбоорлоо, жабдууларды чыгарып, сыноо иштерин уюштуруу, чет өлкөлүк адистердин тажрыйбасын, жардамын алуу ж. б.

*10-таблица*

**Чакан гидроэлектр-станциялардын техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

| ГЭСтер | Жайгашкан орду | Кубаттуулугу, *мВт* | Өндүрүлгөн энергиянын көп жылдык орт. өлчөмү, млн *кВт·с* |
|---|---|---|---|
| Быстровка | Кемин району | 8,7 /1,4 | 42 |
| Лебединовка | Аламүдүн району, Лебединовка айылы | 7,6 /0,8 | 33,07 |
| Аламүдүн 1 | Аламүдүн району, Аламүдүн айылы | 2,2/ 0,2 | 7,2 |
| Аламүдүн 2 | Аламүдүн району, Аламүдүн айылы | 2,5/ 0,1 | 5,72 |
| Аламүдүн 3 | Аламүдүн району, Аламүдүн айылы | 2,1/ 0,1 | 5,57 |
| Аламүдүн 4 | Аламүдүн району, Аламүдүн айылы | 2,1/ 0,1 | 5,57 |
| Аламүдүн 5 | Аламүдүн району, Аламүдүн айылы | 2,1/ 0,1 | 5,72 |
| Аламүдүн 6 | Аламүдүн району, Кайырма айылы | 6,4/ 0,4 | 6,23 |
| Сокулук | Сокулук району | 1,2 | 6,2 |
| Жайыл | Жайыл району | 3,28 | – |
| Жылан-Арык ГЭС 1 | Кадамжай району | 0,5/ 0,1 | 0,99 |
| Жылан-Арык ГЭС 2 | Кадамжай району | 0,51 | 2,0 |

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Республиканын көмүр кендерин жана бассейндерин атагыла. Аларды өздөштүрүү келечеги жөнүндө айтып бергиле.
2. Нефть жана табигый газ өндүрүлгөн жерлерди санагыла.
3. Республикадагы ири ГЭСтер жана алардын келечеги?

## V. 1. 2. Тоо-кен өнөр жайы

Кыргыз Республикасында кара металлургия, темир кенин иштетүү, чоюн жана болот эритүү, прокат өндүрүү азырынча өнүгө элек. Алар негизинен коңшу мамлекеттерден алынат. Республика түстүү, сейрек учуроочу, асыл металлдарга бай болгондуктан, бул тармак жакшы өнүккөн. Анын курамына сурьма, сымап, сейрек кездешүүчү элементтер, алтын, цинк, коргошун, калай, вольфрам өнөр жай тармактарынын ишканалары кирет. Бул металлдарды өндүрүүнүн келечеги чоң, анткени өлкөдө алардын жетиштүү запасы бар, түрлөрү ар кыл, машина куруудагы алардын, өзгөчө илимий-техникалык прогресс талап кылган тармактардын, электрондук, электр-техникалык аспаптарды чыгаруунун ж. б. мааниси чоң болгондуктан, аларды керектөөчү өлкөлөр көбөйүүдө. Бул өнөр

жайды өнүктүрүүнүн негизин жаратылыш-сырьёлук факторлор түзөт. Республикада түстүү, сейрек учуроочу кендердин өзгөчөлүгү алардын комплекстүү жатышында: бир эле кен чыгуучу аймактан ар кандай металлдын түрлөрүн бөлүп алууга болот.

Түстүү металлды өндүрүүнүн эң баштапкы технологиялык процесси – кенди казып алып, аны ылгоо. Ылгоодон өткөн металлдын концентраттарын башка жерге ташып, же ордунда эле металлды эритүү, прокат алуу иштери башталат. Таза металлдын үлүшү кенташтын курамында өтө аз болгондуктан, килограммдык металл алуу үчүн тонналаган кенташ талап кылынат. Түстүү металлды казып алуучу жана ылгоочу аймактарда шаарчалар пайда болгон, аларга – Ак-Түз, Борду, Сумсар, Терек-Сай, Кадамжай, Айдаркен, Чабай, Кан, Миң-Куш, Кажы-Сай кирет.

Кендин айрымдары электр энергияны көп талап кылса (мисалы, калай), кээси отунду (глинозём), көпчүлүгү сууну көп талап кылат. Кенди ылгоо учурунда зыяндуу калдыктар арбын бөлүнүп чыгат, алар айлана-чөйрөгө өтө көп таасир кылуучу коркунучту туудурат. Ошондуктан түстүү металлургия ишканаларын жайгаштыруунун түрдүү (2–3) варианттары иштелип чыгат.

Түстүү сейрек кездешүүчү асыл металлдар республиканын бардык облусунда кездешет, мисалы, цинк, коргошун, сейрек элементтер, висмут, алтын – Чүй өрөөнүндө; калай, алтын – Ысык-Көл облусунда; алтын, коргошун – Талас өрөөнүндө; калай, алтын, нефелин, сиенит – Ички Теңир-Тоодо; сурьма, сымап, алтын, сейрек кездешүүчү металлдар – Түштүк Кыргызстанда жайгашкан. Кендердин бардыгы деңиз деңгээлинен 2000–3000 *м* бийиктиктен жогору жайгашкан. Катаал климаттык шарты, татаал геологиялык түзүлүшү жана рельефи, айрым жерлерде суунун station аздыгы, айылдардын, жолдун жоктугу бул жерге өндүрүштүк жана социалдык инфраструктуранын курулушуна кеткен чыгымды арттырат.

Сурьма жана сымап өндүрүү боюнча Кыргызстан дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөрдүн катарына кирет. Сурьма өнөр жай тармагы – Кадамжай комбинатын, Кадамжай жана Терек-Сай сурьма кендериндеги рудниктерди, кен ылгоочу эки фабриканы жана Кадамжай металлургиялык заводун камтыйт. Ишкана 1934-ж. курулган, мурдагы СССРде тармак боюнча биринчи ишканалардан болгон. Кыргыз сурьмасы өтө сапаттуулугу менен айырмаланып, 1958-ж. Брюсселдеги Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө ага чоң алтын медалы ыйгарылып, металлдын тазалыгы боюнча дүйнөлүк «эталон» деп белгиленген.

Азыр сурьма кени 300 *м* тереңдиктен, татаал геологиялык шартта казылып алынат, запасы азайып баратат, келечекте ал 500–600 *м* тереңдиктен алынып калуусу мүмкүн, ал болсо металлдын өздүк наркын дагы жогорулатат. Бирок, дүйнөлүк базарда бул металлга болгон керектөө да өсүүдө. Бул тармакты мындан

ары өнүктүрүүнүн негизги жолдору жаңы кендерди иликтеп таап, аларды өздөштүрүү. Келечектүү сурьма кендерине – Сабажарды, Терек-Сай жана Касан-Сай кендери кирет. Алардан тышкары мурда иштетилген калдыктарды, сурьмага жарды деп таштап кеткен кыртыштарды, кенди комплекстүү иштетүү талапка ылайык. Жаңы кендерди өздөштүрүү үчүн комбинатты технологиялык жактан реконструкциялап, кубаттуулугун арттыруу зарыл.

Республика сымаптын запасы боюнча Борбордук Азияда алдыңкы орундарды ээлейт. Бул тармактын негизин Айдаркен комбинаты түзөт; анын курамына Айдаркен, Чоңкой, Чабай кендери кирет. Жер астынан казылып алынган сырьё аны тазалоочу фабрикага жөнөтүлөт. Комбинат Кадамжай районунун аймагында, Айдаркен шаарчасына жакын жайгашкан. Сымап кенин өздөштүрүүдө да сурьма сыяктуу эле аймактын татаал рельефи жана геологиялык түзүлүшү кыйла кыйынчылыктарды пайда кылды. Азыр сымап кени 400 *м* тереңдиктен алынат, келечекте 700 *м* тереңдиктен алынышы божомолдонот. Сымап кени сурьма менен кошулуп да өздөштүрүлөт, бирок кендин басымдуу бөлүгүн сымап түзөт. Сымап уулуу болгону менен физикалык приборлорду курууда, радиотехникада, электр-техникада, медицинада, айыл чарбасында, кенташтан алтын, күмүштү бөлүп алууда, космостук техникада, коргонуу тармактарында кеңири пайдаланылат.

Республикада иттрий тобундагы сейрек кездешүүчү элементтердин ири кендери бар. Бул тармакка Кыргыз металлургиялык комбинаты менен Кара-Балта тоо-кен комбинаты кирет. Алгач Чүй өрөөнүнүн чыгышында жайгашкан Ак-Түз полиметалл кенташын казып, ылгап алынган коргошун концентратын Казакстандын Чымкен коргошун заводуна жөнөтүлчү. Кийинчерээк бул жерден сейрек кездешүүчү элементтер казылып алына баштаган. Бул тармактын негизги ишканасы – Кыргыз металлургиялык комбинаты Ак-Түз, Борду тоо-кен ишканаларынан куралган. Сейрек кездешүүчү 32 элементтин 20 түрү ушул комбинаттан бөлүнүп алынат. Кен комплекстүү иштетилип, андан коргошун, жез, молибден, калай, цинк, висмут, күмүш, алтын, сейрек элементтер ылганып алынат.

Кендин запасы, керектөөчүлөрдүн продукцияга болгон муктаждыгы, продукциянын көп түрдүүлүгү бул тармактын келечектүү экендигин айгинелейт. Кара-Балта тоо-кен комбинаты азыр «Кыргызалтын» концернине карайт. Комбинат атом тармагындагы кен казып алып иштетүүчү комплекс катары 1950-жылы түзүлгөн. Комбинат Казакстандын уран кендеринин базасында иштеген. Азыр комбинатта уран, молибден, барий кошулмаларын, вольфрам менен молибден түзүп, алтын сыяктуу баалуу продукцияларды чыгарат.

Түстүү металлургия комплексинин эң кирешелүү, ошондой эле келечектүү тармагы – алтын өнөр жайы. Алтындын республикада

мол запасы бар, анын кени бардык облустардын аймактарынан табылган. Азыр ар кайсы аймактардан 30дан ашык ири алтын кени табылып, чалгындалган. Алтындын республикадагы ири кендери: Кум-Төр, Жер-Үй, Талды-Булак, Куран-Жайлоо, Терек-Кан, Иштамберди, Солтон-Сары, Макмал ж. б. Бул кендерди иштетүүгө чет өлкөлүк ири компаниялар жана фирмалар да катышууда.

1986-жылы Жалал-Абад облусунун аймагында (Тогуз-Торо өрөөнүндө) Кыргызстандагы алгачкы Макмал алтын комбинаты иштей баштаган.

Республикадагы эң ири алтын кени – Кум-Төр (Ысык-Көлдүн сыртында), деңиз деңгээлинен 3500–4000 *м* бийиктиктеги катаал жерге жайгашкан. Дүйнө жүзү боюнча алтын чыккан кендердин ичинен 7-орунда, анын чалгындалган запасы – 316 *т*, башкача айтканда акчага айландырганда 11 млрд долларды түзөт. Дүйнөлүк практикада 1 тонна топо тектен 4 грамм алтын алынса, ал келечектүү деп эсептелинет, ал эми Кум-Төрдөгү 1 тонна кенташтан 12 грамм алтын алынган. Кум-Төр Канаданын мамлекеттик менчиги болгон «Камеко» корпорациясы менен биргелешип иштетилүүдө. Алтын комбинаты 1996-ж. ишке кирип, жылына орто эсеп менен 16 *т* алтын өндүрөт. Келечекте алтын өндүрүүнүн жылдык өлчөмүн 30 *т* га жеткирүү каралууда.

Талас облусунун бийик тоолуу бөлүгүндө Жер-Үй алтын кенинин негизинде чет өлкөлүк компаниялар менен биргелешкен Талас алтын комбинатын ишке киргизүү каралууда. Андагы алтындын запасы 74,7 *т*. Нарын облусунун бийик тоолуу өрөөнүндөгү Солтон-Сары алтын кени да Швейцариялык фирма менен биргелешип иштетиле баштады.

Чүй облусунда географиялык жактан ыңгайлуу жайгашкан Талды-Булак, Куран-Жайлоо алтын кендери бар. Кум-Бел (Нарында) жана Чаткал (Жалал-Абад облусунда) алтын кендерин америкалык фирмалардын жардамы аркылуу өздөштүрүлүүдө. Ошондой эле республиканын аймагынан 1000ге жакын алтындын чакан кендери табылган, алардын көбүнүн өнөр жайлык запасы аныктала элек.

Республиканын бардык булуң-бурчунан өндүрүлгөн алтын Кара-Балта тоо-кен комбинаты да тазартылып (афинаждалып), калыптарга куюлат. Келечекте комбинаттын алдында зергерлик цех ачылып, алтындан, асыл таштардан кымбат баалуу зергер буюмдары чыгарылмакчы.

Республикада калай өнөр жайынын өнүгүүсү үчүн толук шарт бар, анткени калайдын өнөр жайлык, божомолдуу запасы боюнча Кыргызстан Борбордук Азияда алдыңкы орундарды ээлейт. Анын өнөр жайлык запасы Сары-Жаз дарыясынын алабында жайгашкан. Калай өнөр жайына кен ылгоочу фабрика, калайды казып алуучу «Трудовой» жана «Үч-Кошкон» кендери кирет.

Калай кенинде вольфрам, молибден болгондуктан аны комплекстүү иштетүү каралган; калайдан башка вольфрам да алынат.

Түстүү металлургия өнөр жайына висмут өндүрүү да кирет, анткени анын өнөр жайлык запасы географиялык жактан ыңгайлуу болгон Чүй өрөөнүнүн чыгышынан табылган. Висмут кенинин курамында висмуттан башка күмүш, жез, коргошун, вольфрам кездешет.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Түстүү металлдарды өндүрүүнүн технологиялык процесстери кандай?
2. Кыргыз Республикасы кайсы түстүү кендерди өндүрөт? Чет өлкөлүк компаниялар менен биргелешкен ишканаларды атагыла.

## V. 1. 3. Машина куруу жана металл иштетүү өнөр жайы

СССР мезгилинде Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын ичинен өтө тез темп менен өнүккөн тармагы – машина куруу жана металл иштетүү болгон.

Республиканын жалпы өнөр жай продукциясынын 26%, өнөр жай өндүрүштүк негизги каражатынын 44% и, өнөр жайда иштеген жумушчулардын 40% и машина куруу тармагына туура келген. Кыргызстанда 1940–91-жылдары жалпы өнөр жай өндүргөн продукциянын көлөмү 50 эсеге өссө, машина куруу өндүрүшү 616 эсеге өскөн. Мында саны менен гана өспөстөн, ошондой эле, сапаты боюнча да толукталган; өндүрүштүн жаңы тармактары түзүлүп, аймактык жайгашуусу өзгөргөн.

Бул тармактын өнүгүүсү, айрыкча Ата Мекендик согуш жылдарына жана андан кийинки мезгилге туура келет. Согуш учурунда республикага Украинадан бир нече завод көчүрүлүп келинген. Ал жылдары Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын куруучу, Ново-Троицкидеги (азыркы Шопоков шаары) машина куруучу «Красный металлист» заводдору ишке киргизилген. Согуштан кийин Бишкекте физикалык приборлор (аспаптар) заводу курулган. Эмгектин Эл аралык бөлүштүрүлүшүнө республика машина куруунун көптөгөн продукцияларын – чөп таңгактагычтарды, чыңалуунун индукциялык регуляторун, монеталык механизмдин айрым түрлөрүн, электр кыймылдаткычтарын, ири электр машиналарын, приборлорду жана автоматташтыруу каражаттарын, жүк ташуучу автомобилдерди, трактор чиркегичтерин, сандык-программалык башкаруусу бар металл кесүүчү станокторду, автоматтык, жартылай автоматтык линияларды, пресстөөчү-темир уста каражаттарын, металл кесүүчү аспаптарды, кабель продукцияларын, электр-техникалык буюмдарды, электр насосторун, көптөгөн соода жабдууларын жасап, экспортко чыгарган.

1941–60-жылдары Кыргызстанда машина куруу жана металл иштетүү тармактарынын дүң продукциясы 27,2 эсе көбөйгөн. 1961–70-ж. электр-техника өнөр жай продукциясынын көлөмү 30,9 эсе өсүп, адистештирилген заводдор – Кайыңды кабель, Кыргызстан электр кыймылдаткыч, оор электр машина куруу заводдору, Ысык-Көл электр-техникалык заводдор бирикмеси, Майлуу-Сай электр лампа заводу пайдаланууга берилген.

Автомобиль куруу тармагында «Кыргызавтомаш» жана Фрунзе автомобиль кураштыруу заводдору, адистештирилген Ош насос, «Кыргызкабель» ишканалары иштей баштаган.

Өндүрүштүн жайгашуу өзгөчөлүгү жана технологиялык процесстердин мүнөзү боюнча машина куруу тармактары төмөндөгүдөй классификацияланат: оор машина куруу; жалпы машина куруу; орто машина куруу; так машиналарды, механизмдерди, приборлорду жана аспаптарды даярдоо ж. б.

Кыргыз Республикасында оор машиналарды куруу өнүккөн эмес, анткени оор машина куруу металлды көп талап кылган өндүрүш. Жалпы машина куруу өнөр жайынын өндүрүшү көбүнчө даяр продукцияны керектөөчү райондордо жайгашат. Бул тармакка кирүүчү республикадагы эң ири ишкана – Бишкек шаарындагы Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын куруучу завод болгон. Завод 1927-жылдан «Интергельпо» кооперативинин механикалык заводу катарында иштеп келген, майда металл буюмдарын жасап, автомобиль-тракторлорду ремонттогон. 1941-ж. Брянск шаарындагы заводдун жабдуулары көчүрүлүп келгенден тартып, Фрунзе заводу айыл чарба машиналарын чыгаруучу ири ишканага айланган. Бул завод негизинен чөп таңгактагычтарды чыгарган Орто Азиядагы гана эмес, шериктеш өлкөлөрдөгү эң ири завод болгон. Мурда заводдун өндүрүштүк байланыштары өтө кенен болуп, ал жабдуу, сырьё, металл, резина жана башкаларды Россиядан, Казакстандан, Украинадан, Өзбекстандан алып, аларга жана да көптөгөн алыскы чет өлкөлөргө (Индия, Ирак, Болгария, Польша, Монголия ж. б.) чөп таңгактагычтарды экспорттогон.

Мал чарбасы үчүн тоютту коромжусуз жыйып алууда жана даярдоодо чөп таңгактагычтардын ролу чоң болгон. Бул ишкана келечекте Кыргызстандын гана эмес, бүткүл Борбордук Азия өлкөлөрүнүн талабын камсыз кылмак эле, бирок завод 1996-жылдан продукция чыгаруусун токтоткон.

Орто машина курууга – автомобиль, станок куруу өнөр жайы, айыл чарба, курулуш жана транспорт үчүн орто габариттеги машиналар менен жабдууларды чыгаруучу ишканалар кирет.

Республикадагы «Кыргызавтомаш» өндүрүштүк бирикмеси Орто Азия жана Казакстан боюнча жалгыз тармак болгон. Бишкектеги «Кыргызавтомаш» заводу 1947-ж. негизделген. Алгач-

кы жылдары бул чакан ишкана чоюн эритилүүчү завод болгон. 1949-жылдан эритүүчү-механикалык завод болуп, 1954-ж. ал велосипед чыгаруучу заводу менен бириктирилип, алардын базасында мамлекеттик маанидеги ири – «Кыргызавтомаш» заводу пайда болгон. Бишкектин чыгыш өнөр жайлуу зонасында жайгашкан бул бак, металл кассаларын, темир мештерди, темир торлорду чыгарган. 1960-жылдан көп сандаган велосипеддерди, автомобилдерди, радиаторлорду, киоск витриналарын, галантериялык буюмдар сатылуучу арабачаларды чыгара баштаган. Кийинки жылдары завод адистигин өзгөртүп, мамлекеттик маанидеги орто-чакан тоннаждык жүк ташууга адистешкен машиналарды куращтыруучу Борбордук Азия боюнча жалгыз чоң ишканага айланган. Техникалык жактан кайра жабдылган бул заводдун негизги продукциясы – жүк ташуучу ГАЗ, САЗ автомобилдери. Жылына 22–24 миң автомобиль өндүрүлүп, келечекте 60 миңге жакын автомобиль чыгаруу каралган, бирок 1991-жылдан завод продукция чыгарууну 2 эсеге кыскартты. Кеңири кооперациялашкан бул ишкана Россиянын, Украинанын, Белоруссиянын, Өзбекстандын ондогон ишканалары менен байланыш түзүп, керектүү жабдууларды, машиналарды алып, чыгарган продукцияларынын көбүн сыртка жөнөтүп турган.

«Кыргызавтомаш» автомобилдерден башка – трактор чиркегичтерин, мотоциклдердин коштомосун, жеңил машиналардын чиркегичтерин даярдап, акыркы жылдары чарба, маданий-тиричилик товарларын [нефть продуктуларына идиштерди (бак), гараждык жабдууларды ж. б.] да чыгара баштады.

Станок куруу жана инструменттик өнөр жайы, негизинен машина куруу тармагы жакшы өнүккөн, илимий-изилдөө, тажрыйба конструктордук базасы бар шаарларда жайгашат. Бул тармакка Бишкектеги өндүрүштүк бирикме – «В. И. Ленин атындагы станок куруучу заводу» кирген. Тармак ар түрдүү продукцияларды – негизинен металл кесүүчү станокторду чыгарган.

Инструменттик өндүрүшкө – Бишкектеги бургулап тешүүчү завод, Бишкек айыл-чарба ремонт бирикмесинин эксперименттик ремонт заводу кирген. Жогорку сапаттагы катуу кошунду эритме, пластинкалуу бургулап тешүүчү аспаптар, атайын жыгач үчүн бургу, шлифтелген профилдүү бургулар ж. б. өндүрүлгөн.

Республикада жеңил, тамак-аш өнөр жайлары, тиричилик приборлорун, мал чарбасы жана тоют өндүрүү боюнча машиналарды жана жабдууларды чыгаруу өнүккөн. 1941-ж. Великие Лукиден көчүрүлүп келинген жабдуулардын негизинде Шопоков шаарындагы машина куруучу «Торгмаш» заводу негизделген. Завод тамак-аш өнөр жай ишканалары үчүн жабдууларды чыгарган.

Бишкектеги контролдоп-ченөөчү завод жылуулук электр жана салмак өлчөөчү приборлорду, эсептөө машиналарын ж. б.

ремонттойт, тамак-аш даярдоо каражаттарын механизациялоочу агрегаттар, балдардын жыйналуучу коляскалары, сувенирлер ж. б. чыгарылат.

Машина куруу жана металл иштетүү өнөр жайы мурун союздук мааниде болуп, анын продукциясынын көбү жалпы СССРдин аймагына таралып турган. Өнөр жайы башка республикалардан жана райондордон келген комплектөөчү тетиктерди жана кара металлургия өнөр жайынын продукцияларынын базасында иштеп келген. Республика чоюн, болот прокатты – Магнитогорскиден, Челябинскиден, Кузнецкиден, Карагандыдан, Новосибирскиден, Волграддан, Ижевскиден, Енакиеводон Лысьовадан, түстүү металлдарды – Балкаштан, Канск-Уралскиден, Ревдадан, көмүрдү – Карагандыдан, Кузбасстан, жыгачты – Сибирден, Уралдан, резина-техникалык кездемелерди – Россия, Казакстан, Украина, Өзбекстан ж. б. жактардан алган.

1990-жылдарга чейин республиканын машина куруу өндүрүштөрүнүн техникалык базалары өсүп келген. 1991-жылы миңден ашык комплекстүү-механикалаштырган потоктук жана автоматтык линиялар, 100дөн ашык комплекстүү-механикалаштырган участкалар жана цехтер иштеген. Ошол учурда республикалык-программалык башкаруусу бар өнөр жайлык роботтор, иштеп чыгаруучу борборлор, автоматташтырылган ротордук жана жартылай ротордук-конвейердик линиялар, ийкемдүү өндүрүштүк модулдар, металл кесүүчү станоктор, башкаруучу станциялар ж. б. татаал техникалар өздөштүрүлгөн. Бирок, мындай ийгиликтер менен бирге экономиканын бардык башка түрүндөй эле 1990–96-жылдарда тармактын өнүгүү темпи кескин басаңдап, продукция өндүрүү кыскарып, башка өлкөлөр менен кооперациялык байланыштар үзүлгөн же кыскарган.

Азыр Кыргызстандын машина куруу жана металл иштетүү өнөр жайы республиканын жалпы өнөр жайынын дүң продукциясынын чектелүү гана үлүшүн түзөт. Чыгарган продукцияларынын түрү жана көлөмү аз. Машина куруу өнөр жай ишканалары анча татаал эмес продукцияларды жана эл керектөөчү товарларды чыгарат.

Келечекте Кыргызстандын машина куруу өнөр жайынын адистешкен приоритеттүү – радиоэлектрондук, электрондук жана электр-техникалык тармактары өнүкмөкчү. Республиканын машина куруу өнөр жай ишканаларынын көбүндө өз муктаждыктары үчүн металл буюмдарын өндүрөт. Мындай металл буюмдарды көпчүлүк учурда ремонттоочу ишканалар өндүрүп, өзүлөрү пайдаланат. Ар кандай тармакта пайдаланылуучу металл буюмдарды өндүрүү, темирден жасалган, куюлган буюмдар көбөйтүлүүдө. Мисалы, «Нур» илимий-өндүрүштүк бирикмеси эл чарбасынын бардык тармактары үчүн стандартсыз жабдууларды даярдайт.

Машиналарды жана жабдууларды оңдоочу ишканалар жаңы продукция өндүрбөгөнү менен эл чарбасында мааниси өтө зор. Республикада бул тармактагы ишканалардын ичинен оңдоочу ишканалардын саны арбын.

Ар бир шаарда, ар бир облуста, райондо, ал гана эмес ири кыштакта айыл чарба жана турмуш-тиричилик машиналарын (телевизор, приёмник, муздаткыч, жеңил автомобиль ж. б.) транспорттук каражаттарды оңдоочу мастерскойлор бар.

Республикада атайын мамлекет уюштурган ремонттоочу механикалык ири заводдор: автомобиль оңдоочу, транспорт жана жол куруучу машиналарын оңдоочу, турмуш-тиричилик жана медициналык техникаларды, приборлорду оңдоочу заводдор ж. б. Бул тармактын ири ишканалары Бишкек, Токмок, Ош, Жалал-Абад, Каракол, Балыкчы, Талас, Нарын, Кара-Балта, Кызыл-Кыя, Кант ж. б. шаарларда жайгашкан. Оңдоочу ишканалардын көбү Бишкек, Ош шаарларында жана алардын чет-жакаларында.

Республикадагы кара металлургиянын жоктугу, түстүү металлдын жетишсиздиги машина куруу өнөр жайынын металлды аз талап кылуучу тармагын өнүктүрүүгө түрткү берет. Республикадагы жогорку квалификациялуу инженердик жана жумушчу кадрлар машина куруунун мындан ары да приоритеттүү тармактары болгон металлды аз сарптоочу, илимий-техникалык кадрларды көп талап кылуучу – радиоэлектрондук, электрондук жана электр-техникалык тармактары боюнча адистешүүгө шарт түзөт. Тармак боюнча болгон өзгөрүү, аймактык өзгөрүүгө да алып келет.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Машина куруу өнөр жайынын өсүшүнө өбөлгө түзүүчү негизги факторлорду атагыла?

2. Кыргыз Республикасында машина куруунун кандай тармактары өнүккөн, анын себебин түшүндүргүлө?

3. Республиканын келечектеги приоритеттүү машина куруу тармактары кайсылар?

## V. 1. 4. Химия өнөр жайы

Химия өнөр жай тармактарынын өнүгүшү техникалык прогресстин негизги факторлорунун бири болуп, мамлекет, райондордун экономикасын өнүктүрүүдө ролу өтө зор. Бул тармактын жалпы өнөр жайдын жана транспорттун өсүшүндө, элге кеңири керектелүүчү товарларды өндүрүүдө, дыйканчылыкта түшүмдү көбөйтүүдө, мал чарбасынын продукттуулугун арттырууда мааниси чоң. Химиялык жол менен алынган продукция натуралай продуктуларга караганда бышыктыгы жана өтө арзандыгы менен айырмаланат. Азыркы учурда Кыргызстанда химия өнөр жайы анча өнүгө

элек, бул республиканын жалпы экономикасынын өнүгүшүндөгү орчундуу кемчилик болуп саналат. Бүткүл өнөр жай өндүрүшүндө бул тармактын үлүшү – 0,5% дүн продукцияны түзөт. Ошондуктан республикага керектүү химиялык продуктулар жакынкы чет өлкөлөрдөн ташылып келинет; аларга химия өнөр жайынын негизги тармактары – синтетикалык чайырлар жана пластмасса, автопокрышка, химиялык була жана жип, жер семирткичтер жана гербициддер, күкүрт кислотасы жана соода кирет. Ошол эле учурда республиканын өзүндө химия өнөр жайын өнүктүрүүгө керектүү минералдык жана органикалык сырьёлордун ири запастары бар.

Республикада химия өнөр жайын өнүктүрүү үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгы – арзан электр энергиясы, жетиштүү сандагы эмгек ресурстары, химия продуктуларын талап кылуучу өнүгүп бара жаткан өнөр жай, айыл чарба, курулуш ж. б. бар.

Азыркы учурда республика боюнча Бишкекте химиялык жана пластмасса буюмдарын чыгаруучу эки завод, ошондой эле чакан ишканалар иштейт. Алар сырьёну негизинен тыштан алат. Негизги чыгарган продукцияларга – жасалма тери, пластмассадан жасалган буюмдар, эмаль, олиф, боёктордун түрлөрү, линолиум, полиэтилен пленкалары, оюнчуктар, клейлөөчү ленталар, дарыдармектер ж. б. кирет.

Республиканын өнөр жайынын мындан ары өнүгүүсүндө химия өнөр жай тармагы зор роль ойномокчу. Ал үчүн химия өнөр жайы өтө тез ылдамдыкта өнүгүүгө тийиш, алар тармак жана аймактык жайгашуу боюнча да чоң өзгөрүүлөргө дуушар болот. Келечекте Бишкектеги химия заводун Беловодск кыштагына, Бишкектеги пластмассалардан буюм жасоочу заводду Кайыңды шаарчасына которуу максатка ылайык. Бул болсо калкы көп борбордун экологиясын тазалыкта кармоого мүмкүндүк түзөт. Жергиликтүү сырьёлук ресурстардын негизинде минералдык жер семирткичтерди, синтетикалык материалдарды, пластмасса буюмдарын, жасалма була, жип ж. б. көп нерселерди чыгарууну өздөштүрүүгө толук мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

Химия өнөр жайынын эң келечектүү тармагы – жер семирткичтерди өндүрүү болуп саналат. Азот жер семирткичи Россиянын Кемеров ж. б. облустарынан (2500–4000 *км* аралыкта), Өзбекстандан, Түштүк Казакстандан алынат. Бул болсо транспорттук көп чыгымды талап кылат, себеби 500 миң гектардан ашык сугарылуучу жерге норма боюнча 1 *га* аянттагы дан өсүмдүктөрүнө – 4 *ц*, техникалык өсүмдүктөргө – 6,8 *ц*, жашылча, картошка үчүн – 9 центнерден тук талап кылынат, бардыгы болуп жылына 520–550 миң *т* стандарттык тук ташып келүүгө туура келет.

Акыркы кездеги экономикалык өзгөрүүлөрдү, мамлекет аралык кооперациянын бузулушун эске алсак, бирден бир, бирок эң

туура багыт – Түндүк Кыргызстанга азот тугун өндүрүүчү ишкана куруу. Түштүк Кыргызстан убактысынча тукту Өзбекстан менен Түркмөнстандан алып турса болот. Чүй өрөөнүнө мамлекет аралык Жаркак – Бухара – Ташкент – Чымкент – Тараз – Бишкек – Алматы газ кууру курулган. Ташылып келинген жаратылыш газынын базасында Бишкектин айланасында азот тугун өндүргөн чакан завод курууга болот, анын арзан продукциясын Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас облустарынын жана Казакстандын коңшу райондорунун чарбалары пайдалана алат.

Алыскы келечекте жер семирткичтерди өндүрүү үчүн сырьё катары Кара-Кеченин көмүрүн пайдалануу ылайык. Бул маселе 1960-жылдан бери каралууда. Кара-Кеченин көмүрүн иштетүү жолу менен азот жер семирткичин гана эмес, аны тикеден-тике гумин жер семирткичи катары пайдаланса да болот. Жаратылышта кычкылдануунун (бузулуунун) натыйжасында бир топ участкадагы көмүрдү жагууга жарабайт, курамында 50–80% ке чейин гумин кислота бар, аны жер семирткич катары пайдаланса болот. Ал натыйжалуулугу жагынан комплекстүү минералдык жер семирткичтерден калышпайт, ал эми өзүнө турган наркы өтө арзан.

Республиканын шартында ар биринин кубаттуулугу 250–300 миң *т* келген Кара-Кеченин бузулган көмүрүнүн базасында – Чүй өрөөнүндө, Кызыл-Кыя көмүрүнүн базасында – Түштүк Кыргызстанда гумин жер семирткичин даярдоочу эки заводду курууга болот. Гумин жер семирткичи үчүн Сүлүктү жана Алмалык көмүрлөрүн пайдаланса болот.

Фосфор жер семирткичин алуу үчүн алгачкы күкүрт кислотасын Талас өрөөнүндөгү Ачык-Таш күкүрт колчеданынан алууга болот. Бул кенди иштетүүнүн негизинде алынган фосфор жер семирткичи эң арзанга түшөт.

Борбордук Теңир-Тоодогу Жетим темир кенинин темир-марганецке жардыраак участогун ачып, цемент заводдорунда пайдаланылуучу тектерди талкалап-жанчыган курулмалардын жардамы менен майдалап, порошок түрүнө келтирип, калий жер семирткичин алып, аны айыл чарбада натуралай жер семирткич катары пайдаланса болот. Мындай табигый жер семирткичтер айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн, мисалы, данды гектарына – 7 – 7,5 *ц*ге, кант кызылчанын түшүмүн 25 *ц*ге чейин көтөрөт.

Химия өнөр жайынын көптөгөн тармагын туз кендерин пайдалануунун базасында түзүүгө болот. Азыркы учурда республикада 30дан ашык туз кени бар, алардын ичинен ирилери жана практикалык жактан маанилүүлөрү – Шамшыкал (Токтогул районунда, кайнатма туз жана натрий сульфаты), Желди-Суу (кайнатма туз), Кичи-Көл (Жумгал районунда, натрий сульфаты), Кочкор (кай-

натма туз, тенардит, глауберит) туз кендери. Кыргызстандын туз кендеринин базасында хлор жана анын кычкылтек кошундуларын, каустикалык сода, натрий сульфатын өндүрүүгө болот.

Химия өнөр жайынын көптөгөн тармагын көмүр, газ жана нефтини пайдаланып түзсө болот. Кара-Кеченин, Өзгөндүн (Туюк, Каргаша, Көк-Кыя) көмүрүн энергетикалык гана эмес, химия өнөр жайы үчүн да эң баалуу сырьё катары пайдалануу керек. Өзгөн таш көмүрүн кокстоо жолу менен андан – кокс газы, чайыр, көмүр коксу алынат, алардан пластмасса, синтетикалык каучук, жер семирткич, кислоталар, дары-дармек, жыттуу, жардыруучу заттар, самын, боёк, кино-пленкаларды алууга болот. Бир катар химиялык өндүрүштө органикалык сырьёлорду пайдалануу менен иштетүүгө болот. Республиканын аймагында айыл чарба өндүрүшүнүн таштандыларын саман-топон, жүгөрүнүн паясы, жалбырагы, гозо паяны ж. б. табигый өскөн өсүмдүктөрдү химия өнөр жайында иштетип, андан кургак тоют ачыткыларын витаминге бай белоктуу тоют, кагаз, курулуш плиталарын даярдоого болот.

Өсүмдүк таштандылары үчүн республиканын түндүк жана түштүк райондорунда химиялык эки завод курууга болот. Пахта тазалоочу заводдордун чыгарган таштандыларынан (линта) Шамалды-Сай шаарчасына пахта-целлюлоза комбинатын куруу каралган, азырынча ал курулуш токтолуп турат. Түштүк Кыргызстанда линта жана делинттен, целлюлозадан башка тамак-аш өнөр жайында пайдаланылуучу кристаллдык глюкоза алууга болот. Түндүк Кыргызстандын Чүй жана Талас өрөөндөрүндө көп өсүүчү жапайы цикорий өсүмдүгүнөн инулин, андан фруктоза өндүрсө болот. Фруктоза кантка караганда 2 эсе таттуу, аны тамак-аш, кондитердик өнөр жайларында кеңири пайдаланууга болот. Калк үчүн дары-дармек чыгаруунун келечеги чоң.

Жалпысынан Кыргызстан химиялык ресурстарга өтө бай, мында органикалык жана органикалык эмес сырьёлор негизги химияны, органикалык синтез химиясын өнүктүрүүгө шарт түзөт. Адис геологдордун маалыматтарына караганда 37ден ашык элементти өнөр жайда пайдаланса болот. Химия өнөр жайын өнүктүрүү боюнча сырьёдон башка кошумча шарттар да бар, аларга арзан гидроэнергия булагы, өнөр жайлык суу, отун, эмгек ресурстары, илимий-техникалык база ж. б. кирет.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Республикада кандай химиялык ресурстар бар?
2. Республиканын химия өнөр жай ишканаларын атагыла, келечектеги өсүүчү приоритеттүү тармактары кайсылар?

## V. 1. 5. Токой, жыгач иштетүү жана целлюлоза-кагаз өнөр жайы

Кыргызстанда бул тармактын өсүшү жергиликтүү сырьёго эмес, элдин чарбалык керектөө муктаждыктарына байланыштуу. Республикада сырьё жокко эсе болгондуктан бардык ишканалар дээрлик башка райондордон ташылып келинген сырьёлор менен иштейт. Республикадагы токой, жыгач иштетүү жана целлюлоза-кагаз өнөр жай ишканаларынын саны 150гө жетип, алардын 15тейи гана өзүнчө баланста иштеген, калганы башка ишканалардын курамындагы же жеке менчиктеги цехтер ж. б. майда устаканалар болгон.

Жыгач даярдоо – токой байлыгына көз каранды. Республикада токой ээлеген жерлердин аянты 1049,9 миң *га*, башкача айтканда жалпы аянттын 3,5%ин түзөт. Токой фондусунун жалпы запасы өтө аз, токой негизинен тоолордо деңиз деңгээлинен 1000–3500 *м* бийиктиктерде өсөт. Токой негизинен тоолордун тескей беттерин, Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталдарын, Кемин өрөөнүн, Тескей Ала-Тоонун түндүк капталын ж. б. жерлерди ээлейт. Аталган аймактарда токой чарбалары уюшулган, алардын негизги максаты – токой байлыгын коргоо, көчөт отургузуп токой аянттарын кеңейтүү, санитариялык жактан кыркуу; өнөр жайлык максатта жыгач дээрлик кыйылбайт. Ошондуктан республиканын эл чарбасы керектөөчү жыгачтардын басымдуу бөлүгү Россиянын токойлуу аймагы – Сибирден ташылып келинет. Республиканын жыгачка болгон талабын толук канааттандыруу үчүн кеминде 300 миң $м^3$ жыгач керек.

Жыгач иштетүү өнөр жайынын ички тармактык структурасында негизги орунду эмерек жасоо ээлейт; тармактын дүң продукциясынын 55%тен ашыгы – эмерекке туура келет. Кыргызстанда эң чоң жана эски ишкана – Бишкек шаарындагы «Кыргызэмерек» комбинаты. Ал 1926-ж. негизделген. Алгачкы жылдары 90дой жумушчу иштеген чакан ишканалардын катарына кирген, жыгач иштетип, эмерек жасаган. 1933-ж. ал ишкана «Бондарка» аттуу артель болуп, кийин жыгач челек, дөңгөлөк жасап, жыгач иштетүүчү ири ишканага айланган. 1950-ж. артелге Бишкектеги тактай тилгич ишкана менен чакан фабрика кошулуп, эмерек комбинаты уюштурулган. Комбинатка жыгач заводу, эмерек фабрикасы жана жыгачтан идиштер жасоочу заводдор кирген. Алар мурда ящик, бочка, стол, отургуч, жаван жана диван жасап чыгаруучу. Кийинки жылдары комбинаттын өндүрүштүк жайлары кеңейип, иш процесстери механикалаштырылып, автоматташтырылган. Натыйжада комбинат чыгарган продукциянын сапаты бир топ жакшырды жана көп продукция бере баштады. Комбинат чыгарган – стол, отургуч, шкаф, сервант, диван, гарнитура, текчелер, жыгач кроват, жумшак эмеректер ж. б.

Комбинат «Кыргызэмерек» бирикмесинде башкы ишкана катары көп жаңылыктарды, жогорку сапаттагы продукцияларды чыгарып, адистешкен жаңы буюмдарды – кабинет эмеректерин, жатакана жана үй гарнитураларын, жумшак эмеректерди, ашканалар үчүн гарнитураларды жана улуттук эмеректерди даярдоодо. Калдыктардан балдардын түрдүү эмеректери менен оюнчуктарын жасап чыгарат. Бишкектен чыккан эмеректер Кыргызстандын бардык булуң-бурчтарына, коңшу Казакстан менен Өзбекстанга жөнөтүлүп турат.

Калктын учурдагы талабына жооп берген эмеректерди чыгаруу болгон өндүрүштүк кубаттуулукту жакшыртууга, иштеп жаткан ишканаларды техникалык жактан жабдууга, өндүрүштүк процесстерге алдыңкы технология менен механизацияны кийирүүгө жана жаңы адистешкен өндүрүштөрдү курууга байланыштуу.

«Кыргызэмерек» комбинаты 1991-ж. акционердик коомго айланып, ага Бишкектеги «Эмерек», «Ак кайың», «Кереге», Жалал-Абаддагы «Эмерек», Оштогу «Чынар» жана Баткен облусундагы «Кан өнөр жай комбинаты» кошулган. Токой, жыгаччылык жана целлюлоза-кагаздан буюм жасоо өнөр жайынын республикада жыгач сырьёлорун жана отун даярдоодо да мааниси зор. Бул өнөр жайдын чакан тармагы – картон жана кагаз даярдоочу 3 ишкана. Бул ишканаларда жалпы тармактын 1,2% продукциясы өндүрүлгөн, 7,6% өндүрүш персоналы иштеп, 2,2% өндүрүштүн негизги каражаты топтоштурулган.

Картон жана кагаз даярдоочу тармактын негизги ишканасы Чүй облусунун Токмок шаарындагы «Картон» акционердик коому, анда тармактын 75% продукциясы чыгарылган. Ишкананын негизги чыгарган продукциясы картон жана андан буюм жасоо болуп саналат. Бирок, бул тармакта акыркы жылдарда продукция өндүрүү кескин төмөндөп кеткен. Анын негизги себеби чыгарылган продукциянын сапатынын жана сатууга өтүмдүүлүгүнүн төмөндүгү базар экономикасынын шартына туура келбей калган. 2005-жылдан картон чыгаруучу жеке менчик ишканалары (Бишкек шаарындагы «Г. Картон» ишканасы ж. б.) иштей баштап, Кыргызстандын кагаз буюмдарына болгон муктаждыгынын 35% ин камсыз кылган.

Республикада токой, жыгаччылык жана целлюлоза-кагаз өнөр жайынын ишканаларынын ирилери Бишкек шаарында жана Жалал-Абад, Чүй облустарында жайгашкан.

Бул тармактын келечеги кенен, токой өстүрүү, алардын сырьёлорун пайдалануу, жаратылышта сейрек кездешүүчү баалуу дарактарды жана айлана-чөйрөнү таза сактоо боюнча Швейцариянын адистери менен бирдикте көптөгөн иштер жүргүзүлүп жатат. Ошондой эле дүйнөлүк рынокто өтүмдүү жаңгак ж. б. баалуу жыгачтардан сапаттуу эмеректерди жасоо жолго коюлууда. Кытай

менен түзүлгөн келишим боюнча Чүй облусунун Токмок шаарында кагаз чыгаруучу биргелешкен ишкана курулуп, иштеп жатат.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Токой, жыгач иштетүү жана целлюлоза-кагаз өнөр жайынын тармактары кайсылар?
2. Бул тармактардын келечегин кандай элестетесиңер?
3. Кыргызстандагы токойдун ири массивдери жайгашкан жерлерди аныктап, аларды контур картага түшүргүлө.

## V. 1. 6. Курулуш материалдар өнөр жайы

Эл чарбасын өнүктүрүүдө, өзгөчө турак жай, ишкана жана мекеме имараттарын курууда курулуш материалдардын мааниси өтө зор. Курулуш материалдар өнөр жайы республиканын өндүргүч күчтөрүн жайгаштырууга жана өнүктүрүүгө олуттуу таасирин тийгизүүчү келечеги кең тармактардын бири. Ал өнөр жайдын казып алуучу жана алгач иштетүүчү тармактарын (мрамор, гранит, келки таш, шагыл, кум ж. б.), эл чарба тармактарынын курулушуна керектүү материалдарды жана жасалгаларды чыгаруучу тармактарды (кыш, бетон, курулуш айнеги, даяр үйлөр ж. б.) камтыйт.

1910-жылкы маалымат боюнча мезгил-мезгили менен иштеген, кол эмгегине негизделген чакан 6 кыш заводу, бир акиташ заводу болгон. Кийин 1922-ж. республикада 400 миң даана кыш чыгарылса, 1936-ж. анын саны 28,9 млн даанага жеткен. Бирок, курулуш материалдарын чыгаруучу ишканалардын кубаттуулугу жалпысынан төмөн болгон.

Курулуш материалдар өнөр жайы республикада 1950–60-жылдары кыйла дурус өнүккөн. Ушул мезгилдин ичинде Күрмөнтү цемент заводу, Кант цемент-шифер комбинаты, Жел-Аргы акиташ заводу, курама темир-бетон, гипстен куюлган курулуш материалдар өндүрүшү ишке киргизилген. 2009-ж. Баткен облусунда Орто Азиядагы эң ири – Кызыл-Кыя цемент заводу курулган.

Республиканын аймагынан курулушка жарактуу 2 миңдей кен табылган. Булардын ичинен 140 кен азыр ар тараптан жеткиликтүү иликтенип, анын 50 кени эл чарбасын өнүктүрүүдө пайдаланылып жатат. Өзгөчө кыш, цемент, керамзит, аглопирит, курулуш гипси, акиташ, кум, шагыл сыяктуу материалдарды чыгарууда, мрамор, гранит алууда кендер экономикалык жактан өтө келечектүү. Курулуш материалдар өнөр жай ишканаларын камсыз кылуучу сырьёнун жалпы запасы – 1512,0 млн $м^3$. Жылына орточо эсеп менен 25 млн $м^3$ курулуш материалдары казылып алынат. Бул чарба тармактарына тиешелүү сырьё жагынан ал көрсөткүч жетишсиз,

айрым сырьёлор, тактап айтканда, айнек чыгаруучу кварц куму Тажикстандан, сода Башкыртстандан, натрий сульфаты Украинадан, доломит Түркмөнстандан ташылып келинген. Базар мамилелеринин шартында коңшулаш өлкөлөрдөн курулушка керектүү, салыштырмалуу арзан материалдарды чыгарууга жарактуу сырьёну алуу кымбаттап, тышкы экономикалык байланыштар бузулуп, айрым ишканалар сырьёнун тартыштыгынан токтоп калууда. Ушундай экономикалык терс факторлордун таасиринен улам чыгарылган курулуш материалдарынын көп түрү азаюуда.

*11-таблица*

**Курулуш материалдар өнөр жай продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 |
|---|---|---|---|---|---|
| Цемент, миң *т* | 869,7 | 972,8 | 1050,9 | 1229,5 | 1160,4 |
| Курулуш акиташы, миң *м* | 10,4 | 8,5 | 9,9 | 12,9 | 8,5 |
| Курама темир-бетон конструкциялары жана буюмдары, миң $м^2$ | 61,2 | 98,6 | 114,5 | 135,3 | 130,5 |
| Дубал материалдары, млн даана шарттуу такта | 88,8 | 112,9 | 107,0 | 120,6 | 83,4 |
| Асбест-цемент листтери (шифер), млн шарттуу кыш | 240,9 | 229,5 | 232,9 | 193,0 | 123,1 |
| Терезе айнектери, млн $м^2$ | 2,2 | 2,1 | 1,3 | 7,3 | — |
| Линолеум, миң $м^2$ | — | 8,0 | 43,4 | 32,2 | 18,8 |

Республикада рыноктук шартта курулуш материалдар өнөр жай ишканалары мамлекеттен ажыратылып, структуралык жактан кайра өзгөрүлүп түзүлүп, мамлекеттик акционердик коомго (МАК) жана акционердик коомдорго (АК) айландырылган.

Курулуш материалдарынын ишканалары аймактары боюнча текши жайгашкан эмес. Кээ бир тармактар кен байлыкка ыктаса, башка бир түрлөрү керектөөчүлөрдүн муктаждыгына ылайык курулат. Алсак, республиканын шартында цемент, кыш, шифер, айнек, гипсти даярдоо ишканалары сырьёнун чыккан жерине жайгашса, бетон, темир-бетон жасалгаларын, санитариялык карапа буюмдарды даярдоо, таш иштетүү сыяктуу материалдарды чыгаруучу ишканалар, тескерисинче, керектөөчүлөргө жакын орун алган.

2009-жылы республикада 130га жакын курулуш материалдар өнөр жай ишканасы иштеп, 52,9 млн курулуш кирпичин жана блокторду, 579,4 миң *т* цемент, 4,7 миң *т* акиташ, 101,1 миң *т* бетон конструкциялары, 4,7 миң *т* товардык бетон, 62,7 миң *т* шифер, асбест цемент буюмдары, плита жана панель, 37,8 миң $м^2$ эшик жана терезе даярдаган. Курулуш ишканалары түрдүү цемент, шифер, керамзит, асбест-цемент куурлары, курулуш акиташы, дубал материалдары (кыш), курама-темир бетон конструкциялары жана буюмдары, гранит, мрамор, үлүлдүү акиташ, керамикадан жасалган

каптооч такта, көпшөк толтургуч, базальт композиция материалдарынын негизинде жасалган жылуулук өткөрбөс буюмдар, терезе айнектерди ж. б. чыгарат.

Тармактын ири ишканалары Чүй жана Ош облустарында жайгашкан. Чүй облусу республикада курулуш өнөр жай материалдарын чыгарууда негизги орунду ээлейт. Ошондой эле экспорттун структурасында курулуш материалдары 3-орунда турат. Жалпы республика чыгарган өнөр жай продукциясынын 3% и курулуш материалдар өнөр жайына туура келип, негизги курулуш материалдарына болгон муктаждыкты камсыз кылат.

Республикада курулушка керектүү жана имараттарды каптоочу баалуу кооз таштарга, бөтөнчө, сиенит, мрамор, базальт – үлүлдүү акиташ, гранит сыяктуу кендерге бай. Бул баалуу таштардын имараттын бетин коздоого эстетикалык жактан гана эмес, экономикалык жактан да мааниси чоң. Анткени капталган же төшөлгөн такта таш эң кеминде 350 жылга чейин чыдап, ремонт ишине кошумча каражат анча талап кылбайт.

Республикада түрдүү таштын 20 кени жеткиликтүү изилденген. Булардын запасы 142,0 млн $м^3$. Кендердин басымдуусу арасынан орун алган. Жакын арада өздөштүрүү үчүн Ак-Өлөң сиенити, Чаар-Таш мрамору, Кыр-Табылгы граниты жеткиликтүү изилденген.

Курулуш материалдар өнөр жайынын келечектүү жана эң керектүү тармагы – таш казып алуучу жана иштетүүчү өнөр жайы калыптанып, анын ишканалары Токмок, Ош шаарларында жайгашкан. Жалпы кубаттуулугу жылына 18 миң $м^3$ мрамор, гранит жана үлүлдүү акиташ такталарын даярдоого ылайыкталган, бирок алар республиканын керектөөсүн толук камсыз кыла албайт. Ал эми бул баалуу таштарга бөтөнчө, ак жана кара мрамор, кызыл жана кызгылт гранитке дүйнөлүк рыноктун талабы артууда.

Таш иштетүү өнөр жайы республикага валюта алып келүүчү, экономиканын келечектүү тармактарынын бири. Ошондуктан ишканалардын кубаттуулугун 4–5 эсеге чейин көбөйтүү каралууда. Кендердин потенциалдык запасы узак жылдарга чейин жетиштүү. Мисалы, мрамордун өнөр жайлык запасынын азырынча 1,0% араң пайдаланылды. Жакынкы жылдардын ичинде ташты иштетүүнүн географиясы кыйла кеңейтилет. Тактап айтканда, Арым, Ак-Таш, Боролдой мраморлорун, Кайыңды гранитин, Сары-Таш (Жалпак-Таш) үлүлдүү акиташын казып алууну кыйла кеңейтүү, Ак-Өлөң сиенитин, Кыр-Табылгы гранитин, Новороссийка мраморун, Боз-бу-Тоо кара акиташын, Эчкили-Тоо түстүү мраморун иштетүүнү баштоого толук мүмкүнчүлүк бар. Ал кендердин долбоордук өлчөмү жылына 600–650 миң $м^2$ге жетет. Курулуш материалдар өнөр жайынын, өзгөчө таш иштетүүчү ишканалардын азыр чет өлкөлөрдүн компаниялары, фирмалары менен өз ара келишим түзүүгө толук

шарты бар. Кенди казып алууну дүйнөлүк мыкты фирмалар менен чогуу жүргүзүү республиканын экономикасын жакшыртууга салымын кошот. Таш иштетүүнүн сырын толук өздөштүргөн адистер даярдалып, илимий негизде эң мыкты технологиялык процесстерди колдонууга, даярдалган такта таштардын сапатын жакшыртууга, экспорттун үлүшүн арттырууга толук мүнкүнчүлүк бар.

Азыркы иштетилип жаткан таш кендеринин эң чоңу – Сары-Таш (Жалпак-Таш) үлүлдүү акиташ кени, Арымдын мрамору. Казылып алынган мрамордун басымдуу бөлүгү Токмоктогу таш иштетүүчү «Кыргыз тооташ» заводунда иштетилет. Ош шаарында гранит менен мраморду иштетүүчү цех бар, анын кубаттуулугун 20–25 миң $м^2$ге жеткирүү каралууда. Токмоктогу «Кыргыз тооташ» мамлекеттик акционердик коомунун кубаттуулугун дагы кыйла кеңейтүү белгиленип жатат. Анткени республиканын түндүк бөлүгүнөн табылган кендердин басымдуусу келечекте ушул ишканада иштетилмекчи.

Келечекте иштетүүлүчү таш кендердин ичинен эң маанилүүсү Ак-Өлөң сиенити, анын жалпы запасы 1,3 млн $м^3$. Базальт кенинин ири запасы Сулуу-Теректе табылган, ал Балыкчы шаарынан 43 *км*.

Республиканын аймагынан гипстин 130 кени табылган. Азыр Чаңгыр-Таш жана Ноокат гипс кендери иштетилип, республиканын муктаждыгын камсыз кылууда. Келечекте өнөр жай комплексинин тиешелүү тармактары гипсти 2–3 эсеге арбын чыгарууну талап кылышы күтүлүүдө. Гипс сырьёсун арбын иштетүү аркылуу республиканын эле керектөөсүн камсыз кылбастан, келечекте Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан сыяктуу коңшу өлкөлөргө чыгарууга дагы мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Курулуш материалдар өнөр жайынын цемент өндүрүүдөн кийин эле эң прогрессивдүү жана ар тараптуу тармагы – темир-бетон өнөр жайы. Темир бетон буюмдарын жана конструкцияларын чыгаруучу ишканалар продукциясын керектөөчү, калктуу жерлерге жайгашат. Бул тармактын өнүгүүсү үчүн сырьёнун негизги эки түрү – цемент жана кара металл талап кылынат. Цемент республикада өндүрүлгөнү менен, темир чет өлкөлөрдөн ташылып келинет. Темир-бетон ишканалары негизинен Бишкек, Токмок, Каракол, Ош ж. б. шаарларда жайгашкан. Ири ишканалары: Бишкек курама темир-бетон заводу, Токмок темир-бетон, «Таштемир» (мурдагы Бишкек курама темир-бетон заводу), «Кум-шагыл» (№ 2 Бишкек курама темир-бетон заводу), «Полубетон» (Бишкек курама темир-бетон конструкция жана буюмдар полигону), «Темирташ» (Жалал-Абад) акционердик коомдору ж. б.

Курулуш материалдар өнөр жайынын курамына айнек чыгаруучу ишканалар да кирет. Азыркы заманда ири шаарларды, мекеме, өндүрүштүк ишканаларды темир-бетон жасалгалар менен шайкеш



Кант цемент-шифер заводу.

келген айнексиз элестетүүгө болбойт. Айнек өндүрүүчү ишканалар негизинен Чүй өрөөнүндө – Токмоктогу «Айнек» мамлекеттик акционердик коому, 1257 миң $м^2$ продукция, «Чүйгласс» биргелешкен ишканасы 8,2 млн даана шише чыгарган. Акиташ сырьёсу республиканын бардык жеринде бар, бирок азыркы учурда бир гана Кемин районундагы «Ак-Таш» акционердик коому, мурунку Жел-Аргы акиташ заводу (1965-ж. курулган) курулуш акиташын өндүрөт.

Республиканын аймагынан кыш чыгарууга жарактуу чополуу кумдун, чопонун 40тан ашык кени табылган, анын теңи пайдаланылып, республиканын бардык райондорунда кыш өндүрүлөт. Ири ишканалары: «Бишкек курулушматериал», «Нур» АК (Кызыл-Кыя курулуш материалдар комбинаты, КМК), «Ош акташ», «Ийгилик» (Беловодск кыш заводу) ж. б. Мындан сырткары курулуш материалдарын чыгаруучу «Ош акташ», «Кыргыз тооташ» мамлекеттик акционердик коому (Токмок), «Азат» корпорациясы (Бишкек үй куруу комбинаты), «Кумшагыл», «Силикат» (Ивановка курулуш материалдар заводу) акционердик коомдору ж. б. иштейт. Республикада санитариялык жана карапа буюмдарын чыгаруучу ишканадан «Кыргызфарфор» мамлекеттик акционердик коому 2,5 миң даана буюмдарды чыгарган. Мындан тышкары «Линолеум» мамлекеттик акционердик коому бар.

Республикада курулуш материалдар өнөр жайынын ишканаларын базар мамилелеринин шартында ийгиликтүү өнүктүрүү, чыгарган продукцияларынын сапатын жакшыртуу, түрүн көбөйтүү, сырьёну сарамжалдуу пайдалануу, адистештирилген акционердик жана жекече ишканаларды түзүү ж. б. маселелери чечилген. Айрыкча чакан жана орто ишканалардын географиясын кыйла кеңейтүү базар экономикасына өтүү шартында өтө маанилүү. Алардын келечектүү экендигинде талаш жок. Чакан ишканаларды бардык экономикалык райондордо жайгаштыруу аз кендерди иштетүүгө өтө ыңгайлуу келип, курууга каражат аз жумшалып,

киреше ылдам түшөт, эмгек өндүрүмдүүлүгү кыйла арбыйт. Ишканалар чыгарган продукциялардын мындай түрү базар мамилелеринин талабына ылайык тез өзгөртүүгө ыңгайлуу келип, өнөр жай начар өнүккөн тоолуу аймактардагы калкты иш жана керектүү курулуш материалдары менен камсыз кылат.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Республикадагы курулуш материалдар сырьёсун санагыла.
2. Курулуш материалдары өнөр жайынын өнүккөн тармактары кайсылар, эң ири мамлекеттик маанидеги өнүккөн ишканаларын атагыла.

## V. 2. АЙЫЛ ЧАРБАСЫ

Айыл чарбасы Кыргызстандын эл чарбасынын негизги тармактарынын бири. Ал эзелтен эле республиканын калкынын жашоо турмушуна керектүү азыктарды өндүрүүнүн негизги булагы болуп келген. 2009-жылы республиканын жалпы дүң продуктусунун 35,6%ин жана улуттук кирешенин 40%ин айыл чарба тармагы өндүргөн.

XX кылымдын 20-жылдарына чейин Кыргызстанда көчмөн мал чарбачылыгы өкүм сүргөн. Дыйканчылык начар өнүккөн. Башка аймактарга караганда Фергана ойдуңунда отурукташкан элдин дыйканчылык чарбалары болгон. Алар пахта, шалы эгишкен. Кийинчерээк орустар, украиндер, дунгандар отурукташкан аймактарда дыйканчылык өнүгө баштаган.

Айыл чарбасы ал мезгилде экстенсивдүү жол менен өнүгүп, мал чарбасынын продуктуулугу, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү өтө төмөн болгон. Тоют жетишсиз болгондуктан кышы оор жылдарда мал жуттан, калк жаз айларында ачкачылыктан азап чеккен. Дыйканчылык жалпысынан керектелүүчү мүнөздө болгон. Дыйканчылык буурсун, кетмен, оргуч-чапкыч, сапыргыч сыяктуу жөнөкөй шаймандар менен жүргүзүлгөн, бирок алар дагы аз эле. 1910-ж. 24,9 миң ат соко, 86 ийрек мала, ат чегилме 189 чөп чапкыч бар эле.

Советтик доордо администрациялык бийлик орнотулуп, борбордоштурулган пландоо системасы киргизилген. Буйрук жолу менен жер-суу реформасы, коллективдештирүү иштери жүргүзүлүп, Кыргызстандын бардык аймактарында эл отуруктуу турмушка өткөн. Колхоз, совхоздор пайда болгон. Республикада 1940-ж. коллективдүү чарба дыйкандардын 98,9%ин камтыган, 36 совхоз, 1732 колхоз, 65 машина-трактор станциясы уюштурулган.

Советтик доордун акыркы жылдарында республиканын айыл чарбасы уяң жана чала уяң жүндүү кой асыроого, пахтачылыкка,

тамекичиликке, кант кызылчанын, беденин жана кант кызылчанын үрөнүн өндүрүүгө адистештирилген. Ошону менен катар эт-сүт багытындагы кара мал, чочко, үй канаттуулары, жылкы чарбасы, жүзүмчүлүк, багбанчылык, жашылча чарбасы өнүккөн. Аларды жайгаштыруу жана бийиктик алкактар боюнча айыл чарбасын адистештирүү иштерине көңүл бурулган.

Республиканын аймагынын жаратылышы, анын ичинен климаты, топурак-өсүмдүктөрү ж. б. табият компоненттери бийиктик боюнча өзгөргөндүктөн, аларда өндүрүлүүчү айыл чарба продукцияларды өзүнө турган наркы ж. б. өтө ар түрдүү.

Республикада айыл чарбасын адистештирүүдө жана жайгаштырууда тоолуу өлкөнүн бийиктик алкактарынын өзгөчөлүктөрү толук эске алынбай калган. Табигый экономикалык зоналар жана райондор боюнча айыл чарбасын илимий жактан негиздеп жайгаштыруу, эң мыкты шарттары болгон жана каражаттардын эң көп үнөмдөлүшүнө мүмкүнчүлүк берген айыл чарба продукциясынын түрлөрүн көбүрөөк өстүрүү менен айыл чарбасын алда канча терең жана туруктуу адистештирүү толук ишке ашырыла элек. Совет мезгилинде жарык көргөн айрым адабияттарда республиканын администрациялык райондору айыл чарба өндүрүшү боюнча төмөнкү зоналарга бөлүнгөн: 1. Фергана пахтачылык зонасына түштүктүн – Араван, Базар-Коргон, Кара-Суу, Ноокен, Сузак райондору; 2. Фергана өндүрү тоо этектериндеги пахтачылык мал чарба зонасына – Баткен облусунун райондору; 3. Фергана өндүрү тамекичилик-мал чарба зонасына – Аксы, Ала-Бука, Ноокат, Өзгөн райондору; 4. Чүй дыйканчылык-мал чарба зонасына – Чүй облусу; 5. Талас кой чарба-тамекичилик зонасына – Талас облусу; 6. Ысык-Көлдүн мал чарба-дыйканчылык зонасына – Ысык-Көл облусу; 7. Бийик тоолуу кой чарба зонасына – Нарын облусу жана Алай, Кара-Кулжа, Тогуз-Торо, Токтогул, Чаткал, Чоң Алай райондору киргизилген.

Азыркы учурда айыл чарбасын адистештирүү жана жайгаштыруу проблемасын изилдөөнү уланткан илимий мекеме жана окумуштуулар жокко эсе. Ошондуктан, айыл чарбасын илимий жактан негиздеп, табигый-экономикалык зоналар боюнча адистештирүү жана жайгаштыруу проблемасын чечүү – мезгилдин талабы. Рыноктук экономикага өтүү, айыл чарбасында көп укладдуу чарбанын пайда болушу, агрардык реформанын жүргүзүлүшү, бийиктик алкактар боюнча айыл чарбасына тереңдетилген адистештирүүнү ишке ашыруу, майда товардык чарбаларды, анын ичинде дыйкан чарбаларды (фермерлерди), атайын адистешкен кооперацияларды, акционердик уюмдарды, агрофирмаларды уюштурууну ж. б. талап кылат.

Мурдагы советтик доордо айыл чарбасы боюнча жүргүзүлгөн саясаттын кемчиликтери менен катар малдын, тукумун асыл-

дандыруу, жогорку түшүм берүүчү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жаңы сортторун чыгаруу, айыл чарбасын ар кандай техника менен жабдуу, электрлештирүү, сугат аянттарын кеңейтүү, жер семирткичтерди кеңири пайдалануу сыяктуу реалдуу чаралар да пландуу ишке ашырылып турган.

Кыргызстандын окумуштуулары менен алдыңкы малчыларынын тыгыз байланышынын натыйжасында республикада асыл тукум малдын жаңы түрлөрү (ала тоо уюу, кыргыздын уяң жүндүү кою, кыргыздын асыл тукум жылкысы) табылган. Алар жергиликтүү шартка өтө чыдамдуу келип, продуктуулугу мурунку кыргыз коюна, уюна, жылкысына салыштырганда жогору болгон. Бирок малдын азыркы тукумунун продуктуулугу жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөргө салыштырганда төмөн. Ошондуктан республикада «Асылмал» программасы иштелип, малдын тукумун жакшыртуу, алардын продуктуулугун жогорулатуу, ошондой эле дыйканчылык илим-изилдөө институту тарабынан айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүү сортторун табуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат.

Айыл чарбаны механикалаштырууда машина-трактор станциясы чечүүчү роль ойногон. 1958-жылдан МТСтер жоюлуп, алардын техникалары айыл чарба ишканаларына сатылган.

Кыргызстанда айыл чарбасын электрлештирүү 1935-жылдан тартып жылуулук (дизелдүү) электр жана чакан гидроэлектр станцияларын куруудан башталган. Кийинчерээк ири гидроэлектр станциялары курулуп, айыл чарбасын электр энергиясы менен жабдуу максатында айыл-кыштактарда жогорку вольттуу электр берүү тармактары кеңейтилген. Ири ГЭСтердин курулушуна байланыштуу айыл-кыштактарга жакын жайгашкан тоо сууларындагы чакан электр станциялардын иши токтотулган. Бул туура эмес чечим болгон. Анткени кубаттуулугу 1,5–3 *кВт* келген чакан ГЭСтер айыл-кыштактарга, айрыкча, алыскы жайлоолорго электр энергиясын берүүнүн арзан булагы эле. Чакан ГЭСтерди тоо сууларына куруп, аны пайдалануу көп сандагы экономикалык жана социалдык проблемаларды чечет. Анын үстүнө чакан ГЭСтер экологиялык жактан таза да келет.

Айыл чарбасын механикалаштырууда жана электрлештирүүдө алынган техникалардын, курулган электр станциялардын, жогорку вольттуу электр линияларынын жүргүзүлүшүнүн ролу чоң. Алардын жардамы менен жерди айдоо, үрөн себүү, малалоо, чөп чабуу, тоют тартуу, тоютту майдалоо, уйду машина менен саап алуу, кой кыркуу, данды, пахтаны, кант кызылчаны, картошканы жыйноо, дан тазалоо, короо-сарайлар менен өндүрүш жайларын, парниктерди жылытуу жана башка иштер аткарылат. Бирок, азыр да

айыл чарбасын механикалаштыруу жана электрлештирүү деңгээли салыштырмалуу төмөн.

Келечекте айыл чарба тармактарын комплекстүү механикалаштыруу жана электрлештирүү айыл чарбасын интенсивдүү өнүктүрүүгө жана продукцияларды көбүрөөк өндүрүүгө шарт түзөт.

Жер семирткичтерди кеңири пайдалануу жердин асылдуулугун арттырат, айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн жогорулатат. 1965–90-жылдары республикага минералдык жер семирткичтерди алып келүү 8 эсеге жакын көбөйгөн. Бирок, аны чаржайыт пайдаланып, агротехникалык эрежелерди бузуунун натыйжасында 170 миң *га* айдоо аянты ууланууга дуушарланган. Эгерде, мурда эгин талааларына минералдык жер семирткичтерге караганда малдын кыгы көбүрөөк пайдаланылса, ал кийинки мезгилде эң эле аз, айрым райондордо такыр эле пайдаланылбай калган. Минералдык жана органикалык жер семирткичтерди айкалыштырып пайдаланса, анда айдоо аянттар ууланудан сакталып, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмү мындан да жогору болуп, экологиялык жактан таза продукция өндүрүлмөк. Органикалык жер семирткичтер республикада абдан көп. Короо сарайдагы, кыштоолордогу топтолгон малдын кыгын сарамжалдуу пайдалануу кымбат минералдык жер семирткичтерди ташып келүүнүн көлөмүн азайтып, көп каражаттарды үнөмдөйт. Дыйканчылыкка биогумусту кеңири пайдалануунун да кезеги келди. Биогумус – минералдык жер семирткичтерден кескин айырмаланып, экологиялык жактан таптаза.

Кыргызстандын жаратылыш шартында айыл чарбасынын, айрыкча дыйканчылыктын суусуз өнүгүшү татаал. Сугат иштери азыркы Кыргызстандын аймагында байыркы замандан эле кеңири таралган. Республиканын бардык өрөөндөрүндө эски каналдардын нугу, изи азыр да кездешет. Өрөөндөргө туташ жаткан анча бийик эмес тоолордун капталдары менен алып өткөн арыктар аркылуу тектирчелердеги аянтты сугарып, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүргөнүн азыр да байкаса болот. Кийин ири инженердик ирриграциялык каналдар курула баштаганда майда арыктар керектен чыгып, тектирчелер жайытка айландырылган.

XX кылымдын башында республикада сугат дыйканчылыгы жай өнүгүп, калк негизинен жайытта мал багуу менен күн көргөн. Мисалы, 1914-ж. Кыргызстандын азыркы аймагында 640 миң гектар айдоо аянтынын 438,5 миң гектары сугарылган, башкача айтканда бардык айдоо аянттын 68,5% сугат жери болгон.

Сугат дыйканчылыгы республикада айыл чарбанын өнүгүүсүнүн негизи. Азыркы кезде айыл чарба өсүмдүктөрүнүн 70%и, багбанчылыктын, жүзүмчүлүктүн 90%и, техникалык жана жашылча өсүмдүктөрүнүн баары сугат жерлерде. Мал чарбасынын продуктуулугун жогорулатуу да сугатка байланыштуу.

Азыр Чүй өрөөнүндө Батыш, Чыгыш, Түндүк, Чоң Чүй, Ат-Башы, Красная Речка ж. б.; Түштүк Кыргызстанда – Көгарт, Отуз-Адыр, Савай, Кара-Үңкүр; Талас өрөөнүндө – Талас; Нарын облусунда – Куланак сыяктуу бир катар каналдар бар. Бийик тоолордон башталып, өрөөндөр аркылуу өткөн дарыялардын агымын жөнгө салуу максатында Орто-Токой (көлөмү 470 млн $м^3$), Найман, Төрткүл, Кара-Буура (670 млн $м^3$), Токтогул (19,5 млрд $м^3$), Папан (260 млн $м^3$), Төмөнкү Ала-Арча өңдүү суу сактагычтар курулган. Республикадагы агын суулардын көбү (80% ке чейин) мамлекеттик чек арадан өтүп, аларды коңшу өлкөлөр сугатка пайдаланат.

Магистралдык жана бөлүштүрүүчү каналдардын жалпы узундугу 6,2 миң *км*, аларда көп сандаган суу пайдаланууну жөнгө салуучу курулмалар, көпүрөлөр, гидрометеорологиялык посттор, селден коргоочу курулмалар жайгашкан. Суу чарба департаменти сугат аянты 51,7 миң *га* келген 62 насостук станцияны пайдаланып иштетет. 34 ирригациялык суу сактагыч жана жалпы сыйымдуулугу 2 млрд $м^3$ келген сууну суткасына жана декадасына жөнгө салып туруучу 400дөй бассейни бар (2011).

Республикада 2247,3 миң *га* мелиорация фонду бар, анын 1066 миң гасы сугарылат. Бул 1914-жылга салыштырганда 2,4 эсеге көптүк кылат. Республиканын сугат аянттарында сугаруунун алдыңкы ыкмалары болгон жабык сугат тармактары, суу куурларын салуу жана пайдалануу, бороз аркылуу сугаруу, жамгырлатып сугарууга машиналарды колдонуу ж. б. өрчүгөн. Азыр Кыргызстанда сугатка жарактуу жердин 47,8% и өздөштүрүлгөн.

## V. 2. 1. Жер фондусу жана айыл чарбасына жарактуу жердин структурасы

Кыргызстандын жалпы жер аянты 19,9 млн *га* (2010). Анын ичинен айыл чарбага жарактуу жери 10,7 млн *га* же 53,7% ти, айдоо аянттары 1,3 млн *га* же 6,5% ти, чөп чабык жана жайыт 9,3 млн *га* же 46,7% ти түзөт. Айыл чарбасына жараксыз жерлери – аска-зоокалар, тоо чокулары, шагылдуу жантаймалар, мореналар, мөңгүлөр, тоо-таштар ж. б. жерлер.

Айыл чарбасына жарактуу жерлердин айдоосу (огородду кошо эсептегенде) – 12,1%, дың жерлери жана көп жылдык дарактары – 1,0%, чөп чабыктар жана жайыттар – 86,9% ын ээлейт. Табигый жайыттар болсо өзүлөрүнүн чөп өсүмдүктөрүнүн түрү, тоюттук запасы, жайыттык мааниси боюнча өтө ар түрдүү. Айдоого жарактуу жерлер негизинен тоо этегиндеги талаалардан, бийик тоо арасындагы өрөөндөрүнүн түзөң жерлеринен орун алган.

*12-таблица*

**Айыл чарбага жарактуу жерлердин облустар боюнча жайгашуусу (2010-ж., %)**

| Облустар | Айыл чарбага жарактуу жери | айдоо | чөп чабык | жайыт | Айыл чарбага жарактуу башка жерлер |
|---|---|---|---|---|---|
| Республика боюнча | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| а. и. | | | | | |
| Баткен облусу | 6,4 | 5,6 | 5,5 | 6,4 | 21,5 |
| Жалал-Абад облусу | 17,2 | 12,7 | 23,0 | 17,7 | 16,7 |
| Нарын облусу | 26,4 | 9,0 | 7,2 | 29,1 | 16,1 |
| Ош облусу | 15,7 | 14,9 | 43,3 | 15,4 | 14,9 |
| Талас облусу | 7,0 | 8,8 | 1,6 | 6,8 | 3,8 |
| Чүй облусу | 12,4 | 34,0 | 12,3 | 9,5 | 16,1 |
| Ысык-Көл облусу | 14,9 | 14,9 | 7,1 | 15,1 | 10,4 |
| Бишкек шаары | 0,6 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,5 |

Мурдагы колхоз-совхоз системасы рынок шартында айыл чарба өндүрүшүн камсыз кыла албагандыктан жеке демилгелүүлүккө бөгөт болгондуктан, айыл жеринде чарба жүргүзүүнүн жаңы ыкмаларына өттү. 1991-жылдан баштап жер жана агрардык реформа жүргүзүлө баштады. Колхоздор, совхоздор жоюлуп, жер 99 жылдык мөөнөт менен айылдык калкка берилди. Натыйжада айылдык жерлерде фермердик жана дыйкан чарбалары, айыл чарба кооперативдери, акционердик коомдор, асыл-тукум мал чарба жана үрөнчүлүк багытындагы айрым мамлекеттик чарбалар, башкача айтканда көп укладдуу чарбалар түзүлдү.

Айыл чарбасынын жалпы дүң продукциясынын ичинен (2009-ж.) мамлекеттик жана коллективдик чарбалардын үлүшү 0,2% ти, дыйкан жана фермердик чарбалар 56,0% ти, өздүк чарбалар 43,8% ти түзгөн. Мындай абал айыл чарбасында базар мамилесин өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик саясаттын тууралыгы жана өтө керектүүлүгүн иш жүзүндө айгинеледи.

Жалпысынан караганда республиканын айыл чарбасынын негизин дыйканчылыкта дан чарбачылыгы, жашылчачылык, картошка, техникалык өсүмдүктөрдү (пахта, тамеки, кант кызылча) өстүрүү, мал чарбасында уй, кой, эчки, жылкы, үй куштарын, топоз асыроо түзөт. Кыргызстанда айыл чарба дүң продукциясынын 78,9% и дыйканчылыкта, 21,1% и мал чарба тармагында өндүрүлөт.

Республиканын жалпы жеринин 5,9% ин токой ээлейт; анын аянты 1164,1 миң гектар (2011). Кыргызстандын токою – кыргыз элинин улуттук байлыгы. Ысык-Көл, Түндүк, Ички жана Батыш Теңир-Тоо аймагындагы тоолордун түндүк жана батыш капталдарында карагай, Фергана, Чаткал кырка тоолорунун түштүк-батыш, түштүк капталдарында дүйнөгө чанда кездешүүчү уникалдуу

жаңгак-мөмө-жемиш токою, Жалал-Абад облусунун тоо этектеринде кургакчылыкка чыдамдуу мисте, бадам, Алай, Түркстан тоолорунда арча токою өсөт.

Токой мамлекеттин менчиги, экономиканын өнүгүшүндө, айлана-чөйрөнү сактоодо, калктын турмушун оңдоодо мааниси зор. Ал республиканын жыгачка ж. б. токой продукциясына болгон талабынын айрым бир бөлүгүн канааттандыруучу булак, климатка, атмосферага, суулардын гидрологиялык режимине ж. б. суу объектилерине жагымдуу таасирин тийгизип, кыртышты суу жана шамал эрозиясынан сактайт. Республиканын токойлору адам баласынын ден соолугун чыңдоодо, калктын маданий, эстетикалык талабын канааттандырууда мааниси зор; туристтердин сүйүктүү жайына айланууда.

### V. 2. 2. Дыйканчылыгы

Кыргызстан совет доорунда ири мал чарбалуу республика катары гана белгилүү болбостон, ошондой эле пахта, тамеки, кант кызылчанын, буудайдын үрөнүн, жашылча, мөмө-жемиш өндүрүүчү өлкө катарында да таанымал болгон.

*13-таблица*

**Айдоо аянттарынын түзүмү, миң гектар**

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардык айдоо аянты | 1133,6 | 1128,8 | 1160,3 | 1169,6 | 1145,7 |
| Дан өсүмдүктөрү, анын ичинен: | 633,0 | 611,1 | 645,3 | 645,5 | 625,8 |
| буудай | 411,8 | 357,4 | 392,3 | 402,4 | 376,6 |
| арпа | 105,1 | 126,4 | 135,3 | 124,2 | 125,4 |
| сулу | 1,2 | 1,4 | 1,7 | 1,4 | 1,2 |
| дандык жүгөрү | 72,2 | 76,2 | 76,2 | 78,9 | 73,4 |
| күрүч | 6,3 | 6,2 | 6,0 | 6,3 | 6,6 |
| дан буурчак | 35,9 | 43,0 | 42,5 | 41,0 | 42,1 |
| таруу | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,04 | 0,04 |
| кара күрүч | 0,2 | 0,2 | 0,1 | 0,06 | 0,1 |
| Техникалык өсүмдүктөр, анын ичинен: | 142,9 | 122,5 | 107,1 | 93,0 | 94,8 |
| кант кызылча | 13,6 | 8,6 | – | 4,9 | 8,4 |
| пахта | 45,7 | 34,8 | 32,7 | 16,9 | 26,7 |
| тамеки | 5,6 | 5,9 | 5,8 | 4,9 | 4,1 |
| Картошка, жашылча-бакча, анын ичинен: | 127,5 | 134,7 | 133,3 | 137,2 | 133,6 |
| картошка | 81,2 | 86,6 | 83,7 | 87,2 | 84,3 |
| жашылча | 41,2 | 42,1 | 43,4 | 43,4 | 41,9 |
| Тоют өсүмдүктөрү, анын ичинен: | 230,2 | 260,5 | 265,6 | 284,9 | 291,5 |
| көп жылдык чөптөр | 212,3 | 238,5 | 248,4 | 267,8 | 251,8 |
| силостук жүгөрү | 6,1 | 5,4 | 3,8 | 2,9 | 3,7 |
| кысыр аңыз | 1,8 | 2,1 | 2,5 | 3,8 | 4,5 |

Айыл чарба өндүрүшүн базар мамилесине өткөрүү мезгилинде республиканын калкын өлкөдө өндүрүлгөн азык-түлүк продуктулары менен камсыз кылуу максатында тоют өсүмдүктөрү менен техникалык өсүмдүктөрдүн аянты азайтылып, дан эгиндеринин, май өсүмдүктөрүнүн, жашылча жана картошканын аянттары кеңейтилген.

Д а н  ч а р б а с ы. Калкты азык-түлүк, малды жем чар менен камсыз кылууда дан чарбасынын ролу өтө зор. Дан өндүрүүнү көбөйтүү айыл чарбасында мурдагыдай эле негизги проблема (техника эскирип, саны азайган, жер семирткичтер ыксыз кымбаттап кеткен) бойдон калган. Дан эгиндери республикада сугат жана кайрак жерлерде эгилет. Анын аянты жылдан-жылга кеңейтилген, дан эгиндердин аянты 2009-ж. 654,5 миң *га*, жыйналган түшүмү 1929,2 миң *т* болгон, түшүмдүүлүгү жогорулатылган, дан жыйымы көбөйгөн.

Кыргызстанда айдалган дан эгиндеринин басымдуусу – буудай, арпа, жүгөрү. Булардан башка сулу, буурчак, таруу, күрүч, кара буудай да айдалат. Жүгөрүдөн башка дан эгиндердин баары Кыргызстанда байыркы замандан бери эле айдалып келген.

Республикада айдалган дан эгиндеринин жалпы аянтынын 65,0%ин буудай ээлейт. Эгерде мурда жалаң гана жаздык буудай айдалса, азыр көбүнчө күздүк айдалат. Буудай негизинен Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Ысык-Көлдүн борбордук жана чыгыш бөлүктөрүндө, Ош, Жалал-Абад облустарынын тоо этектеринде кеңири аянттарды ээлейт. Кийинки мезгилде калкты нан менен толук камсыздоо максатында буудай өспөйт деген Ат-Башы району да буудай эгип, жетиштүү түшүм жыйнап алууда. Азыр Нарын облусунун башка райондору да буудай эгет. Натыйжада, республиканын бардык айыл чарба зонасына буудай бышып жетилээри айгинеленди.

Республикада жаздык, күздүк арпа да себилет. Арпа буудайга караганда суук климатка чыдамдуу келет. Арпа негизинен тоо этектериндеги адырларга, бийик тоолуу өрөөндөргө өстүрүлөт. Нарын, Ош, Жалал-Абад облустарынын бийик тоолуу аймактарындагы эгиндердин жалпы аянтынын 65–70%ин арпа ээлейт. Ал негизинен мал чарбасын жем менен камсыз кылуу үчүн эгилет.

Республикада кийинки жылдарда массалык түрдө жүгөрү айдала баштады. Жүгөрү дан үчүн жайы ысык жана узак болгон Чүй өрөөнүнүн, Ош жана Жалал-Абад облустарынын түздүктүү жана сугат аянттарына, Талас өрөөнүнүн төмөнкү аймактарына айдалат. Өндүрүлгөн жүгөрү негизинен Ак-Суудагы крахмал-глюкоза заводуна сырьё, калк үчүн тамак-ашка жана малга тоют катары пайдаланылат.

Сулу жем катары республикадагы асыл тукум жылкы чарбасы өнүккөн аймактарда өстүрүлөт. Башка райондордо анча көп таралган эмес.

Дан эгиндеринин ичинен – буурчак өстүрүү кийинки кезде белгилүү орунду элей баштады. Ал негизинен Талас өрөөнүндө, ошондой эле Чүй, Ысык-Көл өрөөндөрүндө, Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын тоо этектеринде өстүрүлөт.

Башка дан эгиндеринин ичинен шалы (күрүч), таруу эгилет. Алардын аянты анча чоң эмес. Кийинки мезгилде дыйкан чарбалары, кооперативдер ж. б. чарбалар шалыны Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын чегиндеги Фергана өндүрүндө жана тоо этектериндеги өзөн, дарыялардын, айрыкча Кара-Дарыя, Жазы, Куршап, Кара-Үңкүр жайылмаларында өстүрүүдө. Белгилүү «Өзгөн күрүчү» ушул аймактарда өстүрүлөт.

Т е х н и к а л ы к  ө с ү м д ү к т ө р, айрыкча пахта Кыргызстанда эзелтен эле өстүрүлүп келген. Мурдагы Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстан техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүүчү ири өлкөлөрдүн бирине айландырылган. Кыргызстанда пахтадан башка зыгыр, күн карама, кант кызылча, кенеп, кычы, тамеки өстүрүлгөн. Аларды жайгаштырууда ар бир өрөөндүн жана райондун табигый-экономикалык өзгөчөлүктөрү эске алынбай, айрым техникалык өсүмдүктөр баш аламандык менен бир өрөөндөн экинчи өрөөнгө, бир чарбадан экинчи чарбага көторуштурула берген. Алсак, Чүй, өрөөнүнө 1932-жылга чейин тамеки, 50-жылдарда пахта эгилген. Кийин тамеки Талас өрөөнүндө, пахта (гозо) республиканын түштүгүндө өстүрүлө баштаган. Кийинки жылдарда зыгырды, күн караманы, кычыны, кендирди, кенепти, көк сагызды, тоо сагызды, апийимди, кант кызылчаны өстүрүү токтотулуп, пахтанын, тамекинин, эфир майын берүүчү өсүмдүктөрдүн аянты кыйла кыскарган.

П а х т а  көп жылдар бою республикада негизги техникалык өсүмдүктөрдүн бири болгон. Бирок, кийинки жылдарда пахтага көңүл буруу төмөндөп кеткен. Мисалы, 1980-ж. анын аянты 76,3 миң *га* болсо, ал 1992-ж. 21,5 миң гектарга, же 3,5 эсеге кыскарган, түшүмдүүлүгү 28 *ц га*дан 21,7 *ц га*, дүң жыйымы 206,6 *т*дан 52,4 миң тоннага, башкача айтканда 3,9 эсеге төмөндөгөн. Бошотулган жерлерге тамеки, көп жылдык чөп ж. б. өсүмдүктөр эгилген. Азыр пахтанын аянты кайра кеңейтилип, 2010-жылы 26,7 миң гектарга жетти. Республикадагы пахтадан кездеме токуучу ишканалардын муктаждыгы жана четке пахтаны сатуу проблемасы аны өндүрүүнү жылына аз болгондо 100 миң тоннага жеткирүүнү талап кылат.

Совет бийлигинин жылдарында Түштүк-Батыш Кыргызстандын аймагынын бийиктик алкактуулугу толук эске алынбай, пахтаны эки зонага – Фергана ойдуңунун чет-жакасына, Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын тоо этектериндеги өрөөндөрүнө эгилип келген. Пахтанын айдоо аянтынын 80% 1963-жылга чейин биринчи

жана экинчи зоналарга кирген – Араван, Кара-Суу, Сузак, Базар-Коргон, Ноокен, Аксы, Кадамжай, Баткен, Лейлек райондорунун деңиз деңгээлинен 1000 *м* бийиктиктен төмөн жаткан сугат жерлерин ээлеген. Бул зонадагы чарбалардын көбү пахтанын ар гектарынан 27–30 *ц*, кээ бир алдыңкы чарбалар ири аянттардан (1200 *га* жерден) 40–45 *ц* түшүм жыйнап келген. Алдыңкы пахтачы, эмгектин эки жолку Баатыры А. Анаров 80 *ц* түшүм алган. Пахта эккен экинчи зона 1000 *м* бийиктиктен жогору жатат. Анда эгилген пахтадан 20 жылдын ичинде орто эсеп менен 8–10 *ц* гана түшүм алынган. Биринчи зонадан алынган пахтанын өздүк наркы экинчи зонага салыштырганда 2,5–3 эсе төмөн болгон. Чындыгында, экинчи зонанын табигый-экономикалык шарты пахтадан жогорку түшүм жыйноого ылайыксыз болгон. Ошондуктан кийинки жылдарда пахтанын аянты толугу менен биринчи зонага жайгаштырылган. Бирок, 1982-жылдан баштап пахтанын аянты кыскартылып, тамеки ж. б. өсүмдүктөр эгилген. Кийинки жылдарда туура багыт алып, пахтанын аянты кайрадан биринчи зонада кеңейтиле баштады. Жер реформасын жүргүзүүгө байланыштуу республиканын пахта эгилчү облустарында 1998-жылдан баштап пахтанын аянты, түшүмдүүлүгү жыл сайын өсө баштаган. Пахтага болгон талап жана аны өндүрүүдөгү дүң жыйымды 1991-жылы 62 миң тоннадан 2008-ж. 95,1 миң *т* га чейин көбөйтүүгө мүмкүндүк берди.

Республика жыл сайын чет өлкөлөргө 20–22 миң *т* пахта буласын (Россия, Белоруссия, Германия, Иран, Түркия ж. б.) сатат. Келечекте пахтанын түшүмүн жогорулатуу үчүн жогорку сорттогу райондоштурулган үрөн жана айыл чарба техникасын, жетишээрлик минералдык жер семирткичтерди, пахтаны сатууну туруктуу ишке ашырууга чет элдик инвестицияларды тартууга өкмөттүн көмөгү дайыма талап кылынат.

Республиканын Чүй, Фергана, Талас өрөөндөрү, Ысык-Көл ойдуңунун чыгыш тарабы кант кызылчаны өстүрүүгө өтө ыңгайлуу. Ал республикада айыл чарбасынын негизги тармагы катары 1930-жылдары Чүй өрөөнүндө башталат. 1940-ж. кант кызылчанын жалпы айдоо аянты 15,1 миң гектарга, түшүмдүүлүгү ар гектардан 408 центнерге, дүң жыйымы 628,4 миң тоннага жеткен. Натыйжада, сугат жеринин кант кызылчанын түшүмдүүлүгү боюнча Чүй өрөөнү дүйнөгө белгилүү болгон. Алдыңкы кызылчачылар андан да жогорку түшүм өстүргөн. Айтсак, эмгектин эки жолку Баатыры Зууракан Кайназарованын звеносу ар гектардан орто эсеп менен 724 центнерден түшүм алууга жетишкен, өзү тейлеген аянттын ар гектарынан 1000 центнерге жакын түшүм жыйнап алган. Ал эми дүйнөдөгү өнүккөн Америка Кошмо Штаттары кант кызылчаны (19-к.) өстүрүп келе жаткан жүз жылга жакын убакыттан бери биринчи жолу 1933-жылы Калифорния штатын-

дагы сугат аянттын ар гектарынан 800–900 центнерден рекорддук түшүм алган.

Кийинки жылдарда республикада кант кызылчанын аянты бир топ кеңейтилген, ал эми 1965-ж. анын аянты 53,9 миң гектарга жеткен, дүң жыйымы 1874,8 миң *т* болгон. Бирок, түшүмдүүлүгү, канттуулугу төмөндөй баштаган. Мисалы, кызылчанын канттуулугу 1940-ж. Чүй өрөөнүндө 18,63%тен, 1983-ж. 10,77%ке, түшүмдүүлүгү гектарына 206 *ц*ге чейин төмөндөгөн. Себеби, жер кыртыштын бузулушу, жыл сайын бир эле жерге кайталап кызылча эгилиши, агротехникалык эрежелерди туура эмес пайдалануу, суунун жетишсиздиги ж. б. факторлор түшүмдүүлүк менен канттуулуктун төмөндөшүнө алып келген. Ошондуктан 1983-жылы фабрикалык кант кызылча өндүрүү Кыргызстанда токтотулуп, селекция менен үрөнчүлүккө көп көңүл бөлүнгөн. Анын аянты 1995-ж. 13,6 миң *га*ны түзсө, 1999-ж. 28,9 миң *га*дан, 536,1 миң *т*, 2003-ж. 32,2 миң *га* жерден 812,2 миң *т*, 2010-ж. 8,4 млн *га*дан 139,2 *т* түшүм алынган, же ар *га* жерден 265,7 *ц*ден айланган. Акыркы көрсөткүчтөр республиканын калкынын кантка болгон муктаждыгын толук камсыз кыла албайт.

Республикада советтик мезгилдин 20-жылдарында калктын айрым бөлүгү т а м е к и ч и л и к менен кесип кылган. Тамеки негизинен насыбай жасоо жана чегүү максатында өстүрүлүп, базарга чыгарылуучу. 1929-жылдан баштап Кыргызстанда өнөр жайы үчүн тамеки сырьёсу өндүрүлө баштайт.


Тамеки плантациясы.

Тамеки негизинен Ош облусунун Ноокат, Өзгөн, Жалал-Абад облусунун Аксы, Ала-Бука райондорунда, Талас облусунун ортоңку жана төмөнкү, Баткен облусунун тоо этектериндеги бөлүктөрүндө жайгаштырылган. Бул аймактын табигый-экономикалык шарттары жогорку сапаттуу, жыттуу жалбырактуу тамекини өстүрүүгө өтө ыңгайлуу. 1980-ж. пахта эгилчү биринчи зонага да тамеки өстүрүлө баштаган. Ал зонадагы тамекиден да жогорку түшүм алынган.

Келечекте республиканын Фергана ойдуңуна туташ жаткан пахта зонасындагы түздүктөрдөгү тамекинин аянтын кыскартуу, бошотулган аянттарга жашылча, жүгөрү, пахта, тоют өсүмдүктөрүн эгүү, ал эми тамекини түштүктүн тоо этектериндеги өрөөндөргө, Талас өрөөнүнүн ортоңку жана төмөнкү бөлүктөрүнө жайгаштыруу

экономикалык жактан пайдалуу экендигин айгинеленди. Кыргызстан үчүн тамеки эң кирешелүү өсүмдүк. Ал экспортко кетүүчү продукциялардын бири. Ошондуктан тамеки өстүрүүнү өнүктүрүү, кыргыз тамекисинин сапатын жакшыртуу, түшүмүн жогорулатуу, чет өлкөлөргө ферменттелген тамекини жана даяр продукцияны (сигаретаны ж. б.) көбүрөөк сатуу республикага валютаны арбын алып келет.

Калктын ө с ү м д ү к  м а й ы н а болгон керектөөсү күн сайын өсүүдө. Базар экономикасынын шартында жергиликтүү калк мурун эгилип, кийин токтоп калган май берүүчү зыгыр, күн карама, күнжут, кычы, сафлор сыяктуу өсүмдүктөрдүн жергиликтүү шартка ылайык келгенин гана эгип, аны айылдык чакан ишканаларда кайра иштетип, өндүрүлгөн өсүмдүк майын күнүмдүк керектөөлөрү үчүн пайдаланган. Бул өсүмдүктөр көп эмгекти талап кылбайт, аларды иштетүүдөн жана сатуудан көп киреше алууга болот.

Адистердин эсептөөлөрүнө караганда республиканын калкына жылына эң кеминде 100–145 миң *т* өсүмдүк майы керектелинет. Калктын талабын жарым-жартылай камсыз кылуу үчүн республикада май берүүчү өсүмдүктөрдүн аянтын 30 миң гектарга чейин кеңейтүү зарыл.

Май берүүчү өсүмдүктөрдүн басымдуу бөлүгү Көгарт өрөөнүнүн жогорку аймагында, Куршаб, Мырзаке, Кара-Кулжа, Гүлчө, Баткен, Аксы, Ала-Бука, Исфана ж. б. калктуу пункттардын айланасында, Чүй, Талас, Кочкор, Жумгал, Ортоңку Нарын өрөөндөрүндө, Ысык-Көл ойдуңунун тоо этектеринде чакан майда-майда аянттарга эгилүүдө, башкача айтканда кийинки жылдары республиканын бардык жеринде эгилет. Май берүүчү өсүмдүктөрдөн зыгыр Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл облустарынын кайрак жерлеринде өстүрүлөт.

Май берүүчү өсүмдүктөрдүн ичинен азыркы базар шартында алдыңкы орунда дагы эле болсо аянты боюнча күн карама ээлейт. Андан 29–56%ке чейин май алууга болот. Софлордун аянты дагы кеңейтилүүдө, кайрак жерлерде айдалып, 25–32%ке чейин май алынат. Азыркы мезгилде калкты өсүмдүк майы менен камсыз кылууга шарт түзүлгөн. Келечекте май берүүчү өсүмдүктөрдү башка баалуу айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыян келтирбегидей жайгаштыруу зарыл.

Күнөстүү Кыргызстанда  ж а ш ы л ч а,  к а р т о ш к а,  м ө м ө - ж е м и ш,  ж ү з ү м  өстүрүүгө ыңгайлуу шарттар бар. Азыр Ош, Жалал-Абад облустарында, Фергана өндүрүндө лимон, инжир, анар, жүзүм, ар түрдүү жашылча, коон-дарбыз, ал эми андан бийигирээк тоо таянган өрөөндүү түздүктөрдө жана адырларда капуста, помидор, баклажан, калемпир, бадыраң, пияз, сарымсак, коон-дарбыз, алма, алмуруттун кеңири аянттары бар. Алар андан ары өнүгүүгө багыт алды. Республиканын түштүк-батышына караганда Чүй, Талас, Ысык-

Көл өрөөндөрүндө жашылча 3–4 жума, Нарын облусунда 6–7 жума кеч бышат. Ошого карабастан буларда жашылчаны, мөмө-жемишти өндүрүү экономикалык жактан натыйжа берүүдө.

Республиканын башка жерлерин айтпаганда да, Нарын облусунун өрөөндөрүндө капустадан, сабизден, картошкадан, пияздан, сарымсактан ж. б. өсүмдүктөрдөн жогорку түшүм алынууда. Мисалы, бийик тоолуу Ат-Башы – Кара-Коюн өрөөнүндө да картошка, буудай, жашылча өстүрүлүп, жергиликтүү калктын муктаждыгы канааттандырылууда. Республикада жашылчанын, картошканын, мөмө-жемиштин, жүзүмдүн аянты, дүң жыйымы көбөйүп келген. Мисалы, 1940–95-жылдарда жашылчанын аянты 4,8 эсеге, картошка 2 эсеге, мөмө-жемиш 4,7, жүзүм 18 эсеге кеңейтилген.

Кыргызстандын аймагында мөмө-жемиш бак-дарагы көптөн бери өстүрүлөт. Мында алма, алмурут, чие, кайналы, шабдаалы, өрүк, анар, инжир, жер жемиштен – бүлдүркөн, карагат ж. б. өсөт. Алар Ысык-Көл ойдуңунун батыш жана ортоңку бөлүктөрүндөгү таштак аянттарда, Чүй, Талас өрөөндөрүнүн, Ош, Жалал-Абад облустарынын тоо этектериндеги таштак жерлерде жана тоо капталдарында көбүрөөк кездешет. Нарын облусунун дыйканчылык өрөөндөрүндө алманын, алмуруттун суукка чыдамдуу сорттору өстүрүлүп, түзүк түшүм бере баштады.

Жүзүм Ош облусунун Араван, Кара-Суу, Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон, Ноокен, Сузак райондорунда, Баткен облусунун Бүргөндү, Баткен, Арка сыяктуу өрөөндөрдүн пахта



Пахта жыйноо.

өстүрүүгө ылайыксыз таштак аянттарда, Чүй өрөөнүнүн төмөнкү бөлүктөрүндө жана Кыргыз Ала-Тоосунун этек тоолорунун капталдарында өстүрүлөт.

Картошка Ысык-Көл ойдуңунун чыгышында, Чүй облусунун Чоң Кемин, Байтик, Ысык-Ата өрөөндөрүндө, Фергана тоо тизмегинин этектериндеги өрөөндөрдө кеңири аянттарды ээлейт.

Кыргызстан өзүн-өзү жашылча, мөмө-жемиш, жүзүм, картошка менен толук камсыз кылууга жана сыртка чыгарууга мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, алардын айрым түрлөрүн жакынкы чет өлкөлөрдөн ташып келет. Мисалы, республика 1990-жылга чейин Россиядан, Польшадан, Белоруссиядан жыл сайын орто эсеп 30 миң *т* картошка сатып алып турган. Кийинки кездерде республиканын бийик тоолуу райондорунда дагы картошканын жаңы сорттору өстүрүлө баштады. Ошондуктан кийинки мезгилде картошка ашыкча өндүрүлүп, аны базарларда сата албай, өтө арзандап кеткен жылдар да болду.

Багбанчылыкты, жүзүмчүлүктү өнүктүрүү, ар түрдүү кургатылган жер жемиштерди (өрүк, мейиз ж. б.), жакшы сакталган жаңы алманы, алмурутту, кайналыны, жүзүмдү, карагатты чет өлкөлөргө чыгарууну көбөйтүү – киреше берип, экспорттук жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзөр эле.

Республика табигый мөмөлүү токойго да бай. Айрыкча, түштүктө кеңири аянтты ээлеген жаңгак-мөмө-жемиш токоюнда жапайы жаңгак, алма, алмурут, алча, бадам, мисте, карагат, бүлдүркөн ж. б. өсөт. Кыргызстандын тоолорунда, капчыгайларында, шаркырап аккан суулардын бойлорунда бөрү карагат, чыны карагат, чычырканак, ит мурун ж. б. өтө көп кездешет. Аларды пайдалануу, сыртка сатуу республикага көп пайда келтирер эле. Келечекте жашылча, картошка, мөмө-жемиш, жүзүм, өндүрүүнү көбөйтүү калктын аларга болгон талабын толук камсыздоо менен аларды жакынкы өлкөлөргө экспорттоого мүмкүндүк түзүлөт.

Үрөн чарбасы. Республикада бедени, кант кызылчанын уругун үрөн иретинде өндүрүүгө ыңгайлуу табигый шарттар бар. Алар жетиле бышып, үрөн катары чет мамлекеттерге сатылат жана республиканын өзүндө пайдаланылат.

Кыргызстанда бедени уругун өндүрүүчү аянт 45 миңден ашык гектарды түзгөн. Түшүмдүүлүгү гектарына 2 *ц* болгон мыкты чарбалар ар гектардан 3,0 *ц*, ал түгүл 10 *ц* түшүм алууга болот.

Үрөн үчүн айдалган беде Баткен, Ош, Жалал-Абад, Чүй облустарынын түздүктүү өрөөндөрүндө жайгашкан. Жогорку түшүмдү Чүй облусунун Жайыл, Панфилов, Москва, Ысык-Ата райондорунун чарбалары алат. Ар гектардан 4–5 *ц* бедени уругу алынат.

Келечекте аталган облустарда үрөн үчүн эгилген бедени аянтын 50 миң гектарга чейин жеткизип, жылына 15 миң *т* бедени уругун өндүрүп, чет мамлекеттерге сатуу кирешени арбын берер эле.

Үрөн үчүн кант кызылчаны эгүү 1979-жылы Чүй өрөөнүндө башталган. Жыйналган түшүмдүн 6 миң *т* уругу Ысык-Ата районундагы машина сыноочу станциялардагы чакан ишканада, калганы Казакстандын Чүй станциясындагы ишканада тазаланып, кант кызылчанын уругу үрөн иретинде Россияга, Казакстанга, Латвияга, Литвага, Эстонияга сатылып турган.

Келечекте үрөн үчүн кант кызылчанын аянтын Чүй өрөөнүндө гана жайгаштыруу мезгил талабына ылайык келет. Алардын аянтын 10 миң гектарга чейин азайтып, түшүмдүүлүгүн жогорулатып, дүң жыйымын 15 миң *т* га чейин жеткизүү республикага арбын киреше алып келет.

## V. 2. 3. Мал чарбасы

Кыргызстанда мал чарбасы көп тармактуу чарба. Анын эң негизгилери кой, уй, жылкы. Булардан башка үй куштарын, бал аарысын өстүрүү, балыкчылык иши да бар. Алар ар түрдүү азык-түлүктөрдү (эт, сүт, май, жумуртка, бал, балык), сырьёлорду (жүн, тери ж. б.), күч унааларын берет. Көлдө, сууларда, көлмөлөрдө балык көп. Ошону менен бирге мал чарбасы дыйканчылык үчүн жер семирткичтерди (кыкты) берсе, бал аарылары маданий өсүмдүктөрдүн чаңдашуусуна, башкача айтканда түшүмдүүлүктүн жогорулашына мүмкүндүк түзөт.

Мал чарбасынын өнүгүшүндө жана адистештирилишинде тоют базасынын мааниси зор. Бекем т о ю т  б а з а с ы – мал чарба тармактарын өнүктүрүүнүн негизги шарты. Аны республикадагы табигый жайыттар, дыйканчылыктан өндүрүлгөн тоют жана өнөр жайында даярдалган аралаш тоюттар түзөт.

Кыргызстандын эң маанилүү жаратылыш байлыгы – т а б и г ы й  ж а й ы т ы, анын мал чарбасынын тоют базасын чыңдоодо мааниси зор. Жайыт табигый жана эгилме болуп экиге бөлүнөт. Республикада малга керектүү эң арзан тоютту табигый жайыттар камсыз кылат. Жыл бою жайыттын чөбү кой-эчкинин жана жылкынын рационунун – 70% ин, уйдун – 50% ин, топоздун – 100% ин түзөт.

Кыргызстанда табигый жайыттын жалпы аянты 9,1 млн *га* (2011); анын ичинде жазгы-күзгү жайыт 2,9 млн, жайкы жайыт 4,7 млн, кышкы жайыт 1,5 млн *га*ны түзөт. Бийик тоолуу жайыттар деңиз деңгээлинен 2600–4000 *м* бийиктикте жайгашып, 4,1 млн *га* аянтты ээлейт. Анын ичинен 1,9 млн *га* деңиз деңгээлинен 3000–4000 *м* бийиктиктен орун алган. Жайыттар жана шалбаалар деңиз деңгээлинен түрдүү бийиктикте тектирленип жайгашкан, бул болсо көчмө жайыт мал багуусуна ылайыктуу. Бийиктик боюнча чөптөр ар кандай мөөнөттө жетилгендиктен мал үчүн чөп жылдын бардык мезгилинде табылат.

Жайыттар жыл мезгилдерине карата пайдалануусу боюнча жайкы-кышкы, жазгы-күзгү жайыт деп бөлүнөт. Жайкы жайыттын үлүшүнө 45%, кышкыга 25%, жазгы-күзгүгө 30% туура келет. Жайлоолор субальп, альп зоналарында жайгашып, айрым бийик тоолуу аймактарда эң кенен аянттарды ээлейт. Алардын айрымдары (Суусамыр, Чоң Алай, Чаткал өрөөндөрү) өзүлөрүнүн ээлеген аянты, чөбүнүн запасы жана географиялык абалынын

ыңгайлуулугу жагынан Кыргызстанда гана эмес, коңшу мамлекеттерде да мааниси өтө зор.

Жайкы жайытынын аянты жагынан Нарын облусунун райондору республикада биринчи орунда турганы менен Ак-Сай, Арпа сыяктуу белгилүү жайлоолору алыстыгына байланыштуу толук пайдаланылбайт. Экинчи орунду республиканын түштүгү ээлейт. Чоң Алай, Чаткал өрөөндөрүндө жай мезгилинде Кыргызстандын гана эмес, Өзбекстандын, Тажикстандын малдары да жайлаган. Кыргызстандын жана Казакстандын отор малы үчүн Суусамыр жайлоосу да эң ыңгайлуу жайлардын бири болгон. Булардан башка Ысык-Көлдүн күнгөй, тескейинде, Сары-Жазда, Жети-Өгүздүн жана Тоңдун сырттарында, Чоң Кемин өрөөнүнүн чыгышындагы – Көк-Ойрокто да бир топ жайкы жайыттар бар.

Кыргызстандын отор малы үчүн кышкы жайыт да маанилүү. Бирок аянты да, тоют запасы да жайкы жайыт менен салыштырганда бир топ аз, ал жалпы жайыттардын төрттөн бир бөлүгүн гана ээлейт. Негизги аймактары: Ысык-Көл ойдуңунун батышы, Ысык-Көлдүн сырттары, Кочкор, Жумгал, Кара-Кужур өрөөндөрү, Жалал-Абад облусундагы Кызыл-Жар кыштоосу болуп эсептелет. Чүй облусунун райондорунда кышкы жайыттар аз. Ошондуктан алар кийинки (1990) жылдарга чейин өз ара келишимдин негизинде койлорунун басымдуу бөлүгүн Казакстандын Балкаш көлүнүн түштүгүндөгү Кенес-Анаркай кыштоосунда кыштатып келген.

Кийинки жылдарда республиканын бир топ жайлоолорунун (Ак-Сай, Арпа, Суусамыр өрөөндөрү жана Ысык-Көлдүн сырттары) айрым жерлери кыштоо иретинде да пайдаланылат.

Республиканын көп жерлеринде жазгы жана күзгү жайыт жайгашкан. Айдоо аянттарын кеңейткенге чейин мындай жайыттар Кыргызстандын бардык жеринен кездешчү. Эгин талааларынын аянты ушул жайыттардын эсебинен кеңейип, Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Ош, Жалал-Абад облустарындагы адырлардагы жазгы-күзгү жайыттар өтө кыскарып кеткен. Ысык-Көл, Нарын облустарында жазгы, күзгү жайыттар тоо капталдарынын этектеринде кездешет. Көктөмдө да, күздө да бир жерге жайгандыктан тоют запасы төмөндөөдө.

Кышкы, жазгы, күзгү жайыттарда отор малдар үчүн тоют жетишсиз болгондуктан, ал жерлерде кошумча тоют чөп чабындылардын (шалбаалардын) эсебинен да топтолот. Бирок, республика боюнча шалбаалардын аянты өтө эле аз, түшүмү төмөн.

Өткөн советтик доордо Кыргызстанда малдын саны ыксыз көбөйгөн. Жайыттардын ар бир гектарына нормадагыдан ашык мал жайылган. Жайыттар иретсиз, чаржайыт пайдаланылган. Дүйүм чөптөр жакшы өспөстөн, сиңимдүүлүгү жылдан-жылга төмөндөп кеткен. Натыйжада жайыттардын жакырданышы 75% ке чейин жеткен.

Болгон жайыттардын 3 млн гектардан ашык бөлүгүн мал жебеген отоо чөптөр басып, 1,7 млн *га* аянт эрозияга учурап, чөп чыкпай, такырланган. Тоо капталдары жана этектери эрозияга чалдыккан.

Илимий мекемелердин маалыматтарына ылайык 1930–50-жылдары жайыттардын түшүмдүүлүгү орто эсеп менен ар гектардан 10–12 *ц* чөпкө жетсе (кургатылган чөп), кийин 2–4 центнерден ашпай калган. Эгерде 1950–60-жж. табигый өскөн чөптүн үлүшү республиканын тоютунун 65%ин түзсө, кийин ал 37%ке төмөндөгөн.

Азыркы учурда мурунку колхоздорго жана совхоздорго бекитилип берилген жайыттардын көбүнө, айрыкча алыскы жайыттарга мал жайылбай ээн калууда. Ошол эле учурда дыйкан (фермер) чарбалары өздөрүнүн малдарын калктуу конуштарга жакын жайыттарга баш аламан жайып, алардын кунарын кетирип, деградацияга жана эрозиянын күчөшүнө алып келүүдө.

Жайыт сапаты боюнча төмөнкүдөй бөлүнөт: таза жайыттар 1,3 млн *га*, эрозияга дуушарланган жайыттар – 0,2 млн *га*, деградацияга учураган жайыттар – 2,3 млн *га*, анын ичинен 0,7 млн *га* өтө деградацияланган жайыттар. Тик жантаймаларда жайгашкан (40 градустан тик), мал жаюуга мүмкүн болбогон жайыттар – 400 миң *га*. Жайыттарда уулуу чөптөр (кундуз чөп, кулунчак, чайыр куурай, кызгалдак), малга аш болумсуз, сабагы катуу өсүмдүктөр (кумуру, сары баш, аткулак, шыралжын, бүргөн, коко тикен), бадалдар (ит мурун, алтыгана, төө куйрук, боз караган, шилби, бөрү карагат) ж. б. көп тараган. Жайытты сактоо жана анын түшүмдүүлүгүн жакшыртуу үчүн убагында жайыт которуп, малды тилкелеп жаюу талапка ылайык.

Келечекте жайытты жакшыртуу үчүн жайытты которуштуруп пайдалануу, жайлоолордо жүз жылдап топтолгон кой кыктарын жер семирткич катарында жайыттарга чачуу, минералдык жер семирткичтерди кеңири пайдалануу, эрозияга каршы чараларды көрүү, жайыттарга суу жеткирүүнү жакшыртуу, малды жаюуну жөнгө салуу, аларды тилкелер боюнча жаюунун системасын өздөштүрүү, жайыттарда кеңири таралган шыраалжын, караган, төө куйрук, аткулак, марал кулак, уу коргошун, коко тикен ж. б. отоо чөптөргө каршы күрөшүүнүн прогрессивдүү жолдорун колдонуп, аларды жоготуу, табигый тоютка жарамдуу өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, койлор үчүн кайрак жерлерге, уйлар үчүн чөп эгилген жерлерге маданий жайыттарды уюштуруу сыяктуу иштер мал чарбасына туруктуу тоют базасын түзүүгө көмөк берет.

Базар экономиканын шартында жайыттар мамлекет тарабынан фермерлерге, чабандарга, кооперативдерге ж. б. чарбаларга арендага берилет. Алардан жайыттарды сарамжалдуу пайдаланууну, сапатын жогорулатууну, илимий ачууларды жана жетишкендиктерди кеңири таратууну талап кылат.

Тоютту өндүрүүнүн экинчи булагы – дыйканчылык. Тоют өсүмдүктөрүнүн аянты 1913-ж. бардык айдоо аянттын 6,3 %ин ээлесе, 2009-ж. 36,6%ти түзгөн. Буга жем үчүн айдалган арпанын, сулунун ж. б. айыл чарба өсүмдүктөрүнүн аянты кошулса, ал андан да көп пайызды түзөт.

Тоют үчүн эгилген айыл чарба өсүмдүктөрүнүн аянты табигый жайыттардын аянтына караганда 17,5 эсеге аз. Бирок дыйканчылыктан тоюттун 60%и өндүрүлөт.

Республикада беде, эспарцет, уй беде, кашка беде, кылкансыз түбү бош, ак сокто, шалбаа бетегеси, тарак баш, көп жолу чабылуучу жайыт рейграсы айдалат. Мөмө тамыры тоют өсүмдүктөрдөн – брюква, кант кызылча, картошка, жер алмуруту; силостук өсүмдүктөрдөн – жүгөрү, күн карама, тоют маш буурчагы; көк тоютка жана жем үчүн кара буудай, сулу, арпа, жүгөрү өстүрүлөт. Мал чарбасы дыйканчылыктан кошумча тоют катары эгиндин саман-топонун, кызылчанын жалбырагын алат.

Республиканын мал чарбасы али тоют менен толук камсыз боло элек. Мындан ары мал чарбасына бекем тоют базасын түзүү, тоюттун сапатын жакшыртуу малдын продуктуулугун жогорулатат, малдын башын сактоого шарт түзөт.

Мал чарба тармактары. Кыргызстанда малдын саны жылдан-жылга көбөйүп келген. Бирок рыноктук экономикага өтүүдөгү өткөөл мезгилде малдын саны кескин кыскарып, чарбада структуралык өзгөрүүлөр болду. Чочко, уй, кой, үй куштары азайып, жылкынын башы көбөйдү.

Кыргызстанда мал чарбасынын эң негизги тармагы кой чарбасы болуп эсептелет. Кыргыз эли эзелтен койду асыроого чоң маани берген. Бул болсо анын тоолуу рельефине байланыштуу өзгөчө табигый-экономикалык шарттан келип чыккан. Кой чарбасынын негизги тоют базасы табигый жайыт. Кой чарбасынын эң жакшы өнүгүшүнө ыңгайлуу аймактар Нарын облусу, Ысык-Көлдүн сырты жана өрөөндүн батышы, Ош, Жалал-Абад облустарынын тоолуу аймактары болуп эсептелет. Андан кийинки орун Талас, Кемин өрөөндөрүнө, Ысык-Көл ойдуңунун чыгышына, Фергана, Алай, Түркстан кырка тоолорунун Фергана ойдуңун караган капталдарына таандык. Дыйканчылык өнүккөн Чүй өрөөнүнүн, Фергана ойдуңунун түздүктөрү кой чарбасынын өнүгүшүнө ыңгайсыз. Бирок, кой чарбасы республиканын бардык табигый-экономикалык зоналарында өнүккөн. СССР учурунда Кыргызстан жүн жана кой этин өндүрүү боюнча Россиядан жана Казакстандан кийинки үчүнчү орунда турган.

Республика эгемендүүлүк алып, чарба жүргүзүүнүн жаңы системасына өтүүнүн өткөөл мезгилинде (1991–96-жылдары) өлкөдө койдун башы эки эсеге кыскарган. Анын ичинде республиканын кой чарбасынын негизги байлыгы болгон уяң жана чала уяң

жүндүү койлордун башы дагы өтө азайып, алардын продукттуулугу төмөндөп, бир баштан болгону 2,6–3,2 *кг* жүн кыркылып алынган. Өлкөдө ушул тукумдагы койлордон башка чала уяң жүндүү теңир тоо, чала кылчык жүндүү алай койлору жана кийинки жылдарда жеке дыйкан жана көмөкчү чарбаларда кылчык жүндүү, куйруктуу жергиликтүү койлордун башы көбөйүүдө. Республикада койдун жалпы башы 1991-ж. 9,1 млнго жетсе 1996-ж. 3,3 млн баш калган же 5,1 млнго азайган. Ал эми 2010-ж. 4,8 млнго жетип же 1,5 млн башка кайра көбөйгөн. Азыр Кыргызстанда багылып жаткан койлордун продукттуулугу салыштырмалуу бир топко төмөн. Ошондуктан республиканын илимпоздорунун жогорку продукттулуу жаңы асыл тукум койлорду чыгаруунун үстүндө иштөөлөрүнүн зарылдыгы учурдун талабы.

*14-таблица*

**Кой, эчки чарбаларынын негизги көрсөткүчтөрү**

| Жылы | Кой, эчки башы, миң | Кыркылып алынган жүн, миң *т* | Кой башынан алынган жүн, *кг* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 9106,6 | 36,2 | 3,8 |
| 1992 | 8361,7 | 33,3 | 3,7 |
| 1993 | 6972,6 | 30,8 | 3,7 |
| 1994 | 4783 | 20,8 | 3,1 |
| 1995 | 3899,4 | 14,5 | 3,0 |
| 1996 | 3312,9 | 11,8 | 3,0 |
| 1997 | 3804,9 | 11,4 | 3,3 |
| 1998 | 3810,6 | 11,5 | 3,3 |
| 1999 | 3806,5 | 11,7 | 3,4 |
| 2000 | 3799,2 | 11,7 | 3,5 |
| 2001 | 3744,2 | 11,7 | 3,5 |
| 2006 | 3876,0 | 10,6 | 3.2 |
| 2007 | 4046,9 | 10,6 | 3,1 |
| 2008 | 4252,7 | 10,9 | 3,1 |
| 2009 | 4502,7 | 11,0 | 2,9 |
| 2010 | 4815,5 | 10,9 | 2,6 |

Э ч к и ч а р б а с ы. Кыргызстандын аймагында эзелтен эле Азиянын тыбыттуу эчкилеринин тукумунан тараган жергиликтүү кыргыз эчкилерин өстүрүп келген. Жергиликтүү эчкилер жыл бою жайыттарда асыралгандыктан, ар кандай табигый шартка тез байырлап, жашоого жөндөмдүүлүгү, чыдамдуулугу, ылаңга туруктуулугу менен айырмаланат.

Кийинки мезгилде тыбыттуу аргын эчкилерди өркүндөтүү боюнча селекциялык асыл тукумдаштыруу иши жүргүзүлүүдө. Сур жана ак тыбыттуу эчкилердин жогорку продукттулуу жаңы тукуму чыгарылды. Алар Аксы, Ала-Бука, Тогуз-Торо, Токтогул, Жумгал, Баткен, Кадамжай, Лейлек, Алай, Өзгөн райондорунда асыралат.

Тыбыттуу эчки чарбачылыгы мал чарбасынын келечектүү тармагы. Эчкинин тыбытын чет мамлекеттерге туруктуу валютага

сатууга болот. Келечекте фермер ж. б. чарбаларда эчкинин саны жана андан алынуучу продукциялар көбөйтүлмөкчү. Эчки асыроо анчалык көп материалдык чыгымды талап кылбайт. Баткен облусу эчкинин жаңы породасы чыгарылып жаткан негизги аймак. Кыргыз тыбыттуу эчкиси көбүнчө Баткен районунда асыралат. Мында негизги асыл-тукум базасы – «Тегирменбашы» асыл-тукум кооперратив заводу. Анда 4,5 миң баш асыл тукум эчки асыралып, 1 эчкиден орто эсеп менен 0,45 *кг*дан тыбыт алынат. Кыргыз жүндүү эчкисинин негизги таралган району – Кадамжай.

Уй чарбасы. Кыргызстандын мал чарба өндүрүшүнүн негизги маанилүү тармагы – уй чарбасы. Уй чарбасынан алынган продукция мал чарбасынан алынган продукциянын жалпы көлөмүнүн 60% ке чейинкисин түзөт. Кыргызстандын чарбаларында уй чарбасы эки багытта: Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Ысык-Көл облусунда, Жалал-Абад, Ош облустарынын дыйканчылык зонасында сүт-эт багытында, ал эми бийик тоолуу райондордо – эт-сүт багытында өнүгүүдө. Республикада 2010-жылы жалпы уйдун саны 1278,1 миңге, анын ичинен сааны 535,6 миңге жетип, 664,3 миң *т* сүт саап алынган. Ар бир уйдан саап алынган сүттүн орточо өлчөмү 2037 *кг*ды түзгөн.

Кыргызстанда жергиликтүү тукумдагы малдардан сүт жана эт боюнча жогорку продукттуулугу менен айырмаланган ала-тоо асыл тукум уйлары чыгарылган.

*15-таблица*

**Уй чарбасынын өсүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| Жылы | Саан уй, миң баш | Бардык алынган сүт, миң *т* | Ар бир уйдан саап алынган сүттүн орт. өлчөмү, *кг* |
|---|---|---|---|
| 1991 | 518,6 | 1127,5 | 2329 |
| 1992 | 514,7 | 957,1 | 1913 |
| 1993 | 511,2 | 939,8 | 1893 |
| 1994 | 480,9 | 867,9 | 1756 |
| 1995 | 470,9 | 860,4 | 1841 |
| 1996 | 459,9 | 876,1 | 1954 |
| 1997 | 473,5 | 893,6 | 1990 |
| 1998 | 492,2 | 959,3 | 2050 |
| 1999 | 511,5 | 1041,8 | 2126 |
| 2000 | 523,8 | 1962,6 | 2131 |
| 2001 | 535,6 | 1142,0 | 2145 |
| 2006 | 1074,8 | 565,1 | 2118 |
| 2007 | 1116,7 | 584,9 | 2090 |
| 2008 | 1168,0 | 607,2 | 2069 |
| 2009 | 1224,6 | 635,6 | 2041 |
| 2010 | 1278,1 | 664,3 | 2037 |

Тоюттандырып жакшы бакса ала-тоо саан уйларынан орто эсеп менен 4000–4500 *кг* сүт (алдыңкы чарбаларда 4800–5000 *кг*дан) саап алууга болот. Сүтүнүн майлуулугу 3,7–3,9%. Жакшы багылган малдан 53–55%, ал эми бордоп семиртилгендеринен 60% ке чейин таза эт алууга болот. Олуя-ата ую сүттүү тукумга кирип, жакшы

байырлашы менен өзгөчөлөнүп, Талас, Чүй өрөөндөрүндө асыралат. Сүттүн жылдык орточо сааны 4500–5000 *кг*, сүтүнүн майлуулугу 3,7–3,8%. Республикадагы селекция – асыл тукумга кирген ала-тоо, олуя-ата, карала уйлардын тукумун жакшыртууга жана алардын сүттүүлүгүн арттырууга арналган.

Топоз чарбасы. Кыргызстандын мал чарбасында көмөкчү тармактын бири. Топоз бийик тоолуу жайыттарда (деңиз деңгээлинен 3000–6500 *м* бийиктикте) багылып, эң арзан продукция берүүчү мал. Кыргызстандын бийик тоолуу аймактарын мекендеген топоздор жайкысын такай бороондуу шамал уруп турган, кой, жылкы бара албаган, бодур таштуу, кар жаткан жайыттарда жүрөт. Кышкысын башка малдын түрү басып барбаган тик беттүү, карагай-чердүү, аска-таштуу тоо жайыттарында кыштайт, кар астынан сейрек чөптөрдү таап жейт. Алар жапайы кайберендер жүргөн жерлерге чейин жетип, түркүн чөптөрдү оттойт. Топоз 50–60° суукка, нөшөрлүү бороон-чапкынга чыдамдуу келет.



Топоз чарбасы.

Топоз чарбасы Кара-Кулжа, Чоң Алай, Ноокат, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Тоң, Жети-Өгүз, Кадамжай, Баткен, Чаткал, Тогуз-Торо сыяктуу алыскы тоолуу райондорго мүнөздүү. Топоз арзан эт жана тери берет, жайкысын сүт саалат, күзүндө саан токтотулат. Сүтүнүн майлуулугу 12%, сүттүүлүгү анча эмес. Жергиликтүү эл топозду илгертен бери эле асырап келген, бирок кийинки совет доорунун аягында жана андан кийин алардын саны азайып кеткен. 1991-жылы республикада 55,3 миң баш топоз болсо, 2009-ж. 16,3 миң башка чейин кыскарган. Келечекте алардын санын көбөйтүп, арзан продукция өндүрүү экономикалык жактан пайдалуу.

Кыргызстанда чочко чарбасы мал чарбасынын эт жана кыртыш май берүүчү тармагы. Негизинен дан чарбалуу Чүй өрөөнүндө, Ысык-Көлдүн чыгышында, Талас өрөөнүнүн Кара-Буура, Бакай-Ата райондорунун айрым чарбаларында жайгашкан жана аларда ак чочко тукуму кеңири таралган. Чочко чарбасынын алгач-

кы өнүгүшү Кыргызстандын аймагында 19-кылымдын 70-жылдарында орус жана украин келгиндерине байланыштуу. Республикада чочко чарбасы көмөкчү чарба катары өнүгүп, калктын жана кайра иштеп чыгаруучу ишканалардын ички керектөөсүн канааттандырууга багытталган. Кыргызстанда 1991-ж. жалпы мал чарбасынан алынган эттин ичинен чочко этинин үлүшү 14,2%ти түзүп, анын саны 357,7 миң баш болгон. 1992–93-жылдары аралаш тоюттун жетишсиздигине жана кымбаттыгына байланыштуу бул чарба бир кыйла начарлап, айрым жерлерде чочконун саны 80%ке чейин азайган. 2006-жылы чочконун саны 101,1 миң баш болсо, 2010-жылы 61,3 миң башка кыскарган. Чочко этин өндүрүүнү көбөйтүү үчүн бул чарбада аргындаштыруу системасын жакшыртуу зарыл. Ошондуктан негизги энелик тукум катары ири ак чочко, негизги аталык тукум катары хряк, ландрас же түндүк кавказ тукумдары пайдаланылат. Айрым жеке чарбаларда адистештирилген эт тукумундагы чочко багылат.

Ж ы л к ы   ч а р б а с ы. Кыргызстанда жылкы чарбасы илгертен эле көчмөн жана жарым көчмөн чарбачылыкка ылайыкталып өнүгүп келген. Жылкы жыл бою жайытта багылып, көчмөн кыргыз эли үчүн жылкысыз жашоо эч мүмкүн эмес эле. Ысык-Көл, Ноокат, Талас, Нарын райондорунда асыл тукум жылкы заводдору уюштурулган, жаңы породалар чыгарылган. Бирок, жылкынын саны 1950-жылдарда кескин кыскартылган. Эгерде, 1925-ж. республикада 437,8 миң жылкы болсо, ал 1964-ж. 221,0 миңге чейин кыскарган. Кийинки учурда жылкы өстүрүүгө көңүл бурула баштады. Кыргызстан Орто Азия, шериктеш өлкөлөрүнүн ичинде гана эмес, жалпы Борбордук Азиядагы жылкы чарбасы өнүккөн өлкө. 2010-жылдын башында жылкынын саны 373,0 миңге жеткен. Жылкы чарбасы эт, кымыз берет. Ал эс алуучу жайларда кеңири пайдаланылып жатат. Ат туризми кооз капчыгай, өрөөндөрдө, айрыкча Ысык-Көлдүн курорттук зоналарында кеңири уюштурулуп жатат. Ат спорту өнүккөн.

Республикада жылкынын ичинен кыргыз жана жергиликтүү жакшыртылган тукумунун башы көбүрөөк. Кыргыз жаңы тукуму – тоо шартына ылайыкташкан дүйнөдөгү эң мыкты аргын чалыш тукум. Аларга дүйнөлүк рынокто суроо-талап көп. Дагы башка таза кандуу минги тукумундагы жылкылардын баалуу генофонду бар. Дон жылкылары – минги-чегилме жылкы тукуму, жеке менчик ээлеринин колунда. Орлов жана орус таскактуу тукумундагы жылкылар негизинен Чүй облусунда тарап, спортко жана жүк ташуучу унаа катары пайдаланылат.

Кыргызстандын табигый-экономикалык шартында жылкыны үйүр-үйүрү менен багуу ыңгайлуу. Азыр республикада жылкынын 62% и үйүр-үйүрү менен жайлоодо, кыштоодо асыралат. Жылкынын

тоютка болгон керектөөсүнүн 85–90% и жыл бою талаадан оттоонун эсебинен канааттандырылат. Бул көп каражатты үнөмдөөгө шарт түзөт.

Келечекте республикада жылкы чарбасын мындан ары өнүктүрүү, кымыз ачытуу боюнча адистештирилген фермаларды ачуу, ат спортунун жана туризмдин өсүшүнө, спорт жана эттүү жылкыны экспорттоого жылкы чарбасын өнүктүрүү үчүн тукумдук жылкы даярдоого көбүрөөк маани берилет.

Ү й к у ш т а р ы ч а р б а с ы н д а тоок, күрп, өрдөк, каз ж. б. канаттуулар өстүрүлөт. 30-жылдарда республиканын чарбаларында майда канаттуулар фермалары уюштурулуп, көмөкчү тармак иретинде өнүгө баштаган. Кийинчерээк аларды жоюп, 60-жылдардан баштап Сокулук, Аламүдүн, Ат-Башы, Бишкек, Жалал-Абад, Кара-Суу, Сузак, Чүй, Ысык-Ата, Ысык-Көлдө жумуртка жана эт багытында ири куш фабрикалары уюштурулуп, өнүгө баштаган. Чүй өрөөнүндө өрдөк фабрикасы да курулган. Республикада өндүрүлгөн жумуртканын 51,5%, үй кушу этинин 44,8% бакма куш фабрикаларынын үлүшүнө туура келген.

Үй кушу фабрикалары аралаш тоюттардын жана жем-чардын базасында иштеген. Аларды негизинен Казакстандан жана Россиядан алып турган. Рыноктук экономиканын өткөөл мезгилинде жакынкы чет өлкөлөрдөн дан аз келип, жергиликтүү дан негизинен калктын азык-түлүгүнө керектелген. Натыйжада, тоюттун жетишсиздигинен фабрикалар иштебей калган. 1991-ж. 13,6 млн үй кушу болсо, 2010-жылы анын саны 4,5 млнго кыскарган.

Үй куштарынын негизги жеми дан болгондуктан, ал республиканын дыйканчылык зоналарында көбүрөөк өнүгө баштады. Негизги райондору Чүй, Талас, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл облустарынын дыйканчылык зоналары болуп эсептелет. Мында үй куштарынын ичинен тоок басымдуулук кылат.

Сырттан алынып келинген үй куштарын байырлаштыруу жана жогорку продукттуулугун сыноо боюнча көп иштер жүргүзүлүүдө. Кыргыз тоогунун породасы – Орто Азия өлкөлөрүндөгү жападан жалгыз эт-жумуртка багытындагы порода. Бул порода жергиликтүү кургакчыл, ысык климат шартына байырлашып, өрөөндөрдө жана бийик тоолуу алкактарда да таралган. Эт-жумуртка багытындагы порода кирешелүү, кыска мөөнөттүн ичинде жергиликтүү диеталык продукт (жумуртка, эт) алууга мүмкүндүк берет. Бул багыттагы, айрыкча кыргыз породасындагы тоокторго суроо-талап күчөөдө.

Күрп негизинен Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын Фергана өндүрүнүн түздүктөрүндөгү жана тоо этектериндеги чарбаларда, Таласта, каз, өрдөк негизинен Чүй жана Ысык-Көлдүн айрым чарбаларында асыралат. Кийинки жылдары республикада төө кушун асыраган үй-бүлөлөр пайда болду.

Ж и б е к ч и л и к Кыргызстандын айыл чарбасында көмөкчү чарба болуп эсептелет. Ал Баткен, Ош, Жалал-Абад облустарында өнүккөн. Жибекчиликтин өнүгүшүнө табигый-климаттык шарт толук мүмкүнчүлүк берет. Жибекчиликтин негизин түзгөн тыт жыгачтарынын жалбырактары жибек курттары (пилласы) үчүн тоют булагы болуп эсептелет. Тыт жыгачтары айдоо аянттарынын чет-жакаларына, жолдордун боюна, каналдардын, арыктардын жээктерине, көлмөлөрдүн, суу сактагычтардын жана айыл-кыштакта жашаган калктын короо-жайларынын айланасына бир катар же эки катар тилке түрүндө тигилет. Ал эми плантация тибинде болсо тыт жыгачтары атайын бөлүнгөн анча чоң эмес аянттарга отургузулат. Бардык жыйналган тоюттун дүң жыйымынын 82% ин катар отургузулган тыттардын жалбырактары берет, ал эми тыт плантациясынан алынуучу тоюттар 18% ти түзөт.

Кыргызстандын жаратылыш шарты а а р ы ч а р б а с ы н өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Республикада табигый жана айыл чарба өсүмдүктөрү бир мезгилде гүлдөбөйт. Алардын гүлдөшү бийиктик алкактар боюнча өзгөрөт. Ошондуктан бал аарыларын дайыма бир алкактан экинчи алкакка көчүрүп жүрүүгө туура келет. Өрөөндөгү дыйканчылык талааларындагы беде, эспарцет, мөмөбак, жашылча-жемиш, бакча ж. б. өсүмдүктөр, тоолордо өскөн ар түрдүү табигый чөп, караган, бадал өсүмдүктөрү гүлдөгөн мезгилде бир жагынан чаңдаштырууну талап кылса, экинчи жагынан аларга тоют базасы.

19-кылымдын 70-жылдарында биринчи бакма аары орус келгиндери тарабынан Каракол шаарынын аймагына, 1910–15-жылдары республиканын түштүгүнө, Чүй өрөөнүнө орустар, украиндер тарабынан алынып келинген. Кийинчерээк чарбаларда жана калктын көмөкчү чарбаларында бал аарысы кирешелүү тармак катарында өнүгө баштаган. Республикада 100 миңге жакын бал челек бар. Жыл сайын орто эсеп менен ар бир челектен 35–45 *кг*, айрымдарынан 80 *кг*га чейин бал алынат.

Келечекте республикадагы чарбалардын баары, айрыкча айылдык дыйкан чарбалары аары чарбасын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк алат. Республикада балдан сырткары жыл сайын 150–160 *т* воск, 2 *т* прополис, 1,5 *т* энелик сүт, 5–6 *кг* аары уусун өндүрүүгө болот.

Б а л ы к ч а р б а с ы республиканын айыл чарбасынын балык өстүрүүчү жана аларды көбөйтүп, тукумун жакшыртуу иштерин жүргүзүүчү тармагы. 1965-ж. Республиканын балыкчылык башкармалыгы (1993-жылдан «Кыргызбалыгы» корпорациясы) уюшулгандан тартып өзүнчө тармак катары өнүгө баштаган. Балык чарбасы табигый жана жасалма көлмө балык чарбасына бөлүнөт. Табигый көлмө балык чарбасы дарыя, көл, өзөн, суу сактагычтарда балык запасын көбөйтүү иштерин жүргүзөт. 1930-жылга чейин

республиканын сууларында балыктын 7 тукуму, 30га жакын түрү жана түрчөлөрү болгон. Алардын ичинен Ысык-Көлдө – көк чаар, жылтыр, чабак, май чабак, Чүй өрөөнүндөгү суу, көлмөлөрдө – чортон, жаян, жылтыр, сазан, кой балык кездешкен.

1930-жылы суулардагы балыктын продукттуулугун жогорулатуу, түрдүк курамын жакшыртуу үчүн республиканын илимпоз ихтиологдорунун чечими менен промыселдик балыктардын түрлөрүн байырлаштыруу адегенде Ысык-Көлдө, кийинчерээк башка агын суу, көлдөрдө башталган. 1930- жана 1936-жылы Севан көлүнөн Армения жилингир-игаркун жана майканат, Россиядан омуль, момун балык, ряпушка, каңылтыр, көк серке, тыран балыктарынын чабагын алып келип, Ысык-Көлгө коё берилген. Алардын ичинен жилингир, каңылтыр, көк серке, судак, майканат, тыран балыктары байырлашып, 1960-жылдардын аягында тукумдук балык пайда болуп, 1971-жылдан өнөр жайлык товардык балык кармала баштаган. Азыркы мезгилде Ысык-Көлдө балыктын 20дай (жилингир, май канат, момун балык, тыран, кубулма балык, таман балык, көк серке ж. б.) түрү бар. Алардан жилингир балыгы жакшы байырлашып, айрымдарынын салмагы 24 *кг*га чейин жеткен. Ошондой эле сига, тыран, көк серке (судак) көбөйүп кеткен. Бирок, көк серке балыгы майда балыктарды жеп, санын азайтып жиберген.

Республиканын бардык суу, өзөн, көлдөрүнөн 511 *т* балык кармалса, Ысык-Көлдөн жылына 1,0–1,2 миң *т* балык кармалат. Жилингирдин табигый көбөйүшү чектелүү болгондуктан, Тоң балык өстүрүү заводунда жилингир балыгын жасалма жол менен көбөйтүү иштери жүргүзүлүүдө.

1950-жылдан Соң-Көлдө балыкты байырлаштыруу башталган. Момун балык, сига, ряпушка, чүрөк, жилингир, кубулма балык, көк чаар коё берилген, алардын жакшы байырлашкандары момун балык, көк чаар, сига болгон. 1977-жылдан Соң-Көлдөн товардык балык кармала баштады. Ал мезгилде 100 *т*дан ашык балык (жыл сайын 50–100 *т*дан сига) кармалган.

Токтогул суу сактагычына Ысык-Көл жилингири, ак амур, макоо балык, каңылтыр, сазан, сибирь мекиреси коё берилген. Кийинки мезгилде суу сактагычта жана ага куйган сууларда балыктын 17 түрү бар. Алардын ичинен каңылтыр, сазан, ак амур, ак макоо балыктары 1978-жылдан баштап өнөр жайлык деңгээлде кармала баштаган. Азыр Ысык-Көл жилингири, ак макоо балык, сазан, каңылтыр балыктары кармалат. Жылына 100 *т*дан ашык балык алынат. Орто-Токой суу сактагычына жылтыр, көк чаар, жилингир, Кара-Буура суу сактагычына жылтыр, каңылтыр, ак амур, таман балык, ак момун балык, Найман суу сактагычына – сазан, каңылтыр, Базар-Коргон суу сактагычына – сазан, каңылтыр ж. б. промыселдик балыктар коё берилген.

Азыркы мезгилде Кыргызстандын суу, көл, суу сактагычтарына балыктын 11 тукумуна кирген 75 түрү кездешет. Промыселдик балык уулоо негизинен Ысык-Көл, Соң-Көлгө, Токтогул суу сактагычына жүргүзүлүүдө. Өзгөн жана Талас балык чарбалары каңылтыр, ак амур, момун балык өстүрүүдө. Көлдөгү тоют базасынын начардыгы балык чарбасынын өнүгүүсүнө тоскоол болууда. Ошондуктан жасалма көлмөлөрдө балык өстүрүү келечектүү тармак болуп эсептелинет.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Кыргызстандын айыл чарбасынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү кайсылар?
2. Мурунку жана азыркы өнүгүү абалы кандай?
3. Агрардык жана жер реформасынын өзгөчөлүгү эмнеде?
4. Республикада айыл чарбасына жарактуу жердин курамын карта-схеманы пайдаланып, иликтегиле.
5. Айыл чарбасынын тармактык курамы кандай?
6. Мал чарбачылыгына тоют базасын түзүүнүн өзгөчөлүгү жана анын булактары кайсылар?
7. Кой, уй, жылкы чарбаларынын жайгаштырылышын жана өнүгүшүн статистикалык маалымат жыйнактары жана карта-схемалардын жардамы менен анализдегиле.
8. Республикада айыл чарба өсүмдүктөрүнүн курамы кандай?
9. Дан эгиндеринин, техникалык жана тоют өсүмдүктөрүнүн жайгаштырылышын карта-схемалардын жардамы менен анализдегиле.

## V. 3. АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯЛАРЫН ЖАНА СЫРЬЁЛОРУН КАЙРА ИШТЕТҮҮЧҮ ӨНӨР ЖАЙЛАРЫ

Республиканын айыл чарбасынын негизги тармактарынын бири – айыл чарба продукцияларын жана сырьёлорун кайра иштетүүчү өнөр жайлары. Кыргызстандын айыл чарбасынын бөтөнчөлүгү анын азык-түлүк жагына багыт алгандыгында. Андагы жалпы өндүрүлгөн дүң продукциянын 62,6% тамак-аш үчүн түздөн-түз же өнөр жайлык кайра иштетүүдөн кийин пайдаланылат, ал эми 37,4% жеңил өнөр жайында кайра иштетилип, калктын керектелүүчү товарына айландырылат.

XX кылымдын башында Кыргызстанда айыл чарба сырьёлорун кайра иштетүүчү өнөр жай ишканалары жокко эсе эле. Кийинки совет бийлигинин жылдарында шаарларда тамак-аш жана жеңил өнөр жай тармактарынын бир катар ири ишканалары курулган, ал эми айыл-кыштактарда айыл чарба сырьёлорун кайра иштетүүчү өнөр жай ишканаларын курууга тыюу салынган. Натыйжада, тоолуу Кыргызстандын шартында ири тамак-аш жана жеңил өнөр жай ишканаларынын сырьёлук базалары алыс болуу менен сырьёлук зоналардын радиусу эң чоң болгондуктан (200–500 *км*)

сырьёлорду топтоп даярдоодо, сактоодо, транспортко жүктөөдө, түшүрүүдө, ташууда, өнөр жай ишканаларында кайра иштетүүдө, даяр продукцияны калкка жеткирип сатууда көп коромжулукка учураган, транспорттук ж. б. кошумча чыгымдарды көп талап кылган. Ошондуктан, өндүрүлгөн азык-түлүктүн жана элге керектелүүчү товарлардын өзүнө турган наркы өтө жогору болгон. Мындай абалдан арылуунун эң негизги жолу базар экономикасынын шартында айыл чарба сырьёлорун өндүргөн жердин өзүндө, башкача айтканда, айыл-кыштактарда кайра иштетүүчү чакан өнөр жай ишканаларды, сактоочу жайларды куруп, калктын суроо-талаптарын толук канааттандыруу зарыл.

## V. 3. 1. Тамак-аш өнөр жайы

Кыргызстандын мал чарба жана дыйканчылык тармактарынан өндүрүлгөн айыл чарба сырьёлорун кайра иштетүүнүн негизинде тамак-аш өнөр жайы өнүгүп, бир катар адистештирилген тармактардан турат. Жалпы өнөр жайдын дүң продукциясынын 20% жана экспорттун (кант-шекер, ферменттелген тамеки, тамак-аш спирти) 10% и тамак-аш өнөр жайына тиешелүү. Азыр республикада тамак-аш, тамеки, ликер-арак ж. б. продуктулардын кеңири ассортиментин чыгаруучу адистештирилген ишканалар жайгашкан. Тамак-аш өнөр жай ишканаларынын бардыгы бүгүнкү күндө толук менчиктештирилген. Учурда республикада тамак-аш өнөр жайынын 392 (2010) ишканасы жана өндүрүштөрү бар. Анын ичинен 22 тамак-аш (жашылча-жемиш, жүзүм ж. б.), 43 сүт, 3 кант заводу, 15 тамеки, 10 кондитер, 33 ликёр-арак, шарап жана алкоголсуз ичимдик чыгаруучу ишканалар, ошондой эле бир катар чакан цехтер, тегирмендер бар. Кыргызстан тамак-аш өнөр жайынын негизги тармактары: эт, сүт, тамеки, кант, ликёр-арак, шарап, кондитер, мөмө-жемиштерди иштеп чыгаруучу ж. б.

Республикада мал чарбасынын өнүгүшү менен эт өнөр жайы да өнүккөн. Мисалы, 1985–95-жылдар аралыгында Кыргызстанда эт өндүрүү (союлган салмакта) 169,1 миң тоннадан 176,1 миң тоннага, башкача айтканда 7 тоннага эле көбөйгөн. Себеби, 1991–96-жылдары республиканын айыл чарбасында, анын ичинде мал чарбасында жана эт өнөр жайында оор абал түзүлгөн.

Өлкөдө даярдалган этти көп жылдар бою Бишкек, Токмок, Кайынды, Балыкчы, Каракол, Нарын, Талас, Ош, Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Майлуу-Суу, Сүлүктү, Кызыл-Кыя эт комбинаттарында жана Чаек, Көк-Жаңгак мал союучу пункттарда иштетилип келинген. Азыр алар сырьёнун жоктугунан чакан өндүрүштөргө, акционердик коомдорго айланган. Эң ирилери: «Бишкек эт-консерва»,

«Төштүк – Каракол», «Келечек» (Ош эт комбинаты), «Кайыңды эт комбинаты» акционердик коомдору ж. б.

Эт өнөр жайлары жыл сайын продуктулардын 235тен ашык түрүн, анын ичинде колбасанын 105, котлеттин 20 түрүн, чүчбаранын ар кандай түрлөрүн даярдап келген. Эт жана эттен даярдалган продукту 1990-жылга чейин өсүп, көбөйүп келген, бирок кийинки жылдарда аларды өндүрүү төмөндөп кетти. Азыр айылдарда, агрофирмаларда этти кайра иштетүүчү чакан ишканалар пайда болду.

Эт комбинаттарындагы, мал союу пункттарындагы союлган малдын терисин, майын, ичеги-карынын, боорун, жүрөгүн, өпкөсүн, бөйрөгүн, мүйүзүн, туягын, сөөктөрүн, жал-куйрук кылдарын, канын ж. б. калдыктарын эч коромжусуз пайдалануу өтө зарыл. Мисалы, союлган малдын мүйүзүнөн, туягынан ар түрдүү сувенирлерди даярдоону өздөштүрүү республикага чет өлкөлүк көп валютаны алууга мүмкүнчүлүк берет. Союлган койдун ичегиси дээрлик бүт бойдон Голландияга, Францияга, Казанга ишкер адамдар аркылуу кайра иштетүү үчүн арзан баада сатылып жатат. Аны республикада эле иштетип, көп сандаган продукцияларды, анын ичинен комуздун жана башка музыкалык аспаптардын кылын, медициналык препараттарды, жабдууларды, кылды даярдоого болот.

Балык өнөр жайы тармагынын ишканасы Ысык-Көл районунун Григорьевка кыштагында жайгашкан балык комбинаты балыкты кайрадан иштетип, ал 1993-жылы «Кыргызбалыгы корпорациясы» болуп уюштурулган. Комбинат негизинен тоңдурулган, кургатылган, туздалган, ышталып сүрсүтүлгөн балыктарды даярдайт. Өнөр жайлык товардык балык Ысык-Көлдө 1971-жылдан кармала баштаган. Кармалган балыктын бир аз бөлүгү балык комбинатына өткөрүлөт, калганы эскире электе калкка сатылат. Тоң балык заводунда балык өстүрүлүүдө.

Сүт өнөр жайынын негизин саан уйлар түзөт. Сүттүн курамында 84%тен 87,3%ке чейин суу бар. Ал алыска ташууга жараксыз сырьё. Ошондуктан сүттү өндүрүлгөн жеринде гана өнөр жайлык кайра иштетүүнү уюштуруу экономикалык жактан натыйжалуу келет. Кыргызстанда сүт өнөр жай ишканалары негизинен айыл-кыштактарда жайгаштырылган. Айрыкча, ар түрдүү продукцияларды өндүрүүчү ири сүт комбинаттары Бишкекте (сменалык кубаттуулугу 240 миң *т*), курорттук зонанын талабын канааттандырууга багытталган «Сүт булак» жабык акционердик коому (2,5 миң *т*), «Ак-Жылга» ачык акционердик коому (500 *т*) Ысык-Көл облусунда, андан сырткары Ошто, Жалал-Абадда, Өзгөндө, Токмокто, Таласта, Нарында жайгашкан. Алар шаар калкынын, эс алуучулардын жаңы сүт продукцияларына болгон керектөөлөрүн канааттандыруу максатында майлуу ынак сүт, ке-

фир, айран, быштак, сыр, майынан ажыратылган сүт, балмуздак, сүттөн даярдалган балдардын тамак-ашын өндүрөт.

Май, сыр өндүрүүчү заводдор Беловодск, Жайыл, Ананьев, Кызыл-Суу, Баткен, Кадамжай сыяктуу ири кыштактардан жана шаарлардан орун алган. Көп айыл-кыштактарда сүттөн каймакты бөлүп алуучу сепараторлор да бар.

Кыргызстан калктын сүт продукцияларына, анын ичинде кургатылган, коюлтулган сүткө жана балдардын сүттөн жасалган тамак-ашына болгон муктаждыктарын канааттандыра албайт. Өзгөндөгү кургатылган сүт, коюлтулган сүт, Таластагы, Бишкектеги балдардын сүттөн жасалган тамак-ашы, Оштогу комбинаттарда өтө аз өлчөмдө өндүрүлүп, башка чет өлкөлөрдөн кымбат баага сатылып алынган.

Келечекте сүт өнөр жай ишканаларынын оптималдуу (өтө ыңгайлуу) жайгаштырылышына көңүл бурулмакчы. Илимий аныктоолор боюнча сүттү кайра иштетүүчү өнөр жай ишканаларынын сырьёлук базасынын радиусу 50 *км*ден ашпоосу керек. Бирок, республиканын ири сүт комбинаттарына сырьё 70–80 *км* алыс жайгашкан чарбалардан ташылат. Ошондуктан базар экономикасынын талабына ылайык сүттү кайра иштетүүчү ишканаларды, сүттү өндүргөн фермердик чарбаларда, орто жана ири айыл-кыштактарда өнүктүрүү керек. Азыр республикада сүт өнөр жайынын элүүдөн ашыгыраак ишканасы иштейт. Дыйкан (фермер) чарбаларында да чакан сүт өндүрүштөрү бар.

Дан иштетүүчү өнөр жай ишканаларынын негизин дан чарбасы түзөт. Ал республиканын азык-түлүк жана жем-чар фондусун түзүүнүн булагы. Республикада өндүрүлгөн жана сырттан ташылып келинген дан эгиндеринин базасында ун-акшак, нан, макарон, кондитер жана аралаш тоют өндүрүү өнүккөн.

Мурун, башкача айтканда, 1913-жылдарда суу менен иштеген бир канча майда тегирмен чакан айыл-кыштактарда, Бишкек, Каракол, Ош шаарларында болгон. Кийинчерээк, айрыкча 1930-жылдарда Чүй, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл облустарында данды кайра иштетүүчү ири ишканалар курулган.

Ун-акшак, өндүрүүчү ири ишканалар Бишкекте, Токмокто, Кара-Балтада, Балыкчыда, Караколдо, Ошто, Кара-Сууда, Сүлүктүдө, Кызыл-Кыяда, Нарында, Таласта жайгаштырылган. Алардын ар бирөөнүн кубаттуулугу бир суткада 100 *т* эгинден (Нарын, Талас) 500 *т*га чейинки данды (Токмок, Бишкек, Кара-Суу ж. б.) иштетүүгө жетет.

Кийинки мезгилге чейин дан иштетүүчү өнөр жай ишканалары республиканын аймактарында бирдей жайгашкан эмес. Чүй облусунда ири ишканалардын 60% жайгашып, ал эми Нарын жана Талас облустарында данды өнөр жайлык кайра иштетүүчү чакан

бирден гана ишкана болгон. Эң ирилери: «Кара-Суу дан-азык», «Ысык-Көл дан-азык» ачык акционердик коомдору, «Бишкек ун тартуу комбинаты», «Дан-юг» жоопкерчилиги чектелген коомдору, «Буудай – Кара-Балта», «Буудай – Токмок», «Буудай – Каракол» акционердик коомдору ж. б.

Азыр республиканын аймагында ири ишканалардан башка, айрыкча айыл-кыштактардагы суу менен иштеген мурунку тегирмендерди кайра калыбына келтирүү, электр тогу менен иштөөчү чакан тегирмендерди, аралаш тоюттарды өндүрүүчү ишканаларды куруу иштери кеңири жүргүзүлүп жатат. Бул ишканалардан өндүрүлгөн ундун, аралаш тоюттун өзүнө турган наркы ири ишканаларда өндүрүлгөн продукцияларга салыштырганда 2–2,5 эсе арзанга турат.

Кыргызстанда нан өнөр жай тармактары өнүгүп жатат, калк жайгашкан ар бир шаарда нан комбинаттары жана заводдору бар. Ошондой эле, шаарчаларда, ири айыл-кыштактарда да нан бышыруучу ишканалар иштейт. Азыр чет элдик минизаводдор курулууда. Нан заводунун көбү акционердик коомдорго айландырылган. Тармактын эң ири ишканалары «Бишкек нан», «Ош нан», «Кара-Балта нан» заводу, «Гүлазык» (Ош нан заводу), Кызыл-Кыя – нан», «Алтын дан» акционердик коомдору, Токмок, Жалал-Абад нан заводдору болуп эсептелет. Булардан тышкары чакан набайканалар республикада бышырылган нандын 50% ин берет.

М а к а р о н   ө н д ү р ү ү көп жылдар бою Бишкек нан комбинатында ишке ашырылып келген. Кийинчерээк макарон ишканалары Жалал-Абад, Токмок шаарларында пайда болду. Кара-Балта, Каракол шаарларында Кытай менен биргелешип курулган кесме чыгаруучу ишкана иштеп жатат.

К о н д и т е р   ө н ө р   ж а й ы Бишкектеги нан комбинатынын алдында өнүгө баштаган. Анын кубаттуулугу суткасына 25 *т* продукция өндүрүүдөн ашкан эмес. Кийинки жылдарда Бишкекте ири кондитер комбинаты, Токмокто жана Жалал-Абадда кондитер фабрикалары жайгаштырылган. Кант шаарындагы мурунку кант заводунун базасында кондитер азыктары чыгарыла баштаган. 2009-жылы 5519,8 *т* продукция өндүрүлгөн. Кондитердик өнөр жай өндүрүшү 6 ири акционердик ишканалардан турат, анын ичинен «Таттуу», «Ата–ЛТД», «Ширин», «Куликов торту», «Чыгыш-таттуу даамдары» жоопкерчилиги чектелген коомдору, «Келечек» акционердик коому ж. б. иштейт. Мындан сырткары эт-сүт өнөр жайынын, кант завод акционердик коомунун, ошондой эле керек-жарак коомунун кондитердик цехтери бар.

К а н т   к ы з ы л ч а   ө н ө р   ж а й ы н ы н негизин кант кызылчаны иштетип кант азыгын өндүрүү түзөт. Кыргызстанда аны өндүрүү 1929-жылдан башталган. Биринчи кант заводу 1932-ж.

Чүй өрөөнүндөгү Кант айылында курулган. Кийинчерээк Кара-Балта кант комбинаты, Шопоков, Токмок, Ак-Суу, Беловодск, Кайыңды кант заводдору курулуп, Чүй өрөөнүндө кант кызылча 50 миң *га* жерге айдалып, дүң жыйымы 1 млн 900 миң *т*га жеткен. Бирок кант кызылчанын канттуулугу төмөндөп, түшүмү азайгандыгына байланыштуу 1980-жылдардын ортосунда республикада кант кызылчаны эгүү токтотулуп, айрым заводдор башка продукцияларды жасоого аргасыз болгон. Алсак, Токмок кант заводу майонез, маргарин өндүрүүгө, Канттагы завод – конфета, печенье, лимонад чыгарууга, Ак-Суудагы завод – крахмал, жүгөрү майын өндүрүүгө адистешкен. Ал эми Кара-Балта кант комбинаты, Кайыңдыдагы кант заводу Кубадан ташылып келген камыштан шекер чыгарууга өткөн. Бирок, Кубадан 430 миң *т* бал камыш сырьёсун валютага сатып алып, аны кеме менен Атлантика океанынан алып өтүп, Одессадан же Санкт-Петербургдан темир жол аркылуу Чүй өрөөнүнө жеткизүү өтө эле кымбатка турган. Кыргызстанга кант кызылчаны кайра эгүү жана аны кайра иштетүүчү ишканаларды калыбына келтирүү мезгилдин талабы болду.

Азыр республикада кант өнөр жайынын 3 ишканасы бар. Анын ирилери: «Кошой» (Ак-Суу кант заводу), «Кайыңдыкант», «Агросах» акционердик коомдору. Бул ишканалар 2006-жылы 58,1 миң *т* кант (шекер) чыгарган, ал эми 2010-жылы анын өндүрүшү төмөндөп, 13,9 миң *т*ны түзгөн. Ошол себептен азыр кант Россиядан, Украинадан, Кытайдан ж. б. өлкөлөрдөн импорттолот.

«Кара-Балта спирт заводу», «Каракол спирт заводу» мамлекеттик ишканалары жана «Агротамак» жабык акционердик коомдору спирт ачыткысын өндүрөт. Спирт алуучу сырьё патока кант заводдордон темир жол аркылуу келет. Арак-шарап өндүрүүнүн негизин спирт түзөт. Спирт өндүрүүдөн калган калдыктарынан көмүр кычкыл кислотасы, кургатылган тоют ачыткычтар, нан бышыруучу ишканалар үчүн ачыткылар өндүрүлөт.

Мөмө-жемиш жана жашылча өнөр жайы республикада өндүрүлгөн жашылчанын 50–54%ин, мөмө-жемиштин 48–51%ин кайра иштетет. Аларды иштетүү үчүн мөмө-жемиш, жашылча, консерва, шарап заводдору, комбинаттары курулган. Жашылча, мөмө-жемиш консерва заводдорунун жалпы бир жылдык кубаттуулугу 163,4 млн шарттуу банкадан ашат. Алардын ири комбинаттары жана заводдору Бишкек Чүй облусунун, Токмок, Кара-Балта; Ош облусунун – Ош; Баткен облусунун – Кызыл-Кыя; Жалал-Абад облусунун – Жалал-Абад; Ысык-Көл облусунун – Каракол, Балыкчы шаарларында жайгашкан. Булардын ар бири ири ишкана болгондуктан сырьёлук базалары алыс болуп, бир катар кошумча чыгымдарды талап кылган жашылчаны, мөмө-жемишти жыйноодо, даярдоодо, сактоодо, ташууда көп коромжуга учураган.

Андан сырткары кийинки мезгилге чейин Талас өрөөнүндө, Нарын, Жалал-Абад облустарында, Ош облусунун алыскы райондорунда жашылчаны жана мөмө-жемишти кайра иштетүүчү бир да ишкана болгон эмес.

Кыргызстандагы жашылчаны, мөмө-жемишти кайра иштетүүчү ири комбинаттар, заводдор 80ден ашык ар түрдүү ассортименттеги продукцияларды, алардын ичинде ар түрдүү шире, компот, варенье, джем, повидло, маринаддалган, туздалган, ачытылган капуста, бадыраң, томат ж. б. чыгарат.

Азыр жапайы өскөн мөмө-жемишти жыйноого, аларды кайра иштетүүгө көңүл бурулууда. Алсак, Базар-Коргон районунун Ачы токой чарбасында алмадан, алчадан, кайналыдан консерва жасоо жолго коюлган. Караколдо чычырканактын ашынан сок чыгарылат, анын уругунан Бишкектеги химия-фармацевтика заводунда май алынат. Табигаттын мындай бай ресурстарын калк үчүн азык-түлүк иретинде өндүрүүнү жолго коюу зарыл.

Айыл-кыштактардагы дыйкан чарбалардын өздөрүндө жашылча жана мөмө-жемиштерди сактай турган жайларды табигый таштардан жана жергиликтүү курулуш материалдарынан куруу бардык жактан натыйжалуу келет. Мындай табигый байлык республиканын бардык булуң-бурчунда өтө көп.

Жүзүм өнөр жайы үчүн Кыргызстандын түштүгүндө жана Чүй өрөөнүндө жүзүм өстүрүлөт. Бул тармактын келечеги зор. Ал жаңы жана кургатылган түрдө, же өнөр жайда кайра иштетилип, шире, кыям, джем, компот, шарап түрүндө пайдаланылат.

Бишкекте «Алтын шампаны» жоопкерчилиги чектелген коому, жүзүмдөн шарап чыгаруучу башка ишканалар, ошондой эле Жалал-Абад облусунун Багыш, Жийде айылдарында, Оштун Кара-Суу, Баткендин Кадамжай, Чүй облусунун Аламүдүн, Москва, Чүй райондорунда бар. Жүзүм өстүрүлгөн чарбалардын өзүндө шарап ж. б. продукцияларды чыгаруучу чакан ишканалар курулууда.

Өсүмдүк майын чыгаруучу өнөр жайы. Азыр жергиликтүү калк май берүүчү өсүмдүктөрдүн республикада таралуу тарыхына кайрылып, өздөрү жашаган жердин топурак-климаттык шарттарына ылайык, экономикалык жактан пайдалуу болгон май берүүчү өсүмдүктөрдү анча чоң эмес аянттарга айдап, аларды үй шартындагы чакан ишканаларда кайра иштетип, өсүмдүк майын өндүрүп жатат. Бул калктын керектөөлөрүн канааттандырууга көмөктөш болот.

Пахтанын чигитинен май өндүрүү максатында 1952-ж. Ош облусунун Кара-Суу шаарында май экстракциялоочу завод курулган. Завод курулганга чейин Кыргызстандагы пахтанын чигити май өндүрүү үчүн Өзбекстандын май экстракциялоочу заводдоруна жөнөтүлүп турган. Чигиттин бир аз бөлүгү Токтогул шаарчасын-

дагы чакан ишканада иштетилген. Май экстракциялоочу заводдун суткалык кубаттуулугу 380,0 *т* болгон; ал чигитти иштетип, пахта майын өндүрүүгө жөндөмдүү келген. Акталбаган жана тазаланбаган пахта майы бул заводдун башкы продукциясы болуп саналган. Завод май чыгаруучу чигитти ошол кездеги Ош, Жалал-Абад, Араван, Кара-Суу пахта тазалоочу заводдорунан алып, 1982-жылга чейин сырьё менен толук камсыз болуп, үзгүлтүксүз иштеп келген. Бирок, республикада 1980-жылдан баштап пахтанын аянты кыскарып, дүң жыйымы 2,6 эсеге төмөндөгөн. Ошондуктан Ош, Араван пахта тазалоочу заводдору жабылган. Кара-Суу май экстракциялоочу заводго чигиттин келиши азая баштагандыгына байланыштуу ал соя майын өндүрө баштаган.

Тазаланган пахта майынын басымдуу бөлүгү калкка сатуу үчүн соода тармагына жана коомдук тамактануу ишканаларына жөнөтүлөт.

Өндүрүштүн кошумча продуктусу болгон күнжараны саан уйларга берүү үчүн түштүктүн пахта өндүргөн райондоруна жөнөтүлөт жана аралаш тоюттарды чыгарууга кошумча сырьё катары пайдаланылат. Чигиттин кабыктары мал чарбасында кесек тоют катары жумшалат. Азыр өсүмдүк майын чыгаруучу өнөр жайынын ири ишканалары болуп Кара-Суу шаарындагы «Акман» (кубаттуулугу жылына 120 миң *т* маргарин, 3 миң *т* майонез), «Май» (Токмок май-тоң май комбинаты) акционердик коомдору, «Кыргыз-крахмал» патока заводу иштешет. Мындан тышкары өсүмдүк майын чыгарган чакан өндүрүштөр да бар.

Т а м е к и  ө н ө р  ж а й ы н ы н  негизги тармактарынын бири тамекинин жалбырагын ферменттөөчү заводдор болуп эсептелет. Республикада тамеки жалбырагын ферменттөөчү заводдор Кызыл-Кыя, Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Жаңы-Арык, Бишкек шаарларында жайгашкан.

Ферменттелген тамеки жалбырагынан ар түрдүү папирос, сигарета өндүрүлөт. 2009-жылы республикада 7847,5 миң *т* ферменттелген тамеки, 3,5 млрд даана папирос жана сигарет, 504,4 *т* чылым даярдалган. Бирок, Кыргызстанда ферменттелген тамекинин 2–3% и 1933-жылы курулган Бишкектеги тамеки фабрикасында даяр продукцияларды өндүрүү үчүн пайдаланылат. Азыр республикада тамеки продукциясын кайра иштетүүчү 21 ишкана бар. Ирилери: «REEMTSMA – Кыргызстан» (кубаттуулугу жылына 12,5 млрд даана сигарет), «Максат» акционердик коомдору, «Кызыл-Кыя тамекиси», «Ош – Дюбек» (Ош тамеки-ферменттөөчү заводу), «Ноокат тамекиси» ачык жана жабык типтеги акционердик коомдору.

Кызыл-Кыя, Жалал-Абад шаарларына сигарета чыгаруучу фабрикаларын куруу белгиленүүдө. Бул фабрикаларды түркиялык,

грециялык, италиялык, фирмалар менен биргелешип куруу боюнча келишимдерге кол коюлган. Келишимдерге ылайык жаңы курулган фабрикалар жыл сайын 30 млрд сигарета чыгарат. Алардын көбү чет өлкөлөргө сатылат.

## V. 3. 2. Жеңил өнөр жайы

Кыргызстанда мал чарбачылыктан жана дыйканчылыктан өндүрүлгөн сырьёлорду кайра иштетүүчү жеңил өнөр жай тармагы өнүккөн жана алардын келечеги кенен. Кыргызстандын жеңил өнөр жайын үч ири топко – текстиль, кийим тигүү, булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдарды жана бут кийимди өндүрүү болуп бөлүнөт.

Республиканын жеңил өнөр жай тармагы өтө натыйжалуу келип, жумшалган чыгымдарды тез актап, айыл чарбадан алынган сырьё менен өзүн камсыз кылып, чыгарган продукциясын жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө экспорттоого мүмкүнчүлүк түзгөн. 2010-жылы текстиль жана кийим тигүү өнөр жайы 6509,7 миң сомго, булгаары, булгаары буюмдары жана бут кийим өндүрүштөрү 196,6 млн сомго продукция чыгарган.

Ж ү н  ө н ө р  ж а й ы н ы н негизин кой чарбасынан өндүрүлгөн жүн түзөт. 1968-жылга чейин чарбалардан даярдалган жүндү жууп тазалоо үчүн алыскы Украинадагы Чернигов, Белоруссиядагы Журавичев, Латвиядагы Рига жана аз өлчөмдө Казакстандагы Жамбыл алгачкы жүн тазалоочу фабрикаларына жөнөтүлүп турган. Жыл сайын республика болжол менен алганда 22–26 миң *т* жуулбаган кир жүндү 4–5 миң *км* аралыктагы фабрикаларга жөнөтүп, көп зыян тарткан. Жуулбаган кир жүндү жууп тазалагандан кийин 51–56% жүн буласы алынат. Ушул шартты эске алганда, республиканын жыл сайын алыска 11–13 миң *т* кир жүндү темир жол менен ташып барып, аларга жумшаган транспорттук ж. б. чыгымдар өтө зор сумманы түзгөн. Текке кеткен чыгымдарды үнөмдөп, пайдасыз, ыксыз ташуулардан кутулуу максатында жүндү алгачкы иштетип, жууп тазалоочу фабриканы өзүбүздө куруу өтө зарыл болгон.

Экономикалык-географиялык жактан ыңгайлуу, тогуз жолдун тоому иретинде бааланып, республиканын бардык аймактары менен темир жана автомобиль жолдору аркылуу байланышы эске алынып, фабриканы Токмок шаарына куруу чечилген. 1968-жылы Токмок шаарында жүндү алгачкы тазалап, жуучу фабрика курулган. Анын биринчи кезектеги жылдык кубаттуулугу 16,4 миң *т*ны түзгөн, кийинчерээк анын кубаттуулугу 25,0 миң *т* тазаланган жүндү чыгарууга жеткирилген.

Кыргызстандын райондорунда өндүрүлгөн жүндүн баары фабриканын сырьёлук базасы болуп эсептелген. Сырьёлук зонанын радиусу 50 *км*ден 1000 *км*ге чейин жеткен. Миңдеген тонна жүк

алыскы Алай, Кара-Кулжа, Тогуз-Торо, Ат-Башы сыяктуу райондордон ашууларды ашып, автомашина менен темир жол бекеттерине чейин ташылып, андан ары темир жол аркылуу Токмок шаарындагы фабрикага жеткирилген.

Базар экономикасынын шартында Токмоктогу фабрика «Азия» акционердик коомуна, кийин жүндү жуучу жана ылгоочу «Ак-Була» жоопкерчилиги чектелген коомуна айланган. 1993-жылы кытайлык фирмалар менен бирдикте Ысык-Көл облусунда даярдалган жүндү жууп тазалоочу ишкана Тоң районунун Ак-Өлөң айылында, Нарын облусунда даярдалган жүндүн бир бөлүгүн тазалоочу чакан ишканалар Кочкор айылында курулган. Азыркы учурда бул ишканалар иштебейт.

Республиканын жүн иштетүүчү өнөр жайынын ири ишканаларынын бири 1963-ж. ишке киргизилген Бишкектеги «Кыргыз камволдук-нооту комбинаты» ачык акционердик коому болуп эсептелет. Ал, мурун Орто Азияда чыгарылуучу жүндөн токулган бардык кездемелердин 90%ин берген. Комбинат синтездик булаларды колдонуу менен костюмдук, көйнөктүк жана пальтолук кездеме, жарымы жүндөн токулган драп, одеял жана жүндөн ийрилген жип чыгарган. Мисалы, комбинат 1991-жылга чейин орто эсеп менен жыл сайын 10 млн *м*ге жакын жүндөн токулган кездеме, 10 миң *т*га жакын жүндөн ийрилген жип даярдап келген болсо, 2010-жылы комбинат 72,3 миң $м^2$ кездеме токуган.

Бул тармактарга 1947-жылдан баштап иштеген Токмоктогу жүн басып, кийиз жасоочу фабрика да кирет. Ал жууп тазаланган жүндү мурун Казакстандан (Жамбыл, Семей) алса, кийин Токмоктогу камволдук-ийрүү фабрикасынын жүн калдыктарынын базасында иштеген. Фабрика боз үйлөргө ылайыктуу кийиз жана кийиз өтүк, ала кийиз чыгарат.

1978-жылдан баштап иштеген Токмок нооту-ийрүү фабрикасы, азыр «Касиет» акционердик коому республиканын тор кийим токуу өнөр жайлары үчүн орто эсеп менен жылына 3–4 миң *т* жүндөн ийрилген жипти даярдап келген.

Келечеги кең өнөр жай тармактарынын бири килем токуу ишканалары болуп эсептелген. Алардын эң ириси Кара-Балтадагы килем комбинаты 1983-жылы ишке киргизилген, кийинчерээк ал «Азем» (Кара-Балта килем комбинаты) акционердик коомуна, андан кийин «Кара-Балта – килем» жоопкерчилиги чектелген коомго айландырылып, өнөр жайдын кыл торко (жүн) тармагын тейлеген. Комбинатта жүндөн жип ийрүүчү атайын цех 1993-жылы ишке киргизилген. Бул коом 2010-жылы 3,4 миң $м^2$ килемди чыгарган.

Базар экономикасынын шартына байланыштуу килем токуучу майда ишканалар пайда боло баштады. Алсак, Чоң Алай районунун Кашка-Суу кыштагында, Баткен облусунун райондорунда

жергиликтүү сырьёнун базасында килем токуучу чакан ишканалар иштей баштады. Мындай ишканаларды республиканын башка айыл-кыштактарында да өнүктүрүүгө болот.

Жибекчилик Кыргызстандын түштүгүндө байыркы замандан бери эле өнүгүп келе жатат. XIX кылымдын аягында дыйкандарга жибек куртун алып келип сатуу, жибек пилласын чет өлкөгө чыгаруу негизинен италиялык жана франциялык капиталисттердин колунда болгон.

Кыргызстанда жибекчилик 1920-жылга чейин анча өнүккөн эмес. Анда пилланы даярдоо үчүн кустардык бир нече ишкана болгон, ал эми жибек түрүүчү жана жибек токуучу өнөр жайы болгон эмес, ошондуктан пилла чет өлкөлөргө жөнөтүлүп келген.

1927-жылы Ош шаарында жибек куртун асыроочу гренаж заводу курулган. Ал жылына орто эсеп менен 600–1000 *кг* жибек куртун даярдап, республиканын, Өзбекстандын, Тажикстандын жана Казакстандын жибекчилик чарбаларына сатып келген.

Ошто 1928-жылы пилла түрүү фабрикасы иштей баштайт. 1942-жылы Москва аймагынан эвакуацияланып келген Рахманов атындагы ийрүү-токуу фабрикасы (125 токуу station) пилла түрүү фабрикасы менен биригип, Ош жибек комбинатынын уюштурулушуна негиз болгон. 1948-жылы түр түшүрүлбөй боёлгон кездеме чыгаруучу фабрика ишке киргизилген. 1949-жылы жаңы жабдууларды орнотуу менен жибек комбинаты толук өндүрүш циклин (гренаж заводу, пилла түрүү, ийрүү, токуу, боёп-коздоп жасалгалоо бөлүмдөрү, башкача айтканда пилланы алуудан жибек кездеме чыгарууга чейин) өздөштүргөн. Азыр жибек өнөр жай тармагынын «Ош жибек» (Ош жибек комбинаты) акционердик коому иштеп, анын продукциясы чала фабрикат түрүндө Индия, Пакистан, Кытай мамлекеттерине сатылат. Азыр жибек кездемелери чыгарылбайт.

Кыргызстандын пахта иштетүү өнөр жайы пахтаны өстүрүүдөн тартып, андан даяр продукцияны алганга чейинки процесстерди камтыйт. Республиканын түштүгүндө пахтачылыктын өнүгүшүнө байланыштуу Кара-Суу, Ош, Араван, Жалал-Абад пахта тазалоочу заводдору курулуп, алар республикада өндүрүлгөн пахтанын баарын тазалаган. Кийин пахта өндүрүү төмөндөп кеткендиктен пахта тазалоочу 3 завод жабылып, Кара-Суу заводу гана иштеп турган. Пахта тазалоочу заводдордон алынган чигит Кара-Суу май экстракциялоочу заводуна, пахта буласы Оштогу кебезден кездеме токуучу комбинатка, Бишкектеги кебезден жип ийрүүчү жана 8-Март атындагы токуу фабрикаларына жөнөтүлгөн.

Оштогу кебезден кездеме токуу комбинатынын толук комплекси 1975-ж. ишке киргизилген. Анын курамында 2 ийрүү-токуу фабрикасы, боёо, түр түшүрүүчү фабрикасы болгон. Ишкана ич кийимдик жана гүлдүү кездемелерди, ошондой эле сатин, орогуч

жана мүшөк-кап материалдарын, техникалык салфетка ж. б. өндүргөн. Азыр кебез кездеменин «Текстильщик» (Ош кебезден кездеме токуу бирикмеси) ачык типтеги акционердик коомун түзүп, анын чыгарган продукциясынын көлөмү жеңил өнөр жай тармагынын $^1/_5$ бөлүгүн түзөт. Бишкектеги пахта буласынан жип ийрүүчү фабрика негизинен тордон кийим тигүү ишканаларына жип берет. Азыр райондук шартка ылайыкташкан пахта тазалаган 20дан ашык чакан ишкана иштейт. Алардын көбү жоопкерчилиги чектелген коомдор. Алардын ирилери: «Ак алтын» (Кара-Суу пахта заводу), «Ак була» (Араван пахта заводу), «Алтын-Камар», «Ак-Ниет» ж. б. 2010-жылы 17,7 миң *т* пахта буласы өндүрүлгөн. Пахта иштетүүчү өнөр жайы келечектүү. Анын тез темпте өнүгүшү калктын турмуш-тиричилигин жакшыртат жана четке пахта буласын жана кебезден токулган кездемелерди чыгарат.

Т о р (т р и к о т а ж) ө н ө р ж а й ы Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жана согуштан кийин өнүккөн. Азыр республикадагы трикотаж ишканаларынын баары «Илбирс» акционердик коомуна бириккен. Ал жарымы жүн, кебез, жүн жана синтетикалык жиптен согулган ич жана сырт кийимдерди чыгарат.

Трикотаж өнөр жай ишканасы республикада рационалдуу жайгаштырылган эмес. Анткени ал жалгыз гана Бишкек шаарынан орун алган. Республиканын аймагынын аянтынын 90,4%ин ээлеген Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Талас облустарында бир дагы тор кийим токуу ишканасы жок. Бишкектен өндүрүлгөн продукциялар республиканын булуң-бурчуна көбүрөөк кошумча чыгымдарды жумшоо менен жеткирилет. Келечекте трикотаж өнөр жай ишканаларын республиканын башка аймактарына, мурунку жергиликтүү өнөр жай артелдери сыяктуу ишканаларды, трикотаж ательелерин чакан жана орто шаарларга, ири айыл-кыштактарга жайгаштыруу максатка ылайыктуу.

Кыргызстанда байпак өндүрүү өнөр жай ишканасы Бишкек шаарында жана Аламүдүндө жайгашкан. Ал биринчи кезекте 1941-ж. эвакуацияланып келген Харьков трикотаж фабрикасынын айрым жабдууларынын базасында Аламүдүн байпак фабрикасы болуп негизделген. Адегенде фронт үчүн кийим-кечек (балтыр орогуч, ич кийим) чыгарган. 1942-жылы байпак (аялдардын узун байпагын, эркектердин байпагын) чыгара баштаган. Бул фабрика 70-жылдарда реконструкцияланып, кебез синтетика, жарымы жүн жана синтетика кебез байпактарын чыгарууга адистешип, жылына 13–16 млн жуп байпак чыгарууга жетишкен.

Бишкек шаарында 1983-ж. ар түрдүү ассортименттеги байпак чыгарууга ылайыкталган чоң ишкана курулган. Ал эркектер менен аялдардын кебез, синтетика байпактарын, балдардын бардык ассортименттеги байпактарын чыгарган. Бишкекте азыр тор кийимдер-

ди, байпак, чолок байпак, тор ич кийим, түктүү тор кийимдерди чыгаруучу ишканалардын ирилери: «Илбирс» ачык акционердик коому, «Бака-Текс», «Нурзу», «Азия – Интернационал – Плюс», «Эфар – Текстиль», «Кыргыз – Корей байпак фабрикасы» жоопкерчилиги чектелген акционердик коомдору ж. б.

Байпак чыгаруу өнөр жайы да республикада бир кылка жайгашкан эмес. Бул ишканалар да жалгыз гана Бишкектен орун алган. Келечекте базар экономикасынын шартына жараша республиканын майда шаарларында, ири айыл-кыштактарында байпак чыгаруучу чакан ишканалардын өнүгүшү өтө зарыл.

Мурда кийим тигүү өнөр жай ишканалары республикада жокко эсе болгон. Калктын кийимге болгон муктаждыгы сырттан ташып келинген кийимдер жана үйдүн шартында айрым тикмечилердин жардамы аркасында бир аз канааттандырылып келген. Кийинчерээк, 30-жылдарда республикадагы ири шаарларда артель тибиндеги кийим тигүү ишканалары пайда болгон. Айрыкча бул тармак Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жана андан кийин өнүгүп, республикада ири ишканалар жайгаштырыла баштаган. Алардын башаты 1941-ж. Харьков шаарынан Бишкек шаарына эвакуацияланып келген кийим тигүү фабрикасы болуп эсептелет. 1957-ж. бул ишкана Октябрдын 40 жылдыгы атындагы кийим тигүү фабрикасы болуп калган, азыр ал «Айгүл» акционердик коомуна айландырылган. Ал балдар, аялдар үчүн 44 түрдүү кийим – плащ, пальто, күрмө жана башкаларды тигүүгө адистештирилген. 1947-жылдан баштап, Бишкекте ВЛКСМ атындагы эркектердин костюмун тигүүгө адистешкен ири фабрика иштей баштап, ал 1981-ж. жаңы имаратка көчүрүлүп, ага француздук жабдуулар орнотулган. 1959-жылы «1-Май», азыр «Тескм» акционердик коому кийим тигүү артелинин базасында ири ишкана курулуп, ал аялдардын, эркектердин көйнөктөрүн тигүүгө адистешкен. Кийим тигүүчү фабрикалардын эң ирилери Бишкек шаарында.


Кийим тигүү цехи.

Кыргызстандын башка аймактарында кийим тигүү өнөр жайынын орточо ишканалары 60-жылдардан баштап өнүгөт. Мындай

ишканалар Ош, Жалал-Абад, Нарын, Каракол, Талас, Өзгөн, Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу, Таш-Көмүр, Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларында, Чалдыбар, Орловка, Эски Ноокат ж. б. айыл-кыштактарда жайгашкан. Алар негизинен аялдар, эркектер, балдар үчүн ар түрдүү кийим тигүүгө адистешкен.

Жеңил өнөр жайдын кийим тигүү тармагы азыркы базар экономикалык шартка ылайык сан жана сапат жагынан тездик менен өнүгө баштады. Кийинки кезде өлкөдө, айрыкча Бишкек, Ош шаарларында кийим тигүүчү жүздөгөн чакан, жеке менчиктеги, көбүнчө бир үй-бүлөдөн турган тигүү цехтери жана 5–10 жылдан бери натыйжалуу иштей баштаган тигүүчү орто ишканалар бутуна тура баштады. Алар, тиккен кийимдерин базарларда өздөрү сатып өткөргөндүктөн, алардын сапатынын өтө жогору болушуна аракеттенип, зор ийгиликтерге жетишүүдө. Азыркы кезде Кыргызстанда тигилген кийимдер жана күнүмдүк турмушта эл кеңири пайдаланган буюмдар КМШ өлкөлөрүнүн базарларында тез сатылып, сапаты боюнча белгилүү боло баштады. Ушундай жетишкендиктерди андан ары улантып, өлкөнүн экономикалык жана социалдык жактан өнүгүү деңгээлин жогорулатуу Кыргызстандын ишмерлеринин ыйык милдети болушу керек.

Келечекте орто жана чакан шаарларда, ири айыл-кыштактарда кийим тигүү өнөр жайынын чакан ишканаларын ишке киргизип, республикадагы кездемелерден керектүү кийим ж. б. буюмдарды даярдоо калктын мүдөөсүн чечүү менен турмуш деңгээлин жогорулатууга шарт түзөт.

К е н е п  ө н ө р  ж а й ы 1942-жылы Украинанын Одесса шаарынан жут фабрикасы Бишкек шаарына эвакуацияланганда баштап пайда болду. Ал кендирдин, кенептин буласына иштей турган фабрикага айландырылган. Анткени, Индиядан жут алынбай калган. Фабрика аркан, мүшөк, таар ж. б. продукцияларды чыгарган. Кендир-кенеп фабрикасы кийин Өзбекстандан, Түркмөнстандан ташылып келинген кенеп буласынын базасында иштеген. Азыр «Бишкек кенеп фабрикасы» жоопкерчилиги чектелген коомунда реконструкциялоо аяктап, ал жаңы имаратка көчүрүлүп, жаңы курулмалар, жабдуулар коюлган. Ал таңгактоого колдонулуучу таарларды чыгарат.

Б у л г а а р ы,  б у л г а а р ы  б у ю м  ж а с о о  ж а н а  б у т  к и й и м  у л т а р у у  ө н ө р  ж а й ы. Кыргызстанда көп жылдар бою жылына 3,5 миллиондон ашык койдун, 210 миң чочконун жана 250 миңден ашык бодо малдын териси даярдалып келген. Бирок алардын сапаты өтө төмөн болгон. Анын үстүнө даярдалган теринин көбү өнөр жайда кайра иштетилбестен, республикадан сыртка жөнөтүлүп келген. Мисалы, даярдалган кой терисинин 86% шериктеш өлкөлөргө берилген. Азыр республикада малдын башы кыскарып, тери аз даярдалып калды. Терини иштетүүнүн

базасында республикада булгаары, бут кийим жана кой тери-мех өнөр жайы өнүгүүсү керек.

Кыргызстанда **булгаары өнөр жайы** эң эски тармактардын бири. Ал үй шартында чала кустардык деңгээлде өнүгүп келген. Кийинчерээк, 20-жылдардын аягында Бишкек шаарына булгаары өнөр жайынын ири ишканалары жайгаштырылган. 1926-жылы «Интергельпо» кооперативинин курамында булгаары заводу негизделген. 1942-жылы ага И. В. Панфиловдун ысымы берилип, ал эми 1959-жылы ага булгаары-химиялык заводу бириктирилип, азыр завод «Акмарал» акционердик коомуна, андан кийин «Булгаары» жоопкерчилиги чектелген коомуна айландырылган. Завод кой, уй, эчки, чочко терилерин иштетип, бут кийимдердин сырты жана ичи үчүн хром буюмдарын, аял, эркектердин булгаары курткаларын, түрдүү сумка, мээлей чыгарат.

Бишкек шаарында 1929-жылы экинчи ири булгаары заводу негизделген. 30-жылдардын аягында заводго М. В. Фрунзенин ысымы берилет. 1941-жылы ага Украинанын Одесса шаарынан эвакуацияланып келген булгаары галантерея заводу кошулат. Азыр «ОККО» ачык акционердик коом болуп түзүлгөн. Бул ишкана бут кийим үчүн булгаары таш таманын, чемодан, портфель, аялдардын сумкасын, мээлей, кур ж. б. галантерея буюмдарын чыгарат.

Кыргызстанда эки булгаары заводу болсо, экөө тең Бишкек шаарында. Терилерди көп даярдаган алыскы Нарын, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Талас облустарында бир да булгаары заводу жок. Келечекте орто булгаары ишканаларын республиканын чакан, орточо шаарларына жана ири айыл-кыштактарына куруу экономикалык жактан пайдалуу.

Кыргызстанда **бут кийим ултаруу өнөр жайы** 30-жылдарга чейин өнүгө алган эмес. Калктын муктаждыктарын үй шартындагы өтүкчүлөр мүмкүн болушунча канааттандырып келген. 1938-жылы Бишкек шаарында № 1 бут кийим фабрикасы ишке киргизилет. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя шаарларында, Чалдыбар кыштагында чакан булгаары бут кийим фабрикалары иштеген. 1947-жылы Бишкекте моделдүү бут кийим жана № 2 бут кийим фабрикасы, Чүй облусунун Жаңы-Жер кыштагында жана Талас шаарында жаңы бут кийим фабрикалары ишке киргизилген. Кийинчерээк, Бишкектеги «Чолпон» бут кийим фабрикасы реконструкцияланат. Кийин бут кийим тигүү ишканалары «Тулпар» акционердик коому болуп түзүлгөн. Учурда өлкөдө бут кийимдерди рыноктук шартка ылайыкташкан, чет мамлекеттер менен бирге кошулган 10дон ашык чакан ишкана чыгарат. Алардын көбү жоопкерчилиги чектелген коомдор; ирилери: «Кайыңды бут кийим фабрикасы», «Kaiser foot Weak», «Жылдыз Анкара», «Бай хуа-Ли», «Достук

бут кийим компаниясы» ж. б. жоопкерчилиги чектелген коомдор өлкөдө 2010-жылы 5,4 млн жуп бут кийим чыгарылган.

Келечекте бут кийим өнөр жайы ар түрдүү кооперациялардын, акционердик коомдордун, жеке менчик чакан ишканаларды бардык аймактарга жайгаштыруу менен калктын бут кийимге болгон муктаждыктарын канааттандырууга болот.

Тери ийлөө жана мех өнөр жайы. Мурда даяр кой терилерин республиканын өзүндө толугу менен кайра иштете алган эмес. Аламүдүн өндүрүштүк мех комбинаты жана Бишкектеги кой тери-ичик фабрикасы ийленген, ондолгон кой терисинен тон (дубленка), цигейка пальто, мээлей, ичик, тумак, жака тиккен. Балдардын кийимдерин тигүү үчүн даярдалып топтолгон кой терисинин 14% гана пайдаланылган. Калганы чет өлкөлөргө кайра иштетүү үчүн жөнөтүлүп турган. Республиканын мех буюмдарынын рыноктук фондусунун 98% сырттан, айрыкча Россиянын батыш бөлүктөрүнөн, Түркиядан, Ирандан, Пакистандан, Монголиядан ж. б. өлкөлөрдөн алынып келинет.

Аламүдүн өндүрүштүк мех комбинаты, Бишкек кой тери-ичик фабрикасы, түркиялык фирма менен биргелешип курулган Ивановкадагы тери ийлеп чыгаруучу ишкана, Токмок, Ош эт комбинаттарынын алдында уюштурулган терилерди ийлеп иштетүүчү цехтер, Челпек, Ысык-Көл сыяктуу агрофирмалардын терини ийлеп-ондоп иштетүүчү ишканалары, турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаттары республикада мех буюмдарына болгон керектөөлөрдү канааттандыруу боюнча өз салымдарын кошуп келген. Азыркы учурда Бишкекте «Алия» жоопкерчилиги чектелген коом иштеп жатат.

Келечекте тери сырьёлорунун сапатын жакшыртууга, кайра иштетүүчү өнөр жай ишканаларынын кубаттуулугун арттырууга, жаңы технологиялык жабдууларды орнотууга айрыкча көңүл бөлүнүп, дагы бир ири мех ишканасын республиканын түштүгүнө куруу максатка ылайык. Айыл-кыштактарда кой терисин ийлеп оңдоочу жана алардан кийим тигүүчү чакан ишканаларды уюштуруп, мехтен тигилген кийимдерге болгон керектөөнү республиканын өзүндө канааттандырууга болот.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Тамак-аш өнөр жайынын өнүгүү өзгөчөлүгү жөнүндө айтып бергиле.
2. Дан өнөр жай тармагынын курамы жана аларды жайгаштыруу өзгөчөлүктөрү?
3. Мөмө-жемиш, жашылча, жүзүм өнөр жайынын өзгөчөлүктөрү?
4. Жеңил өнөр жайынын өнүгүү жана жайгаштыруу өзгөчөлүктөрү?
5. Жүн, пахта, жибек өнөр жайынын өнүгүү өзгөчөлүгү жана алардын ишканаларынын жайгаштырылышын карта-схемага түшүргүлө жана иликтегиле.
6. Тордон кийим токуу жана кийим тигүү өнөр жайынын өнүгүшү, жайгаштырылышы жөнүндө айтып бергиле.

7. Булгаары, булгаары буюм жасоо, бут кийим ултаруу, тери ийлөө жана мех өнөр жайынын сырьёлук базасы жана аларды пайдалануу жөнүндө баяндагыла.

8. Жеңил өнөр жайынын ишканаларын карта-схемага түшүргүлө.

## V. 4. РЕКРЕАЦИЯ ЧАРБАСЫ

Рекреациялык чарбага табигый рекреациялык ресурстар (табият эстеликтери: кооз жерлер, шаркыратмалар, үңкүрлөр, минералдуу суу булактары ж. б.), тарыхый-этнографиялык, маданий жана архитектуралык эстеликтер, тарыхый окуяларга байланыштуу пайда болгон шаарлар, айыл-кыштактар, курорттук санаторий, туристтик, экскурсиялык жана альпинизм мекемелери, ар түрдүү эс алуучу жайлар ж. б. кирет. Рекреациялык чарба адамдын ден соолугун чыңдап, руханий жактан өнүктүрөт, алардын эмгек процесстеринде сарпталган күч-кубатын калыбына келтирет. «Рекреация» – адамдын эмгектенүүдө сарпталган күчүн жана рухий абалын калыбына келтирүү деген маанини түшүндүрөт.

Кыргызстандын географиялык абалы, жаратылышы жана ар түрдүү табигый рекреациялык ресурстары, тарыхый этнографиялык, маданий жана социалдык-экономикалык факторлору республикада рекреациялык чарбаны эл аралык деңгээлде өнүктүрүүгө шарт түзөт. Ушундан улам республиканын экономикасындагы приоритеттүү тармактарга электр энергетика, түстүү металлургия, айыл чарбасы, тамак-аш өнөр жайы менен катар рекреация чарбасын жана туризмди өнүктүрүү болуп эсептелет.

Р е к р е а ц и я   р е с у р с т а р ы. Кыргызстанда адамдын эс алуусу, ден соолугун жакшыртуусу, саякатка чыгуусу үчүн жагымдуу тоо климаты, минералдуу суулары, дары баткактары, түркүн өсүмдүктөрү, жаныбарлары, табигый жаңгак-мөмө-жемиш токойлору, мөңгүлөрү, тоо арасында жайгашкан кооз жаратылыш, тарыхый жана архитектуралык эстеликтери бар.

Республиканын аймагында жаратылыш факторлору, адамдын ден соолугуна тийгизген дарылык касиети күчтүү 100дөн ашуун жер аныкталган. Аларга Ысык-Көл ойдуңу, Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталы (Арстанбап, Кызыл-Үңкүр, Кара-Алма), Абшыр-Сай, Кара-Шоро, Сары-Челек, Ысык-Ата, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Ала-Арча, Соң-Көл, Чаткал, Талас сыяктуу жаратылыш комплекстери кирет. Алардын айрымдарына азыр бир катар курорттук санаторийлер жана эс алуучу мекемелер жайгаштырылган.

Табигый байлыктарды дарылануу, эс алуу үчүн сарамжалдуу пайдалануу Кыргызстандын калкынын эмгекке жарамдуулугун кыйла жогорулатууга, оору-сыркоонун үлүшүн кескин азайтууга олуттуу таасирин тийгизет. Табигый дарылоочу, ден соолугун




| | |
|---|---|
| I | БАТКЕН ОБЛУСУ |
| II | ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ |
| III | НАРЫН ОБЛУСУ |
| IV | ОШ ОБЛУСУ |
| V | ТАЛАС ОБЛУСУ |
| VI | ЧҮЙ ОБЛУСУ |
| VII | ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ |

### АРХИТЕКТУРАЛЫК ЖАНА АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕР

**Күмбөздөр**
1. Манастын күмбөзү (XIV к.)
2. Үч күмбөз (XVIII-XIX к.)
3. Шах-Фазиль мавзолейи (XIII к.)

**Чептер, сепилдер**
1. Дароот-Коргон (XIX к.)
2. Кан (XVIII к.)
3. Шырдакбектин чеби (X-XII к.)
4. Беловодский (VI-XII к.)

**Архитектуралык комплекстер**
1. Өзгөн (XI-XII к.)
2. Бурана (XI-XII к.)

**Музейлер**
1. Ысык-Көл тарыхый- маданий музейи

**Мустьер мезгилиндеги байыркы тургун жайлар**
1. Агелөң
2. Тосор

**Байыркы көрүстөндөр**
1. Кара-Балта (б.з.ч. VI-III к.)
2. Күркүрөө-Суу (б.з.ч. XV-VIII к.)

**Таш бетине чегилген сүрөттөр**
1. Саймалуу-Таш (б.з.ч. II к.)
2. Чийим-Таш (VI-VIII к.)

**Шаар чалдыбарлары**
1. Ашмара (VI-XII к.)
2. Барскон (VII-XIII к.)
3. Жоон-Дөбө (VI-VII к.)
4. Кайырма (X-XII к.)
5. Калмак-Ашуу (б.з.ч. IV-V к.)
6. Кара-Балта (VI-XII к.)
7. Кошой-Коргон (VII-XV к.)
8. Күлбөскан (VI-VII к.)
9. Мады (XII к.)
10. Суусамыр (VII-XIII к.)
11. Шоробашат (б.з.ч. IV-V к.)
12. Чалдыбар (X-XII к.)

МАСШТАБЫ 1: 6 000 000

## ТУРИЗМ

чыңдоочу, эс алдыруучу негизги факторлорго жаратылыш компоненттери – рельеф, климат, көлдөр, суулар, дары баткактар, пляждар, кооз ландшафттар, таза аба ж. б. ресурстар кирет.

Кыргызстан татаал рельефтүү тоолуу өлкө. Анын басымдуу бөлүгүн Теңир-Тоо тармагы ээлейт. Республиканын эң четки түштүк-батышында Памир-Алай тоо системасынын бир бөлүгү жайгашкан. Өлкөнүн чыгышындагы эң зор жана бийик (деңиз деңгээлинен 5000–6000 *м*) Кан-Теңир тоо тоомунун көптөгөн тоо тармактары башталып, алардын кыр бөлүктөрү мөңгүлөр жана түбөлүк карлар менен капталган, капталдары терең, кооз капчыгайлар, кокту-колоттор менен тилмеленген. Ошону менен катар кооз тоо аралык өрөөндөр, ойдуңдар, түздүктүү жерлери да бар.

Кыргызстандын татаал р е л ь е ф и н эс алууга, туризмдин өнүгүшүнө тийгизген таасири боюнча үч ярускa – жогорку, ортоңку жана төмөнкү деп бөлүүгө болот. Төмөнкү ярус (деңиз деңгээлинен 1000–2000 *м* бийиктикте) рельефи боюнча туруктуу эс алуучу мекемелерди курууга ыңгайлуу, жол катнашы татаал эмес, курорттук рекреацияга, балдардын эс алуусуна, ден соолукту чыңдоочу жайларды курууга ылайыктуу. Ошондой эле бул яруста калктын дем алуу күндөрүндө жайкы жана кышкы массалык эс алуусун уюштурууга мүмкүнчүлүктөр арбын.

Ортоңку ярус деңиз деңгээлинен 2000–2700 *м* бийиктикти ээлеп, көптөгөн тик капталдуу терең кокту-колотторду, капчыгайларды камтыйт да, ландшафттарынын ар түрдүүлүгү, кооздугу менен айырмаланат. Бул ярусta эс алуунун активдүү тармактарын (тоо туризми, атайын тоодогу лыжа тебүү, ат туризми, рафтинг жана экологиялык туризм) уюштурууга, өнүктүрүүгө ыңгайлуу. Бул ярусta рекреациялык инженердик курулуштарды куруу бир топ кымбатыраак жана ар тараптан кошумча изилдөөнү талап кылат. Ошондой болсо да, бул эл аралык деңгээлде жооп берүүчү тоо туристтик комплекстерди, лыжа тебүүчү курортторду уюштурууга ыңгайлуу.

Жогорку ярус (2700–7439 *м*) рельефи боюнча эң бийик тоо кыркаларынан, ашуулардан, бийик тоо чокуларынан, мөңгүлөрдөн, альп шалбааларынан туруп, туризмдин атайын, өзгөчө түрлөрүнө уюштурууга ылайыктуу. Кыргызстандын бийик тоолуу кыркалары жүзгө жетип, алардын жалпы узундугу 7680 *км*ди түзөт жана ар бири 20дан 582 *км*ге чейин созулат. Мөңгүлөрүнүн ээлеген жалпы аянты 8000 $км^2$ге жетип, 6500 мөңгүдөн турат.

Кыргызстандын аймагынын тоо к л и м а т ы рекреация комплексин калыптандыруунун олуттуу факторлорунун бири. Айрыкча, бийиктик алкак боюнча климаттын өзгөрүшү, күндүн ачык тийиши, кыштын кыскалыгы, тоодо кар-мөңгүнүн молдугу менен өзгөчөлөнөт.

Тоолордун бийиктик алкактарынын ар бири өзүнчө климаттык бөтөнчөлүктөргө ээ. Жапыз тоолуу жерлерде, тоо этектеринде аба

ырайы жайкы мезгилде күнөстүү, мелүүн, ысык, кургак келип, ал эми кышында абанын температурасы 0°С чамасында болгон күндөр басымдуулук кылат. Бийиктик алкактарынын ичинен калктын дарылануусу, эс алуусу үчүн эң ыңгайлуу бөлүгүндө (1000–2000 *м* бийиктикте) аба ырайынын жагымдуу шарттары (жетиштүү температуралык режим, күндүн нуру, таза аба, тоо-өрөөн шамалы ж. б.) жылына 300–320 күн эс алууга, 2,5–3,5 айдан ашуун сууга түшүп, күнгө күйүүгө, кышкысын лыжа, жылгаяк тебүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мына ушундай жерлерде, өзгөчө Ысык-Көл, Фергана жана Чүй өрөөндөрүндө жылдын бардык мезгилдеринде аба ырайынын бөтөнчө ыңгайлуу шарттары түзүлөт.

Фергана ойдуңун курчап турган тоолор ыңгайлуу климаттык шарты менен өзгөчөлөнөт. Бул жерде жыл бою бардык бийиктик алкактарында климат менен дарылоону, эс алууну уюштурууга болот. Жаңгак-мөмө-жемиш токойлуу аймактарынын (Арстанбап, Кара-Алма, Кызыл-Үңкүр ж. б.) жанга жагымдуу аба ырайы жана ландшафттык өзгөчөлүктөрү мында курорттук жайларды, туристтик комплексттерди көбөйтүүгө ыңгайлуу.

*16-таблица*

**Кыргызстандын улуттук жаратылыш парктары жана коруктары (2011)**

| | Жалпы аянты, миң *га* | Коргоого алынгандардын түрлөрү жана саны | | | Корук, парктар жайгашкан облустар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | жаныбарлары | канаттуулары | өсүмдүктөрү | |
| **Коруктар** | | | | | |
| Беш-Арал | 82,1 | 244 | 136 | 700 | Жалал-Абад |
| Сары-Челек | 23,9 | 35 | 155 | 1200 | Жалал-Абад |
| Ысык-Көл | 19,6 | 24 | 244 | 295 | Ысык-Көл |
| Сары-Чат-Ээр-Таш | 134,1 | 24 | 56 | 120 | Ысык-Көл |
| Кара-Тал-Жапырык | 21,3 | 45 | 142 | 150 | Нарын |
| Нарын | 37,0 | 21 | 50 | 1870 | Нарын |
| **Улуттук жаратылыш парктары** | | | | | |
| Саймалы-Таш | 32,0 | – | – | – | Жалал-Абад |
| Каракол | 38,2 | 14 | 11 | 31 | Ысык-Көл |
| Салкын-Төр | 10,4 | – | – | – | Нарын |
| Кара-Шоро | 8,4 | 145 | 15 | 19 | Ош |
| Кыргыз-Ата | 11,2 | 12 | 10 | 92 | Ош |
| Беш-Таш | 32,4 | 25 | 43 | 117 | Талас |
| Ала-Арча | 2,3 | 14 | 125 | 907 | Чүй |
| Чоң Кемин | 123,7 | 46 | 96 | 631 | Чүй |

Чүй өрөөнүнүн жана Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталдары ыңгайлуу климаты жана ландшафттарынын ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Микроклиматтык байкоолордун негизинде Кыргыз

Ала-Тоосунун жапыз жана орто бийиктиктеги тоо алкактары (1000–2000 *м*) шамал, температуралык режимдери боюнча эс алууга өтө ылайыктуу. Буларга Жыламыш, Ала-Арча, Аламүдүн, Ысык-Ата, Кегети, Шамшы ж. б. капчыгайлар кирет. Бул алкактын климаты мелүүн континенттик, кышы жумшак (–3°C), жайы жылуу (20°C).

Рекреациянын чордону болгон Ысык-Көл ойдуңунун климаттык шартынын өзгөчөлүктөрү: мында ысык аптап жана катуу суук болбойт, деңиз климаты менен тоо климаты айкалышат. Климатынын мындай жагымдуулугу өрөөндүн бийик тоолор менен курчалып турушу жана анын борборунда тоңбогон, терең (668 *м*), чоң көлдүн жайгашуусу менен байланыштуу. Атмосферанын тазалыгы, күндүн узак убакыт ачык тийип турушу күн нурунун мол болушуна алып келет. Ысык-Көлдүн жээгинде күн 2670–2880 саат чамасында тиет, бул болсо Крымдагы курорттордон 400–600 саатка, Балтика боюндагы курорттордон 1000 саатка көп. Жыл ичинде ачык же анча бүркөк эмес 185 күн болот. Жылдын жылуу мезгилинде климаттык, гигиеналык (абанын тазалыгы ж. б.), эстетикалык (курчап турган тоолордун керемет шаңдуу панорамасы) факторлордун бири-бири менен айкалышы адам организминин бардык нормативдик физиологиялык функцияларын стимулдаштырат.

Шамал режиминин өзгөчөлүгү да бар. Жылдын жылуу мезгилинде күндүз көлдөн кургактыкты, түн ичинде кургактыктан көлдү карай леп-леп соккон жагымдуу бриз жели болот. Климатынын бийиктик алкактуулугу түрдүү профилдеги рекреациялык мекемелерди (дарылоо, сууга түшүү-пляждык, таанып-билүүчү, ден соолукту чыңдоочу, тоо туризми, альпинизм, кышкы эс алуу) курууга жол ачат.

Көлдүн суусунун дарылык касиети да бар, ошондой эле анын суусу тоо арасында деңиз деңгээлинен мындай бийик жаткан көлдөрдүкүнө караганда алда канча жылуу. Көлдүн суусунун жалпы минералдуулугу 5,9 *г/л*. Минералдуу суусунун курамында хлорид сульфат, натрий, магний заттары бар. Көлдүн суусунун температурасы 8,1°Сден 20,4°Сге чейин өзгөрүп турат.

Кыргызстандын жаратылыш, рекреациялык ресурстарынын ичинен Ысык-Көлдүн жээгиндеги кумдуу тилкелер, пляждар олуттуу орунду ээлейт. 600 *км* ашуун көл жээгиндеги кум тилкесинин ичинен 120 *км* же 2440 миң $м^2$ эң мыкты жана сапаты дурус, 1- жана 2-категориядагы табигый пляждар түзөт. Айрыкча Кош-Көл, Чок-Тал, Сары-Ой, Кара-Ой, Чолпон-Ата, Бостери, Кой-Сары, Тамга, Кажы-Сай ж. б. айылдардын тушунда жайгашкан 20 мыкты жана ири пляждар элге кеңири белгилүү. Жыйынтыктап айтканда көл кылаасынын климаттык шартынын ыңгайлуулугу, табиятынын кооздугу, тоолору, өрөөндөрү рекреациянын кеңири кулач жайып өнүгүп-өсүүсүнө шарт түзөт.

Республиканын аймагынан төрт жүздөн ашык **табигый үңкүр** табылган. Булардын ичинен узундугу 10 *км* келген Канигут, тереңдиги 240 *м*ге жеткен Ферсман, өтө кооз Айдаркен менен Кадамжай, Чил-Майрам, Чил-Устун, Төө-Моюн, Чаткал, Сандалаш, Ала-Мышык сыяктуу үңкүрлөр туристтердин көңүлүн өзүнө бурат. Табигый үңкүрлөр Кыргызстанда спелеологиялык туризмди өнүктүрүүгө ылайыктуу.

Рекреация байлыктарынын орчундуусуна **минералдуу суулар** да кирет. Азыр республиканын аймагында физикалык-химиялык кошулмалары ар кыл, сапаттуу 130дан ашуун минералдуу булактары, бургулоодон табылган минералдуу суулар бар. Булардын потенциалдык өлчөмү суткасына 81,9 миң *м*$^3$ге жетет. Дарылык касиети жана молдугу жагынан айрымдары дүйнөгө белгилүү минералдуу жана жылуу булактардан кем калышпайт. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан минералдуу сууларынын молдугу менен айырмаланат.

Азыр минералдуу суулардын такталган запасынын өлчөмү суткасына 14,4 миң *м*$^3$ге, башкача айтканда республикадагы табылган бүт минералдуу суунун 24,0%ин түзөт. Белгилүү булактардын бир тобу өнөр жайы дурус өнүгүп, калк жыш жайгашкан жерлерден алыс, жаратылыш шарты татаал, бийик тоолуу аймактарда орун алган.

Республиканын аймагында минералдуу суулардын бальнеологиялык 6 тобу аныкталган. Өзгөчө даамы жана жыты жок таза суулардын тобунун негизги муздак булактары: Чамынды, Таш-Рабат, Дөрбөлжүн, Ат-Башы, Кочкор, Жыргалаң, Үч-Капка, Туз ж. б. Суулардын минералдуулугу 2,2ден 250 *г/л*ге чейин. Химиялык курамы ар түрдүү (кальций сульфатынан натрий-хлоридге чейин). Тоо арасындагы ойдуңдарда 800–2000 *м* тереңдиктерде жогоруда аталган суулардын ысык булактары ачылган (Чолпон-Ата, Тору-Айгыр, Бар-Булак, Кочкор, Фрунзе, Жалал-Абад). Физикалык касиеттери боюнча алар таза, тунуктугу, даамы боюнча туздуу жана ачуу туздуу. Суунун температурасы 36°Сден 49°Сге чейин. Суулардын дарылык касиеттери ар түрдүү келип, көп ооруга (нерв системасы, жүрөк-кан тамырлар, муун оорулары, кан тамырынын басымынын өйдөлөшү, ашказан, боор, гинекология, дем алуу органдары, бронхит, гастрит ж. б.) шыпаа болот.

**Көмүр кычкыл газдуу булактар** тоолуу аймактарда (Түндүк Теңир-Тоодо – Жар-Таш, Улакол, Кара-Кече; Ички Теңир-Тоодо – Ат-Башы, Какшаал, Фергана тоолорунда) чыгат. Азыркы мезгилде Ак-Суу, Арашан жана Кара-Шоро минералдуу булактары дарылануга кеңири пайдаланууда.

**Сульфиддүү суулар** Алай, Фергана жана Түркстан тоо кыркаларында табылган (Кайрагач, Ак-Сарай, Чоң-Кара, Чаңгыр-Таш, Яркутан, Майлуу-Суу минералдуу суулары). Суу йод, бром

жана органикалык заттардын молдуулугу менен айырмаланат. Суулары атеросклероз, тери ооруларына шыпаа болот.

Йод-бромдуу суулар Фергана өрөөнүндө, Майлуу-Сууда табылган. Көбү Майлуу-Суу, Кочкор-Ата шаарларына жакын жерлерден чыгат. Суусу ашказан-ичеги, гастрит ооруларын айыктыруу үчүн ичилет. Радондуу сууларга негизинен Жети-Өгүздөн, ошондой эле Кара-Балта, Көкөмеренден чыккан минералдуу суулар кирет. Жети-Өгүз курортунун радон суулары бир топ өнөкөт ооруларды (нерв системалары, муун, өнөкөт гинекологиялык, баш-сөөк травмалары ж. б.) айыктырууга шыпаа болот.

Кремнийлүү ысык суулар Кыргызстандын бардык жеринен чыгат. Алардын базасында республикадагы белгилүү курорттор, эс алып, дарылануучу жайлар [Ысык-Ата, Аламүдүн, Ак-Суу (Теплоключенка), Кереге-Таш, Чаек ж. б.] иштейт. Сөөк-булчуң-муун, нерв, гинекологиялык оорулар менен жабыркагандар ваннага түшүп дарыланууга жарамдуу, ошондой эле кремнийлүү ысык сууну ичип дарыланууга, андан дары-дармектерди жасап алууга пайдаланса болот.

Кыргызстан дарылык касиети бар баткактарга да бай. Азыр жалпы өлчөмү 5225,0 миң $м^3$ге 15 баткак уюткусу белгилүү. Басымдуу бөлүгү Ысык-Көлдүн жээгинде, азыраагы Чүй жана Көгарт өрөөндөрүндө жайгашкан. Булардын ичинен көлдөгү дары баткактардын сапаты дурус, рекреациянын башка жаратылыш байлыктарына шайкеш келип, өлчөмү арбын же республикадагы бардык баткак запасынын 70,1% ин түзөт. Дары баткактын ичинен 5 баткактын өлчөмү атайын иликтөөдөн өткөрүлүп, мамлекеттик комиссия тарабынан бекитилген. Булардын жалпы көлөмү 573,1 миң $м^3$ же бардык баткактын 11% запасын түзөт.

Кыргызстанда дарылыкка пайдалануучу ылайдын эки түрү бар, алар тунма жана чым ылайлары. Тунма ылайлар негизинен Ысык-Көл курорттуу районунда, чым ылайлары Чүй өрөөнүнүн түндүк тарабынан жана Түштүк Кыргызстандан табылган.

Көп сандаган табышмактуу тарыхый эстеликтер, Улуу Жибек жолу өткөн жерлер, «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине карата даярдалган Талас өрөөнүндөгү Манас күмбөзү жана музей комплекси, Бишкектин чет-жакасына курулган «Манас айылы» этнографиялык музейи, Таш-Рабат кербен сарайы, Кошой-Коргон, Өзгөн, Бурана сыяктуу байыркы тарыхый эстеликтер, Сузактагы, Тогуз-Тородогу жана Чолпон-Атадагы саймалуу таштар, Өзгөн хандыгынын увазири Сулаймандын Ош шаарындагы резиденциясы (Сулайман-Тоо), андагы Закирдин Бабырдын дүйнө жүзүнө белгилүү болгон үжүрөсүнүн (эс алуучу жайы) орду ж. б. абдан кызыктуу.

Республиканын Теңир-Тоо, Памир – Алай тоо тармактарындагы кар-мөңгүлүү тоо капталдары, чокулар альпинизмдин

өнүгүшүнө өбөлгө түзөт [альпинизм (кельт тилинде ар – бийик тоо) – татаал тоо чокуларына чыгууга байланыштуу пайда болгон спорттун бир түрү. Экинчи мааниси – бийик тоо туризми; бийик тоолуу аймактарда географиялык изилдөө, курулуштарды куруу ж. б. жумуштарды аткарууда көбүнчө альпинизмдин ыкмалары жана техникасы колдонулат].


Кан-Тоо чокусу.

Азыркы учурда альпинизм жана тоо туризми дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүндө, Россияда, Казакстанда кеңири жайылууда. Ушунун негизинде Кыргызстандын тоолуу аймагынын шартында эл аралык туризмдин олуттуу тармактарынын катарын жакынкы келечекте тоо туризми, альпинизм жана экологиялык туризм ээлемекчи. Анткени, республикада чет өлкөлөрдөн келген альпинисттерге жана туристтерге сунуш кыла турган бийик тоо чокулары, ашуулары арбын. Булардын ичинен туристтерди өзүнө тарткан бийик тоо чокулары «жети миңдик» Жеңиш чокусу (7439 *м*), жылына эл эң көп келүүчү Ленин атындагы чоку (7134 *м*), Кан-Теңир (6995 *м*), Ала-Арча өрөөнүндөгү көптөгөн өлкөлөрдүн альпинисттерине белгилүү Ак-Сай мөңгүсүнүн айланасында жайгашкан 6[б] категориясындагы Корона (4860 *м*) ж. б. ондогон чокулар жана Борбордук Теңир-Тоодогу Эңилчек мөңгүсүн, Мерцбахер көлүн ж. б. атоого болот.

Кыргыз Республикасынын тоолорунда 1100 классификациялуу альпинисттик маршруттар бар, анын 90у жогорку категорияга ээ. Адамдын буту тийбеген жүздөгөн чокулар, ошондой эле 1450гө жакын классификацияланган туристтик ашуулар, маршруттар бар, алардын ичинен 200гө жакыны жогорку категорияга кирет. Бул алкакта табиятты таанып билүү, илимий жана экологиялык туризмдин өнүгүшү да келечектүү.

Аталган байлыктар биздин тоолордо тоо туризмин, альпинизмди жана экологиялык туризмдин тармактарын тез арада өнүктүрүүгө, алардан жетишээрлик киреше алууга мүмкүндүк түзөт.

Азыр республиканын аймагында жайгашкан республикалык маанидеги «Ала-Арча», «Ала-Тоо», жана эл аралык масштабдагы «Памир» альпинисттик лагерлери 2500 альпинистти кабыл алууга жарамдуу. Келечекте Кыргызстандын аймагында жайгашкан альплагерди кеңейтип, жаңыларын куруу аркылуу эл аралык маанидеги альпинисттердин олуттуу эки борборун калыптандыруу каралууда.

Булардын бири Борбордук Теңир-Тоонун Кан-Теңир, Жеңиш чокуларынын, кийинкиси Чоң Алай кырка тоосундагы Ленин атындагы чокунун аймактарында жайгаштырылмакчы. Натыйжада, жакынкы арада чет өлкөлөрдөн жетиштүү сандагы альпинисттерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Аталган альплагерлер альпинисттик экспедицияларды уюштуруучу, жогорку квалификациядагы кадрларды жана куткаруучуларды даярдоочу борбор болуп саналат.

Кыргызстандын дүйнөлүк «Кызыл китепке» кирген «Марко Поло» аркары, илбирс, кулжа, тоо теке сыяктуу сейрек кезигүүчү айбанаттарын атуу үчүн четтен келген туристтер алардын ар бир башына 20 миңдей америкалык доллар төлөйт. Туристтик жүрүштөрдө чет элдиктер сейрек кездешүүчү айбанаттарды турнабай менен эле карап, өзүнчө маашырлангандыгы, фотосүрөткө же кинокамерага тартып алгандыгы үчүн да төлөйт.

Кыргызстанда 1929-жылдан баштап курорттук чарба өнүгө баштаган. Ошол эле жылы Кой-Сары курорту ишке киргизилген. 1934-жылы Тамга, Таш-Дөбө (Воронцовка), Ош эс алуу үйлөрү иштей баштайт. Кийинчерээк Ысык-Ата (1957), Жалал-Абад, Жети-Өгүз (1958), Жыргалаң (1960), Көгүлтүр Ысык-Көл (1965), Ысык-Көл (1979) курорттору жыл бою иштөөгө өтөт. Ден соолугун чыңдаган эс алуучулардын саны 1929-ж. – 250 адам болсо, ал 1960-ж. – 10034 адамга, 1985-ж. – 482,8 миң адамга жеткен. Кийинки жылдарда экономикалык кризистин натыйжасында эс алуучулардын саны кыскарып кеткен. Мисалы, 1993-ж. республиканын рекреация мекемелеринде 298,5 миң адам эс алган, ал 1985-жылга салыштырганда 38,1% ке төмөн.

Кыргызстандын курортторун төмөнкү топторго – тоо климаттуу жылуу булак курорттору; деңиз климаттуу курорт; минералдуу булактуу курорттор жана эс алуу үйлөрү деп бөлүүгө болот.

Тоо климаттуу жылуу булак курортторуна – Жети-Өгүз, Ысык-Ата курорттору кирет. Жети-Өгүз Тескей Ала-Тоонун түндүк капталындагы эң кооз, чер токой каптаган тоолуу капчыгайда, Жети-Өгүз суусунун боюнда жайгашып, анын эң сонун таза тоо абасы, радондуу ысык арашан булактары адамды көп оорудан дарылайт.

Ысык-Ата курорту Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталындагы чер токой каптаган, Ысык-Ата суусу аккан эң кооз капчыгайда жайгашкан жана андагы күкүрттүү ысык арашан булактары менен мөңгүдөн соккон таза салкын желдин дарылык касиети зор.

Деңиз климаттуу курорттор көгүлтүр Ысык-Көлдүн айлана-тегерегинде жайгашкан. Бул жерлер тоолуу таза абада ультра-кызгылт-көк нурдун болушу менен айырмаланат. Анын тунук туздуу суусу бууланганда айлана-тегерегиндеги абага деңиз климатындай эле касиет берет. Көлдүн айланасындагы майда куму, көп сандаган кайнар булактары, дарылоочу баткактары эс алуучуларга

эң сонун дары болуп, өзүнүн сапаты боюнча дүйнөдөгү атактуу курорттордон кем калышпайт. Алардын эң белгилүүлөрү: «Көгүлтүр Ысык-Көл» (Чолпон-Ата шаарында), «Ысык-Көл» (Сөгөттүдө), «Тамга» (Тамга айылында), «Кыргыз деңизи» (Бостери айылында) ж. б. санаторийлери. Алардан башка көп сандаган эс алуучу жайлар, пансионаттар, балдарды дарылоочу санаторий – «Кыргыз Артеги» (Чолпон-Ата шаарында), туристтик базалар – Тору-Айгыр, Кош-Көл, Чок-Тал, Сары-Ой, Кара-Ой, Бостери, Сөгөттү, Корумду, Ананьев, Түп, Кызыл-Суу, Тамга, Бөкөнбаев ж. б. кыштактарында, Чолпон-Ата шаарында, Кажы-Сай шаарчасында жайгашкан.

Минералдуу булактардын курортторунун тобуна Жалал-Абад шаарынын жанындагы минералдуу суунун базасындагы Жалал-Абад курорту кирет. Ал ашказан, бөйрөк, боор, кызыл жүгүрүк, муун ооруларынан тартып нерв ооруларына чейин дарылайт.

*17-таблица*

**Кыргызстандын аймагындагы рекреациялык мааниси бар жерлер**

| Мааниси | Райондору жана рекреациялык зоналары | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Түндүк Кыргызстан | Чыгыш Кыргызстан | Батыш Кыргызстан | Түштүк Кыргызстан | Борбордук Кыргызстан |
| Эл аралык | Бишкек<br>Ала-Арча<br>Бурана<br>Кегети<br>Ысык-Ата | Каракол<br>Чолпон-Ата<br>Чоң Кызыл-Суу<br>Ак-Суу<br>Жети-Өгүз<br>Сары-Жаз<br>Бостери<br>Кан-Теңир<br>Жеңиш | Манас | Ош<br>Өзгөн<br>Сары-Челек<br>Арстанбап<br>Чил-Устун<br>Ленин атн. чоку<br>Кетмен-Төбө<br>Абшыр<br>Саймалы-Таш | Таш-Рабат<br>Чатыр-Көл<br>Соң-Көл |
| Республикалык | Аламүдүн<br>Чоң Кемин<br>Кара-Балта<br>Ак-Суу<br>Сокулук<br>Суусамыр | Балыкчы<br>Чолок-Суу<br>Муз-Таг<br>Арашан<br>Барскон<br>Кажы-Сай<br>Жууку<br>Корумду<br>Чок-Тал<br>Боом | Беш-Таш<br>Каракол<br>Кара-Буура | Кыргыз-Ата<br>Кызыл-Үңкүр<br>Көгарт<br>Жазы, Тар<br>Авлетим<br>Сох<br>Шаймерден<br>Исфайрам-сай<br>Касан-Сай<br>Пачата | Нарын<br>Он-Арча<br>Жогорку Нарын<br>Орто-Токой<br>Көкөмерен |

Ысык-Көлдүн айланасынан башка Жалал-Абад облусунун Арстанбап, Сары-Челек, Кара-Алма өрөөнүндө, Ош шаарында, Абшыр-

Сай аймактарында, Чүй облусунун Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталынан башталган Ала-Арча, Аламүдүн, Кегети, Шамшы ж. б. сууларынын бойлорунда эс алуу жайлары бар. Республикада табигый рекреациялык ресурстардын 10%ке чейинки потенциалы гана пайдаланылат.

Кыргызстандын рекреация чарбасын келечекте өнүктүрүүнүн өлчөмүн аныктоодо республиканын аймагындагы курорт, эс алууга тиешелүү ресурс түрлөрү эсепке алынып, тактоолор жүргүзүлгөн. Кыргызстандын аймагы төмөнкү рекреациялык зоналарга (райондорго) бөлүнөт: Түндүк Кыргызстан (Чүй облусу), Чыгыш Кыргызстан (Ысык-Көл облусу), Батыш Кыргызстан (Талас облусу), Түштүк Кыргызстан (Баткен, Жалал-Абад, Ош облустары), Борбордук Кыргызстан (Нарын облусу).

Кыргызстандын рекреация чарбасын келечекте калыптандыруу рекреациялык зоналар (райондор) боюнча кыйла айырмаланат. Республиканын жалпы рекреациялык потенциалы жана аны келечекте өздөштүрүү жагынан маанилүү орунду Чыгыш, Түштүк, Түндүк Кыргызстан рекреациялык зоналары ээлейт.

Ысык-Көл аймагында келечекте өз алдынча үч ири курорт-рекреациялык районололору калыптануу процессинде. Алар түндүк районочосу – борбору Чолпон-Ата шаары, чыгыш районочосу, борбору – Каракол шаары, түштүк районочосу, борбору – Тамга кыштагы.

## V. 4. 1. Туризм

Туризм (француз тилинде *туризм* – эс алуу, бир жакка баруу деген маанини билдирет; башкача айтканда, туризм бош убакытта саякатка чыгуу; активдүү эс алуунун бир түрү) – дүйнөдөгү эң кирешелүү тармактардын бири. Ал нефть өндүрүү тармагынан кийинки экинчи орунда турат. Дүйнөдө туризмге (ички мамлекеттик жана эл аралык) 1 миллиарддан ашык адам катышат, башкача айтканда, жер шарындагы калктын ар бир алтынчы адамы туризм менен байланышкан. Туризм жакшы өнүккөн Испания, Италия, Непал, Мексика, Америка Кошмо Штаттары, Япония, Түркия, Грекия сыяктуу мамлекеттерде туристтик тейлөөгө Американын бир доллары жумшалса, андан 20 доллар пайда түшөт. Мындай мамлекеттерде туризмдин үлүшүнө улуттук кирешенин 20–40 жана андан да көбүрөөк пайызы туура келет.

Бурана мунарасы.



Кыргызстандын өтө кооз жаратылышындагы белгилүү көлдөрү, курорттору, карагай-черлүү жана табигый жаңгак-мөмө-жемиш токойлору, килемдей жайкалган туланга бай жайлоолору, ар түрдүү гүл өскөн тоолору, түбөлүк кар-мөңгүлүү бийик чокулары, тоо суу-ларынын ак тасмадай созулган шаркыратмалары, жер астындагы музей сыяктуу үңкүрлөрү, кыргыз элинин этнографиялык үрп-адаттары, каада-салттары, байыркы жана азыркы тарыхы, улуттук ат оюндары (көк бөрү, кыз куумай, оодарыш, тыйын эңмей ж. б.). Улуу «Манас» эпосуна байланыштуу окуялар, Улуу Жибек жолу, тарыхый эстеликтери жана башкалары чет элдик туристтердин зор кызыгуусун арттырат. Ошондой болсо да Кыргызстанда туризм, бөтөнчө эл аралык туризм жаңыдан гана өнүгүүгө багыт алды. Азыр республикадагы туризм жалпы алынган улуттук кирешенин 0,2%ин гана түзөт. Чындыгында Кыргызстанда туризмдин бардык түрлөрүн, бөтөнчө эл аралык туризмди өнүктүрүүгө толук мүмкүнчүлүктөр бар.

Кыргызстандын туристтик ресурстарын, туризм менен эс алуунун колдой турган инфраструктурасын жана объекттерин эске алуу менен туризмдин төмөндөгүдөй түрлөрүн – Улуу Жибек жолунун негизги багыттары боюнча өтүүчү рекреациялык, эл аралык, дүйнөлүк туристтик уюмдун жана ЮНЕСКОнун «Жибек жолу» биргелешкен долбоорунун чегинде тобокелдүү (альпинизм, тоо туризми, рафтинг, спелеология, тоо лыжасы, аңчылык, экотуризм ж. б.), анын ичинде аңчылык туризмин өнүктүрүүгө басым жасоо болжолдонууда.

Республиканын тоолуу мүнөзүнө ылайык, туристтик сунуштун маанилүү бөлүгү капиталдык чоң салымдарды талап кылбаган жана чет өлкөлүктөргө кеңири тараган тобокелдүү туризм болуп эсептелет. Алардын бири 2003-ж. июнь айында Кыргызстандын жерлери аркылуу өткөрүлгөн экстремалдык жарышынын 14 чет өлкөнүн топтору «Рейд Голуаз» аттуу дүйнөлүк чемпионаты болуп саналат. Туризмдин ушундай түрлөрүн өнүктүрүү үчүн келүүчүлөргө чек коюлган атайын аймактар – альпинисттик-туристтик зоналар негиз болуп берүүгө тийиш, аларда туризмдин тобокелдүү түрүн өнүктүрүү үчүн таяныч түйүндөр жайгаштырылат.

Кыргызстандын а ң ч ы л ы к - т у р и с т т и к чарбасы эң келечектүү тармактардын бири. Республика аймагында аңчылык кылууга ыңгайлуу жердин жалпы аянты 15,0 млн *га*, анын 1 млн *га* жерин токой ээлейт. Бул тилкелерде куштардын 342, айбанаттардын 82, сойлоочулардын 26 түрү, балыктын 60тан ашык түрү кездешет. Бөтөнчө, чет өлкөдөн келүүчү туристтерди кызыктырган жаныбарлар арбын. Тоо арасындагы баалуу жаныбарлардын молдугу республикада эл аралык маанидеги аңчылык туризмин уюштурууга шарт түзөт. Мындай калпыстыктан арылуу үчүн эң

алды менен жаныбарлардын санын көбөйтүүгө адистештирилген атайын аңчылык чарбаларын уюштуруу максатка ылайык.

1981-жылга чейин туризм ишин жүргүзгөн үч структура («Четтурист», «Рестуркеңеш», «Спутник» ЖЭТБ) гана болсо, бүгүнкү күндө экономикалык реформа саясатынын аркасы менен туризмдеги жекече сектордун үлүшү басымдуу болуп, Кыргызстанда туристтик кызмат рыногу түзүлүп калды. Азыркы учурда тоо (альпинизм, клайминг, хайкинг, треккинг ж. б.) жана рекреациялык туризмдин мааниси кеңейүүдө.

Кыргызстан мурда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн туристтерине дээрлик белгисиз эле. Ал өз алдынча эгемендүү мамлекет болгондон кийин республикалык ченемдик-укуктук базаны өзгөрттү, келип-кетүүнүн кыйла либералдуу тартиби түзүлүп, чет өлкөлүк жарандарга келүү визасы чектөөсүз бериле баштады, республиканын аймагында чет өлкөлүктөр эл аралык мыйзамдарда, макулдашууларда, келишимдерде каралган бардык укуктардан жана эркиндиктерден пайдаланат. Республика 1993-жылдан Дүйнөлүк туристтик уюмдун мүчөсү. Бир нече жылдардан бери Кыргызстан Дүйнөлүк Берлин туристтик бирикмесинин, Лондон туристтик жарманкесинин, иш-чараларына жигердүү катышып келүүдө.

Республикадагы азыркы инфраструктура дале болсо эл аралык стандарттарга ылайык келбейт, анткени бир нече ондогон жылдар мурда түзүлгөн туризм негизинен советтик туристтердин керектөөлөрүн канааттандырууга эсептелген эле. Бирок, туризм акырындап өсүп-өнүгүүдө. Туризм тармагына инвесторлорду тартуу боюнча жигердүү иш жүргүзүлүүдө. Түркиялык фирма менен бирдикте Бишкек шаарында 400 орундуу 4 жылдыздуу «Ак кеме» мейманканасы курулду. Италиялык «Капитал» фирмасы мурдагы «Кыргызстан» мейманканасын реконструкциялап, 5 жылдыздуу «Хаят» мейманканасына айландырды. «ИНПРО-технологиялык жабдуу» аттуу немис фирмасы «Ала-Тоо» мейманканасын реконструкциялады.

Азыркы учурда республикада 8 жогорку жана орто окуу жай туризм тармагы үчүн кадрларды даярдоодо. Кыргызстандын 100дөн ашуун болочок адистери чет өлкөлөрдө окууда, 1000ден ашуун кыргыз студенттери жыл сайын Түркияда, Италияда, Германияда, Индияда, Сан-Маринодо ж. б. иштеп келишүүдө.

Республикада инфраструктураны өнүктүрүү боюнча иш жүргүзүлүп жатат. Азия банкынын жардамы менен Бишкек – Ош автомобиль жолун реконструкциялоо иштери аяктоодо; Бишкек – Торугарт трассасы боюнча оңдоо иштери жүргүзүлүүдө. Бул автотрассаларды ишке киргизүү Кыргызстандын туристтик потенциалын кыйла арбытат. Аталган багыттар Улуу Жибек жолунун негизги каттамдар бөлүктөрүнө дал келет, ошондуктан бул трассалар боюн-

ча саякаттарды уюштуруу туризмдин негизги түрлөрүнүн бири болуп калат. Туристтерге ыңгайлуу болсун үчүн автотрассаларга тийиштүү курулуштар курулуп, жол тасмасы жана жол коопсуздугу жакшыртылат, жол сервисинин көп багыттуу тармагы, анын ичинде тез кабар жана тез жардам пункттары түзүлөт, трассалар чет тилдериндеги көрсөткүчтөр жана маалымат такталар менен жабдылат.

Экинчи бир маанилүү маселе – бул телекоммуникациялык тармакты өнүктүрүү. Кыргызстанда эл аралык байланыштын ар кандай түрлөрү, анын ичинде уюл телефон байланышы бар экендигине карабастан азыркы радиорелелик берүү системасынын жана коммутациялык станциялардын базасында Кыргызстанда байланышты түзүү боюнча 1996-жылдан тартып Дүйнөлүк жана Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банктары каржылаган Телекоммуникациялардын биринчи долбоору ишке ашырылууда. «А» стандартынын космостук байланышынын жер үстүндөгү комплекси менен эл аралык станция орнотулат. Андан тышкары Кыргызстан байланыштын транс-азиялык-европалык магистралы (ТАЕ) боюнча дүйнөнүн 15тен ашуун мамлекети менен байланыштын түздөн-түз кабелдик каналдарына ээ болот. Бул үчүн жаңы аппарат болгон SDH-технология менен жабдылган 165 км була-оптикалык байланыш линиясы (БОБЛ) курулат.

Эл аралык транспорттук катнаш ийгиликтүү чечилүүдө. Япониянын өкмөттүк кредитинин эсебинен каржыланып жаткан эл аралык «Манас» аэропортун реконструкциялоо аяктады. «Манас» аэропорту Азиянын аба транспортунун эң башкы жол тоому болуп калмакчы, ал республикага туристтердин келип-кетүүсүнүн көбөйүшүнө көмөкчү болот.

Кыргыз Республикасында 2001-жылды – «туризмге колдоо көрсөтүү жана аны өнүктүрүү жылы» деп жарыяланышы Ата мекендик туризм республиканын кирешесинин негизги булактарынын бири болуп, эл чарба комплексинин маанилүү бөлүгү катары өнүгө ала тургандыгы жөнүндө күбөлөйт. Туристтик потенциалдын өсүшү өнөр жайды, транспортту, элдик көркөм чеберчиликти, курулушту, мейманканалык тейлөөнү ж. б. кызматтарды өнүктүрүүгө көмөк берет.

Туризм алыскы айылдардын көрктөндүрүлүшүнө, экологиялык чөйрөнү коргоого, жергиликтүү калктын экономикалык жашоо-турмуштук ыңгайынын оңолушуна таасир этет. Жагымдуу экономикалык зонаны түзүү, туризм чөйрөсүндөгү чакан жана орто ишкердикти колдоо жана өнүктүрүү, туризмдин материалдык-техникалык базасына жана анын инфраструктурасына көмөк берүү, туризмде рыноктук мамилелерди калыптандыруу үчүн туристтик тармактын өнүгүшүнө түрткү берүүчү бир катар документтер

иштелип чыккан. Республикада туризмди өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын концепциясы жана программасы бекитилген. Кыргыз Республиканын өкмөтүнүн алдында туризм боюнча координациялык кеңеш түзүлгөн.

Азыр республикада үч жүзгө жакын туристтик фирма, Кыргыз Республикасынын маданият жана туризм министрлиги, «Интурист» акционердик коому, Кыргызстан профсоюз федерациясынын алдында Кыргыз Республикасынын «Кыргызтуризм» акционердик коому, «Кыргызсаякат» туристтик мекемеси, туризм боюнча «Аалам», «Спутник» бирикмелери жана туристтер базасы бар. Алардын материалдык-техникалык базасы азырынча эл аралык стандартка жооп бербейт.

Жүргүзүлүп жаткан реформалардын натыйжасында Кыргызстанда тейлөө рыногу түзүлүп калды. Туристтик бизнести өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлүүдө. Фирмалардын саны көбөйүп, бүгүнкү күндө 250дөн ашуун, алар 20 миңдей жумушчу орундарын түздү. Статистикалык маалыматка ылайык 2009-ж. – 906,8 миң турист келип кеткен. 1966-жылга салыштырганда туристтердин жалпы агымы 2005-ж. 71%тен ашуун көбөйсө, 2006-ж. саясий абалга карата тескерисинче кайра азайып, 61%ти түзгөн.

Туризмден салыктар түрүндө жыл сайын мамлекеттин бюджетине 400 миллионго жакын сом каражат түшөт. Чет өлкөлүк туристтерди кабыл алуудан түшкөн киреше жылдан жылга көбөйүүдө, алсак, 2009-ж. туристтик-экскурсиялык ишмерликтен 445,0 млн сом киреше алынган. Фирмалардын аларга катышуусу республиканын туристтик мүмкүнчүлүктөрүн көбүрөөк рекламалоого жана ар кайсы өлкөлөрдүн эң ири туристтик операторлорунун көңүлүн бурууга мүмкүндүк берет. 2001-жылы Кыргызстанда Эл аралык туристтик форум өткөрүлүп, аны даярдоого жана өткөрүүгө республиканын бардык туристтик коомчулугу катышып, туризм жаатында кеңири тажрыйба алмашылып, өнүккөн өлкөлөрдүн инфраструктурасы, улуттук маданиятын салт-санаалары, рекламалык-маалымат чөйрөсүндөгү жетишкендиктер, туризмдин калктын социалдык-экономикалык абалына тийгизген таасирлери каралган.

Каракол тоо-лыжа базасы.



Кыргызстанда туризмди азыркы базар экономикасынын шартына ылайык натыйжалуу жана айлана-чөйрөгө зыян болбогондой таза пайдаланып, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк түзүп, келечекте республиканын социалдык жана экономикалык өнүгүшүндө реалдык сектордун негизги тармагына айландыруу зарыл.

Республикада туризмди өнүктүрүүнүн стратегиялык улуттук мамлекеттик программасы иштелип чыккан. Анда дүйнөлүк стандартка туура келген инфраструктуранын жаралышы, рекламаны, сувенирдик өндүрүштү, сервисти өркүндөтүү маселелери камтылган. Чет элдик инвестицияларды биргелешип пайдалануучу компанияларды түзүү жолу менен туризм индустриясын өнүктүрүүгө тартуу, туристтик-рекреация чарбасын эл аралык стандартка жана талапка ылайык кадрларды даярдоону уюштуруу, дүйнөдөгү туристтик компаниялардын көңүлүн буруу үчүн коммерциялык рекламаны кеңири уюштуруу максатка ылайык.

Келечекте туризм мекемелеринин кабыл алуу мүмкүнчүлүгү, башкача айтканда рекреациялык мекемелердин сыйымдуулугу бир нече эсеге өсмөкчү. Республиканын рекреациялык райондорунда жана зоналарында тоо кыялай жөө жүрүү, ат, машина же вертолёт минүүгө ыңгайлаштырылган түрдүү багыттарды камтыган маршруттар түзүлүүдө. Туризм ишин жакшы уюштуруу аркылуу эс алуунун башка тармактарын дагы кошо өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүүгө болот. Мисалы, түрдүү маршруттарды бойлой түнөк жайларды, кемпингдерди (автотуристтер үчүн жайкы лагерь – чатырлар же жеңил типтеги үйлөр) салуу, аялдама же чакан салынган туристтик жайлар ал тегеректеги табигый рекреациялык ресурстарды жеткиликтүү өздөштүрүүгө – курорт, эс алуу мекемелерин жайгаштырууга шарт түзөт.

Келечекте рекреация мекемелерин учур талабына ылайык реконструкциялоону; республикалык жана эл аралык маанидеги курорт, санаторий, эс алуу үйлөрүн салууну; туризм маршруттарын, альпинисттердин лагерин учур талабына ылайык уюштурууну; рекреация тармактарын тейлөөгө керектүү адистерди эмитен даярдоону; табигый рекреация факторлору дурус аймактарда курорт-рекреация комплексинин учур талабына төп келүүчү ири мекемелерин жайгаштырууну; инфраструктура тармактарын эл аралык талапка төп келгидей, сапаттуу салуу үчүн чет мамлекеттик айрым тажрыйбалуу мекемелер менен жарнакташа иш алып барууну күчөтүүнү; жаратылыш ресурстарын пайдалангандыгы үчүн рекреация мекемелерине белгилүү өлчөмдө төлөө шартын киргизүүнү; тиешелүү жерлерге кемпинг, мотелдерди жана автотуристтерди жайгаштыруучу жайларды курууну; ресторан, бар, кафе, бөтөнчө улуттук ашканага ыңгайлашкан түрлөрүн курууну; туристтик мекемелерди тейлөөчү

адистерди даярдоочу жана чет тилди жеткиликтүү үйрөтүүчү борборлорду калыптандырууну; республиканын рекреация комплексинин келечегин жеткиликтүү чагылдырган чет тилдеги мазмундуу рекламаларды даярдоону тездетүү керек.

Келечекте тоо туризмин (трекинг, ат, жөө туризми), альпинизмди, тоо лыжалык спорттун түрүн, суу туризмин (рафтинг, видсерфинг, яхтспорт), спелеотуризмди (үңкүр туризми), велосипед туризмин, улуттук аңчылык туризмин (бүркүт, куш, шумкар, ителги, тайган менен аңчылык кылуу), курорт-санаторий туризмин, коруктардын жана заказниктердин базасында зоологиялык, ботаникалык, орнитологиялык туризмди, экологиялык туризмди, жергиликтүү улуттардын улуттук оюндары, үрп-адаттары, каада-салты, легендалары, эпостору, ар түрдүү сувенирлери, үй тиричилигиндеги буюмдары менен тааныштыруу максатында фольклордук туризмди, ат спорттук туризмди ж. б. кеңири өнүктүрүүгө болот.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Республикада рекреациялык ресурстардын кайсы түрлөрү көп?
2. Кыргызстандын курортторун карта-схемага түшүргүлө.
3. Республикада туристтик жана альпинисттик лагерлерди жайгаштыруу принциптерин аныктагыла?
4. Рекреациялык комплекстин келечеги кандай?

## V. 5. ТРАНСПОРТ КОМПЛЕКСИ

Кыргыз Республикасынын эл чарбасынын негизги тармактарынын бири транспорт болуп саналат. Транспорттун өнүгүшү республиканын өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшү менен жайгашуусуна жана калктын санына байланыштуу. Анткени алар жүк алмашуунун көлөмүн, жүктүн үлүшүн жана канчалык аралыкка жеткирилерин аныктайт. Транспорт республиканын чарбасынын адистешүүсүнө жана комплекстүү өнүгүшүнө түрткү берет. Транспорттун өнүгүшүнө жаратылыш шарты, өзгөчө жер бетинин түзүлүшү жана климаттык шарты, ошондой эле өндүрүүнүн жана керектөөнүн райондук балансы, өнөр жай, айыл чарба, курулуш, сооданын, калктын жана шаарлардын жайгашуусу, өндүрүштү комплекстүү өнүктүрүү жана топтоо өбөлгө түзөт. Транспорттун бардык түрү (деңиз транспортунан башка) Кыргызстанда бар; аларга темир жол, автомобиль, аба, суу, куур (түтүк), электрондук транспорт кирет. Бул транспорттун бардык түрлөрү өз ара чогулуп бирдиктүү транспорттук системаны (транспорт комплексин) түзөт.

Кыргызстанда бардык транспорттун түрү боюнча ташылган жүктүн көлөмүнүн 96,4% и автомобилге, 2,7% и темир жолго, 0,8% и куур транспортуна, ал эми жүргүнчүлөрдү ташуу көлөмүнүн негизги үлүшү (92,5% и) автобуска, 2,7% и – таксиге, 4,6% и – троллейбуска, 0,1% и темир жолго жана 0,1% и аба жолуна туура келет.

Тоолуу, татаал рельеф темир жол курулушуна кыйынчылык келтиргендиктен, республикадагы транспорттун негизги тармагы автомобиль транспорту болуп саналат. Ал республика ичиндеги жүктөрдүн басымдуу бөлүгүн (96,4%и) жана жүргүнчүлөрдү (92,5%и) ташуучу транспорт. Тышкы экономикалык райондор, өлкөлөр менен болгон байланыштар темир жол транспортуна жүктөлөт. Алыскы аралыктарга тез жеткирүүчү транспорттун түрү – аба транспорту, ал көбүнчө жүргүнчүлөрдү, почта, баалуу же тез бузулуп кетүүчү продуктуларды ташууда пайдаланылат. Республиканын түштүгүндө жана Чүй өрөөнүндө куур (түтүк), Ысык-Көл облусунда суу транспорту пайдаланылат.

## V. 5. 1. Темир жол транспорту

Кыргызстандын башка өлкөлөр жана райондор менен экономикалык байланыш түзүүсүндө темир жол траспортунун мааниси зор. Бардык тышкы жүктөр темир жол аркылуу ташылат.

Республикадагы жалпы темир жолдун узундугу 423,9 *км* (2009), бири-бири менен байланышпаган эки участоктон турат: анын 322,7 *км*и республиканын түндүгүндө: Чалдыбар – Бишкек – Балыкчы; түштүктө Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр шаарларына кеткен кыска жолдор (101,2 *км*) бар.

Өлкөдө темир жол курулушу 4 этапта жүргүзүлгөн. 1924-ж. Жети-Суу темир жолундагы Кулан (Казакстан) бекетинен Бишкек шаарына чейин темир жол салынган. Түрксибдин курулушу менен Кыргызстан Чыгыш Казакстанга жана Сибирге (Россия) чыгууга мүмкүнчүлүк алган. 1932-ж. Кулан – Бишкек жолу Кант шаарчасына чейин жеткирилген. Согуш алдында, 1940-ж. Кант – Быстровка (азыркы Кемин) темир жолун куруу башталып, ал 1942-ж. аяктаган. Чүй өрөөнүн батыштан чыгышка чейин темир жол кесип өтүп, ал экономиканын мындан ары өнүгүүсүнө зор өбөлгө болгон. Ал өрөөндүн ири өнөр жайынын өнүгүшүнө, айыл чарбасынын ургаалдуулугун жогорулатууга, Бишкек шаарынын өсүшүнө түрткү берген. Бул жол аркылуу Бишкек шаарынан Талас өрөөнүнө, Өзбекстанга, Казакстанга, Ташкент аркылуу Түштүк Кыргызстанга, Сибирге, Европалык өлкөлөргө чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. 1950-жылы Боом капчыгайы аркылуу эң татаал, тоолуу рельефтүү участок – Кемин (мурдагы Быстровка) – Балыкчы темир жолун салуу улантылып, Ысык-Көл, Нарын облустарынын экономикасын өнүктүрүүгө чоң салым кошкон. Алар 1948-жылга чейин Жамбыл темир жол бөлүмүнө караган. 1948-ж. Түркстан-Сибирь темир жолу, 1958-ж. Казак темир жолу, 1977-ж. Алматы темир жолу деп аталган.

Бишкектен түндүк тараптагы Казакстандын Чүй бекетине жол салуу да кызыктуу, себеби азыркы Чүй – Кулан (Луговой) – Биш-

кектин аралыгы 277 *км*, эгерде Бишкектен түз эле Чүй бекетине жол салынса, анда анын аралыгы болгону 120 *км*ди түзмөк, башкача айтканда темир жол 157 *км*ге кыскармак, бул кыска жол менен Түндүк Кыргызстан, Казакстан, Сибирь аралыктарында жүктөр арзан ташылмакчы.

Азыркы кезде республикада бирдиктүү темир жол тармагы жок. Түндүк жана Түштүк Кыргызстандын ортосунда темир жол жок болгондуктан, 1300 *км* аралыктагы Бишкек – Тараз – Чымкент – Ташкент – Худжент – Анжиян – Кара-Суу темир жолу 3 мамлекетти – Казакстан, Тажикстан, Өзбекстандын аймактары аркылуу өтүүгө мажбур кылат. Бул жол түз жолго караганда 3 эсе узун.

Түндүк Кыргызстанда Чүй өрөөнү, Боом капчыгайы, Ысык-Көлдүн жээги, түпкү райондорго магистралдык темир жол салууга мүмкүнчүлүк берсе, Түштүк Кыргызстанда абал башкача. Түштүк Кыргызстандын аймагы Фергана ойдуңун курчап турган тоо капталдарынан орун алып, темир жол салууга ыңгайсыз. Темир жол болсо өрөөндүн түздүктүү Өзбекстан бөлүгүндө салынган, ал Кокон – Анжиян – Наманган – Кокон айланма темир жолу. Ошол жолдон дарыя өрөөндөрүн бойлогон анча узун эмес туюк жолдор, көмүр казып алынуучу шахталарга жана Ош шаарына 1928–35-жылдары салынган. 1916-жылы Анжиян – Кара-Суу – Жалал-Абад темир жол участогу курулган. Фергана айланма жолунан 1928-жылы Кубасай – Кызыл-Кыя, 1930-жылы Кара-Суу – Ош, 1932-жылы Жалал-Абад – Көк-Жаңгак, 1935-жылы Үч-Коргон – Таш-Көмүр темир жолдору курулган. Булардан тышкары Сүлүктү шаарына Пролетарский (Тажикстан) бекетинен көмүр ташуу үчүн тар колеялуу темир жол 1917-жылга чейин эле салынган. Бул жолдор көмүр кендерин өздөштүрүп, Түштүк Кыргызстанды Борбордук Азиядагы отун берүүчү районго айландырып, анын жалпы өндүргүч күчүн өнүктүрүүгө түрткү берген.

Кыргыз Республикасы саясий жана экономикалык жактан көз карандысыздыгын алгандан кийин, 1992-ж. Бишкек темир жол бөлүмүнүн базасында Кыргыз темир жолу пайда болду. 1994-жылы октябрда Орто Азия темир жолунун Ош жана Жалал-Абад облустарындагы темир жол участкалары Кыргыз темир жолунун карамагына берилген.

Темир жол линиялары жалпы аянтка, калктын санына жараша жыштыгы боюнча эң төмөнкү көрсөткүчтөргө ээ. Мисалы, ар бир 1000 $км^2$ аянтка 1,9 *км* жол туура келсе, 1000 адамга 0,09 *км* жол туура келет. Республиканын бардык облустарында темир жол тасмасы түзүлүп бүтө элек. Өндүргүч күчтөрдүн жалпы өнүгүшүнө салыштырганда темир жол транспорту өтө артта. Ал эл чарба жана калк муктаждыгын толугу менен камсыз кыла албайт.

Түндүк Кыргызстанга республиканын жалпы темир жолунун узундугунун 75% и туура келет. Жалпы жүк алмашуунун теңинен

көбү Чалдыбар – Бишкек участогуна таандык. Кулан (Казакстан) – Бишкек – Балыкчы жолу түндүк райондор үчүн мааниси зор. Анткени бул жол аркылуу Түштүк Кыргызстан жана башка өлкөлөр менен байланыш жасайт. Кулан – Бишкек участогуна республикадагы жүк ташуунун 80% туура келет.

1990-жылга чейин темир жол транспорту аркылуу шериктеш өлкөлөрдүн 120 облусуна жүк жөнөтүлүп, 126 облусунан жүк алынып турган. Республиканын темир жол бекеттерине келип түшүүчү жүктөрдүн негизгисин көмүр (23% ин), жыгач материалдары (17% ин), минералдык курулуш материалдар (14% ин) түзгөн. Темир жол транспорту боюнча жүк ташуунун көлөмү жылдан жылга өскөнү менен анын жалпы жүктөрдү ташуудагы үлүшү жылдан жылга төмөндөөдө.

Темир жол транспортуна жаңы технологияны киргизүү жыл сайын анын жүк айлануусунун өсүшүнө алып келет. Учурда кыргыз темир жолунда 134 көпүрө (жалпы узундугу 2477 *м*), галерея (238 *м*), 15 дюкер (284 *м*), жөө адам өтүүчү 6 көпүрө (433 *м*) бар. Автоматтык жана байланыш линияларынын узундугу 169,2 *км*, магистралдык кабель линиясы – 149,1 *км*, жергиликтүү тартылган линиясы – 38,4 *км*, жергиликтүү кабель линиясы – 151 *км*. Темир жол автоматтык локомотив сигналы жана поездди автоматтык түрдө токтотуу (автостоп) прибору менен жабдылган. 19 бекеттин электрлүү жана борборлоштуруу (ЭБ) жабдуулары бар.

Азыр темир жолдун кыймылдуу курамынын пайдаланышынын айрым көрсөткүчтөрү жакшыртылган. 2000-жылга салыштырганда 2010-жылы жүк ташуучу вагондордун өндүрүмдүүлүгү 18,8% ке өскөн, вагондордун суткалык жүгүртүлүүсү 20,3 % ке азайтылды, жүк ташып келген вагондордун токтоп турушу да 19,6 % кыскарды. Жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча атайын поезддер уюшулган, алардын негизги маршруттарына Бишкек – Жалал-Абад (1936), Бишкек – Москва (1947), Бишкек – Екатеринбург, Бишкек – Новокузнецк ж. б. кирет.

Темир жол транспортунун келечеги Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүн эң кыска жол менен байланыштыруучу Балыкчы – Кочкор – Кара-Кече темир жол линиясын, андан кийин Анжиян (Өзбекстан) – Жалал-Абад (же Өзгөн) – Торугарт – Кашкар (Кытай) темир жолун куруу пландаштырылган. Бул коңшу республикалардын темир жолдору аркылуу транзиттик жүк ташуу чыгымын азайтат. Темир жол өткөн аймактардын табигый байлыктарын өздөштүрүп, экономикасын көтөрүүдө чоң роль ойнойт. Бул трассанын боюнда Жетим темир кендери (запасы 10–12 млрд *т*), Өзгөн көмүр бассейнинин коксталуучу көмүрү (2–3 млрд *т*), Кара-Кеченин көмүрү, Чолпон кыштагына жакын кайнатма туз (3,7 млн *т*), Сандык алюминий сырьёлору, Чаекке жакын жердеги барит (400 миң *т*), баалуу курулуш материалдары жайгашкан.

## V. 5. 2. Автомобиль транспорту

Жүктү жана жүргүнчүлөрдү ташууда, республиканын өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүдө автомобиль транспортунун мааниси зор. Республикада автомобиль жолдору бирдиктүү транспорт системасын туташтыруучу жана аларды өнүктүрүүчү жол. Кыргызстандын көпчүлүк райондорунда автотранспорт – транспорттун жалгыз гана түрү болуп саналат. Республикадагы негизги автомобиль жолдору мурунку почта ташуучу жолдордун ордуна курулган.

Революцияга чейин Кыргызстанда жалпы узундугу 806 *км*ге жеткен 3 почта жолу болгон; аларга Ташкент – Бишкек – Алматы, Бишкек – Токмок – Каракол, Нарын – Каракол – Үч-Каркыра жолдору кирет. 1930-жылдан автомобиль транспорту өнүгө баштады, жалпы жолдун узундугу – 8142 *км*ге жеткен, анын ичинде 105 *км* жолго таш төшөлгөн. 1934-ж. Бишкек – Балыкчы – Каракол жолун реконструкциялоо башталып, ал жол 1936-ж. аяктаган. 1935-ж. «Улуу Кыргыз тракты» деп аталган Бишкекти Кыргызстандын ички райондору менен туташтыруучу Бишкек – Балыкчы – Торугарт жолун куруу башталат, анын узундугу 539 *км* болгон, ал жол 1937-жылы Нарынга, 1938–40-жылы Ак-Бейитке чейин бүткөрүлгөн. 1931-жылы Чоң Алай тоо кыркасында 4280 *м* бийиктиктеги Кызарт ашуусу аркылуу өткөн Памир трактысынын (Ош – Хорог) курулушу башталып, ал 1934-жылы ишке киргизилген. Анын узундугу 778 км болгон. 1930-жылдары Түштүк Кыргызстанда Бүргөндү – Таш-Көмүр – Караван (Кербен), Ош – Кызыл-Кыя – Сүлүктү, Таш-Көмүр – Кетмен-Төбө, Ош – Ноокат, Ош – Кара-Суу, Талас өрөөнүндө Жамбыл (Казакстан) – Талас – Буденовка жолдорунун курулушу башталган. Бул жолдордун курулушу менен республиканын көпчүлүк райондору бири-бири менен байланыша баштаган. 1940-жылы жалпы жолдун узундугу 11,5 миң *км*ге жеткен.



Бишкек – Ош жолунун Суусамырдагы бөлүгү.

1940-жылы башталып, согуш учурунда токтоп калган эң маанилүү жол Бишкек – Кара-Балта – Сосновка – Суусамыр – Ош жолу 1965-жылдары бүткөрүлгөн, анын жалпы узундугу 600 *км*. Бул жол Кара-Балта капчыгайы аркылуу Төө-Ашуу белине (деңиз деңгээлинен 3586 *м* бийиктикте) жакын тешкен тоо (тоннель) аркылуу өтөт. Тоннель 3200 *м* бийиктикте, узундугу 2,6 *км*, ал Кыргыз-

стандагы гана эмес жер шарындагы эң бийик, уникалдуу тоннель болуп эсептелет, анын түштүк тарабында Суусамыр өрөөнү жатат.

1953–67-жылдары Ысык-Көлдү айланта «Ысык-Көл алкагы» деп аталуучу автомобиль жолун куруу аяктаган, анын узундугу 438 *км*. Кийинки жылдары Кыргызстандын бардык облустарында таш төшөлгөн жолдордун узундугу өстү, көптөгөн жаңы жолдор салынды. Жалпысынан алганда 1953–70-жылдары автомобиль жолунун узундугу – 13,0 миң *км*ден 19,6 миң *км*ге чейин жеткирилген; анын ичинен 16,7 миң *км*и асфальтталган жол болуп эсептелет. 1980-жылдарда автомобиль жолу 23 миң *км*ге жетип, жолдун 16 миң *км*не же 70% ине асфальт төшөлгөн.

Республикадагы бардык автомобиль жолдору өз ара мааниси, сапаты ж. б. боюнча үчкө бөлүнөт: 1) жалпы мамлекет аралык маанидеги; 2) республикалык маанидеги; 3) жергиликтүү маанидеги жолдор.

Жалпы мамлекет аралык жолдорго бир нече мамлекеттерди туташтырган же ири өнөр жайларын жана айыл чарбасын туташтырган, аларды транспорт байланышы менен камсыз кылган магистралдык жолдор кирет. Аларга Бишкек – Ош, Бишкек – Торугарт, Бишкек – Алматы, Бишкек – Ташкент, Ош – Хорог жолдору кирет.

Республикалык маанидеги жолдорго облустар аралыгындагы өнөр жай борборлорун жана айыл чарбасын транспорт менен камсыз кылуучу Ош – Кызыл-Кыя – Исфана, Талас – Кызыл-Адыр – Тараз (Казакстан), Нарын – Баетов – Казарман ж. б. жолдор кирет.

Жергиликтүү маанидеги жолдор калган жолдун бардыгын камтыйт. Жалпы мамлекет аралык, республикалык жолдор негизги транспорттук магистралдар болуп эсептелет, алардын 95 – 100% и асфальтталган.

Жергиликтүү жолдордун жогоруда аталган жолдордон айырмасы – асфальт төшөлгөн жолдун аздыгы, чаңдуу жолдор кээде 60% ти түзөт. Чүй өрөөнүнүн, түштүктүн пахта эгилүүчү райондорунун жергиликтүү автомобиль жолу башкаларга салыштырганда 50–70% и асфальтталып, жакшыртылган жолдор болуп саналат.

Жүк ташууну аралыкка жараша төмөндөгүдөй бөлүүгө болот: алыска ташылуучу жүк (400 *км*), орточо аралыкка ташылуучу жүк (50–150 *км*), чукул аралыкка ташылуучу жүк (шаар тегерегине, айыл чарбасын тейлөөчү зоналар аркылуу ташылуучу жүк).

Кийинки мезгилдерде жүк ташуунун прогрессивдүү формалары – борборлоштурулган жүк ташуу, шаар аралык жүк ташуу өнүгүүдө. Республикада шаар аралык жүк Бишкек – Нарын, Бишкек – Балыкчы, Бишкек – Тараз – Талас, Бишкек – Ош, Бишкек – Алматы, Бишкек – Ташкент, Балыкчы – Каракол ж. б. шаарлардын ортосунда ташылат. Шаар аралык жүк ташууларга 7,8 – 8 тонналык автопоездүү ЗИЛдер, 20 тонналык жарым прицеби бар

МАЗдар, 32 тонналык үч октуу МАЗдар, 18 тонналык автопоезди бар КАМАЗдар кеңири пайдаланылат.

Республикада жүргүнчүлөрдү ташуучу автотранспорт тез өнүгүүдө. Жалпы жүргүнчүлөрдү ташуунун 83,5% көлөмү ушул тармакка туура келет. Автобустук маршруттардын жалпы узундугу 20 миң *км*ден ашык, таксомотор боюнча жүргүнчүлөрдү ташуу бардык шаарларда уюштурулган. Республикадагы шаардык маршруттарды тейлөөчү автобустардын 50% Бишкек, 33% Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын шаарларына; жалпы жүргүнчүлөрдү ташуунун 62% шаар ичиндеги жүргүнчүлөрдү ташууга туура келет. 1990-жылы – 577,9, 1991-жылы – 537,9, 1992-жылы – 381,1, 1993-жылы – 223,6, 1998-жылы – 166,5, 2000-жылы – 395,6, 2003-жылы 390,9, 2010-жылы 532,9 млн адам ташылган.

Республиканын экономикасындагы 1991-жылдан кийинки структуралык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында автомобиль транспорт системасы жапырт менчиктештирилип, автотранспорт ишканаларынын 80% акционердик коомдорго айланган.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийин, 1995-жылы автомобиль жол тармактарын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыты аныкталды, башкача айтканда Борбордук Азия жана Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү менен байланыштыруучу транзиттик автомобиль жолдоруна айландырууга багыт алынды.

Республиканын автомобиль жол тармактары азыркы суроо-талаптарга толук жооп бере албайт. Ошого байланыштуу «Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдору жөнүндөгү мыйзамы» автомибиль жолдорун узак мезгилге жакшыртуу концепциясы кабыл алынган. Автомобиль жол тармактарын жакшыртуу боюнча эл аралык инвестициялык долбоорлор иштейт. Бишкек – Ош автомобиль жолу реабилитацияланды. Мындан кийин Бишкек – Нарын – Торугарт, Ош – Эркечтам автомобиль жолдорун оңдоп, андан ары Кытай менен Тажикстанга, Пакистанга чыгуу жолу каралууда.

Республиканын борборуна алгачкы **троллейбус жолу** 1951-ж. ачылып, ал Вокзал – Эт комбинаты маршруту боюнча каттаган (1-маршрут). Азыр ондогон троллейбустук маршруттар ачылып, троллейбус жолунун узундугу 200 *км*ден ашты.

Азырынча Бишкек менен Ошто троллейбус жүргүнчүлөрдү ташыйт, 1994-жылдын аягында Нарын шаарында троллейбус жүрө баштады. 2010-жылы троллейбус менен 24,6 млн адам ташылган. Келечекте троллейбус линиялары Токмокто, Кара-Балтада, Караколдо, Жалал-Абадда ж. б. жүргүзүлүүгө тийиш. Бишкек – Сокулук, Бишкек – Кант, Чолпон-Ата – Григорьевка, Ош – Кара-Суу, Жалал-Абад – Сузак ж. б. линиялары жүргүзүлсө ал аймактардын экологиялык абалы кыйла оңолор эле.

### V. 5. 3. Аба транспорту

Кыргызстанда аба транспортунун негизги милдети – жүргүнчүлөрдү ташуу. Аба транспортунун ишинде жүргүнчүлөрдү ташуу 90%тен ашыгын ээлесе, ал эми калганын почта, тез бузулуучу продуктулар, дары-дармек, баалуу, тез жеткирүүнү талап кылуучу жүктөр түзөт. Тоолуу, бийик тоолуу райондордогу калкты санавиация менен камсыз кылат. Республикада аба транспортунун пайда болушу 1920-жылга таандык. Бишкекке алгачкы самолёт 1922-жылы 20-августта конгон. Ташкент – Бишкек – Алматы регулярдык аба жолу 1924-жылы ачылган, узундугу 813 *км* болгон бул аралыкты самолёт 6–7 саатта басып өткөн. 1930-жылы республикада биринчи жолу Бишкек – Ташкент – Ленинабад (азыркы Худжент) – Фергана – Анжиян – Ош граждандык аба жолу ачылган. 1933-жылы Бишкек – Балыкчы – Нарын – Өзгөн – Ош аба жолу иштей баштаган. 1933-жылы республиканын ичинде Бишкек – Токмок – Балыкчы – Ананьев – Каракол маршруту ачылып, почта жана жүргүнчү ташый баштаган. Бишкек ипподромунда Ташкенттен Алматыга почта тартуучу аэроплан үчүн тыныгуу бекети курулган.

1945-жылы Бишкекте аэропорт ачылып, Кыргызстандагы авиа жүргүнчүлөрдү тейлеген Кыргыз авиа бөлүмчөсү уюшулган. Ал республиканын Бишкек – Ташкент – Ош – Жалал-Абад, Бишкек – Балыкчы, Бишкек – Алматы, Бишкек – Жамбыл (азыркы Тараз) – Талас, Жалал-Абад – Токтогул аба жолдорун тейлеген. Кийинчерээк Бишкек – Москва, Бишкек – Ош, Бишкек – Жалал-Абад, Бишкек – Каракол ж. б. аба жолдору ачылган. 1954-жылы жаңы ачылган Бишкек – Адлер авиалиниясы кыргызстандыктарга Кара деңиз боюндагы белгилүү курортторго чыгууга мүмкүндүк берген. 1952-жылы авиабөлүмчөсүнүн базасында Кыргыз авиатобу, ал эми 1968-жылы Кыргыз граждандык авиация башкармалыгы түзүлгөн, ал 1990-жылдан «Кыргыз улуттук авиакомпаниясы» деп аталат. 1991-жылы аба транспорту менен 1,7 млн адам ташылган. Ташылган жүргүнчүлөрдүн мындай өсүшүнө Бишкек шаарынын алыскы Москва, Санкт-Петербург, Киев, Баку, Новосибирск, Красноярск, Омск, Хабаровск, Одесса, Сочи, Минводы сыяктуу шаарлар менен байланышынын натыйжасы.

Аба жол катнашынын жалпысынан алганда Кыргызстандын географиялык абалы өтө ыңгайлуу. Европадан Азиянын айрым өлкөлөрүнө баруучу аба жолу Кыргызстан аркылуу өткөндө 1,0–1,5 миң *км*ге (10–15%ке) кыскарат. Мында республиканын «Манас» аэропортунун артыкчылык мааниси өтө зор. Ал саатына 1700 жүргүнчүнү тейлейт. Учуп-конуу тилкеси азыркы самолеттордун бардык түрүн кабыл алат. «Манас» аэропорту эң алдыңкы аэронавигациялык каражаттар менен жабдылган.

Азыркы базар экономикасынын шартында республикада Ош, Жалал-Абад, Каракол, Тамчы, Нарын, Талас, Чаткал, Кызыл-Кыя,

Казарман, Баткен ж. б. аэропорттору жүк жана жүргүнчүлөрдү ташууда мааниси чоң.

Бишкек шаары облустардын борборлору менен гана эмес, райондун борборлору менен да аба линиялары аркылуу туташкан. Алсак, Бишкек – Казарман, Бишкек – Кербен, Бишкек – Баткен ж. б. Облустардын борборлору да көптөгөн райондорго, Москва, Ташкент ж. б. ири шаарларга чыга алат. Ош шаарынан Ош – Москва, Ош – Ташкент, Ош – Дүйшөмбү, Ош – Каракол ж. б. маршруттар боюнча аба линиялары түзүлгөн. Тышкы жана ички маршруттар боюнча жаңы жолдордун ачылышы, азыркы самолётторду пайдалануу, акыркы техникалар менен жабдылган аэропорттордун салынышы, жүргүнчүлөрдүн көбөйүшүнө алып келди.

Азыркы учурда Бишкек шаары аба жолу аркылуу 70ке жакын чет өлкөлөрдүн, республиканын шаарлары менен байланышкан. Эл аралык жана жергиликтүү аба линияларындагы эң көп катнаштар – Бишкек – Москва, Бишкек – Ташкент, Бишкек – Алматы, Бишкек – Санкт-Петербург, Бишкек – Дели, Бишкек – Ош, Бишкек – Жалал-Абад ж. б. шаарлардын ортосунда болуп турат.

«Манас» аэропорту Борбордук Азиядагы ири аэропорттордун катарында. Ал келечекте Европа жана Азия өлкөлөрүнүн ортосунда, транзиттик мааниси бар аэропортко айланмакчы. Аэропорт азыркы учурдагы көп орундуу, оор салмактуу самолёттор – ИЛ-62, ИЛ-86, ТУ-154, АН-24, ЯК-42 самолётторун, чет өлкөлүк Боинг, Трайдент самолётторун кабыл алып, учура алат. Азыр «Манас», ошондой эле Ош аэропорттору эл аралык стандартка ылайык кайрадан реконструкцияланууда. «Кыргызстан аба жолдору» улуттук авиакомпаниянын авиапаркы жаңыртылып, толукталууда. Республиканын ичинде 8 маршрут, шериктеш өлкөлөрүнүн аба жолдорунда 13 маршрут боюнча, ошондой эле Ганновер, Дели, Стамбул, Карачи, Үрүмчү, Франкфурт-на-Майне жана Шаржа эл аралык аба жолдорунда регулярдуу авиакаттамы болуп турат. Республика ичинде атайын авиациялардын да мааниси бар, аларга санавиация, айыл чарба, курулушта пайдалануучу авиациялар кирет. Майда самолёттор, вертолёттор стихиялуу кырсыктардан куткарууга, тез жардам берүүгө, өрт өчүрүүдө, экспедицияларда, геологиялык чалгындоолордо ж. б. пайдаланылат. Келечекте эл аралык регулярдуу авиамаршруттар, анын ичинен Сеул, Пекин, Лондон маршруттары өздөштүрүлөт.

### V. 5. 4. Суу жол транспорту

Республикада суу жол транспорту Ысык-Көл облусунда гана пайдаланылат. Ал 1920-жылдан бери иштейт. Ысык-Көл жыл бою тоңбогондуктан, транспорт үчүн жылдын бардык мезгилинде пайдаланылып, жүктөр жана жүргүнчүлөр ташылат. Суу жолунун



Ысык-Көл. Кеме майрамы.

узундугу – 200 *км*, өрөөндө темир жолу жок болгондуктан суу жолу аркылуу батыштан чыгышты карай жана тескерисинче, массалык жүктөр жана бир аз жүргүнчүлөр ташылат. Өрөөндө 1925-жылы Ысык-Көл пароходчулугунун башкармалыгы уюшулган, ал суу транспорт чарбасын толук башкарат, ага суу жолун пайдалануу, флот, жээктеги пристань чарбаларын пайдалануу, иштери кирет.

Суу транспорту Ысык-Көл өрөөнүн гана тейлейт; негизги жүк Балыкчы менен Каракол шаарларынын ортосунда ташылат. Балыкчыга темир жолу менен алынып келинген жүктөр суу транспортуна жүктөлүп, аралаш жүк ташуу жүргүзүлөт. Пароходчулуктун кемелеринин, баржаларынын саны көбөйгөнгө байланыштуу жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү да 1991-жылга чейин өсүп келген. 1940-ж. – 81 миң *т* жүк ташылса, 1960-жылы – 136 миң *т*, 1980-жылы – 483 миң *т*, 1990-жылы – 646 миң *т* ташылып, 2008-ж. 42,6 миң *т* га чейин төмөндөгөн. Негизинен кургак жүктөр ташылат, анын негизги бөлүгүн көмүр (46%), андан кийин курулуш материалдары (30% ке жакыны) ээлейт. 1977-жылдан көл боюнча нефть продуктусун ташууга тыюу салынган.

Ысык-Көлдө курорттук чарба өнүгүп жаткандыгына байланыштуу суу транспорту боюнча ташылуучу жүктөрдүн структурасы өзгөрөт, себеби курорттук чарба көптөгөн курулуш материалдарын, азык-түлүктөрдү талап кылат. Көлдө жүргүнчүлөр да ташылат, бирок ал кыска аралыкка туристтерди жана эс алуучуларды сейилдикке чыгарат. Балыкчы, Каракол пристаны ири механикалаштырылган причалдарды, ондогон кемелери, базалары, жүктөөчү, жүк түшүрүүчү техникалары бар комплекстүү чарба болуп саналат.

Суу транспорту транспорттун башка түрлөрүнө караганда эң үнөмдүүлүгү менен айырмаланат, анткени жол куруу, аны ремонттоо чыгымдары жок. Ташылуучу жүктүн өзүнө турган наркы суу транспортунда эң арзан, мисалы, Ысык-Көл боюнча жүк ташуунун өздүк наркы автомобиль транспортунун наркынан 10 эсе арзан. Бирок, экинчи жагынан, суу транспортун чыңдоонун тескери таасири

болушу да мүмкүн, анда көлдүн суусун булгабоо, Ысык-Көлдү таза сактоо проблемасы жүк ташууга караганда маанилүүрөөк. Ал үчүн кемелердин санын көбөйтпөө, жүк ташуунун көлөмүн кыскартуу, кемелерди прогрессивдүү энергия булагы менен камсыз кылуу ж. б. проблемаларды чечүү зарыл. Өрөөн белгилүү ири курорттук зона болгондуктан көлдүн суусун жүргүнчүлөрдү, эс алуучуларды экскурсиялык-сейилдик үчүн гана ташып пайдаланса жетиштүү. ЮНЕСКОнун чечими менен бийик тоолуу Ысык-Көлдүн жаратылыш комплексин сактоо боюнча корук деп эсептелет.

## V. 5. 5. Куур (түтүк) жана асылма канат зым транспорту

Транспорт комплексинин эң прогрессивдүү түрлөрү болгон куур (түтүк) жана асылма канат зым ж. б. транспорттун түрлөрү республикада азырынча анча өнүгө элек. Республиканын аймагы аркылуу Мубарек – Ташкент – Бишкек – Алматы магистралдык газ кууру (түтүгү) өтөт. Ал аркылуу Бишкекке саатына 165 миң $м^3$ газ келет. Газ кууру Көк-Таш шаарчасына, Кочкор-Ата шаарына жеткирилген. Ошондой эле Майлуу-Суу – Жалал-Абад – Кара-Суу – Ош магистралдык газ кууру, Фергана – Кадамжай (1972) жана Урастьевский – Айдаркен (1973) газ кууру айрыктары курулган. Кочкор-Ата – Ванновка нефть кууру да иштейт.

Республиканын тоолуу шартында көмүр, газ, минералдык курулуш ж. б. куюлма жүктөрдү ташууда куур, асылма канат зым транспортторун пайдалануу жакшы натыйжа бермек. Кара-Кече көмүр кенинде, мисалы, өндүрүлгөн көмүрдү сууга аралаштырып гидротранспортту пайдаланууну сунуш кылынат. Келечекте Кара-Кече карьеринен көмүрдү Бишкек – Балыкчы темир жолуна жеткирүү үчүн окумуштуулар асылма зым жолун же конвейерди пайдаланууну сунуш кылган. Транспорттун мындай прогрессивдүү түрлөрүн заводдор ичинде, карьердик операцияларда, өнөр жай чарбаларынын тиричилик таштандыларын шаар сыртына алып чыгууга пайдалануу зарыл. Мындай транспортту жүктөн тышкары жүргүнчүлөрдү ташууда пайдаланса да болот, мисалы, Ысык-Көл курортунда туристтик-экскурсиялык тейлөөнүн бир түрү, көл жээгинен эс алуучуларды тоого асылма канат-зым транспорту аркылуу ташуу. Тоо лыжа спорту, тоодо эс алууну уюштуруу да транспорттун ушундай прогрессивдүү түрүнө муктаж.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Республиканын аймагында транспорттун кандай түрлөрү өнүккөн? Себебин түшүндүргүлө. Транспорт комплекси деген эмне?
2. Контур картага мамлекет аралык, республикалык маанидеги автомобиль жолдорун түшүргүлө.
3. Силер жашаган райондо транспорттун кандай түрлөрү өнүккөн?
4. Темир жол транспортун өнүктүрүүдөгү негизги проблемелары кайсылар?

# VI. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК БАЙЛАНЫШТАРЫ

Кыргыз Республикасынын географиялык орду жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр менен экономикалык жана социалдык байланыштарынын өнүгүшү үчүн ыңгайлуу. Кыргызстандын азыркы аймагы байыркы заманда жана орто кылымда Улуу Жибек жолунун башкы багытында турган. Кыргызстанды Улуу Жибек жолунун үч тармагы кесип өткөн: биринчиси – Кытайдан (Кашкар аркылуу) Эркеч-Тамга, Кызыл-Сууну бойлоп Чоң Алай өрөөнүнөн өтүп, андан ары батышка кеткен; экинчиси – Ат-Башы (Кошой-Коргон), Өзгөн, Мады, Ош шаарлары аркылуу; үчүнчүсү – Жогорку Барскоон, Жууку, Тоң, Яр (Балыкчы), Невакет (Кызыл-Суу кыштагы), Суяб (Ак-Бешим кыштагы), Нузкет (Кара-Балта) аркылуу өткөн. Алардын ичинен Жогорку Барскоон, Ош, Өзгөн, Суяб ж. б. ири соода жана жүктү которуштуруп жүктөөчү борборго айланган. Улуу Жибек жолунан өткөн тармактарында кербен-сарайлар курулган, шар аккан сууларга көпүрөлөр салынган.

Улуу Жибек жолу 15 кылым бою азыркы Кыргызстандын аймагы аркылуу өтүп, дүйнөлүк соода байланышына аралашканы белгилүү. Археологиялык издеп табуулардын натыйжасында сапаттуу импорттук товарлардын сатылганы аныкталган. Мисалы, Кара-Булактагы (Кыргызстандын түштүгүндө) байыркы көрүстөндү изилдегенде андан хандык жогорку сапаттагы жибектин үч сорту табылган. Кеңкол байыркы көрүстөнүнөн (Талас өрөөнү) жибек комплексинен жасалган саймасы бар кийимдер, колго жасалган күзгүлөр, кытай фарфорунан, нефриттен жасалган буюмдар, Согданын жибектери, ал эми Кочкор, Ысык-Көл өрөөндөрүндөгү изилденген байыркы көрүстөндөрдөн Сириянын жана Римдин айнектен жасалган буюмдары, Алай жана Кетмен-Төбө өрөөндөрүнүн көрүстөндөрүнөн Индиянын берметтери, Жер Ортолук деңиздин жээктериндеги мамлекеттердин ар түрдүү кооздуктагы шуру-мончоктору, Индиянын асыл таштары, Хорасандын жана Мавераннахрдын күмүшү жана коло идиштери ж. б. табылган.

Орто кылымда Кыргызстандан сыртка – күмүш, сымап, курал-жабдык, күмүш идиштер, желим, жаңгак, кийиз, шырдак, сатуу үчүн өндүрүлгөн кол өнөрчүлүк буюмдары чыгарылган.

Эл аралык Улуу Жибек соода жолунда товарларды гана алмашпастан, идеялар менен да алмашуулар болгон. Жибек жолу өткөн жерлердеги элдер байыркы убакта жана орто кылымда өздөрүнүн

маданий өнүгүшүндө коңшуларынан озуп кеткен. Орто кылымда соода жолунун боюнда жашаган түрк элдери биринчилерден болуп жазууну өздөштүргөн. Мисалы, акын жана ойчул Жусуп Баласагын Караханийлер мамлекетинин борбору – Баласагын (азыркы Токмок калаасынын түштүк тарабындагы Бурана аймагында) шаарында жашаган. Ал 1069–1070-ж. «Куттуу билим» («Кутадгу билик») аттуу дүйнөгө атагы чыккан поэмасын жазган.

Түркoлог, тарыхчы, географ Махмуд Кашкарлык Ысык-Көлдүн түштүк-чыгыш жээгиндеги Жогорку Барскоондо бийлик ээси болуп турганда, 1077-жылдары «Түркий тилдер сөздүгү» («Девону лугат-ит турк») деген эмгегин жараткан. Махмуд Кашкарлыктын сөздүгүндө дүйнөнүн тегерек картасы бар. Анда ааламдын борбору катарында Ысык-Көл, Баласагын жана Кашкар көрсөтүлгөн.

Улуу Жибек жолу өткөн аймактарда урбанизация процесси активдүү жүргүзүлгөн. Чүйдөгү, Ысык-Көлдөгү, Таластагы, Түштүк Кыргызстандагы шаарлар чет өлкөлөрдөн келген товарларды сатуунун борборуна айланган. Бирок 13-кылымдын башталышында Кыргызстандын шаарлары үчүн кыйроо мезгили келди. Аларды алдамчы келгиндер – кара кытайлар, Хорезм шахынын аскерлери жана Күчүлүктүн жоокерлери талкалаган. 1219-жылдан баштап Чыңгызхандын аскерлери Кыргызстандын экономикасына, маданиятына, сырткы соода-маданий байланышына катуу сокку урган. Анын үстүнө 15-кылымда башталган Улуу географиялык ачылыш доору Европадан Индияга, Кытайга, Атлантика, Инд, Тынч океандары аркылуу деңиз жолун ачып, Улуу Жибек жолунун мааниси өтө эле төмөндөп кеткен.

14-кылымдын экинчи жарымында жана 15-кылымдын башында Темир (Темирлан) Теңир-Тоого жана Чыгыш Туркстанга бир катар жортуулдарды жасайт. Натыйжада Кыргызстандын чет өлкөлөр менен болгон экономикалык жана социалдык байланыштары ого бетер начарлайт.

Кыргызстандын Россияга кошулуу процесси 1855–76-жылдар аралыгын камтыйт. Экономикалык жактан Кыргызстандын Россияга кошулушу феодалдык мамилелери үстөмдүк кылган, орто кылымдан бери эч ким менен катышпай өзү менен өзү болуп, жабык жашаган Кыргызстанды Орто Азиялык хандыктарга жана экономикалык өнүгүшү жагынан бир кыйла жогорку деңгээлде турган өнүккөн капиталисттик мамлекеттердин экономикалык жана социалдык процесстерине тартты.

Совет бийлигинин доорунда, саясий жана коомдук түзүлүш жагынан бир жактуу коомдун тушоосунда калган Кыргызстан, администрациялык-буйрукчул пландоо системасынын натыйжасында Москванын көрсөтмөлөрүнө ылайык, мурунку СССРдин республикалары жана айрым чет өлкөлөр менен гана экономика-

лык жана социалдык карым-катнаштарды ишке ашырып келген. Ал доордун ар кандай кемчиликтери менен бирге Кыргызстанда өндүргүч күчтөрдүн, социалдык чөйрөнүн, маданияттын өнүгүшү болду. Республикада бир катар ири заводдор курулду жана алардын продуктулары сыртка чыгарылып турду. Мисалы, М. В. Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын куруучу заводу чөптү пресстептаңгактап жыйноочу машиналарын, Майлуу-Суудагы электр лампа заводу электр лампаларын, электр-техникалык заводдордун продукцияларын, текшергич, өлчөгүч аспаптар заводу өзүнүн чыгарган аспаптарын, Оштогу насос заводу өндүргөн насостордун 95–98% ин Россияга, Украинага, Белоруссияга, Грузияга, Өзбекстанга ж. б. республикаларга жөнөтүп келген. Анткени, республикадагы машина куруу өндүрүшү толугу менен Кыргызстандын аймагынан тышкаркы жактардан келип түшүүчү заказдар менен жабдууларга, сырьёлорго көз каранды болгон.

Кыргызстан советтик доордо негизинен сырьё даярдоо багытында өнүккөндүктөн, ал экспортко эт, жүн, пахта, тамеки, кант жана беденин үрөнүн, кой, уй, чочко, жылкы терилерин, сымап, сурьма, сейрек кезигүүчү металлдардын сырьёлорун чыгарып келген. Ал эми тыштан оор, жеңил, тамак-аш ж. б. өнөр жайларынын даяр продукцияларын, айрыкча завод, фабрикалардын технологиялык жабдууларын бүт, тракторлордун, комбайндардын, минералдык жер семирткичтердин бардык түрлөрүн, башкача айтканда өндүрүш каражаттарын дээрлик бүт бойдон ташып келүүгө аргасыз болгон.

Кыргыз Республикасы 1998-жылы Дүйнөлүк соода уюмуна мүчө болуп кирди. Көп мамлекеттер менен Кыргыз Республикасы ар түрдүү тармактарда өз ара пайдалуу кызматташтыкты чыңдоого жана тереңдетүүгө, айрыкча саясий, соода-экономикалык, илимий-техникалык чөйрөдө, транспорт, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият жана искусство, маалымат, туризм жана башка жагындагы кызматташтыкты өнүктүрүү багытында өз ара келишимдерге кол коюлуп, турмушка ашырылып жатат. Мисалы, көз каранды эмес мамлекеттердин шериктештигине (КМШ) кирген мамлекеттер Россия, Украина, Белоруссия, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан ж. б. менен экономикалык жана социалдык байланыштар жөнүндө келишим кабыл алынган. Кыргыз, Казак, Өзбек республикаларынын ортосунда бирдиктүү экономикалык аймак түзүү жөнүндөгү келишимге кол коюлган. Достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу тууралуу Россия, Украина, Белоруссия, Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан, Түркмөнстан ж. б. мамлекеттер менен өз өзүнчө келишимдер түзүлүп, ишке ашууда.

Кыргызстан алыскы чет өлкөлөр менен да түздөн-түз экономикалык жана социалдык байланыштарын кеңейтип, алар менен экономикалык, соода, маданий, билим берүү, достук жана өз ара

жардамдашуу келишимдерин түзүп, алар ишке ашууда. Мисалы, мындай келишимдер Кытай Эл Республикасы, Япония, Түштүк Корея, Индия, Түркия, Иран, Пакистан, Сауд Арабстаны, Франция, Америка Кошмо Штаттары, Швеция, Швейцария ж. б. өлкөлөр менен түзүлдү. Кийинки мезгилге чейин Кыргызстандын экспорттук-импорттук байланышында Россия биринчи, андан кийинки орундарды Казакстан, Өзбекстан, Украина, Түркмөнстан, Тажикстан, Белоруссия ээлеп келген. Кыргызстан аларга төмөнкү товарларды экспорттогон: териден жасалган буюмдар, жүндөн, пахтадан, жибектен токулган кездемелер, тордон даярдалган кийимдер, килем, пахта буласы, тоо балы, жаңгак, томат-паста, беденин, кант кызылчанын үрөндөрү, жемиш кактары, ферменттелген тамекинин жалбырагы, дары чөптөр, арашан суулар, электр-техника приборлору, чөп таңгактагыч айыл чарба машиналары, сурьма, сымап, сейрек кездешүүчү элементтер, жарым өткөргүч материалдар, цемент, мрамор жана керамика плиталары, гранит сыяктуу курулуш материалдары, насос, магнитофон, телевизор ж. б.

Кыргызстан Россиядан бензин, таш көмүр, кара металл, телевизор, алюминий, трактор, картошка жана силос жыйноочу комбайн, буудай, жеңил жана жүк ташуучу автомашина, минералдык жер семирткичтер ж. б.; Казакстандан көмүр, кара металл, күйүүчү-майлоочу май, буудай; Өзбекстандан – бензин, дизелдик күйүүчү май, газ, айыл чарбага жана курулушка керектүү техникаларды, жабдууларды, жашылча-жемиштерди; Түркмөнстандан – газ, нефть продуктуларын, синтетикалык жуучу каражаттарды; Украинадан – кара металл, телевизор, магнитофон, муздаткыч ж. б. алып турган.

Акыркы 10 жыл ичинде Кыргызстандын алыскы жана жакынкы чет өлкөлөр менен болгон соода-экономикалык байланышынын географиясында өзгөрүүлөр болууда. Мисалы, 1995-жылы республика 39 алыскы, 11 жакынкы чет мамлекеттер менен соода-экономикалык, экспорттук, импорттук байланыш ишин жүргүзүп келген. Эгерде, мурда Россия Кыргызстандын эң чоң өнөктөшү болуп келсе, азыр биринчиликти Кытай Эл Республикасынын соодасы ээлей баштады. Республиканын негизги өнөктөштөрү шериктеш өлкөлөрүнүн ичинен: Россия Федерациясы, Өзбекстан, Казакстан, алыскы чет өлкөлөрдөн – Германия, Кытай, АКШ, Швейцария, Түркия, Улуу Британия ж. б. (2009). 2010-жылы Кыргызстандын экспорттук продукциясы 1759,8 млн долларды, импорту 3222,8 млн долларды түздү.

Кыргыз экспорттунда салттуу түрдө кымбат баалуу металлдар, электр энергиясы, пахта, тамеки, түстүү ж. б. металлдар (темир, алюминий, жез калдыктары), машина куруу продукциясы (трансформатор, радиатор, соргучтар, байланыш каражаттары), кызытма шамдар, жашылча-жемиш, тери, цемент, шифер басым-

дуулук кылган. Баалуу металлдар иш жүзүндө жалаң алыскы чет өлкөлөргө жөнөтүлүүдө: баалуу металлдарды экспорттоонун бүткүл көлөмүнүн 72%и Германияга, 17%и Швейцарияга, 6%и Улуу Британияга жана 4%и Кытайга сатылат.

Республиканын электр энергиясын негизги керектөөчүлөр: Өзбекстан – 80%тен ашуун жана Казакстан – 14,5%; кийинки учурда Россия да ири керектөөчүлөрдөн болууда. 2010-жылы шериктеш өлкөлөрүнө пахта жөнөтүү 40%ти түзүп (Россия, Белоруссия), 70%ке өскөн, алыскы чет өлкөлөргө жөнөтүүү 60%ти түзүп (Германия, Иран), дээрлик 32%ке өскөн.

Республиканын экспортунун өнүгүшүнө айрым факторлор терс таасирин тийгизет. Мисалы, шериктеш өлкөлөр боюнча соода өнөктөштөр түзгөн тарифтик жана тарифсиз тоскоолдуктар, эркин соода зонасынын түзүлбөй жатышы; түзүлгөн контрактар боюнча буйруктарды өз убагында аткаруу үчүн Ата мекендик товар өндүрүүчүнүн чийки зат жана материалдарды сатып алууга жүгүртүү каражатынын жоктугу; сатып өткөрүүнүн жаңы рынокторун изилдөөчү маркетингдин начардыгы; мурда колдо турган рыноктордү жоготууга алып келген Ата мекендик товарлардын дизайны, таңгакталып-жасалгаланышы жана сапаты атаандаштыкка жарабагандыгы.

2010-жылы импорттук келип түшүүлөр республикада 3222,8 млн долларды түзгөн (2008-жылга карата 79,1%). Импорттун кыйла азайышы алыскы чет өлкөлөрдөн келип түшүүлөргө байланыштуу (20,0%ке). Шериктеш өлкөлөрүнөн импорттоо 2008-жылы 2185,3 млн долларды түзсө, 2010-жылы 1711,6 млн долларга (78,3%ке) төмөндөгөн. Кыргыз импортунда алдыңкы орунду «минералдык продуктулар» ээлейт. Бул топто импорттун 58%и нефть продуктуларына жана дээрлик 27%и табигый газга туура келет. Бул продуктулар Өзбекстандан (27%), Россиядан, Казакстандан (22%) жана Түркмөнстандан (17%) алынат.

Айыл чарба жана тамак-аш өнөр жайынын продукциясын импорттоо 12,8%ти түзөт. Анын эң көбүн буудай ээлейт. Негизги буудай жөнөтүүчү өлкөлөр: АКШ (65%) жана Казакстан (28%). Айыл чарба жана тамак-аш өнөр жай продукциясынын импортунун жалпы көлөмүндө тамеки буюмдары 15,4%, чай – 7,3%ти түзөт.

Келечекте экспорттук-импорттук карым-катнаштын структурасын өзгөртүү максатка ылайык. Кыргызстанга импорттолгон товарларды республиканын өзүндө өндүрүүнү ишке ашыруу, экспортту көбөйтүү мезгилдин талабы.

Республикада жүргүзүлүп жаткан экономикалык реформанын натыйжасында Кыргызстан жаңы индустриялуу өлкөлөрдүн катарына кошулат. Өлкөнүн экономикасында импорттун ордун толтуруучу айыл чарба тармактарын өнүктүрүү, экспорттук потен-

циалы жана өнөр жайдын базалык тармактарын түзүү, дүйнөлүк рынокто атаандашкыдай сапаттуу, көрктүү товарларды өндүрүү көбөйтүлмөкчү. Мындай максатты орундатуу үчүн чет өлкөлүк инвестицияларды тартууга туура келет.

Кийинки жылдарда республикага чет элдик жардамдарды жана инвестицияларды тартуу боюнча зор иштер аткарылды. Эл аралык валюта фонду, Дүйнөлүк банк, Эл аралык өнүгүү ассоциациясы сыяктуу эл аралык финансы уюмдары экономиканы реабилитациялоо программасын иш жүзүнө ашыруу үчүн финансы ресурстары жагынан көмөк көрсөтүп жатат. Азия өнүгүү банкы, Европа реконструкция жана өнүгүү банкы, Эл аралык финансы корпорациясы жана Ислам өнүгүү банкы да жардам көрсөтүүдө. Республикага донор өлкөлөрүнүн өкмөттөрү (Япония, Германия, АКШ, Түркия, Европалык шериктештик комиссиясы ж. б.) тарабынан бир кыйла олуттуу жардамдар берилди.

Республикада чет мамлекеттер менен Кыргызстандын биргелешкен комиссиялары, ишканалары, компаниялары жылдан жылга көбөйүп, иштеп жатат. Мисалы, Кыргызстан менен канадалык «Камеко» корпорациясы Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Ак-Шыйрак тоо кыркасында жаткан Кум-Төр алтын кени өздөштүрүлдү. Талас районунда жайгашкан «Жер-Үй» алтын кени өздөштүрүлүүдө. АКШ менен бирдикте Жалал-Абадда, Англия, Россия менен биргелешип Кант шаарында нефтини кайра иштетүүчү заводдор, Швециялык фирмалар менен биргелешип минералдык сууну бөтөлкөгө куючу, балдардын тамак-ашын даярдоочу комбинат, тери иштетүүчү ишканалар курулду.

Кыргызстандын азык-түлүк менен өзүн-өзү камсыз кылуу деңгээли кыйла төмөн. Республикада калктын ар бир кишисине 3,3 гектар жарактуу жер аянты туура келет. Ошол эле учурда ар бир жан башына мындан эки эсе аз жер аянты туура келген Англия менен Германия тамак-аш продуктуларына болгон ички муктаждыктарын толук бойдон өздөрү камсыз кылат. Демек, эгерде Кыргызстандын айыл чарбасынын өнүгүүсүн Батыш Европадагыдай деңгээлге көтөрсө, анда данды, кантты сырттан сатып албай калар эле.

Республикада дан өндүрүүнү жогорку деңгээлге көтөрүп, аны экспортко чыгарса да болот. Ошондуктан Дүйнөлүк банк Кыргызстандын мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп чыгып, дан өндүрүшүн өнүктүрүү үчүн 60 млн доллар бөлүп берген. 20 миң *га* аянтта Канаданын жана Израилдин адистери тарабынан алардын үрөнү, технологиясы менен дан өстүрүүгө киришти.

Израиль мамлекетинин адистери Кант районунун «Алга» кооперативинде жаңы технологияларды ишке киргизүү боюнча мамлекеттик түз контракт менен иштетүүдө. Тамчылатып сугаруу

үчүн жаан жаадыруучу агрегаттар, жер иштетүүчү комплекстер жана эгүү техникасы, күн караманын, жүгөрүнүн, томаттын, бакча өсүмдүктөрүнүн үрөнү ж. б. берилди.

Израилдин фирмалары менен контракт боюнча Аламүдүн районундагы «Достук» акционердик коомуна 200 саан уйду тандап алып жана балансылаштырылган тоюттун эсебинен гана, азыркы селекциялык асыл тукум ишин жүзөгө ашыруу менен эң жакынкы убакта ар саан уйдан сүт саап алууну 6 миң литрге чейин жеткирүү белгиленди. Сүттүн базасында чакан сүт заводу израилдик фирманын жардамы менен курулмакчы.

Бүткүл дүйнөлүк банк менен бирдикте республиканын «Меринос» кой чарбасынан сапаттуу продуктулар алынып, рентабелдүүлүгү жогорулап, анын продукциясы эл аралык рынокко чыгарылат.

Кыргызстан азыркы учурда 1 *кг* ферменттелген тамекинин жалбырагын 0,7–0,8 доллар менен экспорттойт. Анткени сапаты төмөн. Дүйнөлүк рынокто сапаттуу сырьёнун баасы 3,5 доллар. Ошондуктан республикада тамекинин сапатын жогорулатып, аны экспорттоодон көбүрөөк пайда алуу мезгилдин талабы.

2000-жылдан Талас облусу төө буурчакты (фасоль) көп өстүрүп, сапатын жогорулатып, аны Түркияга экспортко чыгарууда (2010-жылы 1 *кг*нын орточо баасы  32 сомду түзгөн, 1 гектардан 2 тонна төө буурчак өндүрүлгөн).

Республикада пахтаны, мейизди, мемө-жемиштин кактарын, балды, көп жылдык чөптүн, кант кызылчанын, гибриддик жүгөрүнүн, жашылча-бакча өсүмдүктөрүнүн уруктарын көбүрөөк экспорттоого мүмкүнчүлүк бар.

Кыргызстанда айыл чарба сырьёлорун өнөр жайда кайра иштетүүчү чакан ишканаларды куруу ишине чет мамлекеттер жардам берип, биргелешкен ишканалардын саны көбөйүүдө. Аларды курууга Италия, Түркия, Германия, Кытай, Англия, Япония, АКШ, Швеция ж. б. өлкөлөрдүн фирмалары активдүү катышууда. Мисалы, Германиянын белгилүү фирмасы менен бирдикте Бишкек тамеки фабрикасы кайра реконструкцияланган. Кытай Эл Республикасы менен бирдикте Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Ак-Өлөң кыштагында жана Нарын облусунун Кочкор кыштагында жүндү алгачкы иштетүүчү фабрика, Баткен облусунда цемент заводу курулуп, иштеп жатат. Түркиялык фирма менен биргелешип курулган Ивановкадагы кой терисин ийлеп-өңдөп чыгаруучу ишкана ишке киргизилген.

Импорттон коргоочу өндүрүштү түзүүдө эркин экономикалык зоналарды уюштуруунун мааниси зор. Азыр Кыргызстанда Нарын, Каракол, Бишкек, Маймак эркин экономикалык зоналары түзүлгөн. Аларга чет өлкөлүк инвестицияларды кеңири пайдала-

нып, энергия, дары-дармек, тамак-аш, жеңил өнөр жайы, оор өнөр жайынын продукциясын алуу үчүн жаратылыш ресурстары менен минералдык сырьёну пайдалануучу технологияларды киргизүүгө болот. Атап айтканда, базальттан буюмдарды чыгаруу, фарфор жана фаянс идиштерин, курулуш жана электр-техникалык керамиканы, көмүр брикеттерин чыгаруу, көбүнчө жергиликтүү сырьёдон дары-дармектерди жасоо, айыл чарба сырьёсун кайра иштетүүнүн, кайталанып пайдалануучу сырьёну кайра иштетүүнүн жаңы технологияларын киргизүү, калдыксыз технологияны өнүктүрүү боюнча күч-аракеттер жумшалмакчы.

Сорос фондусу Кыргызстанда орто мектеп, лицей, коллеж, гимназияларга, атайын орто жана жогорку окуу жайларына окуу китептерди, окуу куралдарды, программаларды чыгаруу үчүн кыйла жардам көрсөттү.

Түштүк Кореянын, Япониянын, АКШнын, Түркиянын фирмалары менен бирдикте телефон байланышын түп-тамырынан бери жакшыртуу иштери жүргүзүлдү.

Келечекте Кыргызстанда чет өлкөлүк инвестициянын жардамы менен эл аралык туризмдин бардык түрлөрү өнүкмөкчү. Натыйжада, республиканын казынасына көбүрөөк валюта түшөт. Азыр республикада үч жүзгө жакын туристтик фирма, «Ак кеме» акционердик коому ж. б. бар. Алар Түркия, Кытай, Корея, Япония, Малайзия, Иран, Индия, Пакистан, Финляндия, Греция ж. б. өлкөлөргө туристтик маршруттарды уюштурат.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыргызстандын тышкы байланыштары байыркы заманда кандай болгон?

2. Советтик доордогу Кыргызстандын экспорттук жана импорттук структурасына талдоо жүргүзгүлө?

3. Кыргызстандын азыркы экономикалык жана социалдык байланыштары өнүккөн чет өлкөлөрдү карта-схемага түшүргүлө?

# VII. ЭРКИН ЭКОНОМИКАЛЫК АЙМАКТАРЫ

Эркин экономикалык аймактар (ЭЭА) республиканын район, шаар, облустарында бир катар экономикалык жеңилдиктер берилип, атайын бөлүнгөн жерлер. Анда эркин соода жүргүзүлүп, чет элдик жана улуттук ишкердүүлүккө экономикалык (бажы, салык, арендалык, валюталык, виза режими ж. б. боюнча) жеңилдиктер берилет. ЭЭАны түзүүнүн негизги максаты: чет элдик инвестицияларды тартуу; сапаттуу жана экспорттук продукцияларды өндүрүү; жумушчу орундарын түзүү; жаңы технологияларды өздөштүрүү; прогресске жана пайда табууга багыт алуу; калктын турмуш деңгээлин жакшыртууга салым кошуу. Кыргызстандагы экономиканын түзүмүн өзгөртүү шартында эркин экономикалык аймактарды түзүү жана өнүктүрүү чет элдик инвестицияларды тикелей тартуунун негизги багыттарынын бири. Учурда республиканын аймагында «Нарын» (Нарын облусу), «Каракол» (Ысык-Көл облусу), «Бишкек» (Бишкек шаары жана Чүй облусу), «Маймак» (Талас облусу) эркин экономикалык аймактары түзүлгөн.

«Нарын» ЭЭАсы 1991-жылы ачылган. 2010-жылга карата 50дөй ишканасы катталган, анын ичинен 19у түрдүү тармактарда, ошондой эле өнөр жай өндүрүшүндө иш жүргүзөт. Алар ун, эт жана жашылча-жемиш консерваларын, минералдуу суу, полиэтилен буюмдарын, кондитер азыктарын, асыл металлдар концентратын ж. б. чыгарат. Анын жалпы көлөмү 2010-жылы 62,7 млн сомду, башкача айтканда Нарын облусу боюнча өндүрүлгөн продукциянын 6,0%ин түзгөн. Кытай жана Россия менен соода байланыштары түзүлгөн. «Нарын» ЭЭАдан Кытайга көлөмү 800 миң АКШ долларын түзгөн тери, жүн жана эт консервалары экспорттолгон. Ошол эле учурда импорттун көлөмү 3,6 млн АКШ долларын түзгөн. Чет элдик инвестициялар өндүрүшкө жана геологиялык чалгындоо иштерине керектүү жабдуулар түрүндө келген. 1997–2000-жылдары республикалык бюджетке 14,8 млн сом, социалдык фондго 5,6 млн сом которулган.

«Каракол» ЭЭАсы 1994-ж. уюшулуп, анда 135 ишкана катталган, иштегени 98, анын ичинен 13 чарбалык субъектиси өнөр жай продуктуларын өндүрөт. Ишканалар тигилүү кийимдерди, ун, дары-дармек өсүмдүктөрүн, минералдуу суу, жер-жемиш консерваларын, кондитер азыктарын, жыгач буюмдарын чыгарат. Мындан тышкары, өлкөнүн ички рыногуна 217 миң АКШ долларлык өндүрүш жабдуулары, металл калдыктары, эл керектөөчү товарлар чыгарылган. Алар минерал продуктулары, эл керектөөчү

товарлар. Казакстан жана Россия Федерациясы менен соода байланыштарын жүргүзөт. 1999–2000-ж. «Каракол» ЭЭАсы тарабынан республикалык бюджетке 2,4 млн сом которулган.

«Маймак» ЭЭАсы 1997-жылы уюшулган. Анын карамагына Талас облусундагы Кара-Буура районунун Жоон-Дөбө айлындагы темир жолдун боюнан 520 *га* жер бөлүнгөн. 9 чарбалык субъект катталган. Ишканалар азырынча ишке киргизиле элек.

«Бишкек» ЭЭАсы 1995-жылы уюшулуп, жалпы аянты 489 *га* болгон Бишкектеги улуттук көргөзмө борборунун, «Манас» аэропортунун тегерегиндеги жана Мраморный (Ак-Чий) айылынын аймагындагы жерлерди камтыйт. Анын иш-аракети кабыл алынган дүйнөлүк стандартка ылайык келет; өзүнүн бажы ж. б. кызматтары

*18-таблица*

**Эркин экономикалык аймактардын өнөр жай ишканаларында өндүрүлгөн продукциялардын негизги түрлөрү**

| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|
| Дан эгин уну, миң *т* | 14,0 | 11,4 | 7,6 | 8,0 | 7,9 |
| Кутуга салынган чай, миң *т* | 3,2 | 3,2 | 3,3 | 2,9 | 2,3 |
| Пластмассадан жасалган бөтөлкө, флакон ж. б. буюмдар | 293,7 | 324,6 | 192,5 | 137,8 | 163,8 |
| Боёк, лактар, миң даана | 4,0 | 4,0 | 3,9 | 2,2 | 4,6 |
| Чогултулган компьютерлер, | 148 | 202 | 57 | – | – |
| даана | 3,0 | 2,6 | 7,4 | 2,8 | – |
| Ковролин, млн $м^2$ | 82,2 | 58,4 | 65,8 | 51,3 | 31,9 |
| Эмерек, млн сом | | | | | |

түзүлгөн жана республикадагы башка ЭЭАдан кыйла өнүккөндүгү менен айырмаланат. 412 ишкана катталып, анын 195и иш-аракетте. 2010-жылы өндүрүлгөн продукциялардын көлөмү 2519,9 млн сомду, же Чүй облусунда өндүрүлгөн продукциянын 5,4%ин түзгөн. Бул ишканалар чет элдик инвестициялардын жардамы аркылуу уюшулган, башкача айтканда катталган субъекттердин 96%и 25 өлкөнүн инвесторлорунун катышуусу менен түзүлгөн биргелешкен ишканалар болуп эсептелет. Мында «Бишкек» ЭЭАнын үлүшү республикалык инвестициялардын көлөмүнүн 11%ин, ЭЭАлардын инвестицияларынын жалпы суммасынын 76,9%ин түзгөн. 1998–99-жылдары түшкөн чет элдик инвестицияларга (31,4 млн АКШ доллары) пластика бөтөлкөлөрүн чыгаруучу завод, чайды кутучаларга салуучу, йоддолгон аш тузун жана өсүмдүк майын өндүрүүчү, кийим тигүү ж. б. фабрикалар курулган. Учурда бул жерде компьютерлер жыйналат; эмеректер, пластика эшик-терезелер жасалат; кыш, казан агрегатта-

ры, кондитер азыктары, тигилүү кийимдер, чай, пиво ж. б. чыгарылат. 1999-ж. республика боюнча өндүрүлгөн минералдык суунун 14%и, чайдын 95%и, эмеректердин 35%и «Бишкек» ЭЭАсынан чыккан. Экспортко кеткен товарлардын курамын чай, пластика бөтөлкөлөр ж. б. түзгөн. Казакстан, Өзбекстан, Россия, Белоруссия менен соода байланыштары түзүлгөн. Мындан тышкары «Бишкектен» республиканын ички рыногуна 1997-ж. – 14,3 млн, 1998-жылы – 24,6 млн, 1999-жылы – 20,8 млн АКШ долларына машина, эл керектөөчү товарлар, курулуш материалдары, азык-түлүк ж. б. товарлар алынган. Ошол эле учурда импорттук товарлардын жалпы суммасы 116,9 млн (1997-жылы – 22,6 млн, 1998-жылы – 54,5 млн, 1999-жылы – 30,1 млн, 2000-жылы – 9,7 млн) АКШ долларын түзгөн. Импорттун курамынын негизги үлүшүн технологиялык жабдуулар, минерал продуктулары (көмүр, газ, электр энергиясы, нефть заттары), эл керектөөчү товарлар түзөт. Импорт боюнча негизги соода өнөктөштөрү – Корея, Италия, Германия, Шри-Ланка, Түркия өлкөлөрү. «Бишкек» ЭЭАсы түзүлгөндөн тартып көптөгөн уюштуруу жана курулуш иштери аткарылган. Мисалы, Ак-Чийде азыркы өндүрүштүк инфраструктурага шайкеш келген автомобиль жолдору, электр өткөргүч линиялары, трансформатордук чакан станция ж. б. курулган, интернет, электрондук почта, цифралык телефон байланышы түзүлгөн.

«Бишкек» ЭЭАсында чет элдик инвесторлордун жардамы менен курулуш индустрия заводу (Корея Республикасы), кир жуугуч каражаттарын өндүрүүчү фабрика (Иран), металлды кайра иштетүүчү завод (Кытай), курулуш боёкторун өндүрүүчү завод (Бириккен Араб Эмирликтери) курулган.

Мындан тышкары, республиканын илимпоз-экономисттери тарабынан «Баткен» (Баткен облусу), «Жалал-Абад» (Жалал-Абад облусу), «Балыкчы» (Ысык-Көл облусу), «Ош» (Ош облусу), «Бурана» (Чүй облусу) ж. б. ЭЭАларын уюштуруу боюнча техникалык-экономикалык негиздемелери иштелип чыккан.

# VIII. КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК РАЙОНДОШТУРУУСУ

Кыргыз Республикасынын аймагы жаратылыш шарттары, табигый ресурстары жана экономикалык өнүгүүсү жагынан өтө ар түрдүү. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын аймагын экономикалык райондорго жана райончолорго бөлүүнүн жана аларды изилдөөнүн, окутуунун илимий жана практикалык мааниси зор. Анткени, экономикалык райондоштуруу өндүрүштүн натыйжалуулугун жана өндүрүштү аймактык жактан уюштуруунун жакшыртуу формасы болуп саналат. Экономикалык райондор эмгектин аймактык бөлүнүшүнүн негизинде түзүлөт. Анын эң негизги белгиси адистештирүү жана комплекстүү өнүктүрүүнү камсыз кылуу болуп эсептелет.

Жаратылыш шартына, түрдүү ресурстарына, экономикалык мүмкүнчүлүгүнө ылайык, Кыргызстан жалпы эл аралык масштабда эмгекти аймактык бөлүштүрүүдө түстүү, сейрек кездешүүчү металлдарды, электр энергиясын, курулуш материалдарын, машина куруу тармактарынын продукцияларын чыгарууга, уяң жана чала уяң жүн берүүчү кой чарбасына, пахта, тамеки, беде жана кант кызылчанын уругун өндүрүүгө адистештирилген.

Кыргызстанды экономикалык райондорго бөлүүдө төмөнкү факторлор – жаратылышы, экономикалык потенциалы, чарбасынын калыптануусунун тарыхый-географиялык өзгөчөлүгү, келечектүү райондордун чарбасын комплекстүү өнүктүрүү жана өндүрүшүн адистештирүүнүн негизги багыты, аймактык-өндүрүштүк комплекси уюштуруу мүмкүнчүлүгү, административдык-аймактык бөлүнүштөрдү өздөштүрүү, калктын жайгашуусу жана улуттук өзгөчөлүгү, район өндүрүшүнүн өзөгүн түзүүчү өнөр жай түйүндөрүнүн келечеги ж. б. эске алынат.

Кыргыз Республикасында экономикалык райондорго бөлүү проблемалары профессорлор С. Н. Рязанцевдин, В. Ф. Павленконун, М. М. Картавовдун, академик К. О. Оторбаевдин илимий эмгектеринде кеңири изилденген. Алардын эмгектеринде республиканын бардык өзгөчөлүктөрү эске алынып, аны эки районго – Түндүк жана Түштүк Кыргызстанга бөлгөн. Бири-биринен айырмаланган райондор бир канча экономикалык райончолорго ажыратылган.

Азыр республиканын аймагы 7 облуска бөлүнөт. Алар өзүнүн ээлеген аймагы, жаратылыш-экономикалык потенциалы, калкынын саны жана жайгашуусу, эл чарбасынын азыркы жана келечекте өнүгүү курамы, чарбасынын жалпы адистештирилиши боюнча бири биринен айырмаланат. Бирок, алардын көбүнүн чек арасы экономикалык райондор жана райончолор менен шайкеш келет.

Түндүк Кыргызстандын аймагында Чүй облусу (Түндүк Кыргызстан районносу), Ысык-Көл облусу (Чыгыш Кыргызстан), Талас облусу (Түндүк-Батыш Кыргызстан), Нарын облусу (Ички Теңир-Тоо), ал эми Түштүк Кыргызстанда Баткен, Ош, Жалал-Абад облустары жайгашып, жалпы Түштүк-Батыш экономикалык району деп да аталат.

Түндүк Кыргызстан районносу (Чүй облусу) географиялык абалынын ыңгайлуулугу, жеринин бетинин басымдуу бөлүгүнүн түздүгү, топурак-климаттык шартынын жагымдуулугу, ошондой эле экономикалык байланышы аймактын социалдык жана экономикалык жактан жакшы өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Облус көп тармактуу эл чарбасы калыптанган экономикалык районно.

Чыгыш Кыргызстан районносу (Ысык-Көл облусу) тоңбогон Ысык-Көл, көптөгөн минералдуу суулар, дары баткак кендери, ден соолукка жагымдуу жана эс алууга ыңгайлуу климаттык шарты, ажайып кооз тоо ландшафты, алтын, калай ж. б. түстүү металлдары менен белгилүү. Рекреациялык ресурстары дүйнөлүк мааниге ээ.

Түндүк-Батыш Кыргызстан районносу (Талас облусу) уяң жүндүү кой багууга, төө буурчак өстүрүүгө, түстүү металл өндүрүүгө (алтын ж. б.), тамак-аш өнөр жай тармагына адистешкен. Рекреациялык мааниси бар Манастын күмбөзү жана музей-комплекси ж. б. тарыхый-архитектуралык ресурстары менен дүйнөгө белгилүү.

Ички Теңир-Тоо районносу (Нарын облусу) татаал жаратылыш шарты, бийик тоолуу жайлоолору, уяң, чала уяң жана кылчык жүндүү кой чарбасы, гидроэнергетикалык ресурстары, көмүр, темир жана ар түрдүү түстүү металл кен байлыктары менен белгилүү. Ички Теңир-Тоонун түрдүү жаратылыш байлыктары өздөштүрүлө элек, экономикасынын өнүгүү деңгээли төмөн. Темир жол салына элек.

Түштүк Кыргызстан же Түштүк-Батыш экономикалык району – Баткен, Жалал-Абад, Ош облустарын камтып, эмгектин аймактык бөлүнүшүндө ири тоо-кен өнөр жайына (айрыкча сымап, сурьма, отун), кубаттуу энергетика, өнүккөн жеңил жана тамак-аш өнөр жай тармактарына, пахта, тамеки, уяң, чала уяң жана кылчык жүндүү Алай тукумундагы кой чарбасына адистешкен.

Кыргызстандын экономикалык-географиялык райондоштуруусу республиканын административдик-аймактык бөлүнүшү менен дал келгендигине байланыштуу төмөндө экономикалык-географиялык мүнөздөмө облустар боюнча берилди.

## VIII. 1. Бишкек – Кыргызстандын борбору

**Бишкек** – Кыргыз Республикасынын саясий, экономикалык, илимий жана маданий борбору; жолдор тоому. Аянты 12,7 миң *га*. Калкы 846,5 миң (2010). Бишкек шаарында 4 администрация-



Бишкек шаарынын мэриясы.

лык-аймактык бирдик – Биринчи Май, Ленин, Октябрь, Свердлов райондору, Чоң-Арык шаарчасы (калкы 9,7 миң) жана Орто-Сай айылы (4,5 миң) бар.

**Табияты.** Шаар Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк этегинде, Чүй өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө, Аламүдүн жана Ала-Арча сууларынын шилендиси пайда кылган жантайыңкы түздүктөн орун алган. Деңиз деңгээлинен 750–900 *м* бийиктикте жайгашкан. Чүй өрөөнүнүн жазылыгы Бишкек тушта 60 *км*дей. Шаар аймагы сейсмикалык жактан 9 баллдуу зонада турат. Шаардын аймагындагы 4 жерден 1500–2000 *м* тереңдиктен бургулоо көзөнөгү аркылуу минералдуу ысык суу чыгарылган. Курамы хлорид-натрий-кальцийлүү. Дарылык касиети бар. Муун, тери, ичеги-карын ооруларын дарылоодо пайдаланса болот. Бишкек шаары мелүүн алкактагы континенттик климаттуу аймактын түштүк чегинде жайгашкан. Бир жылда орто эсеп менен 322 күн (2000 саат) бою күн тиет. Күн эң көп тийген ай – июль (332 саат), эң аз тийгени декабрь (126 саат). Абанын жылдык орточо температурасы 10,2°С, январдыкы –4,6°С, июлдуку 24,5°С. 1930-ж. декабрда эң төмөнкү температура (–38°С), 2005-ж. июлда эң жогорку температура (45°С) катталган. Шаардын түштүк бөлүгү түндүк бөлүгүнөн 1–2°Сге жылуураак. Жылдык жаан-чачындын орточо өлчөмү 409 *мм*. Кардын орточо калыңдыгы 13 *см*. Бишкектин климатына тоо-өрөөн желаргы шамалы мүнөздүү. Жылдын суук мезгилинде жылына орто эсеп менен 30–40 күн шаарды жөө туман жана мунарык басып турат. Шаардын түштүк бөлүгүнө түндүктүн боз топурагы мүнөздүү, түндүк (төмөнкү) бөлүгүн боз шалбаа, шалбаа жана шалбаалуу-

саздак топурактары каптап жатат. Табигый өсүмдүктөр шаардын чет-жакасындагы бош жерлерге гана мүнөздүү.

**Калкы.** Шаар калкынын саны 2009-жылкы эл каттоо боюнча 846,6 миң адам болуп, республикадагы калктын 16% тейин түзгөн. Шаарда 1940-ж. 104,5 миң калк жашаса, 1989-ж. 619,9 миңге жеткен. Азыркы калкынын 842,8 миңи (99,4%) шаарда, 3,6 миңи (0,5%) шаардын чет-жакасында жашайт. Эркектер 387,3 миң (жалпы калктын 47,9% и), аялдар 448,4 миң (52,1% и). 2010-жылы 15 288 бала төрөлгөн (төрөлүү коэффициенти 24,0‰); табигый өсүүсү 11,3 миң адам. 2009-жылы Бишкек шаары боюнча 8358 жумушсуз адам катталган. Жалпы калктын 24,0% и 14 жашка чейинки балдар, 64,9% и эмгек курагындагылар, 11,1% и улуу муундагы адамдар. Шаарда негизинен кыргыздар, ошондой эле орус, украин, казак, өзбек, татар, немис, дунган, уйгур ж. б. улуттар жашайт.

**Тарыхы.** Азыркы шаар аймагында адамдар эң байыркы замандa эле отурукташкан. Аламүдүн ГЭСтеринин жанынан табылган таш эмгек куралдары Бишкектин айланасында алгачкы адамдар б. з. ч. 5–4-миң жылдыктарда жашагандыгын күбөлөйт. Темир доорунун башталышы менен Кыргызстандын аймагында сак (б. з. ч. 7–3-кылымда) жана усун (б. з. ч. 3-кылымда – б. з. 5-кылымда) уруу союздары түзүлгөн. Бул уруу союздары Аламүдүн, Ала-Арча сууларын бойлото да отурукташкан.

Орто кылымда Аламүдүн жана Ала-Арча сууларынын алабын көчмөн жана отурукташып дыйканчылык кылган түрк уруулары мекендеген. Орто кылымдагы эң ири шаарлардын бири азыркы Бишкек шаар чалдыбары (7–12-к.) татаал планда салынып, бекем чеп курулмаларынан туруп, 25–30 *км*²дей аянтты ээлеген. Кийин «Темир усталар чеби» аталып калган байыркы чоң шаар (8–13-к.), азыркы Абдумомунов жана Орозбеков көчөлөрүнүн, Кара жыгач багы менен Аламүдүн суусунун аралыгында жайгашкан. Шаардын борбору кокондуктардын мурдагы чеби – Бишкек чебинин аймагында (Аламүдүн суусунун сол жээгиндеги «Темир усталар чеби» шаар чалдыбарынын орду) жайгашкан. Шаар 8-кылымдан 15-кылымдын башына чейин өнүгүп, моңголдордун жапырыгында бүлгүнгө учураган. Айрым маалыматтар боюнча 18-кылымда солто уруусунан чыккан Бишкек аттуу адам ушул чөйрөнү жердеп, журтун душмандан коргоп турган. 19-кылымдын башында кыргыз феодалдарынын өз ара чатагынан пайдаланган Кокон хандыгы Чүй өрөөнүн басып алып, жергиликтүү элди башкарып туруу үчүн бир катар чеп курдурган. Кокондуктардын негизги чыңдоолорунун бири катары Чүй өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө курулган чеп – Бишкек чеби аталган (бул аталышты колониячылар Пишпек деп бурмалап, өзгөртүп айтышкан). Бул чеп Аламүдүн суусунун батыш жагында азыркы «Темир усталар чебинин» ордунда 6 *га* жерди ээлеген.

Борбордук Азияны ээлеп алууга умтулган Россия аскерлери 1860-ж. Бишкек чебин убактылуу басып алган. Бирок алар кетери менен мында кокондуктардын бийлиги кайра орногон. 1862-жылы падыша аскерлери Байтик башында турган кыргыздардын жардамы менен чепти 2-ирет ээлеп, аны биротоло талкалаган. 1864-ж. анын урандысынын жанында казак-орустардын бекети, ага удаа чакан базар, 1887-ж. ат-почта бекети курулган. 1865-ж. чейин чүйлүк кыргыздар администрациялык жактан Ала-Тоо округунун (борбору – Верный шаары) начальнигине баш ийген, 1865–67-жылдары Түркстан облусуна, кийин Токмок уездинин курамында Жети-Суу облусуна кирген. 1878-ж. уезддин борбору Токмоктон Бишкекке көчүрүлүп, ага шаар статусу берилген. Шаар калкынын саны 1913-ж. 18 468ге жеткен.

Бишкекте кустардык-өнөр жай ишканалары, анын ичинде тегирмендер 19-кылымдын 2-жарымында пайда болгон. 1883-ж. булгаары заводу, 1885-жылы сыр-быштак жасоо ишканасы иштей баштаган. Бирок да шаарда өнөр жайга караганда базар-стационардык типтеги соода тез өнүккөн. 1879-ж. приходдук бир класстуу окуу жай, кийин башка окуу жайлар ачылган.

Россияда февраль буржуазия-демократиялык революциясы жеңгенден кийин, 1917-жылы мартта Бишкекте солдат жана жумушчу депутаттар совети уюшулуп, анда чечүүчү позицияны Убактылуу өкмөттү колдогон меньшевиктер менен эсерлер ээлеп алган. 1918-ж. 7-январда Бишкектеги жана уезддеги бийлик большевиктердин колуна өткөн. 1924-ж. 14-октябрдан Бишкек – Кара Кыргыз АОсунун (1925-жылы 25-майдан Кыргыз АОсу), 1926-ж. 1-февралдан Кыргыз АССРинин борбору, 1926-жылы 12-майдан Фрунзе деп аталган. 1936-ж. 5-декабрдан Фрунзе – Кыргыз ССРинин борбору (1991-жылдан Бишкек аталып, эгемендүү Кыргыз Республиканын борбору), 1938-ж. Бишкекте 3 административдик район Пролетар (азыркы Ленин), Биринчи Май, Свердлов райондору түзүлгөн. 1961-ж. шаарга Кызыл-Аскер, Привокзальный (Попеновка), Төкөлдөш айылдары, Аламүдүн, Көк-Жар айылдарынын бир бөлүгү, 1984-ж. Чоң-Арык, Орто-Сай айылдары кошулган. 1974-ж. жаңы административдик Октябрь району түзүлгөн.

Бишкек көз каранды эмес мамлекеттин борбору катары бир катар чет өлкөлөрдүн элчиликтери жана эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү ачылып, Кыргызстандын дүйнө элдери менен байланышы кеңейүүдө.

**Чарбасы.** Бишкек шаары экономикалык жана социалдык жактан башка облустарга салыштырмалуу жогорку деңгээлде өнүккөн, саясий жактан Кыргыз Республиканын борбору катары өзгөчөлөнгөн регион. Шаарда өнөр жай, транспорт, байланыш, курулуш жана элди социалдык жактан тейлеген соода, илим, билим берүү, саламаттыкты сактоо ж. б. тармактар өнүккөн.

Өндүрүштү базар экономикасынын шартына ылайыкташтыруунун натыйжасында шаардын өнөр жайында дагы эң ири структуралык өзгөрүүлөр болду. Өндүргөн продукциялары рыногун жоготуп, сатылбай калган өнөр жай ишканалары, айрыкча Бишкектеги машина куруу тармагынын ири ишканаларынын өндүрүшү токтотулду же аларды башка өтүмдүү буюмдарды жасоого толук кайра курууга туура келди. Кээ бир ишканалар жарым жартылай иштеп калды. Ошого байланыштуу Бишкек шаарынын өнөр жай өндүрүшү 1991–95-жылдары 4 эсеге төмөндөгөн. Шаарда 1991-ж. чөп таңгактоочу машина жасоо 20 миң даанага жетсе, 1996-ж. анын 200ү араң чыгарылган. Электр машиналар 1125тен 64кө, металлды кесүүчү станоктор 1146дан 27ге, токулган кийимдер 16 млн даанадан 1,4 млн даанага, бут кийимдер 3,5 млн жуптан 380 миң жупка чейин кыскарган. Ал эми, 1996-ж. шаардын өнөр жай өндүрүшүндөгү төмөндөө токтолуп, кайра жогорулоого багыт алды. 1995-жылга салыштырганда бир жылдык өсүш продукциянын көлөмү боюнча 3,0% ти түзгөн.

Жогоруда белгиленген өзгөрүүлөргө карабастан, Бишкек шаары дагы эле республиканын эң ири өнөр жай түйүнү катары белгилүү. 2009-жылы Бишкек шаарында 763 өнөр жай ишканасы иштеп, Кыргызстандын өнөр жай продукциясынын 20,9% ин өндүргөн. Анын ичинен кеңири керектелүүчү товарлардын үлүшү шаардын өнөр жайы өндүргөн продукциянын 63,5% ин түзгөн. Шаарда өнөр жай өндүрүшүнүн бардык тармактары бар. Алардын ичинен негизгилери машина куруу жана металл иштетүү (2009-жылы 593,4 млн сомдук продукция чыгарган), жеңил (690,1 млн), тамак-аш (237,1 млн) өнөр жайлары, электр-энергетика (518,5 млн сом), нефть продуктуларын өндүрүү (336,3 млн) негизги орунду ээлеп, алар 2009-жылы жалпы өнөр жайдын 70% тен көбүрөөк продукциясын өндүргөн. Ушул тармактардын республикадагы үлүшү дагы жогору. Бишкектин ири өнөр жай ишканалары: ТЭЦ (жылуулук электр борбору), «РЕЕМТСМА – Кыргызстан» акционердик коому, «Кока-Кола – Бишкек – Ботлерс», «Шоро» фирмасы, «Дастан» корпорациясы жабык акционердик коомдору, «Кыргыз камволдукнооту» комбинаты, «Бишкек даназык», «Бишкек машина куруу» заводу, «Бишкексүт», «Таттуу», «Жылдыз», «Бишкек темир жол» заводу» ачык акционердик коомдору, «Алтын шампан», «Булгаары» «Автомаш-радиатору» жоопкерчилиги чектелген коомдору ж. б. ачык акционердик коомдору.

Өнөр жайдын негизги продукциялары: электр-энергия (2009-жылы 948,2 млн *кВт·с*), автомобиль радиаторлору (28,0 миң даана), эмерек (172,0 млн сом), бетондон жасалган курама курулуш конструкциялары (59,4 миң *т*), кыш жана плита материалдары

(4,8 млн даана), токулган кийим (12,5 миң даана), жүн кездемелери (168,3 миң $м^3$), байпак (12,5 миң жуп), бут кийим (37,9 миң жуп), эт (6,3 *т*), сүт (12,4 миң *т*), пиво (75052 миң литр), шампан (61 миң литр), коньяк (27,5 миң декалитр), сигарета жана чылым (3586,0 млн даана), ун (75,9 миң *т*), нан азыктары (44,6 миң *т*), чай (2,7 миң *т*) ж. б. Көпчүлүгү, айрыкча машина куруу жана жеңил өнөр жай тармактарынын продукциялары чет өлкөлөргө сатылып, алар менен экономикалык байланыш түзүүдө, республиканын өнүгүшүндө Бишкек шаарынын мааниси зор.

Экспортко чыгарылган продукциялардын көлөмү 2009-ж. 701,7 млн АКШ долларын (республиканын экспортунун 69,4%ин) түзүп, аймактардын ичинен биринчи орунда болгон. Ошол эле мезгилде башка өлкөлөрдөн сатып алынган калк кеңири керектөөчү продукциялардын, башкача айтканда импорттук көлөмү 363,9 млн долларга жетип, импорттун 62,0%ин түзгөн.

Натыйжада, Бишкек шаары өзүнүн бюджетин өзү толук каражаттоо менен республиканын бюджетин толуктоодо зор салымы бар. Башка аймактардан айырмаланып, шаардын калкына социалдык жактан берилүүчү төлөмдөрдү жергиликтүү бюджеттин эсебинен шаар өзү камсыз кылат.

Бишкек тогуз жолдун тоому. Эң ири автомагистралдары: Бишкек – Ош, Бишкек – Балыкчы – Нарын – Торугарт – Кашкар (Кытай), Бишкек – Балыкчы – Каракол, Бишкек – Алматы (Казакстан), Бишкек – Кара-Балта – Тараз (Казакстан) – Ташкент (Өзбекстан) автомобиль жолдору ж. б. Чалдыбар – Балыкчы темир жолу Бишкек шаары аркылуу өтөт. Шаардын чегинде жүргүнчүлөр темир жол бекети, батыш жана чыгыш четинде «Бишкек» жана «Аламүдүн» жүк түшүрүп, жөнөтүп туруучу темир жол бекеттери бар.

Бишкек шаарынын түндүк тарабынан 30 *км* аралыкта Бордордук Азиядагы ири аэропорттордун бири – «Манас» аэропорту жайгашкан. Бул аэропорт шаарды, ошондой эле Чүй облусун чет өлкөлөр жана республиканын дээрлик бардык аймактары менен аба жолдору аркылуу байланыштырат.

Шаарда 2 автобекет (Чыгыш жана Батыш) иштеп, 24 автотранспорттук, 1 троллейбустук мекемелерде 2,5 миң автобус (анын ичинде жеке менчик 705), 51 миңге жакын жеңил машина (анын ичинде 48,5 миңи жеке менчикте), 203 троллейбус болгон.

Бишкекте калкты соода жана тиричилик жактан тейлөөчү тармактардын өнүгүү деңгээли дагы республиканын орточо көрсөткүчүнөн бир кыйла жогору. 2009-жылы шаарда товарларды соодалап жүргүзүүнүн көлөмү 194,3 млрд сом, калкты тейлөөнүн көлөмү 4,7 млрд сом, анын ичинен калкты тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү 477,6 млн сомго жеткен. Башкача айтканда, республиканын

орточо көрсөткүчүнө салыштырганда Бишкекте соода жүргүзүүнүн көлөмүн адамдын санына эсептегенде 1,5 эсеге, ал эми калкты тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү 6,0 эсеге жогору болгон.

1995-ж. Бишкек Эркин экономикалык аймагы (ЭЭА) түзүлгөн. Анын курамына шаардын «Манас» аэропорту, Өкмөттүн алдындагы Улуттук көргөзмө борборунун жери, илгертен «Ак-Чий» деп аталып келген Чүй облусунун Аламүдүн районундагы азыркы Мрамор айылынын чет-жакасындагы жерлер кирет. Жалпы аянты 489 *га*.

Саламаттыкты сактоо тармагында 2008-ж. 9680 орундуу (10 миң адамга 163 орун) 32 оорукана болуп, аларда ар түрдүү адистиктеги 3792 дарыгер (10 миң адамга 97 дарыгер) жана 7253 медициналык орто билимдүү кызматкер (10 миң адамга 122) иштеген.

**Маданий турмушу.** Бишкек шаары республиканын илим, билим, саламаттыкты сактоо, көркөм-өнөр жана маданият мекемелеринин көбү жайгашкан ири борбор катары белгилүү. Республиканын илим-изилдөө мекемелеринин дээрлик бардыгы Бишкек шаарында жайгашкан. Шаардагы 96 бала бакчада (1 877 бала), 2007–08-окуу жылында 33 жогорку окуу жайы (110 миң студент) жалпы билим берүүчү 123 орто мектеп иштейт. Алардын айрымдары гимназия, лицей жана жеке менчик мектептер.

Бишкекте өлкөнүн ири мейманканалары, базарлары, дүкөндөрү ж. б. жайгашкан. Алар: «Достук», «Ак-Кеме», «Саякат», «Ысык-Көл», «Семетей», «Бишкек», «Ала-Тоо», «Хаят», «Эльдорадо» ж. б. мейманканалар, «Ош», «Аламүдүн», «Дыйкан», «Баткен», «Орто-Сай», «Ала-Арча-2», «Дордой», «Кудайберген» ж. б. базарлар, «Айгүл», «Айчүрөк», «Береке», «Берекет», «Беш-Сары», «Диньчинь», «Жаңылык», «Миң-Түркүн», «Сейтек» ж. б. соода дүкөндөрү жана комплекстери д. у. с.

Бишкек шаарында 22 ири китепкана иштеп, аларда 7208 миң нуска китеп болгон. Шаарда 7 театр, анын бири опера жана балет театры, экөө мамлекеттик драма театры, 1 филармония, 3 клуб жана маданият мекемелери, 10 кинотеатр жана 11 музей иштеген. Ошондой эле шаарда мамлекеттик эмес бир нече театрлар ж. б. маданияттык мекемелер ачылган.

Бишкек Кыргыз Республиканын саясий борбору болгондуктан өлкөнүн башкаруу бийликтери – Президенттин администрациясы, Өкмөт, Жогорку Кеңеш, Республикалык сот жана прокуратура, ошондой эле төртүнчү бийлик деп саналган басма каражаттары – гезит, журналдар, радио жана телекөрсөтүүчү мекемелер шаарда жайгашкан. Ошондой эле Бишкекте ондон ашык чет өлкөлөрдүн өкүлчүлүктөрү иштейт. Алар: АКШ, Белоруссия, Германия, Индия, Иран, Казакстан, Кытай, Ооганстан, Россия, Өзбекстан, Пакистан, Тажикстан, Түркия, Улуу Британия ж. б.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Бишкек шаарынын өнүгүүсүнө анын географиялык абалынын тийгизген таасирин аныктагыла.

2. Шаардын тарыхын кыскача баяндап бергиле.

3. Бишкек шаарынын экономикалык жана социалдык жактан башка шаар, облустарга салыштырмалуу жогорку деңгээлде өнүгүүсүнүн негизги себептери эмнеде?

4. Базар экономикасынын шартында шаардын экономикасындагы структуралык өзгөрүүлөрдү аныктагыла.

5. Продукциясын экспортко чыгаруучу өнөр жай ишканалары.

## VIII. 2. БАТКЕН ОБЛУСУ

Баткен облусу Кыргызстандын түштүк-батышында жайгашкан. 1999-жылы 12-октябрда Ош облусунан Баткен, Кадамжай, Лейлек райондору жана Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарлары бөлүнүп, өзүнчө облус болгон. Райондун борборлору – Баткен кыштагы 2000-жылы, Исфана кыштагы 2001-жылы шаар статусун алган. Облустун аймагында 3 район, 4 шаар, 5 шаарча (Восточный, Совет, Кадамжай, Айдаркен, Чабай) жана 198 кыштак, 29 айыл округу бар. Облустун борбору – **Баткен** шаары.

*19-таблица*

**Облустун административдик-аймактык бөлүнүшү (2009)**

| Райондору | Уюшулган жылы | Аянты, миң $км^2$ | Калкы, миң | Айыл округу | Шаары | Шаарчасы | Айыл-кыштагы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баткен району | 1933 | 6,2 | 62,3 | 9 | 1 | – | 45 |
| Кадамжай району | 1938 | 6,1 | 143,9 | 11 | 1 | 4 | 93 |
| Лейлек району | 1928 | 4,7 | 97,3 | 9 | 2 | 1 | 45 |

Облус түштүк-батыш жана түндүк-батышынан Тажикстан, түндүгүнөн Өзбекстан, чыгышынан Ош облусу менен чектешет. Анын аймагында башка мамлекеттерге тийиштүү бир нече анклавдар бар. Ушуга байланыштуу жол катнашы көптөгөн чек аралар жана анклавдар аркылуу өтөт.

Облустун жалпы аянты 17,0 миң $км^2$ же республиканын аймагынын 8,5%ин, калкы 441,7 миң (2010) же республиканын калкынын 8,1%ин түзөт.

**Табияты.** Баткен облусу Фергана ойдуңунун түштүк өндүрүнүн (өндүр – өрөөндүн же кокту-колоттун тоо этектей өрдөп кеткен бөлүгү), Түркстан, Алай кырка тоолорунун түндүк капталдарын, этек тоолорун, адырлуу тилкени ээлейт. Бул кырка тоолордун кырлары деңиз деңгээлинен 4000–5000 *м* бийиктиктен жогору

көтөрүлөт; облустун эң бийик жерлери Түркстан кырка тоосунда (Кожо-Бакырган суусунун башатында) 5580 *м*, Алай кырка тоосунда (Сохтун алабында – Тилбе чокусу) 5880 *м*. Облустун аймагында, Кулунду өрөөнүндө Кыргызстандын эң жапыз жери жайгашкан; ал деңиз деңгээлинен 401 *м* гана бийик жатат.


Облустун рельефи төмөнкү зоналарга тоо этектериндеги түздүктөр, тоо арасындагы ойдуңдар, орто бийиктиктеги тоолор, бийик тоолуу болуп бөлүнөт.

Облус табигый ресурстарга бай. Юра мезгилинде пайда болгон күрөң көмүр (Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Урмизан, Шуран ж. б. кендери), палеогендин деңиздик чөкмө тектеринин арасында топтолгон, нефть (Бешкент-Тагап – Таш-Рабат кени, Тамчы, Карагач ж. б.) жана газ (Сары-Камыш, Сары-Өтөк) кендери казылып алынууда. Түштүк Фергана сымаптуу кырчоосундагы сымап (Айдаркен, Алыш, Чабай ж. б. кендери) менен сурьманын (Кадамжай, Түндүк Ак-Таш, Шаркыратма ж. б.) чарбадагы мааниси зор. Курулуш материалдары, темир (Надир кени), алюминий, полиметалл (Канигут), жер астындагы суу, дары баткак ж. б. ресурстары келечектүү.

Облустун климаты негизинен континенттик, кургакчыл. Жайкы нымы жетишсиз, мелүүн жылуу, кышы мелүүн суук. Облустун 2500 *м*ге чейинки бийиктикте жайгашкан аймагында январдын көп жылдык орточо температурасы –3,3°Сден –6,9°Сге чейин, июлдуку 25,3–15°С. Деңиз деңгээлинен 3000 *м* бийиктикте жайгашкан Теминген станциясында январдын орточо температурасы –8,9°С (абсолюттук минимуму –30°С), июлдуку 10°С (абсолюттук макси-

Баткен жери.






БАТКЕН ОБЛУСУНУН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТАСЫ

муму 38,7°С). Жылдык жаан-чачыны түздүктөрдө 120–200 *мм*, тоолордун айдарым капталдарында 300–600 *мм*.

Облустун агын суулары Сыр-Дарыянын алабына кирет. Алай кырка тоосунун түндүк капталдарынан башталган ири сууларга – Исфайрам-Сай, Шаймерден, Сох ж. б., Түркстан кырка тоосунан башталгандарга – Исфара, Исфана, Кожо-Бакырган, Ак-Суу ж. б. кирет. Суулары тоодон чыга беришинде сугатка таралып же өзүнүн шиленди конустарында жана кургак сайларында жерге сиңип кетет. Ири көлдөрү: Тегирмеч (же Зор-Көл), Гезарт, Түз-Ашуу ж. б. (Исфайрам-Сайдын алабында), Курман-Көл (Көк-Суунун алабында), Аугул (Сохтун алабында), Кара-Көл-Катта (Исфананын алабында) ж. б. Облустун аймагында жалпы аянты 720 *км*²ден ашкан 530дай мөңгү бар. Алардын бардыгы Алай (568,1 *км*²) жана Түркстан (151 *км*²) кырка тоолорунун түндүк капталдарында.

Түздүктөрдү чөл өсүмдүктөрү (баялыш, шыбак, крокус, жылган ж. б.) ээлеп, алардын астында ачык боз, шортоң топурактар өөрчүйт. Андан жогору, 1000–1300–1500 *м* бийиктиктердеги этек тоо-адырлуу зонага кадимки жана күңүрт боз топурактуу жарым чөл (эфемерлүү жылган-ыраңдуу, бадалчалуу) өсүмдүктөрү мүнөздүү (айрыкча Түркстан кырка тоосунун түндүк капталдарына). Кадимки боз жана бозомук күрөң топурактуу лёсс түзүлүшүндөгү жапыз жана орто бийик тоолорду (1300–2200 *м* бийиктиктерде) субтропик ландшафтына окшош талаанын ар кандай түрлөрү ээлейт. Орто бийиктиктеги жана бийик тоолордун төмөнкү бөлүктөрүндөгү (2000–3400 *м* бийиктикте) күрөң, куба күрөң, тоо-шалбаалуу талаа топурактуу жерлерде арча токою, сейрек токой, талаа жана шалбаалуу талаа өсүмдүктөрүнүн ар кандай типтери басымдуу. Бул токойлорду корукка айландыруу, коргоо режимин жакшыртуу, жаш токой көчөтүн отургузуу жана токой чарба жумуштарын жүзөгө ашыруу зор маанидеги маселелерден. Тоолордун бийик (3000 *м*ден жогору) бөлүктөрүнүн табияты катаал, дайыма суук, аска-мөңгүлүү альп тибиндеги рельеф кеңири таралган. Субальп жана альп шалбаасы (шалбаалуу талаа жана чымдак өсүмдүктүү, жапалак арчалуу бийик тоо талаасы кошо кездешет) 3800–4000 *м* бийиктикке чейинки жантайыңкы капталдарды ээлейт. Андан жогору түбөлүк тоң, кар, мөңгү жана жылаңач гляциалдык-нивалдык зона жатат.

Тоо этегиндеги түздүктөр менен тоо арасындагы ойдуңдарды жана тоо этегиндеги адырлар менен жапыз жана орто бийиктиктеги тоолордогу дарыя өрөөндөрүнүн жайылма, тектирлерин негизинен сугат жана кайрак жерлер ээлейт, жайыт катары да пайдаланылат. Мында калктуу жайлар, өнөр жай борборлору, сугат тармактары жайгашкан. Орто жана бийик тоолордогу талаа жана шалбаа ланд-

шафттары түрдүү сезондогу (көбүнчө жайкы жана кышкы) жайыт катары пайдаланылат.

**Калкы.** Облустун калкы 2009-жылкы эл каттоо боюнча 380,3 миң; же республиканын калкынын 8%и. Шаар калкы 92,8 миң (облустун жалпы калкынын 24,4%и), айыл калкы 287,7 миң (75,6%). Облустун калкынын өзгөчөлүгү мында аялдарга караганда эркектердин санынын көптүгүндө. 1000 аялга 1002 эркек (республика боюнча 975) туура келет. Эркектер 218,0 миң, аялдар 210,5 миң. Калктын орточо жыштыгы: 1 *км*$^2$ жерге орточо 22,5 киши туура келет (республикада 24,1 киши). Шаарлары: Кызыл-Кыя (калкы 40,9 миң), Сүлүктү (18,0 миң), Баткен (17,9 миң), Исфана (18,3 миң); шаарчалары: Айдаркен (8,9 миң), Кадамжай (5,8 миң), Восточный (5,9 миң), Чабай (1,3 миң), Совет (1,2 миң); ири айыл-кыштактары: Үч-Коргон (12,9 миң), Орозбеков (7,5 миң), Кулунду (7,2 миң), Бужум (6,7 миң), Караван (6,0 миң), Кара-Бак (6,0 миң), Самаркандек (5,6 миң), Марказ (5,0 миң), Андарак (4,7 миң) ж. б. Калкы көп улуттуу. Негизинен кыргыздар (облустун жалпы калкынын 74,3%), ошондой эле өзбек (14,4%), тажик (6,9%), орус (2,2%), түрк (0,3%) ж. б. улуттун өкүлдөрү жашайт.

Облустун эмгекке жарамдуу жалпы калкынын ичинен өспүрүмдөр (15 жашка чейинкилер) 43,3%ти (республикада 38,1%), ал эми эмгек курагынан өткөндөр 7,7%ти (республикада 9,2%) жана эмгекке жарамдуулар 50,0%ти (52,7%) түзөт. Эмгекке жарамдуу калктын санынын азайышы республикадагы базар экономикасына өтүүдөгү өткөөл мезгилдеги социалдык-экономикалык реформага байланыштуу өндүрүштүн деңгээлинин төмөндөшү жана өнөр жай ишканаларынын иштебей калышы себеп болгон. Натыйжада шаарлар менен шаарчаларда миграция өскөн. Айрыкча эмгекке жарамдуу калктын ичинен, мигранттар Бишкек шаарына жана Чүй облусуна көчүшкөн. Мына ушуга байланыштуу Кызыл-Кыя шаарынын калкы 1989-ж. 36,8 миң болсо, 1999-ж. 31,8 миңге азайган, Сүлүктүдө 14,8 миңден 13,6 миңге, Айдаркенде 11,1 миңден 9,1 миңге, Чабайда 2,1 миңден 1,6 миңге кыскарган.

**Чарбасы.** Республиканын өндүрүш комплексинде облустун экономикасы маанилүү орунду ээлейт. Облустун сейрек кездешүүчү өнөр жай потенциалы (Айдаркендин сымабы, Кадамжайдын сурьмасы, Кызыл-Кыя менен Сүлүктүнүн көмүрү), калыптанган айыл чарба өндүрүшү (өрүк, тамеки, жүн, эт, сүт), калктын эмгекчилдиги экономикасынын өнүгүшүнө шарт түзөт. Ошого карабастан облустун социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли, республиканын орточо деңгээлинен төмөн. Айрым гана тармактар менен сфералардын көрсөткүчтөрү республиканын орточо көрсөткүчүнөн тиги же бул жакка өзгөрүлүп турат. Бул болсо облустун аймагынын географиялык жактан татаалдыгына, тоолуу рельефине, топурак-

климаттык шартына, аймагынын борбордон эң алыс жайгашуусуна жана саясий-географиялык абалына байланыштуу. Буга кошумча базар экономикалык мамилелерди жүргүзүүдө мурунку союздук республикалар менен традициялык чарбалык байланыштардын үзүлүшү Баткен облусуна да таасирин тийгизди. Натыйжада өнөр жай өндүрүшү кыскарып, көп өнөр жай ишканалары иштебей калды. Ошондуктан, облус республикадагы артта калган жана жарды аймактардын катарына кирет.

2009-жылдын облуста катталган субъекттердин саны 601ге жеткен. Анын ичинен өз алдынча баланста иштеген ишканалар 45ти түзгөн.

Ө н ө р ж а й ы облустун экономикасында гана эмес, республикада да маанилүү орунду ээлейт. Алар тоо-кен (24), кайра иштетүүчү (33), жана электр энергиясын өндүрүү жана бөлүштүрүү (5) өнөр жай ишканалары. Бул региондо сурьма (2407,89 *т*) менен сымаптын (591,5 *т*) бүт көлөмү, көмүрдүн 24,5% (148,9 миң *т*), ферменттелген тамекинин 34,6%и (2,7 миң *т*), улуттук килем буюмдарынын 35,5%и (622 даана) өндүрүлөт.

Сурьма жана сымап өндүрүү боюнча Кыргызстан дүйнөлүк өндүрүүчүлөрдүн катарында турат. Облус дүйнөлүк керектөөчүлөрдү сурьма менен 20,0%, сымап менен 15,0% камсыз кыла алат. Кадамжайда алынган сурьма 1958-жылдан сапаты жагынан дүйнөлүк рынокто эталон катары бааланып, көп өлкөлөргө экспорттолот. Натыйжада облус ушул товарлар боюнча жогорку деңгээлде экспорттоочу болуп калат. Экспорттук продукциянын суммасы 2009-жылы 13,7 млн долларды түзүп, импорттон (38,3 млн доллар) бир кыйла же 2 эсеге аз болгон.

Облустун өнөр жайы тармактык курамында түстүү металлургия (2009-ж. жалпы өнөр жайы продукция көлөмүнүн 28,5%и), тамак-аш (39,6%), ун тартуу-акшак жана аралаш тоют (17,7%), курулуш материалдар (9,2%) өнөр жай тармактары жалпы облустун өнөр жайы продукциясынын 95,3%ин өндүрөт. Облустун отун өнөр жай тармагынын үлүшү чектелүү болгонуна (2,3%) карабастан ал өнөр жайдын район аралык мааниси бар. Облуста 12 ишкана көмүр өндүрөт; алардын ирилери: «Сүлүктүкурулуш» ачык типтеги акционердик коому, «Сүлүктүкөмүр» акционердик коом, «Кызыл-Булак», «Ак-Булак-көмүр» жоопкерчилиги чектелген коомдору ж. б. Мында 2009-ж. 154,6 миң *т* көмүр казылып алынган. Облустун отун өнөр жайында акыркы жылдарда нефть жана газ өндүрүү тармагы пайда болду. Анын базасын көп жылдан бери Өзбекстан пайдаланып келип, жаңыдан облуска өткөн Арка жана Бүргөндү массивдериндеги кендер. Алардын изилденген запастары: Арка массивинде нефть – 1,3 млн *т*, газ – 1,8 млрд $м^3$, Бүргөндүдө – нефть 0,6 млн *т*, газ 2,8 млрд $м^3$ди түзөт.

Облустун ири өнөр жай ишканалары: «Айдаркен сымап комбинаты», «Нур», «Кызыл-Кыя тамекиси» ачык типтеги акционердик коомдору, «Кадамжай сурьма комбинаты», «Сүлүктү шахтакурулуш», «Сүлүктү көмүр», «Кызыл-Кыя машзаводу», «Кызыл-Кыя даназык» акционердик коомдору, «Түштүк Кыргызстан цемент заводу» жабык типтеги акционердик коому ж. б.

А й ы л ч а р б а с ы экономиканын реалдык секторундагы өнөр жайга ж. б. тармактарга караганда дүң продукцияны бир кыйла көбүрөөк бере турган тармак. 2010-жылы айыл чарбасынын дүң продукциясы 9244,4 млн сомду түзгөн. Ошол эле убакта облус республика чыгарган айыл чарба дүң продукциясынын ичинен эң акыркы орунда турат. Тармактык курамында мал-чарбасы маанилүү орунду ээлейт.

Айыл чарба продукциясынын 51,7%и мал чарбасына, 47,5%и дыйканчылыкка таандык.

Дыйканчылыктын негизги тармактары: тамеки (2010-ж. 1,3 миң *т* жыйналган), пахта (207 *т*), жүзүмчүлүк (3,7 миң *т*); мал чарбасыныкы: кой (0,6 миң *т* жүн кыркылган), уй (93,5 миң *т* сүт саалган) жана үй кушу (2,17 млн даана жумуртка алынган) чарбалары. Облуста өндүрүлгөн айыл чарбанын дүң продукциясынын республикадагы үлүшү 5,7%ти түзөт. Дан эгиндери, картошка, жашылча ж. б. облустун калкынын муктаждыгын канааттандыруу үчүн өстүрүлөт.

Облустун айыл чарбага жарактуу жери 589,3 миң *га* (республиканын айыл чарбасына жарактуу жеринин 5,5%и; 2010). Айыл чарбага жарактуу жердин 71,5 миң *га*сы айдоо (республиканын айдоо аянтынын 5,6%), 9,2 миң *га*сы чабынды (5,5%и), 17,1 миң *га*сы көп жылдык мөмө-жемиштер (30,7%), 23,7 миң *га*сы дың жер (9,5%и), 484,7 миң *га*сы жайыт (5,3%и) болгон.

Мал чарбасында агрардык-жер реформасын жүргүзүүнүн 1-этабында (1991–1995) малдын башы азайып кеткен. Кой, эчкилер 44,0%ке, уй 20,0%ке, жылкы 7,4%ке, чочко 90%ке кыскарган. 2010-жылы бардык чарбаларда 454,2 миң кой, эчки (республикадагынын 9,0%и), 115,9 миң уй (8,9%и), анын ичинен 59,6 миң саан уй (8,9%), 6,5 миң жылкы (1,7%), 0,1 миң чочко (0,2%), 251,3 миң үй кушу (5,3%) асыралган. 2010-жылы 27,30 миң *т* эт (республикада өндүрүлгөн эттин 14,5%и), 93,5 миң *т* (6,9%) сүт, 0,6 миң *т* (5,5%) жүн, 21,7 млн даана (5,8%) жумуртка даярдалган.

Азыр базар экономикасынын шартында мал чарбасынын дээрлик бардык продукциясы жеке менчик чарбаларда, дыйкан (фермер) чарбаларында даярдалууда. 2010-жылы жалпы өндүрүлгөн эттин 55%и жеке менчик чарбаларда жана 44%и дыйкан (фермер) чарбасында өндүрүлгөн. Ушундай эле тартипте сүттүн 45% жана 55%, жумуртканын 48% жана 52%и алынган.

Облустун т р а н с п о р т тармагына – автомобиль, темир жолдору, аба жана куур (түтүк) транспорттору кирет. Аймагынын тоолуу рельефи автомобиль транспортунун өнүгүшүнө шарт түзөт. Негизги автомобиль жолдору: Ош – Кызыл-Кыя – Пүлгөн – Айдаркен – Баткен – Исфана – Сүлүктү; Кызыл-Кыя – Дароот-Коргон; Кызыл-Кыя – Куба-Сай (Өзбекстан); Баткен – Исфара (Тажикстан); Кызыл-Кыя – Маркамат (Өзбекстан) – Ош шаары. Бул жолдор (айрыкча биринчиси) «анклавдарды» бир нече жолу кесип өткөндүктөн, транспорт каражаттарынын облустун аймагы боюнча жүрүшүнө кыйла тоскоолдук (бажы тосмосу, чек ара иш-аракеттери, паспорт жана документтерди текшерүү ж. б.) кылууда. Бирок ушундай шарттарга карабастан бул жолдор облустун ыраак жайгашкан калктуу пункттарын райондун борбору, ошондой эле Ош шаары менен транспорттук-экономикалык жактан байланыштырып турат.

Облустун аймагындагы автомобиль жолунун узундугу 1,2 миң *км*, анын 414 *км*и асфальттанган, 466 *км* таш төшөлгөн жол. Каржылоо каражатынын жетишсиздигинен жолдорду реконструкциялоо жана капиталдык ремонт жүргүзүү кыйынга туруунда. Буга байланыштуу чектеш мамлекеттердин «анклавдарынан» айланып өтүүчү Ош – Баткен – Исфана автомобиль жолдорун куруу иши кызуу жүрүүдө.

Облустун темир жол транспорту туюк эки темир жол тармагынан турат. Биринчиси 1907-жылы Сүлүктүдөгү көмүр кенине Драгомиров бекетинен (азыркы Тажикстандагы Пролетарск бекети) 37 *км* аралыкка курулган. Бул тармак 30-жылдардын башында реконструкцияланган. Экинчиси Кызыл-Кыя шаарын Өзбекстандын темир жол тармагы менен туташтыруучу Фергана – Куба-Сай (Өзбекстан) – Кызыл-Кыя темир жол тармагы. 1928-ж. курулган. Узундугу 42 *км*. Алар тоолуу жерлер менен өтөт, айрыкча Драгомиров – Сүлүктү кууш темир жолдун эки капталынан тоонун тик капталдары тосот. Анын узундугу облустун аймагында 30 *км*дей. Ушуга карабастан бул жолдордун (айрыкча Кызыл-Кыя темир жол бекети) облустун аймагында оор жүктөрдү ташууда, айрыкча тоокен өнөр жайы үчүн мааниси чоң.

Аба транспорту жүргүнчүлөрдү ташыйт, көбүнчө жергиликтүү мааниге ээ. Аэропорттор Баткенде (1950-ж. курулган), Исфанада, Кызыл-Кыяда, Айдаркенде бар. Алардын ичинен биринчи үчөө иштеп жатат. «Кыргызстан аба жолдору» акционердик коому улуттук авиакомпаниясынын курамына кирет. Бул аэропорттордон Ош шаарына күнүгө, Бишкек шаарынан жумасына 2–3 авиарейси болуп турат. Жайында Тамчыга (Ысык-Көл) каттайт.

Облустун аймагында куур (түтүк) транспорту да бар. Фергана (Өзбекстан) – Кадамжай (1972) жана Урсатьев (Өзбекстан) – Айдаркен (1973) газ кууру курулган. Газ кууру өнөр жай ишканаларын жана калкты газ менен камсыз кылат.

М а д а н и я т тармагында 2009-ж. 1 млн нуска китеби болгон 75 китепкана, облустук драма театры, 2 райондук элдик театр иштеген. Облустук радио уктуруу жана теле көрсөтүүлөр кыргыз, орус, тажик тилдеринде жүргүзүлөт. Облустук гезит жана 3 райондук гезит чыгат.

Б и л и м б е р ү ү облустун аймагында 5 негизги стадияга бөлүнөт: мектепке чейинки, башталгыч, орто, атайын орто жана жогорку билим берүү. Облуста 18 (2353 орундуу) мектепке чейинки мекеме (2009-ж. 2454 бала тарбияланып, 135 тарбиячы иштеген) иштейт. 2010–11-окуу жылында 225 жалпы билим берүүчү мектеп (93,9 миң окуучу), анын ичинен 14 башталгыч мектеп, 16 негизги мектеп, 156 орто мектеп, мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуучу 2 мектеп иштеген. Мектептердин бардыгын мамлекет каржылайт. 93,9 миң окуучунун (мүмкүнчүлүгү чектелген балдардан башкасы) 74,3%и кыргыз тилинде, 15,4%и өзбек, 7,2%и орус тилинде, 3,1%и тажик тилинде билим алышат. Мектептерде иштеген мугалимдердин саны 7474 болуп, ар бир мугалимге 13 окуучу (республика боюнча 15) туура келет. Облуста 10 кесиптик-техникалык окуу жайы (7,7 миң окуучу), жалгыз жогорку окуу жайы болгон.

Облустун с а л а м а т т ы к с а к т о о с у н д а 3 борборлоштурулган, 2 шаардык, 19 участкалык ооруканалар, 21 врачтык амбулатория, 72 фельдшер-акушердик пункт болгон. Аларда 616 врач, 3003 медициналык кызматкер иштеген. Мындан тышкары 43 үй-бүлөлүк врачтар тобу уюштурулган.

Облустун аймагында т а р ы х ы й - м а д а н и й о б ъ е к т и л е р арбын. Биздин замандын 1–6-кылымдарына таандык Аирбаз, Баткен, Кайрагач, Кара-Камар, Кожо-Бакырган, Абшыр тургун жайларынын калдыктары, 9–16-кылымдардагы Булак-Башы, Исфана, Кара-Булак шаар чалдыбарлары, Кокон хандыгы мезгилиндеги чептердин калдыктары – Кан, Кыштут жана Кайрагач айылдарында архитектуралык эстелик-мечит бар. Рабат айылынан түштүгүрөөк тарапта аты уйкаш байыркы кен казуучулардын тургун жайы, Самаркандык айылында тарыхый рудник, Канигут үңкүрү сакталган.

## VIII. 2. 1. Облустун шаарлары

**БАТКЕН** – Баткен облусунун жана Баткен районунун борбору, шаар (2002-жылдан). Алай кырка тоосунун этегинде жайгашкан. 1896-ж. негизделген. Калкы 19,7 миң (2009). Шаарда негизинен кыргыздар (97%и) жашайт (2009). Тамак-аш комбинаты, «Заман» жоопкерчилиги чектелген коому (май заводу), «Агротехсервис» (айыл чарба машиналарын оңдоочу) ж. б. ишканалар иштейт. Баткен шаары аркылуу Исфана – Ош – Бишкек автомобиль жолу өтөт.

Баткен – Бишкек автомобиль жолунун узундугу 800 *км*. Шаарда Баткен мамлекеттик университети, 2 орто мектеп, кесиптик-техникалык окуу жайы, 2 бала бакча, китепканалар, райондук борбордук оорукана, кургак учук диспансери, бейтапканалар, санитария-эпидемиологиялык станция, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт.

**ИСФАНА** – Баткен облусундагы шаар (2001-жылдан). Лейлек районунун борбору. Облустун борбору – Баткен шаарынан 100 *км* батыш, Пролетарск темир жол бекетинен (Тажикстан) 45 *км* түштүк тарапта, Кара-Суу өзөнүнүн боюнда, деңиз деңгээлинен 1300 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 18,2 миң (2009). Шаардын курамына Ак-Булак, Голбо, Мырза-Пача, Тайлак, Самат жана Чамген кыштактары кирет. Шаар өкмөтүнүн жалпы аянты 227 миң *га*дай. Исфанада түрдүү менчиктерге таандык ишкана, мекеме жана уюмдар иштейт. Калкы негизинен дыйканчылыкта, мал чарбасында эмгектенет. Шаарда жалпы билим берүүчү 13 мектеп (анын ичинде 4 орто мектеп, 2 гимназия), 2 бала бакча, кесиптик-техникалык окуу жайынын филиалы, маданият үйү, 2 клуб, 4 китепкана, тарых жана край таануу музейи, мейманкана, райондук оорукана, санитария-эпидемиологиялык станция, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу жана 4 медпункт бар.

**КЫЗЫЛ-КЫЯ** – Баткен облусундагы шаар (1938-жылдан). Кадамжай районунун аймагында. Кичи Алай кырка тоосунун түндүк этегинде, деңиз деңгээлинен 918 *м* бийиктикте жайгашкан. Кызыл-Кыя 1898-ж. негизделген. Калкы 40,9 миң (2009); анын ичинен шаардык кеңешке баш ийген айыл калкы 11,2 миң. Шаар калкынын 36,6%и эмгек жашына чейинкилер, 52,7%и эмгек жашындагылар, 10,7%и эмгек жашынан өткөндөр. Шаар калкынын көбү кыргыздар, ошондой эле өзбек, орус, тажик, татар, түрк ж. б. Кызыл-Кыя – облустун ири өнөр жай борбору (облустун өнөр жайы продукциясынын 25,3%ин берет). Өнөр жайынын негизин отун, тамак-аш, курулуш материалдары тармактары түзөт. Көмүр өндүрүүчү ири ишканасы «Кызыл-Кыя көмүр» ачык типтеги акционердик коому (көмүрдү ачык түрдө казып алуучу Абшыр жана Валакыш шахталарын камтыйт). Шаарда 2009-жылы республикадагы ири цемент заводу ишке кирген. Тамак-аш, ун-акшак жана аралаш тоют даярдоочу өнөр жайлары өнүккөн. Ошондой эле тамак-аш жана жеңил өнөр жайынын ири ишканалары: «Кызыл-Кыя тамекиси», «Абшыр ата» (эт комбинаты), «Кызыл-Кыя сүтазык», «Кызыл-Кыя азыктары» акционердик коомдору, «Кен ЛТД» жоопкерчилиги чектелген коому (консерва заводу), «Динамо» (кийим тигүү фабрикасы) ж. б. Машина куруу жана курулуш материалдары өнөр жайы тармактарында «Кызыл-Кыя машина куруу заводу» ачык типтеги акционердик коому, «Кызыл-Кыя борбордук электр-механикалык устаканасы», «Нур» (курулуш материалдары),

«Темирбетон» акционердик коомдору иштейт. Кызыл-Кыя Баткен облусунун ири жол тоому. Негизинен автомобиль жана темир жол транспорту өнүккөн. Шаарда 14 орто мектеп, 4 бала бакча, тарых музейи, китепканалар иштейт. Шаардык жана участкалык ооруканалар, төрөт үйү, учук жана тери-венерологиялык диспансерлери, тиш бейтапканасы, 4 фельдшер-акушердик пункт, 12 үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору ж. б. медициналык-санитариялык мекемелер иштейт.

**СҮЛҮКТҮ** – Баткен облусундагы шаар (1940-жылдан). Түркстан кырка тоосунун түндүк капталында деңиз деңгээлинен 1380 *м* бийиктикте, облустун борбору – Баткен шаарынан 150 *км* батыш тарапта жайгашкан. Калкы 18,0 миң (2009). Сүлүктү – Исфана – Баткен автомобиль жолунун боюнда. Курамына Кош-Булак (Восточный) шаарчасы жана Кольцо кыштагы кирет. Шаар Сүлүктү күрөң көмүр кенин өздөштүрүлүшүнө байланыштуу пайда болгон. Көмүр казып алуу шахтасы 1868-ж. курулган. 1871-жылы шахта Кокон кандыгы тарабынан өрттөлүп, көмүр казуу токтотулган, 1895-жылы шахта кайра иштетиле баштаган. Россиядан сүргүнгө айдалып келген шахтер-революциячылар Сүлүктүдө революциялык жашыруун уюмдарды түзгөн. Октябрь революциясы жеңгенден 4 күндөн кийин Орто Азияда биринчи болуп Сүлүктүдө бийлик жумушчу депутаттар советинин колуна өткөн. Совет бийлигинин мезгилинде күрөң көмүр казылып, башка өнөр жай ишканалары курулуп, Сүлүктү өнөр жайлуу шаарга айланган. Азыркы ири өнөр жай ишканалары: «Сүлүктү көмүр» акционердик коому, «Сүлүктү шахтакурулуш» ачык типтеги жана «Кош-Булак» жоопкерчилиги чектелген акционердик коомдору ж. б. өнөр жай продукциясынын 40%тен ашыгын жеке менчик ишканалар чыгарат. Негизги продукциялары: күрөң көмүр, кирпич, тигилүү кийимдер ж. б. Шаарда жалпы билим берүүчү 8 мектеп (анын 6 орто, бирөө жатак), техникалык лицей, Ош мамлекеттик университеттин жана технологиялык университетинин филиалдары, балдардын музыкалык мектеби иштеген. Маданият үйү, 3 китепкана, тарых жана край таануу музейи, оорукана комплекси (анын райондор аралык кургак учук боюнча диспансери Кош-Булак шаарчасында жайгашкан), 2 бейтапкана, санитария-эпидемиологиялык станция жана дарыкана бар.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Баткен облусунун географиялык абалына жана жаратылыш ресурстарына чарбалык жактан баа бергиле?

2. Айыл чарбасынын адистешкен тармактары кайсылар?

3. Негизги өнөр жай тармактары жана өнөр жайынын өнүгүү деңгээли?

4. Облус кайсы жаратылыш ресурстарына бай?

## VIII. 3. ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

**Жалал-Абад** облусу Кыргызстандын түштүк-батыш бөлүгүн ээлейт. Ал 1924–26-жылдары округ, 1926–28-жылдары кантон болгон; 1928-жылы Ош округуна бириктирилген. 1939-жылы 21-ноябрда облус катары уюшулган; 1959-жылы 27-январда жоюлуп, Ош облусуна кошулган, 1990-жылдын 14-декабрынан кайра өз алдынча облус. Түндүгүнөн Талас, Чүй, чыгышынан Нарын, түштүгүнөн Ош облустары, түштүк-батышынан жана батышынан Өзбекстан менен чектешет.

Облус администрациялык-аймактык жактан 8 районго (Аксы, Ала-Бука, Базар-Коргон, Ноокен, Сузак, Тогуз-Торо, Токтогул, Чаткал), 68 айыл округуна, 7 шаарга, 7 шаарчага, 420 айылга бөлүнөт. Аянты 33,7 миң *км*² (өлкөнүн аянтынын 16,9% и). Калкы 1036,7 миң (республиканын калкынын 18,9% и; 2010).

*20-таблица*

**Облустун администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2009)**

| Райондору | Уюшулган жылы | Аянты, миң *км*² | Калкы миң | Айыл округу | Шаары | Шаарчасы | Айылкыштагы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Аксы | 1928 | 3,5 | 106,1 | 12 | 1 | 1 | 67 |
| Ала-Бука | 1936 | 3,0 | 81,5 | 8 | - | - | 41 |
| Базар-Коргон | 1928 | 2,0 | 132,0 | 9 | - | - | 55 |
| Ноокен | 1928 | 2,5 | 109,7 | 8 | 2 | 2 | 55 |
| Сузак | 1919 | 2,8 | 220,7 | 13 | 2 | - | 128 |
| Тогуз-Торо | 1935 | 3,9 | 21,4 | 4 | - | - | 13 |
| Токтогул | 1926 | 6,9 | 83,4 | 11 | 1 | 2 | 53 |
| Чаткал | 1935 | 6,2 | 21,1 | 4 | - | 2 | 12 |


**Табияты.** Облустун аймагынын басымдуу бөлүгү Түштүк-Батыш Теңир-Тоонун, бир аз бөлүгү (Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө ойдуңдары) Ички Теңир-Тоонун аймактарынан орун алган. Алар негизинен Фергана ойдуңун түндүгүнөн курчаган бийик, орто бийик жана жапыз тоолор, жалдар, дөңсөөлөр, адырлар тилкеси, тоо этегиндеги жантайыңкы түздүктөр жана тоо аралык өрөөндөр болуп саналат. Деңиз деңгээлинен эң бийик жери 4503 *м* (Чаткал кырка тоосундагы Авлетим чокусу), эң жапыз жери 600 *м* (Базар-Коргон районунун аймагында). Облустун түндүк-батыш, түндүк жана чыгыш чет-жакалары боюнча Батыш жана Ички Теңир-Тоо тармактарына кирген бийик кырка тоолор – Чаткал (бийиктиги 4503 *м*), Суусамыр, Молдо-Тоо (түштүк капталдары) созулуп жатат. Облустун борбордук бөлүгүн Фергана (түндүк-батышын), Кочкор-Төбө, Ат-Ойнок, Исфан-Жайлоо, Чаак-Тоо, Бабаш-Ата кырка тоолору ээлеп, түштүк-батышты карай жайпаң рельефтүү

этек тоолорго өтөт. Фергана ойдуңун түндүктөн торогон тоолордо дарыя өрөөндөрү жана салыштырмалуу бийиктиги 100–400 *м*ге жеткен адыр-дөңсөөлөр кезектешип жайгашат. Дарыя алаптарын – Көгарт (мында облустун борбору – Жалал-Абад шаары жайгашкан), Кара-Үңкүр, Нанай (Пачатанын алабы), Ала-Бука өрөөндөрү ээлейт. Облустун курамына тоо аралык ири өрөөндөр – Кетмен-Төбө, Тогуз-Торо жана Чаткал ойдуңдары да кирет.

Кен байлыктарынан отун-энергетикалык ресурстарга бай. Нарын дарыясында ГЭС каскады курулган: Токтогул, Күрп-Сай, Таш-Көмүр, Шамалды-Сай, Үч-Коргон, Камбар-Ата. Таш көмүр кени Көк-Жаңгактан, Таш-Көмүрдөн казылып алынат. Нефть менен табигый газ кендери Чаңгыр-Таш, Майлуу-Суу, Избаскен, Кочкор-Атадан чыгат. Андан сырткары сурьма (Терек кени), полиметалл (Сумсар кени), марганец кенташтары (Кара-Алма суусунун төмөнкү агымында) ж. б. кендер да бар. Озокерит (Майлуу-Суу), гипс (Сузак районунда) ж. б. кендер да чыгат. Кыргызстанда биринчи болуп алтын Тогуз-Тородогу Макмал кенинен алынган; ошондой эле алтындын Жамгыр (Кара-Буура ашуусунун батышында), Куру-Тегерек, Сандык (Чаткалда), Терек, Иштамберди (Касан-Сай), Боз-Эмчек ж. б. кендери бар. Ысык жана минералдуу булактар чыккан жерлер да арбын (Жалал-Абад, Майлуу-Суу ж. б.). Облустун аймагы рекреациялык ресурстарга да бай; алар Арстанбап, Кызыл-Үңкүр, Кара-Алма, Сары-Челек, Пачата сыяктуу кооз жерлер.

Облустун климаты орографиялык түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнөн арктикалык суук жана континенттик аба массаларынын таасирин кыйла жумшартат. Жай мезгилинде бийик кырка тоолор Орто жана Борбордук Азия чөлдөрүнүн аптабын кыйла сергүндөтөт. Бирок, батыштан соккон аба агымы жана анын түндүк-батыш, түштүк-батыш салаалары Түндүк жана Чыгыш Ферганага тоскоолсуз кирип, облустун аймагына жана анын түрдүү ландшафттык зоналарына жагымдуу аба ырайын түзөт.

Ички Теңир-Тоодо жайгашкан Кетмен-Төбө жана Тогуз-Торо өрөөндөрүнүн климаты облустун Фергана өндүрү жак бөлүгүнө караганда кыйла башкачараак. Бул өрөөндөрдө муздак тоо абасы туруп калып, декабрь – март айларында абанын орточо температурасы Түштүк Кыргызстандын башка метеостанцияларыныкына караганда 10°Сге төмөн болот. Аймактын деңиз деңгээлинен бийиктигине, тоо капталдарынын экспозицияларына жана рельефинин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жайы ысык, жылуу, сергүн же суук болушу мүмкүн. Июлдун орточо температурасы этек тоо-адырлуу зонада 25–22°С, жапыз тоолуу зонада 22–15°С, орто бийик тоолуу зонада 15–10°С, бийик тоолуу зонада 10–5°С, нивалдык-гляциалдык зонада 5–0°С. Жайдын биринчи жарымы жаанчыл, экинчи жарымы жана күз маалы өтө кургакчыл. Кышы




ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТАСЫ

жалпысынан мелүүн-суук, январдын орточо температурасы −3°Сден −15°Сге чейин. Эң төмөнкү температура бийик тоолуу ойдуңдарда адатта – Кызыл-Жарда (Тар ойдуңу) абсолюттук минимум −40,9°С, Чаткалда −39,8°С, ал эми ушул эле мезгилде муздак аба туруп калган ойдуңдарда – Кербенде (1280 *м* бийиктикте) −26,1°С гана болот. Ушундай эле кубулуш кышында Фергана ойдуңунда да температуралык инверсияга байланыштуу пайда болот; тоолордо ойдуңдарга караганда жылуураак келет.

Жаан-чачын Орто Азиянын башка аймактарындагыдай эле тоолордун айрым капталдарында мол түшөт. Фергана, Ат-Ойнок, Талас Ала-Тоолорунун түштүк-батыш капталдарында жаан-чачын 500–900 *мм* жана андан да мол жаайт. Токой-шалбаалуу талаа алкагына мелүүн-жылуу жана нымдуу жер ортолук деңиздик климат мүнөздүү, жаан-чачындын жылдык өлчөмү 500 *мм*ден 900 *мм*ге чейин, анын 50% и вегетациялык мезгилге туура келет. Чаткалдын тармагына кирген тоолор орографиялык жактан ыктоодо жайгашкандыктан жаан-чачынга салыштырмалуу жарды (400–500 *мм*), ал эми Чаткал кырка тоосунун түштүк-батыш капталына тоо аралык ички ойдуңдарындагыдай эле 300–400 *мм* гана жаан-чачын жаайт. Жаан-чачын эң мол жааган мезгили жаз маалы, анын жылдык өлчөмүнүн 60% тен ашыгы кыш-жаз мезгилине туура келет, август-сентябрь – эң аз жааган мезгил. Жаан-чачын көбүнчө жамгыр түрүндө жаайт. Тоолордо 2500–3000 *м*ден жогору кардын өлчөмү кыйла зор (жылдык жаан-чачындын 30–50%). Кар катмарынын калыңдыгы тоо этеги-адырлуу зонада 20–25 *см*ден, бийик тоолордо 90–100 *см*ге чейин жетет. Фергана тоо тизмегинин кыр бөлүгүнө жакын кардын калыңдыгы 150 *см*дей болот.

Облустун аймагы, айрыкча Фергана тоо тизмегинин капталдары агын суу тармагынын жыштыгы жана алардын суусунун молдуулугу менен айырмаланат. Ири дарыялары: Нарын, Чаткал, Кара-Дарыя. Облустун чегинде Нарынга сол тараптан Көк-Ирим, Камбар-Ата, Ничке-Сай ж. б., оң тараптан Толук, Торкен, Чычкан, Узун-Акмат, Кара-Суу ж. б. суулар куят. Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталынан агып түшкөн суулардын бардыгы Кара-Дарыянын оң куймалары болуп саналат; алар – Чаңгет, Көгарт, Кара-Үңкүр, Майлуу-Суу ж. б. Ал эми облустун батышындагы Пачата, Чанач, Касан-Сай, Сумсар суулары Сыр-Дарыяга оң тараптан куят. Чаткал дарыясы Талас Ала-Тоосунун түштүк-батыш капталынан башталган Кара-Касмак жана Кара-Кулжа сууларынын кошулушунан түзүлүп, төмөнкү агымында кууш жана терең шаңшаардан чыга беришинде Пскем суусу менен кошулуп, Чырчык дарыясын түзөт. Анын ири куймалары: Чандалаш, Терс, Кара-Корум, Теректи-Сай ж. б.

Чаткал кырка тоосунун түндүк-чыгышындагы этек тоолорунда – Сары-Челек, Көгала, Кара-Суу ж. б., Чаак-Тоонун түштүк каптал-

дарында Кара-Көл ж. б. көлдөр жайгашкан. Бул тоо көлдөрү дарыя өрөөндөрүн көчкү бөгөп калышынан пайда болгон.

Облустун аймагынын эң жапыз бөлүгүн (деңиз деңгээлинен 500–900 *м* бийиктикте) чөл жана жарым чөл зонасы ээлейт. Бул зонада шыбак-эфемердүү чөл жана жарым чөл өсүмдүктөрү өсүп, ачык боз жана кадимки боз топурактары өөрчүйт. Бул зонага ыраң, ак шыбак мүнөздүү, ошондой эле Орто Азияда кеңири таралган баялыштын түрлөрү өзүнчө баялыш-шыбактуу чөлдү түзөт. Талаа өсүмдүктөрү бийик адырларды, айрым жерлерде жапыз тоолорду ээлеп, деңиз деңгээлинен 900–1300 *м* бийиктиктеги кеңири тилкени камтыйт. Кыртышында салыштырмалуу чириндиси мол келген күңүрт боз топурактары басымдуулук кылат. Өсүмдүктөрдөн пияз, түктүү арпа, түктүү буудайык, кызыл от, ошондой эле шыбак, сарындыз өсөт. Ушул эле зонада талаа жана шалбаа өсүмдүктөрүнүн фонунда кеңири аймакты ксерофиттик сейрек токой, жыгач мистенин айрым массивдери ж. б. ээлейт.

Деңиз деңгээлинен 1000–2200 *м* бийиктикте токойлуу талаа зонасы жайгашкан. Мында табигый жаңгак-мөмө-жемиш токою талаалашкан шалбаалуу, бадалдуу, сейрек алмалуу жерлер менен кезектешип жатат. Токой астында кара-коңур токой, бадалдар, шалбаа жана талаа өсүмдүктөрүнүн астында күңүрт боз тоо талаа топурактары өөрчүйт.

Облустун аймагынын зор аянтын (700 миң *га*) ээлеген табигый жаңгак-мөмө-жемиш токоюнун чарбалык мааниси өтө зор. Ал токойлор Фергана жана Чаткал кырка-тоолорунун Фергана ойдуңун караган этек тоолорун ээлейт. Айрым жаңгак дарактары бириндеп 800 *м* бийиктиктен эле кездеше баштайт. Жаңгак токою деңиз деңгээлинен 1000–1200 *м*ден 1800–1900 *м* бийиктикке чейин эң кеңири таралган. Жаңгак токоюнун 2-ярусун алма, андан төмөн алча, карагат, ит мурун ж. б. дарак-бадал өсүмдүктөрү түзөт.

Жаңгак токоюнун чет-жакаларында жапайы мөмө-жемиш дарактары – алма, алмурут, алча, бадам, жүзүм ж. б. өсөт. Токой өсүмдүктөрү тоо капталдарынын түштүк, ошондой эле чыгыш экспозицияларынан башка бүт беттеринде өсүп, алар негизинен жаңгак жана жапайы мөмө-жемиш дарактарынан турат. Токойлуу талаа зонасынын ачык түштүк жана бир аз чыгыш капталдары эфемероиддүү шалбаа жана талаа өсүмдүктөрү менен капталган; аюу чач, пияз түптүү арпа, үлпүлдөк-машактуу буудайык, кызыл от, ак сокто, кылкансыз түбү бош ж. б. үстөмдүк кылат. Түрдүү чөп өсүмдүктөрдөн бийик чатыр гүлдүүлөр – аюу чач, шашыр өсөт. Кеңири аймакты ээлеген шалбаалуу талаанын бул участоктору негизинен кечки жаздык жана жайкы жайыт катары пайдаланылат. Бул зонанын жантайыңкы капталдарында жана жайык кырларында кайрак эгин эгилет.


Арстанбап платосу.

Субальп зонасы 2000–3000 *м* бийиктикти ээлейт. Мында субальп шалбаасы жана карагай, көк карагай, арча, кайың жана башкалардан турган токой өсүмдүктөрү кеңири таралган. Субальп зонасында күңүрт түстөгү тоо-токой жана тоо-шалбаа-талаанын күрөң, чанда кара топурак сымал топурак типтери өөрчүйт. Чөп өсүмдүктөрдөн флёмис, крестовник, шимүүр, түлкү куйрук, ак сокто ж. б. өсөт. Субальп шалбаасы жайкы жайыт катары кеңири пайдаланылат. Альп зонасы кырка тоолордун бийик (3000 *м*ден жогору) бөлүгүн ээлейт. Анда чымдак-чала чымдашкан тоо-шалбаа альп топурактары өөрчүйт. Зонанын басымдуу бөлүгүн аска, корум таш-шагылдар, калган бөлүгүн альп шалбаасы ээлейт. Көбүргөн менен кошо каз таман, козу кулак, таран ж. б. да өсөт. Альп шалбаа зонасы кыска мезгилге жайыт катары пайдаланылат.

**Калкы.** Облустун калкы республиканын калкынын 18,9% ин (1036,7 миң) түзөт. Шаар калкы жалпы калктын 22,6% ин, айыл калкы 77,4% ин түзөт. Калкынын саны боюнча республикада Ош облусунан кийин 2-орунда. Көп улуттуу; басымдуу бөлүгү кыргыздар; алардан сырткары өзбек, орус, украин, тажик, татар, түрк ж. б. улуттар да жашайт. Калктын жыштыгы жалпы республиканыкына караганда бир аз жогору: 1 $км^2$ жерге 26 адам (республикада 24) туура келет.

Шаарлары: Жалал-Абад (облустун борбору, калкы 92,1 миң), Кара-Көл (29,8 миң), Көк-Жаңгак (9,3 миң), Майлуу-Суу (18,1 миң), Кочкор-Ата (14,8 миң), Таш-Көмүр (31,7 миң), Кербен (13,8 миң); шаарчалары: Кетмен-Төбө (1,3 миң), Кызыл-Жар (2,6 миң), Көк-Таш (2,6 миң), Сумсар (5,9 миң), Терек-Сай (2,4 миң), Токтогул (16,4 миң), Шамалды-Сай (9,5 миң). Облустун калк көп жашаган ири айыл-кыштактары: Базар-Коргон (2009-жылга карата 33,3 миң калк жашаган), Сузак (24,0 миң), Масы (13,8 миң), Арстанбап (11,2 миң), Ала-Бука (10,8 миң), Казарман (9,5 миң), Абдраимов (8,6 миң), Октябрь (8,9 миң), Нарын (7,7 миң), Каныш-Кыя (3,1 миң). Облустагы 16 жашка чейинки жаштардын саны 2009-жылкы эл каттоодо 559,6 миң адам (жалпы калктын 35,6% и), эмгекке жарактуу курактагылар – 584,9 миң (57,9%), эмгек жашынан жогору курактагылар – 65,9 миң (6,5%).

**Чарбасы:** Жалал-Абад облусу экономикалык өнүгүү деңгээли боюнча республикада Чүй облусунан кийинки 2-регион. Анын

өнүгүшүн өнөр жайы, айыл чарбасы, курулуш, транспорт жана байланыш, соода жана коомдук тамактануу тармактары, ал эми социалдык өсүшүн турмуш-тиричилик жактан тейлөө, билим жана илим, саламаттыкты сактоо, маданият ж. б. тармактарынын деңгээли аныктайт. Бул базар экономикасынын шартына ылайык ар түрлүү менчикке тиешелүү өндүрүштүк же тейлөөчү ишкана жана мекемелерден (өнөр жай, чакан жана өнөктөш ишканалар, кооперативдер, акционердик коомдор, биржа жана фирмалар, дыйкан жана фермер чарбалары, ошондой эле жеке дыйкан чарбалары) ж. б. өзүнчө ээлик кылуучу субъектилерден турат.

Облустагы ишкана, мекемелердин 2,2% и мамлекеттик, 2,1% и коммуналык жана 95,7% и жеке менчикке таандык. Ишканалар түрлөрү боюнча ири (7,4% и), орто (15,9%) жана чакан (76,7%) болуп бөлүнөт. Алардын ичинен чакан ишканалардын 82,0% жеке менчик ишканалар.

*Өнөр жай* тармагында 2009-ж. бардыгы 176 ишкана (башка ишканалардын өнөр жайы боюнча иштеген цехтерин ж. б. кошуп эсептегенде) иштеген; алардын ичинен 86 өзүнчө баланста турат. Өнөр жайынын негизги тармактары: электр-энергетика (өнөр жай продукциясынын 58,6% ин түзөт), түстүү металлургия (6,4%), отун (16,3%), жеңил (5,7%), машина куруу (7,9%) жана тамак-аш (3,5%) өнөр жайлары. Облустун өнөр жайынын (электр-энергетика, отун жана түстүү металлургия тармактары) республикадагы орду кыйла жогору.

Электр-энергетика облустун өнөр жайынын 58,6% продукциясын өндүрүп, 4 ишканадан турат: Токтогул ГЭС каскады, Таш-Көмүр ГЭСи (2001-жылы ишке киргизилген), Шамалды-Сай ГЭСи жана Жалал-Абаддагы ПЭС. Бул тармакта облустун жалпы өнөр жайында иштеген калктын 18,8% и эмгектенип, өнөр жай өндүрүш фондунун 66,6% топтолгон. Облуста 2010-жылы 10,9 млрд *кВт · с* электр энергиясы (республикадагы электр энергиянын 90,0%) өндүрүлгөн. Өндүрүлгөн электр энергиянын басымдуу бөлүгү республиканын башка аймактарында жана чет өлкөлөрдө пайдаланылат.

Отун өнөр жайы облустун өнөр жайынын 2-тармагы. Бул тармакта өнөр жайдын 16,3% продукциясы өндүрүлгөн. Отун өнөр жай структурасына көмүр казып алуу, нефть жана жаратылыш газын өндүрүү, нефтини кайра иштетүү тармактары кирет. Көмүр казып алуу тармагында 4 ишкана иштеп, аларда 650дөй адам эмгектенип, жылына 49,5 миң т көмүр казылып алынган (республикада казылып алынган көмүрдүн 8,6% и), 2010-жылы «Тегене» жоопкерчилиги чектелген коомунун кубаттуулугунун 53,0% и, «Таш-Көмүр» ачык типтеги акционердик коомунун 6,4% и, «Көк-Жаңгак көмүрү» акционердик коомунун кубаттуулугунун 2,0% и, гана пайдаланылган. Көмүр казып алуудагы мындай акыбал би-

ринчиден өндүрүлгөн көмүрдүн өздүк наркынын кымбаттыгы, экинчиден алардын сапатынын начардыгы, үчүнчүдөн аларды сатуудагы рыноктун тардыгы же жоктугу себеп болууда.

Нефть жана табигый газын өндүрүү тармагында облустагы жалгыз ишкана «Кыргызнефтьгаз» ачык акционердик коому иштейт. Ал Кочкор-Ата шаарында жайгашып, 2010-жылы 82,8 миң *т* нефть (республиканын 100%) жана 22,9 млн $м^3$ жаратылыш газын өндүргөн. Отун өнөр жайында өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн 23,1% ушул тармакка таандык. Облуста өндүрүлгөн жаратылыш газы Жалал-Абад, Кочкор-Ата шаарларына берилип, азыраак бөлүгү Тажикстанга экспорттолот. Отун өнөр жайынын маанилүү тармактарынын бири – нефтини кайра иштетүү. «Кыргыз Петролеум Компани» (КПК) биргелешкен ишканасы облуста өндүрүлгөн жана башка өлкөлөрдөн ташылып келинген нефтини иштетип, андан бензин (2010-жылы 11,1 миң *т*), дизел майы (37,7 миң *т*), жана мазут (43,7 миң *т*) өндүрүлөт. Ишкана чыгарган нефть продуктулары республиканын түштүк райондорунда толук пайдаланылат.

Жалпы өнөр жай продукциясынын 6,4% ин түстүү металлургия өндүрүп, тармактардын ичинен 5-орунда турат. Бул тармактын 3 ишканасы бар, алар: Макмал алтын кен комбинаты, «Макмал алтын», «Кристалл» (жарым өткөргүчтүү кристаллдык кремний ж. б. түрлөрүн чыгаруучу шериктеш өлкөлөрүндөгү жалгыз ишкана) мамлекеттик акционердик коомдору.

Машина куруу жана металл иштетүү өнөр жай тармактарынын ичинен 7,9% продукция өндүрүп, электр-энергетика, отун жана жеңил өнөр жайынан кийинки 4-орунду ээлейт. Тармактын 19 ишканасы бар; ирилери: «Майлуу-Суу электр, лампа заводу», «Нур», «Достук», Гидростальконструкция, «Кыргызэлектроизолит» заводу, «Жетиген» акционердик коомдору, «Анар» заводу, «Ротор» чакан ишканасы ж. б. Облустун машина куруу өнөр жайы республиканын масштабында ушул тармактын 46,1% продукциясын өндүрүп, облустардын ичинен 1-орунда турат. Негизги продукциялары: электр лампалары, электр тогун өткөрбөөчү (изоляциялоочу) материалдар (тасмалар) жана түтүкчөлөр, электр жылыткычтар, насостор, автомобиль тетиктери. Бул тармакта өндүрүлгөн продукциянын көп түрү экспортко ылайыкташтырылып чыгарылат. «Майлуу-Суу электр лампа заводунун» продукциясынын 80,0% тейи, «Нур» акционердик коомунун 60,0% тен ашык продукциясы экспорттолот. Негизги ишканалары Жалал-Абад, Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Кочкор-Ата шаарларында, Сумсарда жайгашкан.

Токой, жыгаччылык жана целлюлоза-кагаз өнөр жайында 23 ишкана иштеп, анын 18и токой өстүрүп, жыгач отундарын, эмерек ж. б. буюмдарды жасоого жарактуу жыгачтарды даярдайт. Ал эми

5 ишкана жыгачтан эмерек ж. б. буюмдарды жасоого ылайыкташкан. Негизги ишканалары: Жалал-Абад шаарындагы «Эмерек», «Көгарт» акционердик коому, Базар-Коргон районундагы «Кыргызтүрк вуд ИНДАСТРИ» биргелешкен ишканасы, токой чарбачылыгындагы чакан ишкана-цехтер ж. б. Облустун аймагында жайгашкан жаңгак токоюнун негизинде жаңгак жыгачынан, айрыкча анын уюлунан (каптан) жогорку сапаттагы, баалуу, дүйнөлүк рынокко өтүмдүү эмеректерди ж. б. буюмдарды жасоого жетишүүгө болот.

Курулуш материалдарын өндүрүү тармагында 12 ишкана иштейт; негизги ишканалары: «Кыргызкурулуш материалдары», «Темирташ» акционердик коомдору, темир-бетон заводу (Жалал-Абад шаарында), «Окакерамика» жоопкерчилиги чектелген коому (Кочкор-Атада), «Береке» акционердик коому (Майлуу-Сууда), «Таш-Рабат» жоопкерчилиги чектелген коому (Токтогул шаарчасында); чыгарган негизги продукциялары: темир-бетон конструкциялары, кыш, карапа, черепица, бетон, курулуш аралашмалары ж. б. Айрым курулуш материалдар (кыш ж. б.) Өзбекстанга сатылат.

Жеңил өнөр жай тармагы өндүргөн продукциясынын көлөмү боюнча облустун өнөр жайынын структурасында 5,7%ти түзүп, түстүү металлургиядан кийинки 5-орунду ээлейт. Иштеген адамдардын саны боюнча тармактын республикадагы үлүшү 7,9%, өндүргөн продукциясынын көлөмү боюнча 29,2%ти түзгөн. Ири ишканалары: «Кыргызпахтасы» акционердик коому, «Актилек-А» жоопкерчилиги чектелген коому, «Мата» акционердик коому, «Акалтын», «Этем Озсой», «Юнисеп Каттон-Рефинери», «Глейзер-Дунай-Нарын» биргелешкен ишканалары ж. б. Жеңил өнөр жай ишканалары негизинен Жалал-Абад, Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу шаарларында, Аксы, Базар-Коргон, Ноокен, Токтогул райондорунда жайгашкан. Алардын чыгарган негизги продукциялары: чигитинен тазаланып таңылган пахта буласы, токулбаган кездемелер, ошондой эле көйнөк, шым, төшөк, бут кийим ж. б. Пахта буласы экспортко (негизинен Россияга) чыгарылат.

Тамак-аш өнөр жайы облустун айыл чарбасында өндүрүлгөн продукцияларды кайра иштетип, эл керектөөчү товарларды, айрыкча азык-түлүктү өндүрүп, калктын муктаждыгын камсыз кылып туруучу маанилүү тармак. Ири ишканалары: «Саралтын» (Таш-Көмүр шаарында, ферменттелген тамеки өндүрөт), «Айып-Булак» (ферменттелген тамеки), «Арак заводу», «Таттуу суу» (кондитер азыктары) акционердик коомдору, Ала-Бука тамеки ферменттөөчү заводу, «Азизтамеки» жоопкерчилиги чектелген коому (ферменттелген тамеки). Ири ишканалары негизинен Жалал-Абад, Таш-Көмүр шаарларында жана Ала-Бука районунда жайгашкан.

Ун-акшак жана аралаш тоют чыгаруу өнөр жайында, 7 ишкана иштеп, аларда жалпы өнөр жайындагы жумушчулардын 4,6%

эмгектенген. Негизги ишканалары Жалал-Абад шаарында жайгашкан; ири ишканалары: «Дан-ЮГ» жоопкерчилиги чектелген коому, Азретайып, «Даназык», Таш-Көмүр шаарындагы «Техник» акционердик коомдору ж. б. Облустун башка ишканалары да бул тармактын кошумча продукцияларын чыгарат; ошондой эле облустун шаарларында, райондорунда, айыл-кыштактарында жеке менчик тегирмендер ун-акшак тартат.

Целлюлоза-кагаз өндүрүшү, басма ишкердиги өнөр жайында 5 ишкана иштейт; алар Жалал-Абад, Таш-Көмүр шаарларындагы басмаканалар жана чакан ишкана.

Айыл чарбасына облустун ички дүң продукциясынын 49,9%и туура келет. Айыл чарба продукциясынын көбүн дыйканчылык өндүрүп, ал пахта, тамеки жана жашылча өстүрүүгө адистешкен. Кийинки жылдарда облустун жеринде кант кызылча жана май өсүмдүктөрү өстүрүлө баштады.

Айыл чарбага жарактуу жери 1918,5 миң *га*, анын 8,7%и айдоо жер, 0,5%и көп жылдык мөмө-жемиш дарактар, 2,0%и чөп чабынды, 88,7%и жайыт 0,3%и кысыр жерлер (2010).

Эгин аянты 149,9 миң *га* (республикадагы эгиндин 13,4%и), анын ичинен 68,0 миң *га* дан (10,9%), 14,3 миң *га* пахта (53,6%), 0,3 миң *га* тамеки (7,3%), 7,4 миң *га* картошка (8,8%), 89,0 миң *га* жашылча (27,5%), 16,1 миң *га* тоют (6,5%), 22,9 миң *га* май өсүмдүктөрү (41,2%), калган 35 миң *га* жерге бакча (47,3%) өстүрүлгөн. Ошондой эле 37,0 миң га жерди мөмө-жемиш бактары (15,7%), 1,4 миң *га* жерди жүзүм (23,3%) ээлеген. Дыйканчылыкта 2010-жылы 239,3 миң *т* дан (республиканын 15,1%и), 42,2% миң *т* пахта (57,0%и), 0,7 миң *т* тамеки (37,1%и), 104,2 миң *т* картошка (7,8%и), 202,5 миң *т* жашылча (24,9%и), 84,2 миң *т* бакча (53,5%и), 39,9 миң *т* мөмө-жемиш (20,7%и) жана 0,5 миң *т* жүзүм (11,1%и) жыйналган.



Кичи-Арым өрөөнү.

Мал чарба тармагы айыл чарба продукциясынын 37,1%ин өндүрөт. 2010-жылы 157,0 миң уй (республиканын 18,3%), 938,5 миң (19,5 %) кой, эчки, 58,9 миң (14,2%) жылкы, 0,6 (1,0%) чочко, 785,5 миң (17,3%) үй куштары болгон.

Жалал-Абад облусунда автомобиль, темир, аба жол жана куур транспорту бар. Алардын негизин Бишкек – Ош автомобиль жолу түзөт. Андан башка облуста Жалал-Абад – Казарман, Үч-Коргон – Кербен – Ала-Бука – Каныш-Кыя ж. б. жолдор бар. Облустун жеринде Кара-Суу – Жалал-Абад – Көк-Жаңгак жана Наманган (Өзбекстан) – Үч-Коргон – Таш-Көмүр темир жолдору бар. Алардын узундугу аз эле болгонуна карабастан башка өлкөлөр менен экономикалык байланыш түзүүдө мааниге ээ. Кочкор-Ата шаарынан Жалал-Абад шаарына чейин газ кууру жеткирилген. Жалал-Абад, Кербен шаарларында, Казарман, Каныш-Кыя кыштактарында аэропорттор иштеп, алардын Бишкек менен аба жол катташы бар. Алардан башка Жалал-Абад, Каракол шаарлары, Тамчы жана Казарман айылдары менен аба жолдору аркылуу байланышат. Облустагы бардык шаарлар жана райондун борборлору облустун борбору – Жалал-Абад шаары менен аба, кабель жана радиореле линиясы аркылуу байланышат.

Облуста 13 жогорку окуу жайы, 8 атайын орто окуу жайы, 22 кесиптик-техникалык окуу жайы, жалпы билим берүүчү 416 мектеп иштейт. Облус боюнча 293 мектепте кыргыз, 6 мектепте орус жана 38инде өзбек тилдеринде, ал эми 74 мектепте сабактар кыргыз, орус, өзбек тилдеринде окутулат.

Облус боюнча 92 клуб тибиндеги мекеме, 3 автоклуб, 189 массалык китепкана (2,0 млн нуска китеп жана журналдары менен), 11 музей, анын ичинен Аксыдагы жана Тогуз-Тородогу тарыхый-чөлкөм таануу музейлери, Сузак районунда Барпынын үй музейи ж. б. бар. Алардан башка балдардын 14 музыкалык, 4 көркөм өнөр, 1 көркөм сүрөт мектептери, Жалал-Абад шаарындагы Барпы атындагы кыргыз драма театры, Т. Тыныбеков атындагы филармония ж. б. бар. Облустук радио уктуруу жана телекөрсөтүү студиясы иштейт.

Облустагы 309 медициналык дарылоо мекемелеринин 261и айылдык амбулаториялар, ооруканалар, фельдшердик-акушердик пункттар. Бардык медициналык мекемелеринде 1664 врач (10 миң адамга 19 врач), 7066 медициналык орто билимдүү кызматкер (81), 7700 орундуу койка (10 миң адамга 89 койка) болгон.

Жалал-Абад шаарынын жанында дарылык касиети жогору болгон минералдуу суунун базасында Жалал-Абад курорту иштейт. Облустун аймагы жаратылыш шартынын кооздугу, кен байлыктарынын ар түрдүүлүгү жана тарыхый эстеликтеринин сакталышы менен белгилүү. Дүйнө жүзүндөгү жаңгак токойлор-

дун ичинен эң көп аянтты ээлеген белгилүү Түштүк Кыргызстан жаңгак мөмө-жемиш токоюнун 90% аянты облустун жеринде. Сары-Челек көлүнүн айланасы, Аркыт, Арстанбап, Кызыл-Үңкүр, Кара-Алма ж. б. жерлердин кооздугун айрыкча белгилөөгө болот. Облустун жеринде Таш доорунда адам жашаган Кара-Суу туругу, Саймалы-Таш (б.з.ч. 2 к.– б.з. 8-к.) жана Чаар-Таштагы таш бетине чегилген сүрөт-эстеликтер, Торкен көрүстөнүнүн (1–5-к.) калдыктары, 10–12-кылымдардагы Күлбөсхан, Чанчархан жана Тогуз-Торо шаар-чептеринин чалдыбарлары, Фазилшахтын (12-к.), Арстанбабанын (16-к.) мүрзөлөрү, Ыдырыс Пайгамбардын күмбөзү (19-кылымдын башы) жана акыркы жылдарда калыбына келтирилип, кайра курулган Курманбек баатырдын күмбөзү бар.

### VIII. 3. 1. Облустун шаарлары

**ЖАЛАЛ-АБАД** – шаар, Жалал-Абад облусунун борбору (1991-жылдан); шаар статусун 1887-жылы алган. Чыгарган дүң продукциясынын көлөмү жана өнөр жай потенциалы боюнча Кыргызстанда Бишкек, Оштон кийинки 3-шаар. Жалал-Абад шаары Көгарт өрөөнүндө, байыркы Улуу Жибек жолунун, ошондой эле азыркы Бишкек – Ош автомобиль жолунун боюнда жайгашкан. Автомобиль жана темир жол тоому. Кыргызстандын борбору – Бишкек шаарынан 560 *км* түштүк тарапта; Ош шаарына чейинки аралык эски жол менен (Өзбекстандын Ханабат шаары аркылуу) 60 *км*, жаңы жол менен (Өзгөн шаары аркылуу) 100 *км*. Шаар аянты 2821 *га*. Калкы 92,1 миң (2009). Жалал-Абад 1924–26-жылдары округдун, 1926–28-жылдары кантондун, 1939–59-жылдары жана 1991-жылдан облустун борбору.

Шаар Айып-Тоонун этегиндеги түздүктө, деңиз деңгээлинен 755–800 *м* бийиктикте жайгашкан. Ал Кыргызстандагы эң жылуу жана күнөстүү шаар. Жайы ысык, кургакчыл, июлдун орточо температурасы 27°С, кышы мелүүн суук, жумшак, январдыкы – 4,1°С, жылдык орточо температурасы 12,7°С. Жаан-чачындын жылдык орточо өлчөмү 490 *мм*. Айып-Тоонун капталынан чыккан ысык жана минералдык суулардын базасында Жалал-Абад курорту иштейт.

Жалал-Абад революцияга чейин эле Кыргызстандагы ири шаарлардын бири болгон. 1897-жылкы бүткүл Россиялык эл каттоонун маалыматы боюнча Жалал-Абаддын калкы 2,7 миң, 1913-жылы 4,5 миң, 1926-жылы 9,7 миң болсо 2009-жылы 92,1 миңге жеткен.

Жалал-Абад жалпы Фергана ойдуңунун экономикасына жана социалдык-маданий жашоосуна таасир этүүчү ири кыштак катары 19-кылымда белгилүү болгон. Анын соодага ыңгайлуу жолдун тоомунда жайгашуусу, дыйканчылыкка жагымдуу жаратылыш шарты, кыштактын тез өнүгүүсүнө шарт түзгөн. 19-кылымдын орто ченинде

бул жерде кербен сарай болуп, Фергана ойдуңунун жана Көгарт, Тогуз-Торонун калкынын ортосунда мал чарба продуктуларын алмашуучу дүң соода түйүнүнө айланган. 1890–1910-ж. Жалал-Абадда болуштук кеңсе ачылып, көчөлөр тартипке келтирилген. Почта иштей баштаган. Шаарда пахта ж. б. техникалык, бакча өсүмдүктөрүн өстүрүүнү жакшыртуу багытында «Тажрыйба» участкасы түзүлгөн. Фельдшердик бөлүм ачылган. Ал эми 1912-жылы 6 орундуу биринчи оорукана иштей баштаган. 1916-жылы Жалал-Абадда 1-банк ачылган, шаарга темир жол жеткирилип, 1916-жылы 1-поезд келген. 1917-жылы 17–19-декабрда шаарда Совет бийлиги жарыяланган. Кыргызстан Россия менен кошулгандан кийин Жалал-Абад шаарынан болуштуктун, 1924–28-жылдары Жалал-Абад округунун борбору болгон. 1927–28-жылдары Жалал-Абад кантону уюшулуп, Айым, Жалал-Абад, Көгарт, Базар-Коргон, Майкен, Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар, Чаткал болуштарын бириктирип, борбору – Жалал-Абад шаары болгон. 1928-жылы Жалал-Абад кантону Ош кантону менен биригип, Ош округу аталган. 1939–59-жылдары Жалал-Абад облусунун борбору болгон.

1926-жылы облустук китепкана ачылган. Жалал-Абад шаарында көптөгөн белгилүү инсандар жашап, иштеген. Алардын ичинде Айтматов Төрөкул – Жалал-Абад кантонунда жер-суу реформасын жүргүзүү боюнча төрага (1926–29), Эргеш Алиев – кыргыздардын ичинен чыккан милициянын биринчи генералы, Кубат Жуматаев Жалал-Абад обком комсомолунун мурдагы катчысы (кийин ал Александр Матросовдой, Чолпонбай Түлөбердиевдей эле эрдик көрсөткөн) болуп иштеген. 1926-жылы педтехникум ачылган (ал азыркы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башаты болгон). Ал 1937-жылдан педагогикалык окуу жайы, 1947-жылдан 1957-жылга чейин мугалимдер институту деп аталган. Жалал-Абад педагогикалык окуу жайынын бай тарыхында андан Кыргызстандын көптөгөн көрүнүктүү инсандары билим алган жана иштеген. Мисалы, Кыргызстандагы белгилүү жазуучулар жана акындар – Т. Үмөталиев, Т. Касымбеков, Ш. Абдраманов, М. Борбугулов, М. Байжиев, Т. Саманчин, Т. Шамшиев ж. б. 1993-жылы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайынын базасында Жалал-Абад мамлекеттик университети (ЖАМУ) ачылды.

1939-ж. жаңыдан уюшулган облустун борборуна айланганы шаарда пахта тазалоочу завод, МТС, тери иштетүүчү, кийим тигүүчү ишканалар, кыш заводу, сүт заводу, эт комбинаты ж. б. ишканалар, маданий мекемелер, спорт аянтчалары ачылган. Согуштан кийинки жылдары экономикасы жана турмуш-тиричилик мекемелери кеңейген. 1947-ж. аэропорт, пиво заводу ж. б. ишке киргизилген.

Жалал-Абад шаары 1980-жылдарда Кыргызстандын өнөр жайы жана маданий ири борборлорунун бирине айланды. Металл

иштетүү, жеңил, тамак-аш ж. б. өнөр жай тармактары өнүккөн, пахта тазалоочу жана жыгач иштетүүчү заводдор, кондитердик бирикме, эмерек жана кийим тигүү фабрикалары, курулуш материалдар комбинаты, тамеки ферменттөө заводдору бар экономикалык борборго өсүп чыкты.

1990-жылдары шаарда мурунку ишканалар жана мекемелерге кошумча облустук деңгээлдеги уюмдар, мекемелер түзүлдү. 1996-ж. Кыргызстанда 1-болуп, нефть продуктуларын кайра иштетүүчү комбинат ишке киргизилди, элге керектүү товарларды чыгаруучу эл аралык биргелешкен ишканалар пайда болду. 1993-жылдан университет, коммерциялык институт, окутуунун жаңы технологиясына негизделген лицейлер ачылды. Барпы театры, филармония сыяктуу маданий борборлор пайда болду. Көп улуттуу Жалал-Абаддыктардын өз алдынча улуттук-маданий борборлору, мезгилдүү басма сөз каражаттары, теле көрсөтүүлөрү ишке кирди. 2001-ж. облустун борборунда Курманбек баатырдын 500 жылдык маарекеси белгиленген. Салтанатка арналган шаардын кире беришине «Курманбек – кылымдар мурасы» комплекси, элдик майрамдын негизги аземи өткөрүлгөн «фольклордук талаа», «Телтору» ат майданы ж. б. курулган. 2002-ж. Жалал-Абад шаары өзүнүн 125 жылдыгын белгиледи.

Жалал-Абад шаарынан административдык-аймактык жактан 4 коомдук-аймактык өкмөткө бөлүнөт: «Достук», «Курманбек», «Амир-Темир» жана «Спутник». Шаарга ошондой эле Тайгараев атындагы айыл округу да карайт; ага С. Жээнбеков атындагы, Котур-Каман, Чапкындык, Чоң Кызыл-Суу, «Кыргызстан», Таш-Кутчу, Кызыл-Суу кыштактары кирет.

Жалал-Абад шаары Кыргызстандагы социалдык (инфраструктурасы) жана экономикалык жактан өнүккөн административдык, маданий жана өнөр жайлуу негизги борборлордун бири. Өнөр жай тармактары ж. б. мекемелерде иштегендердин саны боюнча Жалал-Абад Кыргызстандын түштүгүндөгү 2-ири шаар. Облустун өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнүн 20,5% ин Жалал-Абад шаарынын өнөр жай ишканалары чыгарган товардык продукция түзөт, ал эми электр энергия өндүрүшүн кошпой эсептегенде ал 42,0% ке жетет. Натыйжада, облустун бюджетине түшкөн кирешенин 35% ин, бажы жыйымдарынын 51% ин шаар камсыз кылат.

Жалал-Абад шаарында өз алдынча балансы турган 40тан ашык өнөр жай ишканасы иштейт. Ал ишканалар облустун өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн 20% тен ашыгын өндүргөн. Өнөр жайынын тармактык курамында өнөр жай продукциясынын басымдуу бөлүгүн отун, жеңил, ун-аралаш тоют, тамак-аш, машина куруу жана металл иштетүү, курулуш материалдары өнөр жай ишканалары ж. б. берет. Шаардагы ири өнөр жайы ишканалары:

«Кыргыз Петролеум Компани» биргелешкен ишканасы (2010-жылы шаардын өнөр жай продукциясынын 25,0%ин өндүргөн), «Айыпбулак» заводу, «Арак заводу» жабык типтеги, «Азретайып» ачык типтеги акционердик коому (дан продуктулар комбинаты), «Акалтын» жоопкерчилиги чектелген коому, «Нур» акционердик коому, «Азизтамеки» жоопкерчилиги чектелген коому, «Мата» ачык акционердик коому ж. б. Бул ишканалар пахта буласын, ферменттелген тамеки, ун, ликер-арак продуктулары, токулбаган кездеме, туташтыргычтар, жеңил машиналар үчүн тетиктер, бензин, дизель майы, мазут өндүргөн, ошондой эле шаардын өнөр жай ишканалары консоль насосторун, электр-радиаторлорун, курама-бетон, эмерек, шпон, минералдуу суу, ошондой эле элге кеңири керектелүүчү кийим тигүү жана трикотаж буюмдарын, эмерек, азык-түлүк товарларын, өсүмдүк майын, кондитер жана макарон азык-түлүктөрүн, суусундуктарды, самын ж. б. чыгарат.

Шаардын айыл чарба өндүрүшүндө Тайгараев айыл округундагы 3 биргелешкен дыйкан чарбасы, 1061 жеке дыйкан чарбалары иштейт; алардын жеринин жалпы аянты 6396 *га*. Айыл чарбага жарактуу жердин аянты 4890 *га*, анын ичинен айдоо жери 1297 *га*, сугат жери 1455 *га*, жайыты 2964 *га*, чабынды 542 *га*, көп жылдык өсүмдүктөр 87 *га*. Дыйканчылык айыл чарба продукциясынын 60%ин берет; анда дан эгиндери, май өсүмдүктөрү, жашылча (50 *га*), пахта (10 *га*), тамеки (10 *га*), мөмө-жемиш, жүзүм ж. б. өстүрүлөт. Ошондой эле шаар чарбасында кара мал, кой-эчки, чочко, жылкы, үй кушу асыралып, эт, сүт, жүн, жумуртка, дан, пахта, май, картошка, жашылча, тамеки, мөмө-жемиш даярдалган.

Азыр шаардын аймагында АКШ, Канада, Корея, Кытай, Түркия, Швейцария, Италия өңдөнгөн өлкөлөрдүн ири компаниялары жана фирмалары менен биргелеш 13 ишкана иштеп, киреше алып жана өзүнүн продукцияларын Борбордук Азия өлкөлөрүнө сатып жатат.

Шаарда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, ошондой эле республикада иштеп жаткан ар түрдүү банктардын филиалдары бар. Мындан сырткары финансы уюмдары менен кредиттик линиялардын 18 өкүлчүлүктөрү менен филиалдары бар.

Жалал-Абад шаарынын аймагында транспорттун төрт түрү өнүккөн. Алар автомобиль, темир жол, аба жана куур транспорту. Булардын ичинен маанилүүсү автомобиль транспорту. Жалал-Абад шаарынан облустун негизги жол тоому катары облусту Кыргызстандын башка аймактары, республиканын борбору – Бишкек шаары, ошондой эле Өзбекстан, Тажикстандын шаар-кыштактары менен байланыштырып турат. Ири магистралдары: Жалал-Абад – Бишкек, Жалал-Абад – Ош, Жалал-Абад – Анжиян (Өзбекстан), Жалал-Абад – Токтогул, Жалал-Абад – Кербен – Ала-Бука – Ка-

ныш-Кыя, Жалал-Абад – Арстанбап ж. б. Автомобиль жолунун жалпы узундугу 415 *км*, алардын 70% ине асфальт төшөлгөн. Шаарда 4 автотранспорт ишканасы иштейт.

Жүргүнчү жана жүк ташууда аба транспортунун мааниси чоң. «Жалал-Абад» аэропортунан Бишкек, Каракол шаарларына, Тамчы жана Казарман айылдарына авиакаттамы болуп турат. Жалал-Абад шаарына Кочкор-Ата шаарчасынан газ кууру жүргүзүлгөн. Шаарда «Жалал-Абадгаз» башкармалыгы иштеп, анын балансында турган магистралдык газ куурунун узундугу 102 *км*, жогорку басымдуу газ куурунуку 171 *км*, Жалал-Абадда газ бөлүштүрүүчү 4 тармак жана 50 пункт бар. Шаарга узундугу 10,2 *км* келген «Спутник» кичи району менен автовокзалды байланыштыруучу троллейбус линиясын куруу каралууда.

Жалал-Абад – Түштүк Кыргызстандагы маданияттын жана билим берүүнүн ири борбору. 19-кылымдын аягында мында 8 мечит, 2 мектеп болгон. Азыр шаарда жалпы билим берүүчү 20 мектеп иштеп, анда 20 миңден ашуун окуучу окуган; 20 бала бакчада 3 миңден ашык бала тарбияланган. Үч лицей, 2 спорт мектеби, балдардын экология, край таануу жана техникалык чыгармачылык борбору, балдарга билим берүү борбору, балдардын чыгармачылык үйү, кыргыз-түрк лицейи, менчик мектеп, музыкалык мектеп (1956-жылдан), сүрөт мектеби (1975-жылдан) иштейт. Орто билимдүү атайын адистикти маданият техникуму, медициналык окуу жайы (1939-жылдан), педагогикалык колледж берет; ошондой эле 2 кесиптик-техникалык лицей (1938-жылдан айылдык, 1957–75-жылдары шаардык кесиптик-техникалык окуу жайы болгон) бар. Жогорку билим берүүчү окуу жайлардан Жалал-Абад мамлекеттик университети (ЖАМУ), Жалал-Абад коммерциялык институту жана Жалал-Абад мамлекеттик техникалык институту иштейт. Илим-изилдөө иштерин Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнө караган Биосфера, Энергетика жана Микроэлектроника институттары, табиятты коргоо коому, жогорку окуу жайлары жүргүзөт.

Жалал-Абад шаарында калкты медициналык жактан тейлөөчү 21 мекеме иштейт, анын алтоо стационар. Медициналык мекемелерде 432 врач жана 949 медициналык орто билимдүү кызматкерлер эмгектенет. Шаарда облустук бириккен оорукана, облустук балдар ооруканасы (305 орундуу), кургак учук оорусун дарылоо диспансери (1947-жылдан иштейт), «Бакыт» балдар реабилитация борбору, 5 бейтапкана, 11 үй-бүлөлүк врачтар тобу, «Дени сак үй-бүлө» борбору, облустук төрөт үйү (130 орундуу) иштейт. Шаар калкынын ден соолугун чыңдоодо Жалал-Абад курортунун мааниси зор.

Барпы Алыкулов атындагы драма театры, Т. Тыныбеков атындагы облустук филармония, 7 кинотеатр, облустук китепкана (5 фи-

лиалы бар; жалпы китеп фондусу 600 минден ашык нуска), музей, 3 эс алуу паркы (Токтогул жана Навои атындагы, «Спутник» кичи районунда) иштейт. Спорт менен машыгуу үчүн шаарда 2 стадион, олимпиялык резервдеги балдардын спорт мектебинин үстү жабык спорт залы, сууда сүзүүчү бассейн жана 500 орундуу ден соолукту чыңдоочу комплекс бар.

**КАРА-КӨЛ** – шаар. Облустун борбору Жалал-Абад шаарынан 175 км түндүк-батышта, Таш-Көмүр темир жол бекетинен 78 км аралыкта. 1962-жылы Токтогул ГЭСин куруучулардын шаарчасы катары негизделген. 1977-ж. шаар статусун алган. Нарын дарыясынын сол жээгинде, Бишкек – Ош жолунун боюнда. Калкы 20,8 миң (2009); негизинен кыргыздар (80%тен ашуун), ошондой эле орус, өзбек, татар, азербайжан, белорус ж. б. улуттар жашайт.



Кара-Көл шаары.

Азыркы шаар жайгашкан жер Жазы-Кечүү деп аталган. Малга жайлуу болгондуктан, жергиликтүү эл негизинен мал чарбачылык менен тиричилик кылган. Айрым жерлерге жүгөрү, таруу, шалы (күрүч) эккен. Совет бийлиги орногондон кийин колхоздоштуруу башталып, эки колхоз түзүлгөн. 50-жылдары эл чарбасын өнүктүрүү үчүн пахта өстүрүү колго алынып, Жазы-Кечүү айылынын калкы Ноокен районунун аймагына көчүрүлгөн. 60-жылдары Токтогул ГЭСинин курулушу башталган.

Учурда Кара-Көл шаарында Токтогул ГЭСинин каскады, «Достук заводу», «Нарынгидроэнергиякурулуш», «Гидромонтаж», «Аэродромкурулуш» ж. б. 12 акционердик коом иштейт. «Нарынгидроэнергиякурулуш» акционердик коомунда 3000дей киши иштейт. Республиканын бардык аймактарында жана Бишкек, Ош шаарларында курулуш иштерин жүргүзөт. Түркиянын «Суусамыр-Интер», «Энтес», Ирандын «Кейсон», «Ирдопаз» жол реконструкциялоочу фирмалары менен кызматташууда. «Кыргызгидроатайынкурулуш» акционердик коому Камбар-Ата, Таш-Төмүр, Шамалды-Сай ГЭСтеринде жана Өзбек Республикасындагы Резаккамчик ашуусундагы тоннелге, ал эми «Гидромонтаж» акционердик коому Үч-Коргон, Таш-Көмүр, Камбар-Ата, Ат-Башы ГЭСтеринде курулуш-монтаждоо иштерин аткарган. «Аэродромкурулуш» ак-

ционердик коому Бишкек – Ош автомобиль жолун реконструкциялоодо зор салым кошкон.

Рынок экономикасынын шартына өтүүдө бир топ реформалык иштер жүргүзүлүп, натыйжада шаарда 4 кичи ишкана, 1 кооператив, 117 жеке ишкер, 2 менчик дүкөн, 11 жоопкерчилиги чектелген дүкөн ишке киргизилген. «Ротор» кичи ишканасы 1996-жылы түзүлүп, бөтөлкө оозун бекитүүчү капкактарды чыгарат. «Нурланалко» жоопкерчилиги чектелген коому ичимдик чыгарат. 1999-жылы Бишкек – Ош автомобиль жолунун боюнда «Кыргызтелеком» акционердик коомунун шаар жана эл аралык кварцтык телефон байланыш пункту, 2000-ж. 105 орундуу базар пайдаланууга берилген. Кара-Көл шаары Бишкек – Ош автомобиль жолунун боюнда жайгашкандыктан Кыргызстандын бардык аймактары менен байланышта. Автобус (Кара-Көл – Жалал-Абад, Кара-Көл – Токтогул, Кара-Көл – Өзгөрүш) үзгүлтүксүз каттайт.

Шаарда 6 орто, 2 негизги мектеп, музыкалык мектеп, балдардын чыгармачыл үйү, 2 китепкана, 3 бала бакча, спорт мектеби, ошондой эле Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кара-Көл инженердик факультети (1962-ж. Бишкектеги политехникалык институтунун даярдоо бөлүмү катары ачылып, 1963-жылдан техникалык факультети уюшулган). Кесиптик-техникалык окуу жайы, «Кайыңды» эс алуу лагери (жылына 600–800 бала эс алат), «Энергетик» спорт комплекси (200 орундуу, күрөш, каратэ, футбол ж. б. спорттун түрлөрү менен машыгышат) иштейт, ошондой эле маданият үйү да бар. Кара-Көл шаардык борборлоштурулган ооруканасында, 4 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 2 фельдшер-акушердик пункт, төрөт үйү бар.

**КОЧКОР-АТА** – шаар (2003-жылдан). Жалал-Абад облусундагы Ноокен районунун аймагында. Бабаш-Ата кырка тоосунун түштүк этегинде, Бишкек – Ош автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңгээлинен 618 *м* бийиктикте жайгашкан. Ноокен районунун борбору Масы кыштагынан 13 *км* батыш тарапта, облустун борбору жана темир жол бекети Жалал-Абад шаарынан 56 *км*. Кочкор-Ата нефть газ кендерин казып алууга байланыштуу 1952-ж. курула баштаган, алгач «Новостройка» деп аталган. 1953–2003-жылдары шаарча. Шаардын жалпы аянты 485 *га*. Калкы 14,8 миң (2009). Кочкор-Атада «Кыргызнефтьгаз», «Кыргызгеофизика» (нефть газ кендерин чалгындоо иштерин жүргүзөт), Кочкор-Ата айыл курулуш, «Керамика» (кыш ж. б. курулуш материалдарын чыгарат) акционердик коомдору иштейт. Техникалык коллеж, кесиптик-техникалык окуу жайы, 3 орто мектеп, гимназия, маданият үйү, 1000 номерлүү байланыш бөлүмчөсү, оорукана, балдар консультациясы, ден соолукту калыбына келтирүүчү облустук оорукана, спорттук комплекс, стадион бар.

**КӨК-ЖАҢГАК** («көк» иран тилдеринде «кух» – тоо маанисин билдирет; тоо жаңгагы) – шаар (1943-жылдан); Жалал-Абад облусундагы Сузак районунун аймагында; темир жол бекети. Шаар Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш этегинде, Көгарт суусунун сол куймасы – Коргон-Таш суусунун боюнда, Серүүн-Дөбөгө жакын, деңиз деңгээлинен 1350–1590 *м* бийиктикте жайгашкан. Жалал-Абад шаарынан 30 *км* түндүк-чыгыш тарапта, табияты кооз жаңгак-жемиш токойлуу аймакта жайгашкан. Шаар жайгашкан аймактын кышы жумшак (январдын орточо температурасы –10°Сге чейин), жайы салкын (июлдуку 20°С). Жаан-чачындын жылдык орточо өлчөмү 450 *мм*, көбүнчө кыш жана жаз айларында жаайт. 1958-жылы Көк-Жаңгак шаарында калктын саны 27 миңге жеткен. 2009-жылы 10,5 миңди түзгөн. Көп улуттуу: көбү кыргыздар, ошондой эле орус, өзбек, татар, курд ж. б. жашайт.

Көк-Жаңгак кыштак катары 1896-ж. негизделген. Анын эски калдыктары шаардын түштүк-батыш тарабында (4–5 *км* аралыкта) тоонун этегинде сакталган. Көмүр 1910-жылдан казып алына баштаган. 1931-ж. Жалал-Абад – Багыш – Көк-Жаңгак темир жолу курулган. 1932-ж. «Көк-Жаңгак көмүр» кен башкармалыгы уюшулган.

Шаарда таш көмүр шахтасы, кийим тигүү фабрикасы (1968-жылдан иштейт), «Жетиген» (1972-жылы ишке киргизилген «Профиль» заводу), «Коргон-Таш», «Тулпар» акционердик коомдору, «Гүлазык» нан заводу, банк, байланыш бөлүмү, турмуш-тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү, басмакана, дүкөн, ашкана, чайкана, ресторан ж. б. иштейт. Транспорттук жана экономикалык байланыштары темир жана автомобиль жолдору аркылуу жүргүзүлөт. Көк-Жаңгак автобекети 1979-ж. курулган. Шаарда кесиптик-техникалык лицей, 5 орто мектеп, музыкалык мектеп, спорт мектеби, шаардык китепкана, оорукана (1935-жылдан иштейт), 4 бала бакча, бейтапкана, дарыкана, тез жардам берүү бөлүмү (1934), музей (1985), маданият үйү, кинотеатр ж. б. мекемелери бар. Совет бийлигин орнотууда жана Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

**МАЙЛУУ-СУУ** (1956–92-жылдары М а й л ы - С а й) – Жалал-Абад облусундагы шаар (1956-жылдан), Ноокен районунун аймагында. Бабаш-Ата кырка тоосунун этегинде, Майлуу-Суу суусунун боюнда жайгашкан. Аянты 12,1 миң *га*. Облустун борбору жана темир жол бекети Жалал-Абад шаарынан 118 *км* түндүк-батыш тарапта. Калкы 18,1 миң (2009); көбү кыргыздар; ошондой эле орус, өзбек, татар ж. б. улут өкүлдөрү жашайт. Шаардын четинде Көк-Таш, Сары-Бээ шаарчалары, Көк-Ой, Кара-Жыгач кыштактары жайгашкан. Майлуу-Суу өнөр жайлуу шаар. Мында электр лампа, электр тогун өткөрбөс материалдар (Кыргызэлектризолит заводу) заводдору, Майлуу-Суу жылуулук менен камсыз кылуу



Майлуу-Суу электр-лампа заводу.

өндүрүштүк бирикмеси, «Майлуу-Суу» кийим тигүү фабрикасы, «Береке, «Акнан», «Азат», «Баатыр» акционердик коомдору, «Кыял» чакан ишканасы ж. б. өнөр жай ишканалары, ошондой эле «Серей» жоопкерчилиги чектелген коому, «Чебер» фирмасы, телеком, почта байланыш түйүнү иштейт. Шаарга жакын нефть жана газ кендери чыгат. Шаарда 8 орто мектеп, кесиптик лицей, электр-техникалык коллеж, медициналык окуу жайы, балдардын жатак үйү, карылар жана майыптар үйү, маданият үйү, стадион, кинотеатр, мечит, 3 бала бакча, бириккен шаардык оорукана (305 орундуу), борбордук дарыкана, ден соолукту чыңдоо борбору, шаарды турмуш тиричилик жактан тейлөөчү (шаарды жашылдандыруучу суу каналы ж. б.) ишканалар бар.

Шаарды көркөмдөп турган тарыхый эстеликтер да бар; алар «Согуштук даңк проспектиси» (1941–45-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушка катышкан Майлуу-Суулук жоокерлердин урматына 1989-ж. тургузулган) жана «Эрдик» монументтери (Баткен жергесинде эл аралык террористтик топтор менен болгон куралдуу кагылышууда курман болгон Майлуу-Суулук жоокерлердин урматына 1999-жылы тургузулган).

Шаар эзелтен дыйканчылыгы өнүккөн Фергана ойдуңу менен көчмөн чарбасы өнүккөн тоолуу аймактын чегинде жайгашкандыктан, анда илгертен эле соода-сатык, товар алмашуу иштери кеңири жолго коюлгандыгы айгинеленет. Майлуу-Суу аркылуу Улуу Жибек жолунун бир бутагы, Орто Азиядан Кытайга кеткен кербен жолу Даван-Сай капчыгайы ж. б. жолдор аркылуу өткөн.

**ТАШ-КӨМҮР** – Жалал-Абад облусундагы (1943-жылдан) шаар, темир жол бекети. Нарын дарыясынын оң жээгинде, Бишкек – Жалал-Абад автомобиль жолунун боюнда, Жалал-Абад шаарынан 147 *км* түндүк-батыш тарапта, Бишкек шаарынан 450 км аралыкта, деңиз деңгээлинен 585 *м* бийиктикте жайгашкан. Таш-Көмүр шаарына Шамалды-Сай, Кызыл-Жар шаарчалары, Теңдик айылы да кирет. Калкы 31,7 миң (2009); көбү кыргыздар (81,4%), ошондой эле орус, өзбек, казак, татар, украин, тажик ж. б. улуттар жашайт.

Таш-Көмүр шаары ушул аймактагы көмүр бассейнинин өздөштүрүүгө байланыштуу пайда болгон. 1930-ж. көмүр кени ачылып,

азыркы шаардын ордуна шахтёрлордун чакан кыштакчасы курулган. Көмүр казып алууну тездетүү максатында темир жол салынган. 1935-жылы Таш-Көмүр району болуп түзүлгөн. Карамагына азыркы Аксы жана Ноокен райондорунун айрым бөлүктөрү кирген. Негизги өнөр жай тармактары: көмүр казуу, гидроэнергетика, химиялык, металлургиялык өндүрүш, тамеки ферменттөө, курулуш, транспорт ж. б. Негизги өнөр жай ишканалары: «Кристалл» мамлекеттик акционердик коому, «Тегене» жоопкерчилиги чектелген коом, «Саралтын» акционердик коому, курулуп жаткан ГЭСтер ишканасы, «Таш көмүр», «Күч», «Аргымак», «Суусамыр», «Жеразык», «Айылкөмөк», «Ален» акционердик коомдору, «Бакай майрам» жоопкерчилиги чектелген коому, Гидроболотконструкция, жыгачтан эмерек, буюм жасоочу цех ж. б. Шаарда 2 автотранспорт ишканасы («Аргымак» жана «Буудан» акционердик коомдору) бар. Аларда 200гө жакын адам эмгектенет. Республикалык психоневрологиялык оорукана, оорукана, маданият сарайы, телестанция, кинотеатр, китепкана, мечит ж. б.; маданий агартуу мекемелери бар. 12 орто, башталгыч мектеп, 6 бала бакча, кесиптик лицей, 3 жогорку окуу жайдын филиалы болгон. Шаарда орто жана чакан бизнес чөйрөсү да өнүккөн.


Таш-Көмүр шаары.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Жалал-Абад облусунун жаратылыш байлыктарын аныктагыла.
2. Картага администрациялык райондорду, шаарларды жана шаарчаларды түшүргүлө?
3. Облустун энергетикасынын республикадагы үлүшүн аныктагыла?
4. Облустун өнөр жай тармактарынын өзгөчөлүктөрүнө түшүнүк бергиле?
5. Айыл чарбасынын өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү?
6. Транспорттун өнүгүшү жана алардын мааниси жөнүндө айтып бергиле?

## VIII. 4. НАРЫН ОБЛУСУ

Нарын облусу Кыргызстандын борбордук жана түштүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Алгач «Тянь-Шань облусу» деген ат менен 1939-ж. уюшулган. 1962-ж. жоюлуп, республикага баш ийген район болуп калган. 1970-ж. Нарын облусу деген ат менен кайра

уюшулган. 1988-ж. Ысык-Көл облусуна биригип, 1990-ж. бөлүнүп, азыркы Нарын облусу кайра уюшулган. Чыгышынан Ысык-Көл, түндүгүнөн Чүй, батышынан Жалал-Абад жана Ош облустары, түштүгүнөн Кытай менен чектешет. Аянты 45,2 миң *км*² (Кыргызстандын аймагынын $^1/_4$ бөлүгү). Калкы 245,3 миң (республиканын калкынын 5,2% и; 2009). Курамында 5 район (Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын), 1 шаар (Нарын), 2 шаарча (Достук, Миң-Куш), 61 айыл округу, 134 айыл бар. Борбору – **Нарын** шаары.

*21-таблица*

**Нарын облусунун администрациялык-аймактык бирдиктери**

| Администрациялык-аймактык бирдиги | Негизделген жылы | Аянты, миң *км*² | Калкы, миң (2009) |
|---|---|---|---|
| Райондору | | | |
| Ак-Талаа | 1939 | 6,4 | 27,5 |
| Ат-Башы | 1930 | 19,1 | 47,2 |
| Жумгал | 1932 | 5,3 | 36,8 |
| Кочкор | 1930 | 6,4 | 57,9 |
| Нарын | 1930 | 7,8 | 41,7 |
| Шаары | | | |
| Нарын | 1830 | – | 34,2 |
| Шаарчалары | | | |
| Достук (Кара-Тоо) | 1911 | – | 0,7 |
| Миң-Куш (Кабак) | 1949 | – | 2,6 |

**Табияты.** Облус татаал рельефтүү тоолуу аймакта жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 1000 *м*ден (Көкөмерен, Нарын суулары кошулган жерде) 5982 *м*ге чейинки (Какшаал тоо тизмегиндеги Данков чокусу) бийиктикте жатып, аймагынын 70% ке жакынын кырка тоолор ээлейт. Аймагы кенге бай. Анда кара, түстүү, сейрек жана баалуу металлдардын, таш көмүрдүн, курулуш материалдарынын, химиялык сырьёлордун, асыл жана кооз таштардын кендери, ошондой эле жер астындагы суулардын бассейндери, ысык жана минералдуу суулардын булактары табылган. Көмүрдүн ири кендери Жумгал районундагы Кабак күрөң көмүр бассейнинде топтолгон. Эки-Нарындын башатында жайгашкан Жетим темир кени – Орто Азиядагы темир кенташтуу бирден бир бассейн. Сандык нефелиндүү сиенит кени, коргошун, цинк (Арсы, Ак-Таш-Короо, Кубакы, Ак-Көл), алтын (Солтон-Сары ж. б.) ж. б. кендер бар. Таш туздун ири кени Кочкор өрөөнүндө жайгашкан. Түрдүү курулуш материалдарынын кендери, ысык жана минералдуу суу булактары көп.

Облустун климаты континенттик. Кышы суук, узак, жайы салкын. Январдын орточо температурасы Кочкордо – 10,1°С, Ак-Сайда –27,7°С, эң төмөнкү температура (–50°С) Ак-Сай өрөөнүндө,


Чатыр-Көлдүн аймагында катталган. Ак-Сай, Арпа өрөөндөрүндө, Нарындын башында, Соң-Көлдө кыш дайыма суук, жайы жылуу, бирок кыска болот. Нарын жана Жумгал өрөөндөрүнүн батышында вегетациялык мезгил 5 айга созулат. Нарын, Жумгал, Кочкор өрөөндөрүндө, Ат-Башы өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө июлдун орточо температурасы 15°Сге жакын. Жылдык жаан-чачыны облустун басымдуу бөлүгүндө 200–300 *мм*, тоолордо арбыныраак жаайт. Кардын калыңдыгы Нарын, Жумгал өрөөндөрүндө 15–20 *см*ге жетет. Арпа өрөөнүндө 60 *см*ге чейин; Кочкор өрөөнүндө катуу шамалдын таасиринен кар аз түшүп, көпкө жатпайт.

Мөңгүлөрү 4000 *м*ден жогору жайгашкан. Жалпы аянты 500 $км^2$ге жакын. Мөңгүлөрдүн көбү Какшаал тоо тизмегинен орун алган. Ирилери: Ак-Сай, Ай-Талаа, Орто-Таш (Мушкетов), Петров, Наливкин ж. б.

Облустун суулары  Сыр-Дарыя, Тарим, Чүй дарыяларынын жана Чатыр-Көлдүн алаптарына кирет. Ири дарыясы – Нарын. Анын облустун аймагындагы узундугу 400 *км*ден ашык. Ири куймалары: Чоң жана Кичи Нарын, Он-Арча, Ат-Башы, Алабуга, Көкөмерен. Ак-Сай суусу (Мүдүрүм куймасы менен кошо) Таримдин алабына кирет. Ак-Сай менен Мүдүрүм кошулуп, Какшаал дарыясын түзөт. Республиканын гидроэнергия ресурстарынын $^1/_3$и облустун сууларына таандык. Нарын жана анын куймаларынын жылына 36477 млн *кВт · с* электр энергиясын берүү мүмкүнчүлүгү бар. Ири көлдөрү: Соң-Көл, Чатыр-Көл.

Тоонун чөл жана жарым чөл алкактары Кочкор, Жумгал, Ат-Башы өрөөндөрүнүн тамандарын, тоо этектерин, Ак-Сай суусунун жээгиндеги талааларды, Чатыр-Көл өндүрүнүн түзөң бөлүктөрүн ээлейт. Мындагы боз топурактуу жерлерде негизинен шыбак, айрым жерлерде бетеге, баялыш, эфемер, ксерофит өсүмдүктөрү өсөт. Нарын, Ат-Башы, Жумгал, Көкөмерен, Кочкор жана Алабуга сууларынын жайылмаларын бадалдуу токой ээлейт. Ак-Сай, Арпа, Ат-Башы, Кара-Кужур, Нарын, Соң-Көл өрөөндөрүндөгү кыйла аянт тоонун талаа алкагына кирет. Мындагы коңур жана ачык коңур топурактуу жерлерди бетеге-түктүү буудайык, доңуз сырты, шыбак жана эфемерлүү тоолуу талаа ээлейт. Өрөөндөрдү курчаган тоолордун капталдары субальп алкагына кирет. Тоолуу шалбаа топурактарында ар кыл чөптүү субальп шалбаасы өсүп, тоолордун түндүк капталдарында бадал жана карагайлуу токой кездешет. Кырка тоолордун эң бийик бөлүктөрүн альп алкагы ээлейт. Мында түрдүү кыска чөптүү альп шалбаасы жана бетегелүү талаа басымдуу. Облустун аймагынын 3%ин токой жана бадал ээлейт. Алар негизинен Нарын, Жумгал, Ат-Башы райондорунда таралган ийне жалбырактуу жана бадалдуу токойлор.

**Калкы.** Облустун аймагында республиканын калкынын 5,2%и




НАРЫН ОБЛУСУНУН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТАСЫ

(262,1 миң адам) жашайт (2010). Алардын 98,8% кыргыздар, калгандары орус, өзбек ж. б. улуттар. Республикада калкы эң сейрек отурукташкан облус, анын калкынын орточо жыштыгы: 1 *км*² жерге 5,7 адам туура келет (республикада 24). Жумгал, Кочкор жана Нарын өрөөндөрүндө калк салыштырмалуу жышыраак отурукташкан. Калктуу пункттары негизинен жолдорду жана сууларды бойлой жайгашкан. Шаар калкы облустун калкынын 14,3% ин түзөт (37,5 миң адам), алар Нарын шаарында (34,2 миң), Достук (0,7 миң), Миң-Куш (2,6 миң) шаарчаларында жашайт. Облустун ири кыштактары: Ат-Башы (калкы 10,7 миң), Кочкор (9,8 миң), Баетов (8,3 миң), Чаек (7,6 миң), Байзак (5,2 миң), Кара-Суу (3,9 миң), Кош-Дөбө (3,5 миң) ж. б. Облустун калкынын 42,7% ин эмгек курагына жете элек жаштар, 50,5% ин эмгек курагындагылар, 8,8% ин улуу муундагы карылар түзөт.

**Чарбасы.** Облус республикадагы бийик тоолуу, социалдык жана экономикалык жактан салыштырмалуу анча өнүкпөгөн аймак. Акыркы жылдарда облуста базар экономикасынын шартына ылайык менчиктин түрдүү формасындагы өндүрүш жана тейлөө ишканалары пайда боло баштады. Облустун аймагында 1991-жылы атайын мыйзам менен республикадагы биринчи Нарын эркин экономикалык аймагы (ЭЭА) түзүлгөн. Мында өндүрүш жана тейлөө тармактарын өнүктүрүү үчүн чет өлкөлөрдүн каражаттары, ошондой эле дүйнөдөгү алдыңкы өндүрүштүк технологияны пайдаланууда көп жеңилдиктер (бажы акы, салык төлөө ж. б.) берилип, облустун экономикалык жана социалдык деңгээлин жогорулатуу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн. ЭЭАда субъект катары 54 биргелешкен ишкана катталган. Алардын 19 ишканасы экономикасынын ар түрдүү тармактарында иштеп, алтын концентратын этиленге каптоо, минералдуу суу чыгаруу, айыл чарба сырьёлорун, айрыкча жүндү жууп тазалоо, ун тартуу, жашылча консервалоо ж. б. продукцияларды өндүрөт. Ишканалар Кытай, АКШ, Ливан, Кипр, Мальта, Болгария жана Россия менен биргелешип уюшулган. Нарын ЭЭАнын ишканаларында облустун өнөр жайы продукциянын 6,0% и өндүрүлөт.

Ат-Башыдагы асфальт-бетон заводу.



Облустун өнөр жай тармагы начар өнүккөн. Өнөр жай ишканалары: Ат-Башы ГЭСи, «Солтон-Сары» рудниги, Миң-Куштагы «Оргтехника» акционердик коомдору, Агулак көмүр кени мамлекеттик акционердик коому жана Кара-Кече мамлекеттик ишканалары менен катар көмүр казган онго жакын чакан жоопкерчилиги жеңилдетилген коомдору ж. б. Өнөр жайынын негизги тармактары: электр-энергетика, отун өнөр жайы, тамак-аш, ун жана жем тартып чыгаруу, машина куруу. Өнөр жай тармактары чыгарган негизги продукциялар: электр энергия (2010-жылы 146,5 млн *кВт·с*), көмүр (168,4 миң *т*), тигилүү кийимдер, токулган трикотаж кийимдер, арак жана спирт ичимдиктери, ун, минерал суулары.

Облустун жери бийик тоолуу аймак болгондуктан, ага ылайык айыл чарба тармагы – мал, анын ичинен кой, жылкы жана топоз асыроого адистешкен. Дыйканчылык болсо акыркы жылдарга чейин негизинен мал чарбасын тоют менен камсыздандырууга ылайыкташтырылып, арпа жана тоют өсүмдүктөрүн өстүрүп келген. Базар экономикасынын шартына ылайык ар бир аймак түрдүү азык-түлүктөр менен өзүн-өзү камсыздоого мажбур болуп, кийинки



Кочкор өрөөнү. Алдыңкы планда Кочкор кыштагы.

жылдарда облуста буудай, картошка, жашылча, май өсүмдүктөрүн өстүрүүгө көбүрөөк көңүл бурула баштады.

Айыл чарбага жарактуу жери 2819,7 миң *га* (жалпы аянттын 66,8%), анын ичинен 4,3и айдоо аянты, 0,01% и көп жылдык мөмөжемиш бактары, 0,3% и кысыр аңыз, 0,4% и чабынды, 94,9% и жайыт (2010). Эгин аянты 92,3 миң *га*, анын 23,7% ин дан, 6,0% ин картошка, 0,5% ин жашылча, 69,0% ин тоют өсүмдүктөрү ээлейт. 2010-жылы 39,4 миң *т* дан (республиканын 2,5% и), 78,2 миң *т* картошка (5,8% и), 6,2 миң *т* жашылча (0,1%) даярдалган.

2010-жылы 128,9 миң уй, 854,9 миң кой, эчки, 89,9 миң жылкы жана 169,5 миң үй куштары болгон. Алардан 48,4 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта), 116,8 миң *т* сүт, 1,8 миң *т* жүн, 6,7 млн даана жумуртка даярдалган.

Облуста жүргүнчүлөрдү жана эл чарба жүктөрүн ташууда, сырткы жана ички экономикалык байланыштарды тейлөөдө автомобиль транспортунун мааниси зор. Негизги автомобиль жолдору: Бишкек – Балыкчы – Нарын – Торугарт – Кашкар (Кытай), Балыкчы – Кочкор – Чаек – Тунук (Суусамыр өрөөнү); Нарын – Куланак – Баетов – Кош-Дөбө; Нарын – Казарман – Көгарт – Жалал-Абад ж. б. 1994-ж. облустун борбору – Нарын шаарында троллейбус линиясы курулган. Аба жолу аркылуу Нарын шаары Бишкек, Каракол, Жалал-Абад ж. б. шаарлар менен катташат.

Нарын университети (1996-жылы ачылган), райондордун борборлорунда 10 кесиптик-техникалык окуу жайы иштейт. 2007–08-окуу жылында жалпы билим берүүчү 136 мектеп, андан сырткары сабактарды тереңдетип окуткан 14 мектеп, 1 гимназия жана Кыргыз-Түрк жана облустук мектеп лицейлери иштейт.

Облуста улуттук госпиталь, 2 шаардык оорукана, 5 райондук борбордук, 18 участкалык оорукана, 2 диспансер, стоматологиялык бейтапкана, 69 фельдшер-акушердик пункт, 8 санитария-эпидемиологиялык станция, 59 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, Кочкор районунда «Чоң-Туз» спелеосанаторийи иштейт.

1991-жылдан Нарын радиосу 1-программада жумасына 4 жолу эфирге чыгат. Облустун «Нарын-ТВ» телестудиясы 1993-жылдан баштап иштейт. Жумасына 1 жолу жекшемби күнү 4–5 саат көрсөтүүлөрдү уюштурат. 1996-жылдан «Аян» эркин телестудиясы көрсөтөт.

2009-жылы облуста 127 китепкана (1185,5 миң нуска китеби бар), облустук музыкалык драма театры (Нарын шаарында), маданият үйү жана клубдук мекемелер, ошондой эле 3 мамлекеттик, 2 мектепте музей болгон. Облустук «Теңир-Тоо» (1938-жылдан), 5 райондук жана эркин гезит чыгат.

Нарын облусу уникалдуу туристтик ресурстары жана табигый кооз ландшафты менен өзгөчөлөнөт. Кылымдар бою жаткан мөңгүлөр, тоо көлдөрү жана шаркыратмалары, шар аккан дарыясуулар, кооз капчыгайлар, ашуулар, өзгөчө маданияты, археологиялык кызыктуу жерлери – «Таш-Рабат» жана Кошой-Коргон шаар чалдыбары (7–8-к.), Кербен сарайы (10–15-к.) жана Шырдакбектин чебинин (10–12-к.) урандылары, Тайлак баатырдын күмбөзү (19-к.), таш доорундагы тургун жай (Он-Арча) ж. б. тарыхый эстеликтер, салттык жана салттык эмес тренингдин түрлөрүн жүргүзүүгө шарт түзөт; мисалы, атчан же жөө жүрүү, этнографиялык тоо туризми, сал менен тоо дарыясы менен сүзүү ж. б. Нарын коругунда, ошондой эле Эки-Нарында сейрек учуроочу жаныбарларды табигый жашоо шартында көрүүгө болот. Кан-Теңири тоосунда ат менен көп күндүк жүрүшкө чыгып, табигый кооз капчыгайларда эс алып, кыргыздардын түрлүү улуттук оюндарын көрүп, булактардан минералдык сууларды ичүүгө болот.

## VIII. 4. 1. Облустун шаары

**НАРЫН** – Нарын облусу менен Нарын районунун борбору, шаар (1927-жылдан); Ички Теңир-Тоо аймагындагы жол тоому. Бишкек шаарынан 365 *км*, Балыкчы темир жол бекетинен 180 *км.* Нарын дарыясынын (аты да ошондон) боюнда, Ала-Мышык жана Нарын кырка тоолорунун түндүк этегинде, Бишкек – Торугарт автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңгээлинен 2024 *м* бийиктикте жайгашкан. Аянты 5040 *га*. Калкы 34,2 миң (2009).

Калкы (1939-ж. – 4,5 миң, 2009-ж. 34,2 миң), көп улуттуу, негизинен кыргыз (88%тен ашык), андан тышкары орус, өзбек, уйгур, дунган, украин ж. б. улуттар жашайт. Эмгекке жарамдуу калктын 85% и негизинен өнөр жайында, курулушта, соода-сатыкта, райондук, облустук деңгээлдеги кызматтарда, үй кызматында, көмөкчү чарбаларда ж. б. иштейт.



Нарын шаары. Алдыңкы планда Эр Табылдынын эстелиги.

Нарын тарыхый маалыматтар боюнча Жети-Суудан Кашкарга (Кытай) кетүүчү соода жолундагы кокондуктардын чеби катары 19-кылымдын 30-жылдарында негизделген. Чеп 1867-ж. кокондуктардан бошотулуп, ал жерге казак-орус аскер кошуунунан турган гарнизон жайгаштырылып, казарма курулган. Ал гарнизон Бишкек – Нарын – Торугарт соода жолундагы Нарын дарыясына салынган (1868-ж.) көпүрөнү, Боор-Албастагы ашууларды кайтарган. Чептин жанында чакан айыл пайда болуп, анда жашаган татар, өзбек, дунгандар жергиликтүү кыргыздар менен соода сатык жүргүзгөн. 1903-ж. анда 875 адам (анын ичинен 391 орус, 230 өзбек, 64 кыргыз ж. б.) жашаган. Айыл Кашкар тарапка товар жөнөтүүгө ыңгайлуу пункт болгон. Нарын бажыканасы аркылуу жылына 5 миңге жакын жүргүнчү өтүп турган. Калкынын бир бөлүгү мал багып, мал чарба продуктуларын (жүн, тери, кийиз ж. б.) Фергана ойдуңуна кол өнөрчүлүк аспаптарга ж. б. алмашып турган. 1913-ж. мында 1500 киши жашаган. Соодагерлерди тейлөөчү 3 кербен сарай, бажыкана, бир нече чайкана болгон. Бут кийим, кийим тигүүчү, шайман ондоочу 5 кустардык жөнөкөй

устакана иштеген. Чиркөө, мечит, почта, лазарет, башталгыч окуу жайы (12 бала окуган) болгон.

Шаарда Совет бийлиги 1918-ж. орногон. 1918-жылдан уезддин, 1926-жылдан кантондун, 1939-жылдан облустун борбору.

Нарын шаарынын чарбасынын негизин өнөр жай, транспорт жана байланыш, курулуш, коммуналык турак жай чарбасы, турмуш-тиричилик жактан тейлөө, соода жана коомдук тамактануу тармактары түзөт. Нарын шаарынын жайгашкан жеринин деңиз деңгээлинен бийиктиги, климаттык шартынын татаалдыгы, республиканын борбору Бишкектен алыстыгы, темир жол транспортунун жоктугу шаардын экономикалык жактан өнүгүшүнө терс таасирин тийгизген. Натыйжада шаардын экономикалык жактан өнүгүү деңгээли Кыргыз Республикасынын башка облустарынын борборлорунан салыштырмалуу бир топ төмөн турат.

Өнөр жайы өндүргөн продукциянын көлөмү боюнча Нарын шаары республикадагы 25 шаардын ичинен 15-орунда. Ошого карабастан облустагы 20 өнөр жай ишканасынын 13ү Нарын шаарында жайгашкан. Ошондой эле шаарда миңден ашык жеке ишкерлер өнөр жай өндүрүш багытында иштейт. Шаардын үлүшү облуста өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын 63% ине жеткенине карабастан республикадагы өнөр жай өндүрүшүнүн болгону 0,5% ин түзөт. Шаардын негизги өнөр жай продукциясын айыл чарба сырьёлорун кайра иштеп чыгаруучу тамак-аш, ун-акшак жана аралаш тоют өнөр жай тармактары берет. Алардан башка жергиликтүү ресурстарды пайдалануу менен иштеген өнөр жайлардан электр энергетика жана алтын казып алуу тармактары бар.

Нарын шаарынын өнөр жай ишканалары: Ат-Башы ГЭСи, «Даназык» мамлекеттик акционердик коому, «Солтон-Сары» алтын кени, «Башат» акционердик коому (кийим тигүү фабрикасы). Өнөр жай ишканалары өндүргөн негизги продукциялары: электр энергиясы, курама темир-бетон, тигилүү кийимдер, эт, колбаса, ун, нан жана нан азыктары, кондитер азыктары ж. б. өнөр жайында өндүрүлгөн продукциялардын дээрлик бардыгы (алтын концентратынан башкасы) шаар менен Нарын облусунун ички базарында сатылып, жергиликтүү калктын керектөөлөрүн камсыз кылууга гана жумшалат.

Нарын шаары облустун негизги жол тоому катары облустун райондорун бириктирүү менен, Кыргызстандын башка аймактары, анын ичинен ири өнөр жайлуу борборлору менен байланышып турат. Анда автомобиль жолунун мааниси зор. Алгачкы автомобиль Нарынга 1937-жылы келген. Эң ири автомобиль жолдору: республикалык маанидеги Нарын – Балыкчы, эл аралык маанидеги Нарын – Торугарт – Кашкар (Кытай). Балыкчы шаары аркылуу республиканын борбору Бишкекке (дайыма) жана Каракол шаарына автобус каттайт. Автобустун шаар аралык (Нарын – Ат-Башы,

Нарын – Баетов, Нарын – Казарман, Нарын – Жер-Көчкү) 4, шаар айланасы (Нарын – Учкун, Нарын – Эмгекчил ж. б.) боюнча 20 маршруту иштейт. Шаар айланасына жана шаарда жүргүнчүлөрдү автобус, троллейбус, 1994-жылдан такси ташыйт.

Нарынга алгачкы самолёт 1946-ж. келип конгон. Ошол жылдан авиация Бишкек – Нарын маршруту боюнча почта, кийинчерээк жүргүнчү ташый баштаган. 1990-жылга чейин аба жолу аркылуу Нарын республиканын борбору – Бишкек, ошондой эле Ош, Чолпон-Ата, Каракол шаарлары, айрым айыл-кыштактар менен байланышып турган. 1954-жылдан «Нарын» аэропорту иштейт.

Шаарда жалпы билим берүүчү 12 мектеп, 5 бала бакча, 1993-жылдан мектеп-лицей, 1994-жылдан кыргыз-түрк лицей мектеби иштейт. 1996-ж. Нарын мамлекеттик университети ачылган; медициналык окуу жайы бар. Шаарда Нарын райондук борбордук оорукана (75 орундуу, 4 бөлүмү, лабораториясы, физиодарылоо, тез жардам кызматы бар), шаардык, облустук бейтапкана, диспансер (облустук оорукана, облустук балдар ооруканасы, кургак учук оорусун дарылоо диспансери ж. б.), стоматологиялык бейтапкана, 3 санитария-эпидемиологиялык станция, 4 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштеген. Шаардын калкы телеберүүлөрдүн 4 программасын (коомдук Россия теле-көрсөтүүлөрү, «Вести», Кыргыз-теле-көрсөтүүлөрү, «Пирамида») көрөт. Жергиликтүү «Нарын-ТВ», «Аян» эркин телестудиялары иштейт. Алар шаардын жана облустун калкына жумасына бир жолу телекөрсөтүү уюштурат. Музыкалык драма театры, 10 китепкана, 2 клуб, музей, музыкалык мектеп, жалпы аянты 33 *га* болгон 4 саябак («Жеңиш», «Алмабак», «Нарын шаарынын 70 жылдыгы», «Борбордук») бар. Нарында облустук «Теңир-Тоо» жана райондук «Жибек жолу» гезиттери чыгат.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Нарын облусунун аймагындагы кандай жаратылыш ресурстары жайгашкан жана алар чарбада кандай пайдаланылып жатат?
2. Облустун калкынын географиясында кандай өзгөчөлүктөр бар?
3. Айыл чарбасынын адистештирилиши кандай, бийик тоолуу жайыттардын ага тийгизген таасирин түшүндүргүлө.
4. Өнөр жайдын мындан аркы өнүгүү келечеги эмнеге байланыштуу?

## VIII. 5. ОШ ОБЛУСУ

Ош облусу – Кыргызстандагы ири администрациялык-аймактык бирдик. Кыргыз Республикасынын түштүгүндө жайгашкан. Түндүгүнөн Жалал-Абад облусунун Сузак району, түндүк-батышынан Өзбекстан, батышынан Баткен облусу, түштүгүнөн Тажикстан, чыгышынан Кытай жана түндүк-чыгышынан Нарын облусу менен чектешет.

Ош облусу 1939-ж. уюшулган. 1959-ж. Жалал-Абад облусу менен биригип, 1990-ж. кайра эки облуска – Ош жана Жалал-Абад облустарына ажыраган. 1999-ж. Ош облусунун курамынан Баткен облусу бөлүнгөн.


Облус административдик-аймактык жактан 7 районго (Алай, Араван, Кара-Кулжа, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн, Чоң Алай), 4 шаарга (анын ичинен Ош шаары облуска, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн – районго баш ийет), 2 шаарчага (Найман, Сары-Таш), 86 айыл округуна, 474 айылга бөлүнөт. Аянты 29,2 миң $км^2$. Калкы 1359,2 миң (2009). Борбору – ***Ош*** шаары.

*22-таблица*

**Ош облусунун административдик-аймактык бирдиктери (2009)**

| Райондору | Уюшулган жылы | Аянты, миң $км^2$ | Калкы | Айыл округу | Шаары | Шаарчасы | Айылкыштагы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Алай | 1928 | 7,6 | 65,2 | 14 | - | 1 | 57 |
| Араван | 1935 | 0,6 | 98,3 | 8 | - | - | 48 |
| Кара-Кулжа | 1937 | 5,7 | 74,1 | 12 | - | - | 43 |
| Кара-Суу | 1935 | 2,8 | 321,5 | 16 | 2 | - | 120 |
| Ноокат | 1928 | 4,0 | 215,0 | 15 | 1 | 1 | 75 |
| Өзгөн | 1928 | 3,4 | 202,3 | 19 | 1 | - | 99 |
| Чоң Алай | 1936 | 4,9 | 23,6 | 3 | - | - | 17 |

**Табияты.** Тоолуу рельеф мүнөздүү; деңиз деңгээлинен бийиктиги түндүгүндө 500 *м*ден түштүгүндө 7000 *м* бийиктикке чейин өзгөрөт; тоо аралык өрөөндөрү жана ойдуңдары 900 *м*ден 3000 *м*ге чейинки бийиктиктерден орун алган. Түрдүү абсолюттук бийиктиктерде жайгашкан бийик тоолор менен адырлардын, тоо аралык ойдуңдардын татаал айкалышы аймактын рельефинин өзгөчөлүгүн түзөт. Ош облусунун түштүк бөлүгүн Памир-Алай тоо тармагына кирген Алай, Чоң Алай кырка тоолору, түндүк-чыгышын Батыш Теңир-Тоодогу Фергана тоо тизмеги, түндүгүн Фергана ойдуңунун түштүк чет-жакасы жана аны чектеп турган кырка тоолорду, этек тоолорду ээлейт. Алай кырка тоолору (бийиктиги 6000 *м*ге чейин) Фергана өрөөнүн караган түндүк капталы жантайыңкы келип, узатасынан созулган бир нече тоолор менен татаалданган. Аны түштүктө Алай өрөөнү (деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 3000 *м*) Чоң Алай кырка тоосунан бөлүп турат. Чоң Алай кырка тоолору (эң бийик жери – Ленин атн. чоку) 7134ге чейин көтөрүлөт; түндүк капталы Ош облусуна, түштүк капталы Тоолуу Бадакшанга (Тажикстанга) карайт. Бул кырка тоолор негизинен кумдук-чопо, акиташ тектери жана аларды жиреп чыккан магма тоо тектеринен түзүлүп, альп тибиндеги рельеф мүнөздүү; алардын капталдары дарыя өрөөндөрү менен тилмеленген, бийик кыркаларын түбөлүк кар, мөңгүлөр ээлейт. Облустун түндүк-чыгыш чегин Фергана тоо



ОШ ОБЛУСУНУН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТАСЫ

тизмеги түзүп (эң бийик жери Тар суусунун алабындагы Үч-Сейит массивинде, 4948 *м*), анын структурасында кристаллдык тектер басымдуулук кылат. Анын жазы, жантайыңкы түштүк-батыш капталы дарыя өрөөндөрү менен тилмеленген. Фергана тоо тизмегинен түштүк-чыгышты карай Алайкуу (эң бийик жери 4733 *м*) жана Академик Адышев (4745 *м*) кырка тоолору созулуп жатат. Облустун эң түндүк бөлүгүн, Фергана өрөөнүн, чет-жакасын адырлар тилкеси ээлейт; адырлардын негизин конгломерат тектери түзүп, үстү лёсс жана лёсс сымал тектер менен капталып, Алай кырка тоосунан агып түшкөн суулар менен тилмеленген.

Облустун аймагынан күрөң жана таш көмүр (Алмалык, Өзгөн ж. б.), ысык жана минералдуу суулар (Өзгөн, Кара-Шоро ж. б.), вольфрам (Киндик), полиметалл (Бар-Булак кени), сурьма (Абшыр-Сай, Ак-Сай, Сабажарды ж. б.), сымап (Чоңкой, Зордобука ж. б.), алтын (Кара-Казык, Чал-Куйрук ж. б.), чым көң (Чымбай), курулуш материалдары ж. б. кендер чыгат.

Облустун климаты негизинен мелүүн жана тропик кеңдиктеринин аба массаларынын таасиринен түзүлгөн; мелүүн алкактын аба массалары негизинен кыш, тропиктик аба массалары жай мезгилдеринде үстөмдүк кылат. Аймактын климатына батыштан соккон аба агымынын мааниси зор, ал 3000 *м* жана андан жогорку бийиктиктерде үстөмдүк кылып, тоолордун батыш жана түштүк-батыш айдарым капталдарына жаан-чачынды мол алып келет (мисалы, Фергана тоо тизмегине ж. б.). Климатынын негизги өзгөчөлүгүн анын бийиктик алкактуулук боюнча өзгөрүүсү түзөт. Деңиз деңгээлинен 600–1000 *м* бийиктикте жайгашкан жерлердин климаты жылуу, жарым чөлдүү; кышы мелүүн, жылуу (январдын орточо температурасы −3... −4°С), кыска. Жайы ысык (июлдуку 24–25°С), кургакчыл. Аптап ысыкта 40°Сге чейин көтөрүлөт. Жылдык жаан-чачындын өлчөмү 200 *мм*дей; көбүнчө кышында жаайт. Вегетация мезгили 210–215 күн. 1100–2000 *м* бийиктикте мелүүн, жылуу климат өкүм сүрөт. Кышы мелүүн суук (январдын орточо температурасы −3...−7°С), жайы жылуу (июлдуку 20°С). Жылдык жаан-чачыны 400–600 *мм*, басымдуу бөлүгү жазында жаайт. Вегетация мезгили 142–



Найман суу сактагычы.

195 күн. 2000 *м* бийиктиктен жогору жана 3000 *м*ге чейин климаты мелүүн. Кышы салыштырмалуу суук келип, узакка созулат. Жайы салкын (июлдун орточо температурасы 18–11°С). Жаан-чачындын жылдык өлчөмү 600 *мм*ден ашат. Вегетация мезгили 95–110 күн. Тоолордун кыр бөлүктөрүндө (3000 *м*ден жогору) климаты катаал, суук (июлдун орточо температурасы 10°Сден төмөн).

Облустун эң ири дарыясы – Кара-Дарыя; ал Фергана тоо тизмегинен башталган Кара-Кулжа жана Тар сууларынын кошулушунан пайда болуп, Өзбекстандын аймагында Нарынга куюп, Сыр-Дарыяны түзөт. Анын ири куймалары: Жазы, Куршаб, Кара-Дарыя ж. б. Фергана тоо тизмегинен башталган дарыялар негизинен кардын эриген сууларынан куралат. Ал эми Сыр-Дарыянын алабына кирген Алай, Кичи Алай кырка тоолорунан башталган башкы суулары (Ак-Буура, Араван-Сай ж. б.) негизинен мөңгү сууларынан куралып, суусу июнь-июль айларында кирет. Алар Сыр-Дарыяга жетпей Фергана өрөөнүнө чыга бериште Өзбекстан, Тажикстандын жерлерин сугаруу үчүн сугат тармактарына бөлүнүп кетет. Алай өрөөнү аркылуу батышты (Батыш Кызыл-Суу) жана чыгышты (Чыгыш Кызыл-Суу) карай аккан суулар Аму-Дарыянын, Таримдин алабына кирет.

Облустун аймагында жайгашкан тоолордо жалпы аянты 1546,3 *км*$^2$ болгон 1,5 миңден ашык мөңгү бар. Алардын көбү Алай кырка тоолорунун түндүк (жалпы аянты 538,1 *км*$^2$) жана түштүк (138,3 *км*$^2$) капталдарында жайгашкан. Ири мөңгүлөрү Чоң Алай кырка тоолорунун түндүк капталынан орун алган; мында жалпы аянты 693,3 *км*$^2$ жеткен 215 мөңгү бар; ирилери: Корженевский, Ленин, Корумду ж. б.

Облустун оёң бөлүктөрүндөгү лёсс сымал кумай топурактарда деңиз деңгээлинен 1500 *м* бийиктикке чейин боз (ачык боз, күңүрт боз) жана кадимки боз топурактары тараган. 1500–3000 *м* бийиктиктерде күрөң топурактардын түрдүү (кадимки, карбонаттуу) типтери, нымдуурак жерлеринде, арчалуу токойлордун астында жегичтүү күңүрт күрөң топурактары өөрчүгөн. Субальп алкагында шалбаалуу талаа жана тоонун шалбаа топурактары мүнөздүү. Алай өрөөнүндө тоо шалбаа топурактарынан сырткары коңур (каштан) топурактары да кездешет.

Түндүгүндөгү адырларда 1500 *м* бийиктикке чейин шыбак-эфемер-баялыш өсүмдүктүү жарым чөл үстөмдүк кылат. Тоо этектеринде, адырларда жана жапыз тоолордо 2000 *м* бийиктикке чейин бетеге-ак кылкандуу талаа (батышында түктүү буудайык, пияз түптүү арпа, чыгышында сарындыз) өсүмдүктөрү таралган. 3000 *м* бийиктиктен жогору субальп жана шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү ээлейт; айрым жерлеринде аскалар чыгып жатат. Жаан-чачын мол жааган чыгыш бөлүгүндө бетеге-ак кылкандуу талаадан жогору

бийик тоолуу шалбаа (анда ак сокто, таран ж. б.), шалбаалуу талаа (пияз түптүү арпа, бадалдар – ит мурун, шилби, ыргай, чычырканак) зоналары жатат. Андан жогору токой тилкеси, жаңгак-мөмө-жемиш токою (негизинен Фергана тоо тизмегинин капталдарында), ак чечек, арча жана карагай токойлору ээлейт. 3000 *м*ден жогору субальп шалбаасы жана шалбаалуу талаа таралып, анда аскалуу кырлар көтөрүлүп жатат, капталдары корум-таштуу. Облустун түштүгүндө, Алай өрөөнүндө, 3000 *м* бийиктикке чейин субальп, альп шалбаалары, талаа өсүмдүктөрү, шалбаалуу талаа жана бийик тоо чөлдөрү кездешет.

**Калкы.** Облустун калкы (1359,2 миң) республиканын калкынын 25,4%ин түзөт, анын ичинен 321,3 миңи (облустун калкынын 23,6%и) шаар калкы, 1037,9 миңи (76,4%и) айыл калкы (2009). Калкынын басымдуу бөлүгү – кыргыздар (65%тен ашыгы), ошондой эле өзбек, орус, түрк, уйгур ж. б. улуттар жашайт (2009).

Облустун эмгек ресурстары анын калкынын 51,5%ин, республиканын – 23,2%ин түзөт. 479,3 миң экономикалык активдүү калктын 456,6 миңи чарбанын түрдүү тармактарында иштейт. Иштегендердин 17,0%и мамлекеттик, 83,0%и мамлекеттик эмес мекемелерде эмгектенет. Алардын 84,5% и – материалдык өндүрүштө (анын ичинен 5,0%и – өнөр жайда, 66,8%и – айыл чарбада, 2,5%и – транспорт менен байланышта, 7,3%и – соода, коомдук тамактануу, материалдык-техникалык жабдуу, товар өткөрүү жана даярдоо, 1,7%и – материалдык өндүрүштүн башка тармактарында), 15,5%и – тейлөө чөйрөсүндө (анын ичинен 7,8%и – билим, маданият жана илимде, 3,8%и – саламаттыкты сактоо тармагында, 2,4%и – башкаруу органдарында, 0,7%и – турак жай, коммуналык чарбаларында, 0,8%и – тейлөө чөйрөсүнүн башка тармактарында) иштейт. Облустун калкынын 25,0%и – Кара-Суу, 16,8%и – Ноокат, 16,5%и – Өзгөн, 7,8%и – Араван, 6,8%и – Кара-Кулжа, 5,6%и – Алай, 1,9%и – Чоң Алай райондорунда, 19,6%и – Ош шаарында.

Калктын орточо жыштыгы: 1 *км*²ге 42,7 киши. Шаарлары: Ош (калкынын саны 258,1 миң), Өзгөн (49,4 миң), Кара-Суу (20,8 миң), Ноокат (14,3 миң); шаарчалары: Найман (1,7 миң), Сары-Таш (1,4 миң); ири айыл-кыштактары: Араван (26,7 миң), Жаңы Ноокат (21,0 миң), Куршаб (16,3 миң), Кашкар-Кыштак (16,2 миң), Мырзаке (15,0 миң), Таштак (13,5 миң), Гүлчө (11,6 миң), Кызыл-Кыштак (10,8 миң), Дыйкан-Кыштак (9,6 миң), Жаңы Ноокат (5,9 миң), Жаңы-Арык (5,9 миң), Отуз-Адыр (5,8 миң), Дароот-Коргон (4,4 миң) Ылай-Талаа (3,4 миң) ж. б. (2009).

**Чарбасы.** Ош облусу Кыргызстанда социалдык-экономикалык жактан орточо өнүккөн аймактардын катарына кирет. *Өнөр жай* ишканаларынын саны 152 (бардыгы 5 344 адам иштейт), анын ичинен тоо-кен өнөр жайы 29 (474), кайра иштетүү өнөр жайы 75 (4634),

электр энергиясын, газды бөлүштүрүү өнөр жайы 48 (236). Облуста өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмү 2,2 млрд сом (республикада өндүрүлгөн өнөр жайы продукциясынын 6,3%) (2009). Өнөр жай продукциясынын 30,9% – жеңил, 30,7% – ун-акшак жана аралаш тоют, 23,1% – тамак-аш, 10,5% – энергетика, 1,8% – курулуш, 1,5% – машина куруу, 0,2% – отун, 0,7% – өнөр жайдын башка тармактарында өндүрүлөт.

Отун-электр-энергетикалык тармагында (Ош жылуулук электр борбору; кубаттуулугу 50 *мВт*) 55,9 млн *кВт·с* электр энергиясы, 45,3 миң *т* көмүр өндүрүлөт. Машина куруу өнөр жайынын негизин «Ош насос заводу» жоопкерчилиги чектелген ишкана (насос чыгарат) жана автоунаа жөндөө заводдору түзөт. Курулуш материалдары өнөр жайынын негизин курулуш материалдар комбинаты (ири ишканасы «Ош-Акташ» акционердик коому), темир-бетон, гипс, черепица жасоочу, асфальт-бетон заводдору түзөт.

Облустун эң ири өнөр жай тармагы болуп жеңил өнөр жайы эсептелет. Анын негизин текстиль өнөр жайы (99,3%) түзөт; ири ишканалары: «Текстильщик» акционердик коому (пахтадан кездеме токуу), «Ош жибек» (жибек кездеме; 136 миң *м*²), пахтаны кайра иштетүүчү «Ак алтын» (Кара-Суу шаары) жана «Акбула» (Араван кыштагы) акционердик коомдору. Мындан тышкары кийим тигүү, тери ашатуу жана боё, тери буюмдарын жасоочу, бут кийим тигүү ж. б. ишканалар иштейт. Тамак-аш өнөр жайынын негизин тамеки-махорка (51,0%; ири ишканасы – «Ош-Дюбек» АК), эт («Келечек» АК), өсүмдүк майын («Аска» АК), ж. б. продукцияларды өндүрүүчү тармактар түзөт. Ун-акшак жана аралаш тоют тармагынын эң ири ишканасы – «Кара-Суу даназык» акционердик коому. Жалпысынан алганда ун-акшак жана аралаш тоют өнөр жайынын республикадагы үлүшү 36,2%, жеңил өнөр жайыныкы 32,0%, тамак-аш өнөр жайыныкы 11,4%.

А й ы л ч а р б а с ы облустун экономикасынын негизги тармагы. 2009-жылы айыл чарбасынын дүң продукциясы 8591,6 млн сомду (республиканын 18,0%ин), анын ичинен дыйканчылык – 4551,7 млн сомду (17%), мал чарбасы – 3959,5 млн сомду (19,1%) түзгөн. Облус айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча республикада экинчи (Чүй облусунан кийин) орунда турат. Айыл чарбасында мамлекеттик ишканалар, агрофирма, акционердик коомдор, коллективдик дыйкан чарбалары, айыл чарба кооперативдери, дыйкан (фермер) чарбалары иштейт. Тармактын структурасында дыйканчылык басымдуу орунду ээлейт (53,0%).

Облустун айыл чарбага жарактуу жери 1681,9 миң *га*ны (жалпы аянтынын 57,9%и) түзөт. Анын 188,1 миң *га*сы айдоо, 69,7 миң *га*сы чабынды, 14,6 миң *га*сы көп жылдык өсүмдүк, 2,5 миң *га*сы кысыр аңыз, 1406,0 миң *га*сы жайыт. Айдоо аян-

ты 169,6 миң *га*, анын ичинен дан эгиндери 92,5 миң *га* (буудай 70,7 миң *га*, жүгөрү – 14,0 миң *га*), техникалык өсүмдүктөр 18,5 миң *га* (пахта – 12,0 миң *га*, тамеки – 3,1 миң *га*), картошка жана жашылча 15,6 миң *га*, тоют өсүмдүктөрү 26,4 миң *га*ны түзөт (2010). Мындан сырткары мөмө-жемиш бактары 8,1 миң *га*, жүзүм 0,6 миң *га* жерди ээлейт

2010-жылы облуста 31,6 миң *т* пахта (республикадагы үлүшү 42,7%), 7,8 миң *т* тамеки (78,8%), 270,6 миң *т* дан (17,1%), 150,5 миң *т* картошка (11,2%), 107,9 миң *т* жашылча (13,3%) өндүрүлгөн.

Мал чарбасында айыл чарбанын дүң продукциясынын 46,0%и өндүрүлөт. 2010-жылы облустун бардык чарбаларында 299,3 миң бодо мал (анын ичинен саан уй – 149,0 миң), 912,3 миң кой, эчки, 80,0 миң жылкы, 769,0 миң үй кушу асыралган. 2010-жылы облуста 72,2 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта; республикадагы үлүшү 38,6%), 263,8 миң *т* сүт (19,4%), 42,4 млн даана жумуртка (11,4%), 2,2 миң *т* жүн (20,2%) өндүрүлгөн.

Облуста автомобиль, темир жол, аба жана куур т р а н с п о р т т о р у бар. Эң маанилүүсү автомобиль транспорту. Автомобиль жолдорунун жалпы узундугу 2345 *км*, анын 781 *км*и эл аралык, 402 *км*и мамлекеттик, 1162 *км*и жергиликтүү маанидеги жолдор. Эл аралык маанидеги жолдору: Ош – Сары-Таш – Эркеч-Там – Кашкар (Кытай), Ош – Сары-Таш – Хорог (Тажикстан); мамлекеттик маанидегилери: Бишкек – Ош (анын 100 *км* облустун аймагында), Жалал-Абад – Өзгөн – Ош; жергиликтүү маанидегилери: Ош – Өзгөн – Кара-Кулжа – Алайкуу, Ош – Сары-Таш – Дароот-Коргон – Кара-Мык, Ош – Кара-Суу – Жалал-Абад, Ош – Ноокат – Кызыл-Кыя ж. б. Автомобиль жолдорунун 31,5%и – асфальт-бетондолгон, 61,0%ине – таш төшөлгөн, 7,5%ине – таш төшөлбөгөн.

Ош – Кара-Суу темир жолу (узундугу 30 *км*) Өзбекстандын темир жолу менен жалгашкан. Темир жол менен чоң габариттүү жүк (айрыкча Ош ЖЭБна) жана Бишкек, Жалал-Абад, Худжент (Тажикстан), Ташкен (Өзбекстан), Арыс (Казакстан) бекеттерине жүргүнчү ташылат.

Аба транспорту «Кыргызстан аба жолдору» улуттук авиакомпаниясына кирген Ош авиаишканасы жана аэропорттон турат. Ош аэропорту аркылуу Бишкек, Чолпон-Ата, Каракол шаарларына жана Алматы (Казакстан), Омск, Москва, Новосибирск (Россия), Пекин (Кытай), Дели (Индия), Пакистан, Сауд Арабиясы, Бириккен Араб Эмирликтерине жүргүнчүлөр ташылат. Куур транспорту аркылуу облустун калкы газ менен камсыз кылынат (Өзбекстандын Анжиян облусунан алып келинет).

Облуста 52 мектепке чейинки мекеме, 521 жалпы билим берүүчү мектеп, 15 кесиптик-техникалык окуу жайы, 7 атайын орто окуу жайы, 6 жогорку окуу жайы бар.

Облуста Ош соода колледжи, Ош курулуш колледжи, Ош айыл чарба техникуму, Ош, Өзгөн медициналык окуу жайлары (атайын орто билим берүүчү), Ош мамлекеттик университети, Ош технологиялык университети, Кыргыз-өзбек университети, Гуманитардык-педагогикалык институту, Москва мамлекеттик социалдык университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз эл аралык университетинин филиалдары иштейт.

Облустук улуттук госпиталь, 4 шаардык, 1 шаардык балдар, 3 учук, инфекциялык, 7 райондук, 4 номердик, 39 участкалык ооруkана, төрөт үйү, 7 учук, 3 тери-венерологиялык, онкологиялык, психоневрологиялык, наркологиялык диспансерлер, 11 бейтапkана, 6 тиш бейтапканасы, 233 фельдшер-акушердик пункт, 173 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. иштейт.

Облуста улуттук мааниге ээ театрлар, музейлер, көркөм-сүрөт мастерскойлору бар. Ош облустук маданий башкармалыгына караштуу 13 райондук жана шаардык бөлүмдөр, 8 облустук маданий мекемелер, 222 китепкана, 157 маданият үйү, 3 театр, 7 эс алуу паркы, 24 музыкалык мектеп, мамлекеттик музыкалык окуу жайы иштейт.

Облустун аймагы рекреациялык ресурстарга бай. Анда байыркы тарыхый-архитектуралык эстеликтердин – байыркы аңчылардын турган жайларынын, шаар чалдыбарларынын, байыркы мүрзөлөрдүн, мавзолейдин, мечиттердин, кербен-сарайлардын, чептердин ж. б. рекреациялык мааниси зор. Байыркы Ош шаары (б. з. ч. 4-к. – б. з. 5-к.) жана ага жакын жаткан аймактарда Жибек жолундагы маанилүү пункттар – Мырзалим-Дөбө, Чаян-Дөбө, Отуз-Адыр, Мады, Коргошун-Дөбө, Ак-Буура, Шалтак-Дөбө, Шоро-Башат, Куршаб, Бөрү-Дөбө, Дөң-Булак, Дыйкан ж. б. чептер жайгашкан. Ош шаарынын аймагындагы «Сулайман-Тоо» (Тахт-и-Сулайман) эстелиги, Рават Абдуллахандын мечити (16–17-к.), Асаф ибн Бурхия мавзолейи (17–18-к.), Алымбек датканын (19-к.) жана Мукаммет Жусуп Байкожо уулунун мечиттери (20-к.), орто кылымдарга таандык архитектуралык эстеликтердин бири – Өзгөн архитектуралык комплексинин (3 мавзолей жана минареттен турат) жана башкалардын мааниси зор. Кокон хандыгынын тушундагы эстеликтерге – Дароот-Коргон, Соголон кербен-сарайы (чептердин калдыктары) таандык.

Облустун табигый объектилери туризм менен альпинизмди өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ. Алай жана Чоң Алай тоолорунун бийик бөлүктөрү алпинизмди өнүктүрүүгө өтө ыңгайлуу. Алай

өрөөнүндө жана Чоң Алай кырка тоосунда 4 туристтик маршрут иштейт. Чоң Алайдагы Ленин атындагы чокусунун этегинде Ачык-Таш альплагери орун алган. Кара-Шоро минералдуу суулары, Салам-Алик жаңгак-мөмө токою, Абшыр-Сай шаркыратмасы, Ажыдаар-Үңкүр, Баритүү, Ферсман үңкүрлөрү ж. б. рекреациялык мааниге ээ. Жалпысынан алганда облустагы 83 туристтик объектинин 16сы табигый, 17си тарыхый-маданий, 8и аңчылык, 7си дарылоо-бальнеологиялык, төртөө курорттук, 15и рекреациялык, төртөө интераңчылык, 12си археологиялык объектилер.

## VIII. 5. 1. Облустун шаарлары

**КАРА-СУУ** (мурдагы аты – Д ө л ө н ч ө к) – Ош облусундагы шаар. Кара-Суу районунун борбору. 1960-жылдан бери шаар, Ош шаарынан 24 *км* түндүк тарапта. Ош – Кара-Суу түздүгүндө, деңиз деңгээлинен 720–780 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 21,9 миң (2009); көбү кыргыздар, ошондой эле өзбек, орус, татар, тажик ж. б. улуттар жашайт.

Кара-Суу шаары – облустун ири өнөр жай борборлорунун бири. Шаардын өнөр жайынын негизин – пахтаны кайра иштетүү тармагы (облустун өнөр жайы продукциясынын 52% ашыгы) «Ак алтын» жана «Бектур» акционердик коомдору (экөө биригип райондун өнөр жай продукциясынын 90% ин берет), кебез буласын өндүрүүчү ишканалар түзөт. «Ак алтын» акционердик коому (өндүрүштүк кубаттуулугу 90 миң *т* га чейин) Кара-Суу районунда өндүрүлгөн кебез буласынын 40,0% ин даярдайт. Тамак-аш, ун-акшак, аралаш тоют өнөр жайы өнүккөн. Тамак-аш өнөр жайынын эң ири ишканасы «Аска» акционердик коому (өндүрүштүк кубаттуулугу 380 *т* чигит жана 150 *т* күн карама даны) өсүмдүк майын чыгарууга адистешкен. Өсүмдүк майын «Бектур» жоопкерчилиги чектелген ишканасы да чыгарат. «Улукнан» нан заводу бар. Ун-акшак жана аралаш тоют өнөр жайынын ири ишканасы «Кара-Суу даназык» акционердик коому шаардын өнөр жай продукциясынын 40% ке чейинкисин өндүрөт. Машина куруу жана металл иштетүү тармагында «Кара-Суу» автомобиль оңдоочу акционердик коому иштейт.

Кара-Суу шаары Ош облусунун ири жолдор тоому. Негизинен автомобиль жана темир жолдору өнүккөн. Кара-Суу темир жол бекети Кыргызстандын түштүгүндөгү ири станция. Шаарда 7 орто мектеп, балдардын спорт жана музыкалык мектептери, китепканалар, райондук оорукана, учук диспансери ж. б. иштейт.

**НООКАТ** – Ош облусундагы шаар (2003-жылдан), Ноокат районунун борбору. Ош – Кызыл-Кыя автомобиль жолунун боюнда. Ош шаарынан 50 км түштүк тарапта, Ноокат өрөөнүндө, деңиз

деңгээлинен 1280 *м* бийиктикте жайгашкан. 1970-жылы кыштак катары негизделген. Калкы 14,3 миң (2009), өнөр жайынын негизин тамекини кайра иштетүү тармагы түзөт: «Максат» акционердик коому, «Баргы» (тамеки ферменттөөчү заводу, «Астарта-Дюбек» жоопкерчилиги чектелген ишканасы ж. б. Шаарда 2 орто мектеп, жатак мектеп, китепканалар, оорукана, бейтапкана, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт.

**ОШ** – Кыргызстандагы ири жана байыркы шаар, Ош облусунун борбору. Фергана ойдуңунун түштүк-чыгыш чет-жакасында, Ош – Кара-Суу түздүгүндө, деңиз деңгээлинен 700–1200 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 258,1 миң (2009).

Түздүктүн жантайыңкы бетинен Сулайман-Тоо көтөрүлүп турат. Шаар аралап түштүк-чыгыштан түндүк-батышты карай Ак-Буура суусу агат.

Ош – Кыргызстандагы байыркы шаарлардын бири. Биздин заманга чейинки 4-кылым – биздин замандын 5-кылымында шаар Чыгыш жана Батыш өлкөлөрүн байланыштырган Улуу Жибек жолундагы маанилүү калаага айланган. 8–10-кылымдарда Ош чоңдугу боюнча Фергана ойдуңундагы эң ири шаарлардын бири болгон. Шаар дубал менен курчалган жана анын үч дарбазасы (Дарбаза-

Ош шаары.



йи Кух, Дарбаза-йи Аб жана Дарбаза-йи Мугкеде деген) болгон. Ош шаарын 13-кылымдын башында Чыңгызхандын аскерлери кыйраткан. 14-кылымдын акырында Аксак Темирдин дөөлөтүнө, кийин Моголстанга караган. Улуу Моголдор династиясынын негиздөөчүсү Захиреддин Мухаммад Бабур өзүнүн «Бабур-Наама» деген эмгегинде Ош жана Сулайман-Тоонун үстүндөгү чакан үй жөнүндө да эскерип кеткен (1496–1498). 1762-ж. Кокон ханы Эрдене басып алган. Ош тегерегиндеги айылдары менен кошо хандыктын акимдик-аймактык системасында борбордук вилайетке баш ийген бектиктин, 19-кылымдын 2-жарымында Ош вилайетинин борбору болгон. 1876-жылдан Түркстан генерал-губернаторлугунун Фергана облусундагы Ош уездинин борбору болуп калган. 1924-жылдан округдун, 1926-жылдан кантондун, 1928-жылдан райондун, 1939-жылдан облустун борбору. Учурда шаарда орто кылымдын убагында курулган рават, Абдулла хандын мечити (16–17-к.), Азаф-Ибн-Бурхиянын мавзолейи (17–18-к.), Алымбек датканын мечити (19-к.), Мукамбет Жусуп Байкожо уулунун мечити (20-к.) ж. б. 30дан ашык эстеликтер калыбына келтирилген. Ош шаарында биздин заманга чейинки 4-кылым – 5-кылымга таандык Мырзалим-Дөбө, Чаян-Дөбө, Отуз-Адыр байыркы чептери, Мады, Коргошун-Дөбө, Ак-Буура, Шалтак-Дөбө ж. б. чептердин калдыктары сакталган. 2000-жылдын октябрь айында Ош шаарынын 3000 жылдык салтанаты белгиленди.

Ош шаары – облустун ири экономикалык борбору. Өнөр жайдын негизги тармактары – жеңил, тамак-аш, курулуш материалдары, машина куруу жана металл иштетүү ж. б. Жеңил өнөр жай, пахта тазалоочу, кебез, жибек кездемелерин чыгаруучу, тигүү (бардыгы 10дон ашкан) ж. б. ишканалардан турат. Жеңил өнөр жайынын башкы тармагы – кебезден жана жибектен кездеме токуучу тармактардан турган текстиль өнөр жайы. Кебезден кездеме токуу өнөр жайынын эң ири ишканасы «Текстильщик» ачык типтеги акционердик коому кебез буласын жана кебез кездеме чыгарат. «Ош Жибек» ачык акционердик коому жибек жиптерди жана жибектен токулган кездемелерди чыгарууга адистешкен. Тигүү өнөр жайында «Сымбат», «Мурас», «Ак-Көңүл» акционердик коомдору (ири ишканалары) жана жеке, кичи, кооперативдер иштейт. Бут кийим өнөр жай негизинен жеке жана майда ишканалардан турат. Тамак-аш өнөр жайында облустун өнөр жай продукциясынын 21,2%и жана республиканын 2,6,%и чыгарылат (2010). Негизги тармактары: тамеки, ун тартуу, шарап чыгаруу, мөмө-жемиш жана арак-ликер чыгаруучу өнөр жайлары. Тамак-аш өнөр жайынын ири ишканалары: «Келечек» (эт комбинаты) ачык типтеги акционердик коому, «Ош сүт комбинаты», «Ош даназык», «Гүлазык» акционердик коомдору, «Ош арагы», «Мариям – Ош» жоопкерчи-

лиги чектелген ишканалары (бардыгы 10 ишкана). Машина куруу жана металл иштетүү өнөр жайы негизинен борбордон четтөөчү насосторду чыгаруучу «Ош насос заводу» жоопкерчилиги чектелген жана машина оңдоочу «Ош оңдоочу заводу» ачык акционердик коом ишканаларынан турат. Курулуш жана жыгач иштетүүчү ири ишканаларына «Бектемир» (№ 4 темир-бетон заводу), «Чынар» (эмерек фабрикасы), «Алтынкол» (жыгач иштетүү заводу), «Ак-Таш» (курулуш материалдары комбинаты), «Болот» акционердик коомдору (темир-бетон заводу) ж. б. кирет.

Шаарда автомобиль, аба, темир жол жана электр (троллейбус) транспорттору өнүккөн. Шаардын автомобиль жолунун жалпы узундугу 563 *км*. Жүк ташуучу 18, жүргүнчү ташуучу 4 ишкана иштейт. Ош – Кара-Суу темир жолу Өзбекстандын темир жолу менен жалгашкан. Аба транспорту «Кыргызстан аба жолдору» улуттук авиакомпаниясынын Ош авиа ишканасы жана аэропорту иштейт. Ош аэропорту аркылуу Бишкек, Чолпон-Ата, Каракол, Алматы, Омск, Москва, Новосибирск, Пекин, Дели шаарлары, Пакистан, Сауд Арабиясы, Бириккен Араб Эмирликтерине жүргүнчү ташылат.

Ош шаары Кыргызстандын ири маданий борбору. Шаардын билим берүү системасы мектепке чейинки, жалпы билим берүү, орто, атайын орто жана жогорку окуу жайларынан турат. Шаарда 30 мектепке чейинки, 50 жалпы билим берүүчү мектеп, 11 мектеп-гимназия жана лицей, 4 атайын орто окуу жайы, 4 жогорку окуу жайы иштейт. Ош мамлекеттик университети (18 факультети, 97 кафедрасы бар; 1327 адис иштеп, 26 миң студент окуйт), Ош технологиялык университети, Кыргыз-өзбек университети, Гуманитардык-педагогикалык институту, Москва мамлекеттик социалдык университетинин, Ж. Баласагын атн. Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз эл аралык университеттин филиалдары, Ош соода колледжи, Ош курулуш колледжи, Ош айыл чарба техникуму, Ош медициналык окуу жайы иштейт.

Саламаттык сактоо тармагында облустук (улуттук госпиталь), 3 шаардык, шаардык балдар, 2 учук, инфекциялык, 7 райондук, 2 учук, тери-венералогиялык, онкологиялык, психоневрологиялык, наркологиялык диспансер, төрөт үйү, 11 бейтапкана, 3 тиш бейтапканасы, 7 фельдшер-акушер пункту, 43 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. бар. Маданий мекемелерден Кыргыз драма театры, Өзбек музыкалык драма театры, Р. Абдыкадыров атн. филармония, маданий эс алуу паркы, тарыхый музей-корук, 10 китепкана ж. б. иштейт.

Телекоммуникация системасында 5 чакан станция жана 3 телефондук (41,7 миң абоненттик) станция, тургун жай-коммуналык тармагында 48 котёл суу кайнаткычтар жана Ош жылуулук электр борбору (кубаттуулугу 50 миң *кВт·с* жана 350,7 *Гкал/саат*) иштейт.

**ӨЗГӨН** – Ош облусундагы шаар, Өзгөн районунун борбору. Облустун түндүк-чыгышында, Кара-Дарыя менен Жазы дарыяларынын аралыгында, деңиз деңгээлинен 1025 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 49,4 миң (2009); негизинен кыргыздар, ошондой эле өзбек, орус, түрк, уйгур, татар ж. б. улуттар жашайт. Кара-Суу темир жол бекетинен 44 *км*, облустун борбору Ош шаарынан 68 *км* түндүк-чыгыш тарапта.

Өзгөн Кыргызстандагы байыркы шаарлардын бири. Биздин заманга чейинки 2–1-кылымдарда алгачкы отурукташкан жайлардан өсүп чыккан. Шаар тууралуу алгачкы маалыматтар 9–10-кылымдардагы араб, фарсы тилдеринде жазылган даректерден белгилүү. Бул мезгилде ал чоңдугу боюнча Фергана ойдуңундагы төртүнчү (Аксыкен, Куба, Оштон кийинки) калаа болгон. 10-кылымдын 30-жылдарында Өзгөндө кол өнөрчүлүк, соода өнүккөн. Алгачкы тыйын акчалар чыгарылган. 11-кылымдын 2-жарымынан 13-кылымга чейин Караханийлер мамлекетиндеги Фергана дубанынын борбору болгон. 10–12-кылымдарда шаар аянты 12–15 *км*$^2$ге жеткен. Монгол жапырыгына чейин Өзгөндөн көптөгөн окумуштуулар чыккан. Аксак Темирдин тушунда бул шаар баштагыдай эле соода жана саясий борбор боюнча кала берген. Кийин ири саясий жана акимдик борбор катары маанисин жогото баштаган. Орто кылымдардын акырында шаардын аймагы бир кыйла кичирейип, чакан шаарга айланган. 19-кылымдын башында Кокон хандыгына өткөн. Кыргызстан Россиянын курамына киргенден кийин Анжиян уездине карап калган. 1924-жылдан Ош округундагы Өзгөн болушунун, 1928-жылдан Өзгөн районунун борбору. 1927-жылдан бери шаар 11–12-кылымдарга таандык байыркы архитектуралык эстеликтер сакталган.

Өнөр жай ишканалары: «Өзгөн дан азык» (ун чыгарат) акционердик коому, «Өзгөн сүт» ачык акционердик коому (алкоголсуз ичимдиктерди жана сүт азыктарын чыгарат), «Өзгөн нан заводу» жоопкерчилиги чектелген коому, «Кара-Шоро» акционердик коому мөмө-жемиш консерваларын, шарап жана минералдуу суу чыгарууга адистешкен. Негизинен автомобиль транспорту өнүккөн. Шаарда 8 орто мектеп, 4 мектепке чейинки мекемелер, китепканалар иштейт. Райондук оорукана, балдар бейтапканасы, балдардын тиш бейтапканасы, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу ж. б. медициналык-санитариялык мекемелер бар.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Ош облусунун жаратылыш шарты жана табигый байлыктары?
2. Облустун калкынын жыштыгы жана жайгашуу өзгөчөлүгү?
3. Экономикасынын жалпы өнүгүү деңгээли, өнөр жайынын тармактык өзгөчөлүгү?

4. Айыл чарба тармактарына мүнөздөмө бергиле, айыл чарбага жарактуу жерлердин структурасын аныктагыла?

5. Транспорт тармактарынын өзгөчөлүгүн жана маанисин аныктагыла?

## VIII. 6. ТАЛАС ОБЛУСУ

**Талас** облусу Кыргыз Республиканын түндүк-батышында жайгашкан Талас өрөөнүн ээлейт. Түндүк жана батышынан Казакстан, түштүк-батышынын бир аз жери Өзбекстан, түштүгүнөн Жалал-Абад, чыгышынан Чүй облустары менен чектешет.

Облус 1944-ж. уюшулуп, борбору Талас шаары болгон. 1956–62-жылдары Фрунзе облусунун курамында, 1962–79-ж. жана 1988–90-жылдары республикага түз баш ийдирилген; 1980–88-жылдары Талас облусу (курамына азыркы Жалал-Абад облусунун Токтогул жана Чаткал райондору да кирген), 1990-ж. кайра облус болуп түзүлгөн. Курамына Талас (борбору – Көк-Ой айылы), Бакай-Ата (Бакай-Ата), Кара-Буура (Кызыл-Адыр), Манас (Покровка) райондору, Талас шаары, Маймак шаарчасы, 36 айыл округу жана 90 айыл кирет. Аянты 11,4 миң *км*$^2$ (республиканын аянтынын 5,7%). Калкы 226,7 миң (2009); республиканын калкынын 4,2%ин түзөт.

*23-таблица*

**Облустун административдик-аймактык бирдиктери**

| Адм.-айм. бирдиктери | Негизделген жылы | Аянты, миң *км*$^2$ | Калкы, миң (2009) |
|---|---|---|---|
| Райондору | | | |
| Бакай-Ата | 1936 | 2,3 | 43,4 |
| Кара-Буура | 1930 | 2,9 | 56,4 |
| Манас | 1980 | 1,0 | 29,8 |
| Талас | 1930 | 5,2 | 57,4 |
| Шаары | | | |
| Талас | 8-к. | – | 32,6 |
| Шаарчасы | | | |
| Маймак | 1914 | – | 0,9 |

**Табияты.** Талас өрөөнү төрү Талас жана Кыргыз Ала-Тоолорунун тутумдашкан жериндеги Ак-Суу тоо тоомуна такалат. Ал эми батышты карай өрөөн кеңейип, түндүк-батышта Турандын чөлдүү жана жарым чөлдүү аймактары менен чектелет. Өрөөндүн ички бөлүгүндө Кыргыз Ала-Тоосуна жарыш Орток-Тоо, Күнгөй, Кара-Жылга, Эчкили-Тоо, Ак-Таш тоолору созулуп жатат. Облустун жеринин деңиз деңгээлинен бийиктиги 700 *м*ден (Манас районунун

Казакстан менен чектеш жеринде) 4482 *м*ге (Манас чокусу) чейин. Талас Ала-Тоосунун этектеринде тектоникалык, эрозиялык, аккумуляциялык рельефтин типтери – адырлар, чаптар кеңири таралган. Түзөңүрөөк бөлүгүндө аллювий, пролювий тектеринен түзүлгөн тик капталдуу, таманы айдөш тартып жаткан өтөк жерлер, бир аз эңкейиш түздүктөр кезигет.


Талас өрөөнү түрдүү кен байлыктарга бай. Алардын ичинен Жер-Үй, Талды-Булак, Андаш алтын кендери менен Ачык-Таш күкүрт кенинин мааниси зор. Өнөр жайлык запасы алтынды жана күкүрттү иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Облустун басымдуу бөлүгүндө курулуш материалдарынын (мрамор, гранит, акиташ, чопо ж. б.) кендери, ошондой эле темир (Бала-Чычкан), жез (Андаш), молибден (Кептеш) ж. б. бар.

Талас өрөөнү мелүүн климаттык алкакта жатат. Өрөөндүн климаты кургакчыл, континенттик климаттын түзүлүшүнө шарт түзөт. Июлдун орточо температурасы 15–23°С, январдыкы –6... –14°С. Температуранын суммасы 3150–3400°С. Ал эми 1400 м бийиктикте бул көрсөткүч 2500°Сге барабар. Аязсыз мезгил 157–163 күнгө созулат. Өрөөндүн батышынан чыгышын карай жана тоо этектеринен тоо капталдарына өрдөгөн сайын жаан-чачындын өлчөмүнүн өсүшү байкалып, жылдык жаан-чачын өрөөндө 300–400 *мм*ди түзөт. Жай айлары кургакчыл. Туруктуу кар катмары түздүктөрдө декабрда, тоо этектеринде ноябрдын ортосунда пайда болот.

Талас дарыясы Каракол жана Үч-Кошой сууларынын кошулушунан пайда болуп, батышты карай агып, Казакстандагы Моюн-Кумдун чөлдөрүнө сиңип жок болот. Ири куймалары: Үрмарал, Кара-Буура, Кеңкол, Беш-Таш, Күмүштак, Нылды, Калба ж. б. өрөөндүн батышында Асса суусунун оң курамы – Күркүрөө суусу агат. Облустун аймагында көл аз. Эң ириси – Беш-Таш, ал бөгөт көлдөрүнө кирет. Мөңгүлөрүнүн көбү Талас Ала-Тоосунун түндүк капталында, алардын жалпы саны 281, аянты 164,4 *км*$^2$; эң ирилери: Вокруг Света (6,8 *км*$^2$), Манас (6,4 *км*$^2$), Муз-Бел (3,6 *км*$^2$), Күрүч-Көл (3,8 *км*$^2$), Ак-Таш (3,6 *км*$^2$).

Түздүктүү жарым чөл зонасына (700–1000 *м* бийиктикте) түздүктүн кадимки боз топурактары, кургак талаа, талааларга (1100–1600 *м*), жапыз жана айдөш тоо этектерине тоо-өрөөн коңур топурактары мүнөздүү. Тоонун ачык коңур жана кара коңур топурагы деңиз деңгээлинен 1400–2100 *м*, кара топурактары 2200–2600 *м* бийиктикте жатат. Тоонун каралжын күңүрт түстөгү токой топурактары токой массивдеринде өөрчүгөн. Шалбаалуу субальп (деңиз деңгээлинен 2800–3100 *м* бийиктикте), субальп шалбаалуу талаа (2700–3400 *м*), альп шалбаа (3100–4300 *м*) топурактары мүнөздүү.

Чөл өсүмдүктөрү өрөөндүн чегинде 700–1000 *м* бийиктиктеги түзөңдөрдө өсөт. Негизинен Теңир-Тоо шыбагы, Ала-Тоо төө




ТАЛАС ОБЛУСУНУН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТАСЫ

таманы, жамбыл тыйын чанагы, тикенектүү эспарцет кезигет. Эфемер жана эфемероид өсүмдүктөрү жаз мезгилинде басымдуулук кылып, жайында негизинен шыбак өсөт. Талаа өсүмдүктөрү деңиз деңгээлинен 1000–2300 *м* бийиктиктерде жапыз жана орто бийиктиктеги тоолордо кеңири таралган. Өрөөн аймагында талаа өсүмдүктөрү – ак кылкан, бетеге, ыраң, шыбак, коңур баш, кызыл от өсүмдүктөрү басымдуу. Айрым жерлерде бадалдар кеңири таралган. Шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү 1800–2800 *м* бийиктикте өсөт. Өрөөндүн чегинде өсүмдүктөрдүн 114кө жакын түрү бар. 2200–3000 *м* бийиктиктеги тоолордун тигирээк капталдарында карагай, көк карагай, арчадан турган токой (Беш-Таш, Үрмарал, Калба), ал эми Талас суусунун боюнда, Кеңкол капчыгайында бадал аралаш тал-теректүү токой өсөт. Карагай токойлорунун арасында шилби, ыргай, ит мурун, табылгы бар. Шалбаа өсүмдүктөрү тоо капталдарында чакан аянттарда гана (Беш-Таш, Үрмарал, Нылды, Үч-Кошой) кезигет. Субальп шалбаасы 2600–3200 *м* бийиктикте, тоолордун түндүк капталдарында тогуз төбөл, каз таман, флёмистүү формациялар басымдуулук кылат. Ошондой эле шимүүр, чекилдек ж. б. кеңири таралган. 3000–3200 *м* бийиктиктен жогору альп шалбаасы – негизинен доңуз сырттуу өсүмдүктөр, ошондой эле ыраң, примула, каз таман, кара гүлдүү ыраң мүнөздүү.

Талас өрөөнүндө, Талас шаарынын түндүк бөлүгүндө Талас мамлекеттик комплекстүү коругу, Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталында Киров мамлекеттик зоологиялык коругу уюштурулган. Жаратылыш комплексин сактоодо алардын мааниси зор.

**Калкы.** Облуста республиканын калкынын 4,2%и (же 226,7 миң адам) жашайт (2009). Анын 33,5 миңи же 17,0%и шаар, 186,1 миңи же 83,0%и айыл калкы. Калкынын 30% деңиз деңгээлинен 1400 *м*ге чейинки бийиктикте, өзгөчө Тараз – Талас автомобиль жолунун боюнда отурукташкан. Көп улуттуу, негизги бөлүгү – кыргыздар. Талас өрөөнүндө байыркы замандан эле мал чарбасы менен кесипчилик кылган кыргыздар отурукташкан. 13-кылымга чейин бул аймакта дыйканчылык кылган эл жашап, шаарлар болгондугу белгилүү. Монголдордун жортуулунан кийин дыйканчылык тиричилиги жоголуп, өрөөн экономикалык жактан көп жылдар бою жалаң мал чарба аймагы болуп келген.

19-кылымдын биринчи чейрегинде кыргыз уруулары Кокон хандыгынын бийлигинде болуп, өзбектер да отурукташа баштаган. 19-кылымдын аягында орус, украин, немистер көчүп келе баштаган, бул улуттардан башка казактар, дунгандар да бар. 2009-жылы орустар (калктын 3,1 %ин), казактар (1,6%ин), өзбектер (0,9 %ин), түрктөр (0,7 %ин), татарлар (0,2), немистер (0,7%ти) түзгөн.

Калктын орточо жыштыгы: 1 $км^2$ жерге 20 адам (республикада – 24 адам) туура келет. Облустун борбору – Талас шаарында –

32,9 миң адам, Маймак шаарчасында – 0,9 миң адам жашайт (2009). Калк көп жашаган ири айылдары: Кызыл-Адыр (10,8 миң адам), Покровка (7,4 миң), Бакай-Ата (7,3 миң), Көк-Ой (5,9 миң). Жалпы калктын 41,4%и эмгек курагына жете элек жаштар, 51,6%и эмгек курагындагылар, 6,8%и эмгек курагынан өткөндөр түзөт. 2009-жылы калктын миграциясында облуска келген элдин саны 120 адам, кеткендер – 1 466 адам болуп, калктын азаюусу 1346 адамды түзгөн. Алардын ичинен 1516 адам өлкөнүн башка жерлерине, негизинен Бишкек шаарына жана Чүй облусуна, 1014 адам шериктеш өлкөлөрүнө жана алыскы чет өлкөлөрүнө кеткен.

**Чарбасы.** Облус Кыргыз Республикасындагы экономикасы ортодон төмөнүрөөк деңгээлде өнүккөн чакан аймак. 1991-жылдан экономикалык жана социалдык реформалар жүргүзүлүп, базар экономикасына багыт алынды. Натыйжада облустун экономикасынын тармактарына структуралык өзгөрүүлөр киргизилип, түрдүү менчиктеги жаңы ишканалар пайда болду.

Облустун экономикасынын негизин, анын жаратылыш шартына ылайык айыл чарба тармагы ээлеп, кой, уй, жылкы багылып, алардан азык-түлүктөр өндүрүлөт. Дыйканчылыкта негизинен дан эгиндери, тамеки, картошка, жашылча өстүрүлүп, кийинки жылдарда облуста төө буурчак, кант кызылча жана май өсүмдүктөрү дагы эгиле баштады. Айыл чарба тармагында дыйкан жана мамлекеттик чарбалар, акционердик коомдор, айыл чарба кооперативдери, жеке дыйкан (фермер) чарбалары иштейт. Өндүрүлгөн азак-түлүктүн 66,0%и дыйканчылыкка жана 34,0%и мал чарбачылыгына таандык. 2010-жылы облустун жалпы аянтынын 64,9%и же 743,3 миң *га* (республиканын 7,0%) айыл чарбасына жарактуу жерлер. Анын 15,8%и же 117,5 миңи айдоо, 0,5%и же 4,0 миңи мөмө-жемиш дарактары, 0,4%и же 3,0 миңи чөп чабынды жана 82,8%и же 615,8 миңи жайыт.

Облуста 2010-жылы 103,9 миң *га* жерге эгин (республикадагы эгин аянтынын 9,1%и), анын 59,7 миң *га*сына дан, 1,0 миң *га*сына кант кызылча, 15,5 миң *га*сына картошка, 3,6 миң *га*сына жашылча 22,5 миң *га*сына тоют өсүмдүктөрү эгилген. Ошондой эле 2,5 миң *га* жерге мөмө-жемиш бактары отургузулган. Дыйканчылыктан 2010-жылы 136,0 миң *т* дан (республиканын 8,9%и), 16,3 миң *т* кант кызылча (11,7%и), 1,5 миң *т* май өсүмдүктөрүнүн уругу (2,5%и), 263,3 миң *т* картошка (19,6%и), 73,4 миң *т* жашылча (9,0%и) жана 12,4 миң *т* мөмө-жемиш (6,4%и) жыйналган.

Облустун бардык чарбаларында 2010-ж. 65,4 миң бодо мал, анын ичинен 36,8 миң уй, 427,8 миң кой жана эчки, 1,3 миң чочко, 22,4 миң жылкы жана 150,5 миң үй кушу болгон. Айыл чарбада 2010-жылы 22,9 миң *т* тирүү салмактагы эт, 84,5 миң *т* чийки сүт, 20,1 млн даана жумуртка жана 1,3 миң *т* жүн өндүрүлгөн.

Облуста өнөр жай өндүрүшү республикага салыштырмалуу начар өнүккөн. 2009-жылы облуста чакан ишканаларды кошуп санаганда 26 өнөр жай ишканасы катталып, анда 1 454 адам эмгектенген. Облуста 2 тоо-кен, 19 кайра иштетүүчү, 5 электр энергиясын өндүрүү жана бөлүштүрүү өнөр жай ишканалары бар. Алар өндүргөн өнөр жай продукциялардын көлөмү 2010-жылы 507,7 млн сомду түзүп, облустун республикадагы үлүшү болгону 2,7% ке жеткен. Облустун өнөр жайынын 51,5% продукциясын тамак-аш, ун тартуу жана жем чыгаруу тармактары берет.

Негизги өнөр жай продукциялары: эт (2010-жылы, 292,7 *т*), быштак (840,0 *т*), малдын чалган майы (397,3 *т*), ун (9,7 миң *т*), нан (272,1 *т*). Ири ишканалары: Таластагы ун жана жем чыгаруучу «Талас дан азык», Кара-Буура районундагы «Арашан», Маймактагы «Максат» ачык акционердик коомдору, Таластагы «Талас сүт» жабык акционердик коому ж. б. өнөр жай өндүрүшүнүн басымдуу бөлүгүн Талас шаарынын ишканалары өндүрөт.

Облустун чарбалык жүктөрүн жана жүргүнчүлөрүн ташып, сырткы, ошондой эле ички экономикалык байланышты тейлөөдө негизги орун а в т о м о б и л ь  т р а н с п о р т у н а тиешелүү. Негизги автомобиль жолдору: Тараз (Казакстан) – Кызыл-Адыр – Талас – Чат-Базар – Өтмөк (Суусамыр өрөөнү), Талас – Ылды – Покровка – Тараз (Казакстан), Кызыл-Адыр – Жаңы-Базар (Жалал-Абад облусунун Чаткал району), Кызыл-Адыр – Аманбаев – Шекер – Көк-Сай. 1996-ж. Чөңөр ашуусу аркылуу Талас – Чат-Базар – Кулан (Казакстан) жолу курулган эле. Ал жол Талас менен Бишкектин аралыгын 145 *км*ге кыскартмак. Ал шашылуу менен сапатсыз курулгандыктан жол татаал жана коркунучтуу. Ошондуктан ал азыр пайдаланылбай турат. Облустун батыш чегинен Маймак шаарчасы аркылуу 17 *км*ге жакын темир жол өтөт. Бул жол сыртка жүк ташып чыгаруу жана жүк ташып алып келүүдө маанилүү. Ал темир жолду бойлой Өзбекстандан Бишкекке, андан ары Казакстандын экинчи борбору Алматыга чейин газ ташуучу куур транспорту дагы өтөт.

Талас облусунун темир жолдуу аймагында 1997-жылдын март айында Маймак эркин экономикалык аймагы (ЭЭА) уюшулган.

Облуста калкты турак жай менен камсыз кылуу республиканын орточо көрсөткүчүнө салыштырганда 20,0% ке, бала бакчадагы орундар менен камсыз кылуу 25,0% ке, ооруканадагы орундар жана врачтардын (10 миң адамга эсептегенде) саны 19,0% ке жана элди тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү (адам санына эсептегенде) 60,0% ке төмөн болгон. Облуста 110 жалпы билим берүүчү мектептин бирөө жатак мектеп, үчөө сабактарды тереңдетип окуткан мектеп, бирөө лицей. Бардык мектептерде информатика кабинеттери бар. Талас облусунда атайын адистик берүүчү 2 орто жана жогорку окуу жайы иштейт.



«Манас Ордо» комплекси.

Саламаттык сактоо тармагында 4 райондук, 9 участкалык, облустук оорукана, согуш ардагерлерин дарылоочу оорукана, 21 айылдык врачтык амбулатория, 4 фельдшер-акушердик пункт, 4 санитариялык-эпидемиологиялык станция, наркологиялык диспансер, 2 бейтапкана ж. б. медицина мекемелери, билим берүүдө 74 китепкана (894 миң нуска китеп жана журналы менен), 27 клуб жана маданият ишканалары, 3 музей иштейт. 1991-жылдан «Талас турмушу» деген облустук гезит жана райондук гезиттер чыгып турат. 1992-жылдан облустук жергиликтүү телекөрсөтүү ар жуманын шейшемби жана бейшемби күндөрү эфирге чыгат. Теленин жумалык көрсөтүүсү 3 сааттан кем эмес. Радио уктуруу жумасына 4 жолу 45 мүнөттөн жүргүзүлөт. Ар жекшемби сайын «Талас таңшыйт» республиканын аймагына уктурулат.

Облустун аймагында коло дооруна тиешелүү Таш-Дөбө, Кызыл-Сай, Беш-Таш, Желе-Дөбө, Таш-Арык көрүстөндөрү, Кеңкол байыркы көрүстөнү (б. з. ч. 3–2-к.), Үч-Булак бекетинин жанындагы шаар чалдыбары, эпиграфикалык эстеликтерден Кыргыз Республикасынын улуттук Талас байыркы жазуу эстеликтери (таштын бетине байыркы түрк жазуусу чегилген; Айыртам-Ой өндүрү), архитектуралык эстеликтерден «Манас Ордо» комплекси (Манастын күмбөзү, «Манас» музей коругу, «Манас» музейи, мечит ж. б.), байыркы археологиялык жана архитектуралык эстеликтер бар.

## VIII. 6. 1. Облустун шаары

**ТАЛАС** (1877–1913-жылдары – Ак-Чий, 1913–44-жылдары Дмитриевка аталган) – шаар (1944-жылдан), Талас облусунун борбору. Бишкек шаарынан 361 *км* түштүк-батыш тарапта, Тараз темир жол бекетинен (Казакстан) 90 *км*. Жолдор тоому.

Калкы 32,6 миң (2009); көп улуттуу, негизинен кыргыздар (91,4%), ошондой эле орус, украин, немец ж. б. улут өкүлдөрү жашайт.

Талас – облустун эң ири экономикалык борбору. Мында тамак-аш, жеңил, курулуш материалдар өнөр жай ишканалары бар. Тамак-аш өнөр жайы жергиликтүү айыл чарба сырьёсунун базасында иштейт. Облуста өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын 71,0% ин Талас шаарынын өнөр жай ишканалары чыгарат. Өнөр жайында ун, нан, сүт, малдын майын, быштак чыгаруучу ишканалары, ошондой эле кыш чыгаруучу, бут кийим жана кийим тигүүчү ж. б. чакан өнөр жай ишканалары иштейт. 1992-жылдан шаардагы көптөгөн ишканалар, комбинаттар, соода мекемелери, турмуш тиричилик комбинаттары акционердик коомдорго, коллективдүү жана жеке менчикке ж. б. айландырылган.

Шаарда автомобиль жолунун мааниси чоң. Шаар Суусамыр өрөөнү, Өтмөк ашуусу аркылуу өткөн Талас – Бишкек автомобиль жолунун боюнда жайгашкан. Талас автотранспорт ишканасы, «Талас» акционердик коому (автобаза), автобекет облустун калкын транспорт менен тейлейт. Автомобиль жолу аркылуу Бишкек, Тараз шаары жана республиканын, Казакстандын, Өзбекстандын башка райондору, шаарлары менен катташат. Аба жолу аркылуу Бишкек менен байланышат.

Талас шаарында 7 орто мектеп, 9 бала бакча иштеп, балдар чыгармачылыгынын борбору, балдар менен өспүрүмдөрдүн спорт мектеби, А. Огомбаев атындагы шаардык балдар музыкалык мектеби, университет, медицина окуу жайы, айыл чарба техникуму, кесиптик-техникалык окуу жайы, түрк лицейи бар.

Шаардагы № 2 орто мектептин жер таануу музейи 120 $м^2$ден ашык аянтты ээлейт. Талас шаардык маданият үйү, 2 миң орундуу «Жаштык» стадиону иштейт. Шаардын борбордук бөлүгүндө Талас шаардык эс алуу паркы, аэропорт тарапта «Жеңиш» паркы бар. Эс алуу паркына Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Талас суусун бойлой өскөн токой тилкеси шаардыктардын эс алуучу жайына айланган.

Шаардын түндүк-чыгышында Манастын күмбөзү жана Кароол-Дөбө орун алган. Ал жерде улуттук «Манас Ордо» комплекси курулган. Мейманкана, ресторан, кинотеатрлар иштейт. Шаарда облустук басмакана бар, анда облустук «Талас турмушу» гезити, райондук гезиттер басылат. Ардагерлерди, малчы жана дыйкандарды тейлөөчү оорукана, облустук оорукана, шаардык балдар консультациясы, шаардык борбордук бейтапкана, үч диспансер (тери-венерологиялык, учукка каршы, психонаркологиялык), облустук стоматологиялык бейтапкана, санитариялык-эпидемиологиялык станция, ден соолук борбору, үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору иштейт.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Талас өрөөнүнүн географиялык абалына жана жаратылыш ресурстарына чарбачылык жактан баа бергиле.
2. Айыл чарбасынын адистешкен тармактары кайсылар?
3. Талас жана Чүй облустарынын айыл чарбасындагы окшоштуктары жана айырмачылыктары кайсылар?
4. Өнөр жайдын өнүгүү деңгээли кандай?

# VIII. 7. ЧҮЙ ОБЛУСУ

Чүй облусу Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө жайгашкан. Түндүгүнөн жана батышынан Казакстан, түштүк-батышынан Талас, түштүгүнөн Жалал-Абад, Нарын, чыгышынан Ысык-Көл облустары менен чектешет. Облуста 8 администрациялык район (Аламүдүн, Жайыл, Кемин, Москва, Панфилов, Сокулук, Чүй, Ысык-Ата), 4 шаар (Токмок, Кант, Кара-Балта, Шопоков), 5 шаарча (Ак-Түз, Борду, Кайыңды, Кемин, Орловка), 104 айыл округу, 331 кыштак бар. Облустун чегинде республиканын жана облустун борбору – Бишкек шаары жайгашкан.

Аянты 20,2 миң $км^2$. Калкы 803,2 миң (2009). Борбору – **Бишкек** шаары (2007-жылдан) 1939-ж. чейин облустун азыркы чегинде түрдүү администрациялык-аймактын системалары (округ, кантон, болуштук ж. б.) болгон. 1939–59-ж. Фрунзе облусу; 1959–90-ж. республикага тике баш ийген райондор, 1990-жылдан Чүй облусу.

*24-таблица*

**Чүй облусунун администрациялык-аймактык бирдиктери (2009)**


| Адм.-айм. бирдиктери | Негизделген жылы | Аянты, миң $км^2$ | Калкы, миң |
|---|---|---|---|
| Райондору | | | |
| Аламүдүн | 1940 | 1,5 | 147,2 |
| Жайыл | 1927 | 3,2 | 90,4 |
| Кемин | 1936 | 3,5 | 41,9 |
| Москва | 1965 | 1,5 | 83,6 |
| Панфилов | 1977 | 5,0 | 39,9 |
| Сокулук | – | 2,0 | 158,1 |
| Чүй | 1927 | 1,6 | 44,8 |
| Ысык-Ата | 1977 | 1,9 | 131,5 |
| Шаарлары | | | |
| Кант | 1929 | 0,786 *га* | 21,8 |
| Кара-Балта | – | 0,320 *га* | 37,7 |
| Токмок | 1825 | 0,56 *га* | 53,3 |
| Шопоков | 1939 | 0,53 *га* | 8,7 |
| Шаарчалары | | | |

| Адм.-айм. бирдиктери | Негизделген жылы | Аянты, миң $км^2$ | Калкы, миң |
|---|---|---|---|
| Ак-Түз | 1938 | 0,094 *га* | 0,6 |
| Борду (Кашка) | 1929 | – | 1,4 |
| Кайыңды | 1917 | – | 7,3 |
| Кемин (Быстровка) | 1912 | 0,617 *га* | 7,8 |
| Орловка (Талды-Булак) | 1910 | 0,22 *га* | 4,6 |

**Табияты.** Облустун аймагын Чүй, тоо аралык – Чоң Кемин жана Суусамыр өрөөндөрү, ошондой эле аларды чектеп жаткан Иле, Кыргыз, Күнгөй, Талас Ала-Тоолорунун, Суусамыр, Жумгал кырка тоолорунун капталдары түзөт. Абсолюттук бийиктиги 550 *м*ден (Чүй өрөөнүнүн Камышановка кыштагы туштагы түндүк чет-жакасы) 4895 *м*ге чейин (Кыргыз Ала-Тоосундагы Аламүдүн чокусу). Облустун аймагынын басымдуу бөлүгүн Чүй өрөөнү ээлейт. Андан жогору адырлар жана дөңсөөлөр (айрыкча Бишкек шаары тушта), этек тоолор көтөрүлүп турат. Алардын 1-тилкеси Ала-Арча, Аламүдүн жана Норус сууларынын өрөөндөрү менен тилмеленет, айрым дөңсөөлөр – Беш-Күнгөй (бийиктиги 1150 *м*ге чейин), Бас-Бөлтөк (1400 *м*), Шоро-Башат (1750 *м*) ж. б. жатат. Андан түштүгүрөөк, этек тоолордон бийигирээк этек тоо-дөбө-дөңсөөлөрдүн 2-тилкеси созулуп жатат. Алар 1-тилкеден кеңдик багытта жаткан Байтик өрөөнү менен бөлүнөт. Кыргыз Ала-Тоосунун капталдары асимметриялык түзүлүштө: түштүк капталдары кыска жана тик, түндүгү жазы, айрым айрыктары 20 *км*ге жетип, өрөөн капчыгайлуу; ирилери: Ашмара, Кара-Балта, Ак-Суу, Сокулук, Ала-Арча, Аламүдүн, Ысык-Ата, Кегети, Шамшы, Коңорчок, Байдамтал, Түндүк жана Чыгыш Каракол ж. б.

Чүй өрөөнү чыгышта Кичи Кемин өрөөнүнө өтөт. Чыгышта Иле жана Күнгөй Ала-Тоолорунун аралыгында Чоң Кемин өрөөнү жайгашкан. Аталган тоолор чыгышта бири бирине жакындашып, Кемин-Челек тоо тоомун түзөт. Чоң Кемин өрөөнүнүн чыгышында Көк-Ойрок жайлоосу бар. Ал эми облустун түштүк бөлүгүн Кыргызстандагы ири жайлоолордун бири Суусамыр өрөөнү ээлейт. Ал деңиз деңгээлинен 2000–3200 *м* бийиктикте жайгашкан. Батышы Дубан-Кечүү, борбордук бөлүгү – Суусамыр, чыгышы Батыш Каракол өрөөнү деп аталат.

Кен байлыктарынан алтын (Талды-Булак, Далпраң, Камоо-Төр), темир, титан, хром, никель, коргошун, цинк, сейрек кездешүүчү элементтер (Ак-Түз) бар. Металл эмес кендер да арбын: кум, чопо, мергель, туз, тальк, гранит-сиенит, акиташ теги, мрамор, гранит. кварцит. Тектоникалык жаракаларга тутумдаш жерлерден минералдуу, ысык суулар жер бетине агып чыгат (Ысык-Ата, Аламүдүн, Ак-Суу капчыгайларында).




ЧҮЙ ОБЛУСУНУН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТАСЫ

Түндүгүндөгү түзөң бөлүгүнүн климаты континенттик, кургак, жайы ысык, кышы мелүүн, суук. Июлдун орточо температурасы 17–25°С, январдыкы –7°С. Жылдык орточо жаан-чачыны 270–400 *мм*. Бийик жайгашкан Суусамыр өрөөнүндө июлдун орточо температурасы 13–14°С, январдыкы –20...–21°С, жылдык жаан-чачыны 350–370 *мм*. Тоо капталдарында бийиктеген сайын абанын температурасы төмөндөп, жаан-чачындын (айрым тоолордун түндүккө жана батышка караган капталдарында) өлчөмү арбыйт. Кыргыз Ала-Тоосунда жалпы аянты 520 *км*$^2$ жеткен 582 мөңгү бар, көбү борбордук бөлүгүндө. Ошондой эле Чоң Кемин суусунун башы да мөңгү чордону болуп саналат.

Суулары негизинен Чүй, Нарын дарыяларынын алаптарына кирет. Чүй дарыясы Боом капчыгайынан чыга бергенде ага оң тараптан Чоң Кемин жана Кичи Кемин суулары кошулат. Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталынан Чүйдүн сол куймалары – Шамшы, Кегети, Ысык-Ата, Аламүдүн, Кара-Балта ж. б. суулар агып түшөт. Азыркы кезде алар сугатка толук пайдаланылгандыктан Чүй дарыясына жетпейт. Суусамыр суусу Көкөмеренге куят. Чүй өрөөнүндө ири ирригациялык курулмалар – суу сактагычтар (Төмүч плотинасы, Төмөнкү Ала-Арча ж. б.), каналдар (Чыгыш, Батыш жана Түштүк Чоң Чүй) бар.

Топурак-өсүмдүктөрү бийиктик алкактуулук боюнча ыраattуу таралган. Чүй, Кичи жана Чоң Кемин өрөөндөрүнүн түзөң бөлүктөрүндө, тоо этектериндеги тилкелерде боз жана ачык коңур топурактуу жарым чөл-кургак талаа алкагы басымдуу. Мында табигый өсүмдүктөрдөн шыбак-эфемерлүү жарым чөл, шыбак-дан өсүмдүктүү, бетеге-шыбактуу талаа, саздуу шалбаа, камыш жана бадалдуу (чычырканак, бөрү карагат, ит мурун) жерлер кездешет. Тоо этектерин, жапыз жана орто бийиктеги тоо капталдарынын көп бөлүгүн коңур, кара жана каралжын, күрөң шалбаа топурактуу



Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк этеги.

талаа жана токой-шалбаалуу талаа алкактары ээлейт. Тоо этектеринде негизинен бетегелүү жана түктүү буудайык, дүңүм чөптүү талаа, андан жогору шалбаалуу талаа жана бийик тоо шалбаасы тараган. Күнгөйлөрүндө талаа өсүмдүктөрү, тескейлеринде шалбаа, бадал жана сейрек токой басымдуу. Тоо капталдарынын түндүк беттеринде (1300 *м*ден жогору) бадалдар (ит мурун, табылгы, бөрү карагат ж. б.) өсөт; токой да бар. Кыргыз Ала-Тоосунун капчыгайларында, Чоң Кемин өрөөнүндө карагай, арча, кайың, четин ж. б. өскөн токойлор кездешет. Суусамыр өрөөнүнүн көп бөлүгү коңур жана ачык коңур топурактуу келип, тоолуу талаа ландшафты (бетеге, түктүү буудайык, доңуз сырты, шыбак ж. б. өсүмдүктөр) мүнөздүү, 2400 *м* бийиктиктен жогору субальп шалбаасы жана шалбаалуу талаа башталып, өсүмдүктөрүнүн ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Альп шалбаасы 2800 *м* бийиктиктен башталып, доңуз сырты, ар кыл чөп өсөт. Субальп жана альп шалбааларында негизинен бетеге басымдуу; бадалдардан кодоо четин, ит мурундун айрым түрлөрү, жапалак арча өсөт.

**Калкы.** Чүй облусунда республиканын калкынын 16,0% и жашайт (Бишкек шаарынын калкын кошпогондо). Калктын жайгашуусунун орточо жыштыгы кыйла жогору: 1 *км*$^2$ жерге 38 адам туура келет (республикада бул көрсөткүч 24тү түзөт). Чүй өрөөнү аркылуу батыштан чыгышты карай өткөн Чалдыбар – Бишкек – Балыкчы автомобиль жана темир жол магистралдарын бойлой айылкыштактар жыш жайгашкан.

Шаар калкы (Бишкек шаары кошулбайт) 143 миң (жалпы калктын 18,1%), калган 647,5 миңи (81,9%) айылдарда жашайт. Облустун калкы көп улуттуу: кыргыз, орус, дунган, украин, казак, өзбек, уйгур, немистер ж. б. улуттар. Шаарлары: Токмок (калкы 53,1 миң), Кара-Балта (37,7 миң), Кант (21,5 миң), Шопоков (8,7 миң); шаарчалары: Кемин (8,1 миң), Орловка (6,2 миң), Кайыңды (7,5 миң), Ак-Түз (5,8 миң), Борду (0,1 миң).

Чүй облусунда ири айыл-кыштактар арбын. Алар: Сокулук (24,4 миң адам), Беловодск (21,2 миң), Новопавловка (21,3 миң), Лебединовка (20,7 миң), Новопокровка (19,1 миң), Ивановка (16,0 миң), Александровка (12,8 миң), Аламүдүн (11,7 миң), Төмөнкү Ала-Арча (11,7 миң), Чүй (11,5 миң), Военно-Антоновка (11,3 миң), Ленин (10,4 миң), Ак-Суу (8,2 миң), Панфилов (7,7 миң) ж. б. Облустун жалпы калкынын 30,2% и эмгек курагына жете элек жаштар, 57,6% эмгек курагындагылар, 12,2% и эмгек курагынан өткөндөр. Эмгек курагындагылардын ичинен атайын каттоодон өткөн жумушсуздардын саны 2009-ж. облуста 12,4 миң адамды түзгөн. Облустун калкынын миграциясы: 2009-ж. келгендер 1573, кеткендер – 9 539 адам болгон.

**Чарбасы.** Өндүрүш жана тейлөө ишканалары менчиктештирилип, мамлекеттик монополиянын таасири төмөндөдү. Өндүрүштүк тармактык түзүлүшү өзгөрүп, атаандаштык өсө баштады. 2010-ж. өнөр жай ишканасынын саны 501 болгон, анын 11и тоо-кен, 371и кайра иштетүү, 119у электр энергиясын өндүрүү жана бөлүштүрүү ишканалары.

*Өнөр жайынын* негизги тармактары: тамак-аш, жеңил, курулуш материалдары, машина куруу жана түстүү металлургия өнөр жайлары. Өнөр жай продукцияларынын ичинен тазартылган алтын (Кара-Балта), кабель буюмдары (Кайыңды), айнек, картон, кагаз, жүндөн токулган бут кийимдер (Токмок), шифер жана асбесцемент түтүктөрү (Кант), кум шекер (Кайыңды, Шопоков) облуска гана таандык. Булардан башка облуста электр энергия (Кемин, Аламүдүн райондору), цемент (Кант), байпак (Лебединовка), колбаса, сүт, ун, макарон, жашылча консервалары, жүзүм шараптары ж. б. чыгарылат.

Облустун өнөр жайында өлкөгө белгилүү эң ири өнөр жай ишканалары: Кара-Балтадагы тоо-кен комбинаты мамлекеттик акционердик коому, «Кайыңды кант», «Кант цемент-шифер комбинаты» акционердик коомдору, «Бакай» биргелешкен ишканасы, Кара-Балта шаарындагы «Авторемзавод», Москва районундагы «Аксүт», Токмоктогу «Чүй-Гласс», Кемин районундагы «Химияметаллургиялык комбинаты» акционердик коомдору ж. б.

Облустун экономикасында а й ы л ч а р б а тармагы маанилүү орунду ээлейт. Облуста 13 мамлекеттик чарба, агрофирма, 25 акционердик коом, 94 коллективдүү дыйкан чарба бирикмеси, 40 кооператив жана 30 миңден ашык дыйкан чарбалары иштейт. Айыл чарбасынын адистешкен негизги тармактары: дыйканчылыкта – дан эгиндерин, кант кызылчаны жана анын уругун, беде уругун, ошондой эле жашылча өстүрүү, мал чарбачылыгында – сүт багытындагы уй чарбасы, чочко жана үй куштарын асыроо. Облустун жалпы аянтынын 66,7%и же 1346,7 миң *га* жери айыл чарбага жарактуу жер (2010). Анын 419,3 миң *га*сы айдоо (айыл чарага жарактуу жердин 31,1%и), 14,5 миң *га* мөмө-жемиш ж. б. дарактар (1,1%), 21,2 миң *га*сы чөп чабынды (1,6%), 869,2 миң *га*сы жайыт (64,5%).

2010-жылы облуста 410,9 миң *га* жерге эгин эгилип (республиканын 35,9%и), анын 244,2 миң *га*сын дан эгиндери (республикадагы дан эгиндин 39,0%и), 17,2 миң *га*сын техникалык өсүмдүктөр (18,1%), 44,7 миң *га*сын картошка жана жашылча (34,8%и), 103,0,5 миң *га*сын тоют өсүмдүктөрү (35,3%), калган 1,6 миң *га*сын коон, дарбыз, ашкабак ж. б. өсүмдүктөр ээлеген. Дыйканчылыкта 2010-жылы 612,6 миң *т* дан эгини, 122,9 миң *т*

кант кызылча, 167,1 миң *т* картошка, 331,6 *т* жашылча, 40,6 миң *т* бакча азыктары, 8,7 миң *т* мөмө-жемиш даярдалган.

2010-жылы облустун бардык чарбаларында 235,8 миң бодо мал (республикадагы бодо малдын 18,4%и), анын ичинен 197,9 миң уй (республикадагы уйдун 17,7%и), 531,5 миң кой жана эчки (11,0%и), 46,8 миң чочко (76,3%и), 44,0 миң жылкы (11,8%и), 1582,0 миң (34,9%и) үй кушу асыралып, алардан 78,1 миң *т* эт (41,8%и), 341 *т* сүт (25,1%и), 1,4 миң *т* жүн), 161,8 миң даана жумуртка (43,2%и) өндүрүлгөн. Мал чарба азык-түлүктөрүн негизинен жеке менчик дыйкан-фермер чарбалары жана калктын жеке чарбалары өндүрөт. Алардын эт өндүрүүдөгү үлүшү 95,0%ти, сүттү саап алуудагы үлүшү 97,8%ти, жумуртка алууда 92,0%ти жана жүн кыркууда 98,9%ти түзөт (2010).

Чүй облусунда 270 *км* темир жол (Чалдыбар – Бишкек – Балыкчы) болгонуна карабастан, ички жана тышкы экономикалык байланыш түзүүдө автомобиль транспорту негизги орунда турат. Облустун чегинде автомобиль жолунун жалпы узундугу 3,4 миң *км* болуп, анын ичинен 3,0 миң *км*ине асфальт төшөлгөн. Негизги автомобиль жолдору: Бишкек – Ош, Чалдыбар – Кара-Балта – Бишкек – Токмок – Балыкчы, Бишкек – Кара-Балта – Сосновка – Тунук (Суусамыр өрөөнү), Бишкек – Манас (аэропорт) – Камышановка, Бишкек – Алматы ж. б.

Жүргүнчүлөрдү ташууда аба транспорту да маанилүү орунда; облустун чегинде жайгашкан «Манас» аэропортунан чет өлкөлөргө жана республиканын ичиндеги 40ка жакын шаар жана айылдарга самолёт каттайт. Облустун батыш бөлүгүндөгү шаарларга жана калктуу ири айылдарга Мубарек – Бишкек – Алматы газ куурунун тармактары жеткирилген.

Облуста 2009-ж. 60 бала бакча, 20 медициналык мекеме (калктын 10 миң адамына 47 койка), 7 атайын орто окуу жайы, 23 кесиптик-техникалык окуу жайы, 313 жалпы билим берүүчү мектеп (алардын ичинен 2 балдар үйү, жетим же кароосуз калган балдар үчүн 5 жатак-мектеп), жалпы тарбия берүүчү 4 жеке менчик мектептин үчөө орто, бирөө башталгыч мектеп болгон. Чүй облусунда Шаршен атындагы куудулдар театры, 255 клуб жана маданият үйлөрү, 3191,75 миң нуска китеби бар 224 китепкана иштейт. Облустук 2 гезит (кыргызча, орусча), бир нече райондук гезиттер чыгат.

1991-ж. Чүй облустук телекөрсөтүү жана радиоуктуруу компаниясын ачуу жөнүндө чечим кабыл алынган. «Сары-Өзөн» информациялык-публицистикалык радиоуктуруу программасы биринчи жолу эфирге 1991-ж. 2-декабрда чыккан. Иш күндөрү 30 минутадан, жекшемби күндөрү 1 саат көркөм адабий-музыкалык берүү болот. Облуста жашаган башка улут өкүлдөрү үчүн жумасына 1 жолу (30 минута) берүү бар. 1993-жылдан облустук телекөрсөтүү программа-

сы «Көз ирмемде Сары-Өзөн» деген ат менен чыккан. Жумасына жалпы республика үчүн 30 минута (кыргыз тилинде) көрсөтүү болот.

Облустун жеринин табияты кооз, минералдуу жана жылуу сууларга бай. Алар дарылануучу жана дем алуучу жайларды, туризмди, ошондой эле эл аралык альпинизмди уюштурууга өтө ыңгайлуу. Алардын ичинен Ысык-Ата жылуу суу дарылануу үчүн, Ала-Арча улуттук табият паркы эс алуу жана альпинизм үчүн пайдаланылууда. Булардан башка Кара-Балта, Ак-Суу, Сокулук, Аламүдүн, Кегети, Шамшы, Чоң Кемин ж. б. кооз капчыгайлар туристтер үчүн ыңгайлуу. Облустун чегинде эң байыркы археологиялык эстеликтер – таш доорунун Георгиевка дөбөсү, Аламүдүн тургун жайы, коло доорунун Кайыңды, Жайылма тургун жайлары, сак-усун мезгилине таандык тургун жайлар (Кара-Балта), орто кылымдын археологиялык жана архитектуралык эстеликтеринен Ашмара, Суйаб, Невакет, Баласагын, Ак-Бешим ж. б. шаар чалдыбарлары, ошондой эле түрк этносун чагылдырган балбалдар ж. б. сакталган.

## VIII. 7. 1. Облустун шаарлары

**КАНТ** – Ысык-Ата районундагы шаар (1985-жылдан), райондун борбору (1998-жылдан) 1929-ж. айыл катары негизделген. Бишкек шаарынан 20 км, «Манас» аэропортунан 55 *км*, Бишкек – Балыкчы автомобиль жана темир жолдорунун боюнда; темир жол бекети. Аянты 78,6 *га*. Калкы 21,8 миң (2009). Кант Чүй облусунун өнөр жайлуу борборунун бири. Шаарда 9 ири өнөр жай ишканасы бар: «Кант цемент-шифер комбинаты» акционердик коому, «Абдыш ата», «Кант сүт», «Блиц-1» жоопкерчилиги чектелген коомдору, тажрыйба-ремонт-эксперименттик-механикалык жана нан заводдору, Кант окуу-өндүрүштүк ишканасы, «Даназык», «Кант типография» акционердик коомдору. Шаарда кесиптик-техникалык окуу жайы, 5 орто мектеп, 5 бала бакча, музыкалык мектеп, лицей, китепкана, бейтапкана, оорукана, балдардын кардио-ревматология санаторийи иштейт. Шаардын чегинде бир нече мечит жана 2 чиркөө бар.

**КАРА-БАЛТА** – шаар, Жайыл районунун борбору, темир жол бекети. Чүй өрөөнүндө, Кара-Балта суусунун боюнда, Бишкек – Тараз (Казакстан) – Ташкент (Өзбекстан) автомобиль жолунда, өлкөнүн жана облустун борбору – Бишкек шаарынан 62 *км* батыш тарапта, деңиз деңгээлинен 780 *м* бийиктикте жайгашкан. 1975-ж. Кара-Балта шаары, Кош-Тегирмен шаарчасы менен Калинин кыштагынын бир бөлүгүнүн кошулушунан пайда болгон. Аянты 320,1 *га*. Калкы 37,7 миң (2009); кыргыз, орус, украин, өзбек, немис, казак ж. б. улуттар жашайт. Кара-Балта Чүй облусунун батыш бөлүгүндөгү ири өнөр жай түйүнү. Облуста өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын 67,5% и Кара-Балта шаарына таандык. Шаарда 11 орто, 2 баштал-

гыч, 2 жатак мектеп, музыкалык жана спорттук мектеп, 2 кесиптик лицей, тамак-аш жана медициналык окуу жайлары, Техникалык университеттин филиалы, Чүй унверситетинин окуу-консультациялык пункту, Хизрети Осмон атындагы Ислам дини боюнча жогорку окуу жайы, христиандардын диний окуу мектептери, 3 бейтапкана (анын бири тишти дарылоочу), 2 оорукана, 2 санитария-эпидемиологиялык станция, 2 маданият үйү, китепкана, музей, 2 кинотеатр иштейт. Мечиттер жана чиркөөлөр бар.

**ТОКМОК** – Чүй өрөөнүндөгү Бишкектен кийинки 2-ири шаар; ал (1867-ж.) Токмок уездинин борбору катары шаар статусун алган. Кыргызстандын өнөр жайлуу ири шаарларынын бири жана темир жол бекети. Чүй дарыясынын сол жээгинде, Чалдыбар – Бишкек – Балыкчы темир жана автомобиль жолдорунун боюнда, өлкөнүн борбору Бишкек шаарынан 60 *км*, «Манас» аэропортунан 90 *км* чыгыш тарапта жайгашкан. Аянты 5,6 миң *га*. Калкы 53,2 миң (2009); көп улуттуу: кыргыз, орус, дунган, өзбек, казак, уйгур ж. б. Жалпы калктын 30,3% и эмгек курагына чейинки жаштар (16 жашка чейинкилер), 12,5% и эмгек курагынан өткөндөр, 53,3% и эмгек курагындагылар. Эмгек курагындагылар негизинен өнөр жай, курулуш, транспорт, байланыш, соода, коммуналык ишканаларында, базарларда жана өздүк үй чарбаларында иштейт.

Токмоктун аймагын биздин заманга чейин сактар, андан кийин усундар, кийинчерээк көчмөн түрк уруулары, анын ичинен кыргыздар мекендеген. Токмок шаары жайгашкан аймак байыркы жана орто кылымдардагы тарыхый эстеликтерге бай. Чүй (анын ичинен Токмок) аркылуу Улуу Жибек жолунун бир тармагы өтүп, бул аймакта өнүккөн ири шаарлар пайда болгон. Кийинки кылымдардагы монголдордун, жунгарлардын жана кокон хандыгынын баскынчыл жортуулдары кыргыз элинин тайманбас каршылыгына дуушар болгонуна карабастан мындагы шаарлар акырындап жок болгон. 19-кылымдын 1-жарымында Кокон хандыгынын аскерлери Чүй өрөөнүн басып алып, эски урандылардын ордуна 1825-ж. Токмок чеби курулган.

1860-жылы Россия империясынын аскерлери Токмокту басып алып, 1862-жылы орус чебин негиздеген. 1866-жылы ал чеп Токмок уездинин борбору катары шаар статусун алган. 1878-жылы Токмокту суу каптап, көп үйлөр бузулган; ошол себептен уезддин борбору Бишкекке көчүрүлүп, Токмок болуштуктун борбору болгон.

Шаарда 1870-жылы 1-башталгыч мектеп орус тилинде ачылган. 1897-жылы 2 класстан турган орус жергиликтүү мектеби ачылып, анда орус, кыргыз, өзбек, татар, дунган балдары окуган. Шаарда почта, телеграф түйүндөрү, почта бекети болгон. 20-кылымдын башында мындагы оокаттуу татарлар «экбал» деп аталган жаңы ыкмадагы мектеп (медресе деп да аталган) ачкан. Бул мектепте

жылына 200дөн ашуун кыргыз балдары билим алып, кээ бирөөлөрү Казань, Уфа шаарларынан окуусун уланткан. 1914-жылы кыздар үчүн орус жергиликтүү мектеби иштей баштаган.

1932–33-жылдары мында Памир курулуш мастерскоюнун базасында кийинки № 2 авторемонттоо заводу негизделген. 1935-жылы кыргыз транспорт конторасы пайда болгон. 1934–35-жылдары кендир-кенеп заводу курулган. Бул завод Чүй өрөөнүндө кенеп өстүрбөй калганына байланыштуу 60-жылдарда жоюлган. 1938-жылы Бишкек – Токмок темир жол тармагы курулуп бүткөн. Согуш мезгилинде шаарда кант заводу, 1966–70-жылдары жүн ылгоо фабрикасы, 1971–75-жылдары 4 ири өнөр жай ишканасы (айнек, темир-бетон, сүт заводдору жана эт комбинаты) ишке киргизилген. 1986–90-жылдары шаарда карапа заводу, дан продуктулар комбинаты ж. б. өнөр жай ишканалары курулган.

Жеңил, тамак-аш, ун тартуу, дан азыктарын жана жем кошулмаларын чыгаруу, машина куруу, автомобилдерди жана айыл чарба шаймандарын оңдоо, курулуш материалдарын чыгаруу ж. б. өнөр жай тармактары шаардын жалпы өнөр жайы өндүргөн товардык продукциясынын 70%тен ашыгын чыгарат.

Токмок шаарында Кыргыз Республикасындагы бирден бир жана эң ири ишканалары – жүндү жууп ылгоо, жүндөн жип ийрүү, жүндөн чокой жана кийиз жасоочу фабрикалар жайгашкан. Тамак-аш өнөр жайынан республикадагы эң ири эт комбинаты, сүт заводу, жашылча консерваларын чыгаруучу бирикме, ич май сызгыруучу комбинат, ун тартуу өнөр жайынан дан азыктарын чыгаруучу Чүй, Токмок комбинаттары, курулуш материалдар өнөр жайынан таш кесип жылмалоочу жана темир-бетон, кыш заводдору, башка тармактардан кагаз картонун жасоочу фабрика, айнек заводу ж. б. ишканалар иштеген. Машина куруу жалпы өнөр жайдын маанилүү тармагы болгон. Шаарда Түштүк Кореянын «Голдстар» фирмасы менен бирдикте республикада биринчи болуп телевизор жасоону өздөштүргөн белгилүү радио заводу жана автомобилдерди оңдоочу өндүрүш бирикмеси болгон. Бул өндүрүштүк бирикме автомобилдерди, тракторлорду, айыл чарба шаймандарын оңдоп, 1990-жылдан «Тарз» деген ат менен чакан маркадагы автобустарды чыгарып турган. Республикадагы чыгарылган телевизорлор, автобустар, жуулуп ылганган жүн, андан ийрилген жип жана жүндөн жасалган бут кийимдер, картон кагаздары, курулуш айнектеринин дээрлик бардыгы (100%и) Токмок шаарынын өнөр жай ишканаларынын үлүшүнө таандык болгон. Шаардын өнөр жай ишканалары чыгарган продукциялар Чүй облусунун керектөөлөрүн камсыз кылуу менен республиканын башка аймактарына, ошондой эле чектеш өлкөлөргө дагы сатылып турган.

1991-жылдан, баштап Токмок шаарында эконмикалык реформа жүргүзүлүп, чарба тармактарында көп өзгөрүүлөр болуп, түрдүү формадагы менчик ишканалар, мекемелер, уюмдар жана коомдор пайда болду. Экономиканы рыноктук мамилеге өткөрүү реформасы өлкөнүн башка аймактарындагыдай эле Токмок шаарында дагы өнөр жай өндүрүшүнүн жана калкты тейлөө кызматынын кыйла төмөндөшүнө алып келди. Айрым өнөр жай ишканалары иштебей, кээ бирлери чакан жана майда ишканаларга бөлүнүп кетти. Токмок шаарындагы ишканалардын төртөө Кыргызстандагы эң ири ишканалар: «Интер-Гласс» жоопкерчилиги чектелген коому (баштагы айнек заводунун ордуна 2002-жылы кайра иштей баштаган), «Касиет», «Акбула» жана «Радиозавод» акционердик коомдору. 2002-жылдан баштап Кытай мамлекети менен биргелешип курулган кагаз фабрикасы ишке киргизилген, «Чүйгласс», «Азаталко», «Токмок-жашылча жемиш» ж. б. орто, чакан жана биргелешкен өнөр жай ишканалары иштей баштаган.

Шаарда 11 орто, толук эмес орто мектеп, 2 лицей, музыкалык жана спорт мектептери, 3 бала бакча, 6 медициналык мекеме, маданият үйү, музей, 3 китепкана, кинотеатр, Борбордук Азия эл аралык университети, Бишкектеги жогорку окуу жайлардын 3 филиалы, 3 орто окуу жайы (Республикалык маданий агартуу, Токмок медициналык окуу жайлары, Токмок айыл чарбасын механизациялаштыруу жана электрлештирүү техникуму) бар. Кыргыз тилинде «Баласагын оттору», орус тилинде «Наша жизнь» аттуу гезиттер чыгат.

**ШОПОКОВ** – Сокулук районундагы шаар (1985-жылга чейин Краснооктябрский шаарчасы). Райондун борбору Сокулук кыштагынан 5 *км*, өлкөнүн жана облустун борбору Бишкек шаарынан 20 *км*, «Манас» аэропортунан 45 *км* аралыкта, деңиз деңгээлинен 760 *м* бийиктикте, Бишкек – Тараз (Казакстан) – Ташкент (Өзбекстан) автомобиль жолунун жана Чалдыбар – Кара-Балта – Бишкек – Балыкчы темир жолунун боюнда жайгашкан. Аянты 529,9 *га*. Калкы 8,7 миң (2009); көп улуттуу: кыргыз, орус, украин ж. б. Шаарда «Кыргызторгмаш» жабык типтеги акционердик коому (ЖТАК), «Кошой», «Шопоков даназык», «Эмгекчил», акционердик коомдору, «Ала-Тоо», «Тотонсут» жоопкерчилиги чектелген коомдору ж. б. онго жакын өнөр жайы ишканасы, 3 кичи тегирмен бар. Шаарда кесиптик лицей, 2 орто мектеп гимназия, 2 клуб, китепкана, музей, бейтапкана, 2 оорукана, 3 дарыкана, 3 мончо, бар. Шаар, Москваны коргогон 28 Панфиловчу жоокерлердин бири, ушул жердин кулуну Советтер Союзунун Баатыры Дүйшөнкул Шопоковдун ысымынан аталган.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Чүй облусунун географиялык орду, жаратылыш байлыктары жөнүндө эмне билесиңер?

2. Кыргыз Республикасынын өнөр жай өндүрүшүндө Чүй облусунун ролун мүнөздөп көрсөткүлө. Чүй облусунун айыл чарбасынын адистештирилиши жөнүндө айтып бергиле.

3. Чүй облусунун калкынын жана эмгек ресурстарынынн өзгөчөлүгү эмнеде?

4. Чүй облусунун шаарларын, шаарчаларын атагыла жана алардын белгилүү өнөр жай ишканалары кайсылар?

5. Контур картага Чүй өрөөнүнүн өнөр жай борборлорун түшүргүлө.

## VIII. 8. ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

**Ысык-Көл** облусу Кыргызстандын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Облус 1939-жылы түзүлгөн. 1959-жылы жоюлуп, кайра 1970-жылы уюшулган. 1988-жылы Нарын облусу менен биригип, 1990-жылы алар кайра бөлүнгөн. Борбору – Каракол шаары. Курамында 5 район (Ак-Суу, Жети-Өгүз, Тоң, Түп, Ысык-Көл), 3 шаар, 5 шаарча, 57 айыл округу жана 171 кыштак бар. Түндүгүнөн жана түндүк-чыгышынан Казакстан, чыгышынан жана түштүк-чыгышынан Кытай, батышынан жана түштүк-батышынан Нарын, түндүк-батышынан Чүй облустары менен чектешет.

Аянты 43,1 миң *км*² (республиканын аянтынын 21,6%). Калкы 425,1 миң (2009); республиканын калкынын 8,4%и.

*25-таблица*


**Ысык-Көл облусунун администрациялык-аймактык бирдиктери (2009)**

| Адм.-айм. бирдиги | Негизделген жылы | Аянты, миң *км*² | Калкы, миң |
|---|---|---|---|
| Райондору | | | |
| Ак-Суу | 1973 | 10,1 | 62,5 |
| Жети-Өгүз | 1930 | 14,1 | 79,3 |
| Тоң | 1936 | 6,0 | 48,9 |
| Түп | 1934 | 8,1 | 56,4 |
| Ысык-Көл | 1930 | 4,8 | 75,0 |
| Шаарлары | | | |
| Балыкчы | 1871 | 2,8 миң *га* | 39,1 |
| Каракол | 1869 | 4,8 миң *га* | 63,7 |
| Чолпон-Ата | 1930 | 1,8 миң *га* | 10,3 |
| Шаарчалары | | | |
| Ак-Булак | 1961 | – | 1,1 |
| Жыргалаң | 1930 | – | 1,0 |
| Кажы-Сай | 1960 | – | 4,2 |
| Пржевальск пристаны | 1944 | – | 2,7 |
| Орто-Токой | 1947 | – | 0,5 |

**Табияты.** Облустун аймагы негизинен 2 бөлүктөн турат: Ысык-Көл ойдуңунан жана Ысык-Көл сыртынан (түндүгүнөн Тескей Ала-Too, түштүгүнөн Какшаал-Тоо менен чектелген күдүрлүү кенен аймак). Рельефи жалпысынан татаал. Ысык-Көл ойдуңу түндүктөн Күнгөй, түштүктөн Тескей Ала-Тоолору менен курчалган. Алар өрөөндүн чыгышы менен батышында бири-биринен жакындашып, тоо аралык туюк мейкиндикти пайда кылат. Ысык-Көл батышындагы Боом капчыгайы аркылуу Чүй өрөөнү менен туташат. Чоңдугу жагынан Ысык-Көл ойдуңу Орто Азияда Фергана ойдуңунан кийинки 2-орунда. Анын борбордук бөлүгүн Ысык-Көл ээлейт. Көл түздүктөр менен курчалган. Ичке жээк тилкелерин кум каптап жатат, майда жумуру таштар, камдашкан кумдук, саздак жерлер да кездешет. Тескей Ала-Тоонун түштүгүндө деңиз деңгээлинен кыйла көтөрүңкү, климаты катаал плато сымал түздүктөр – сырт жайгашкан. Облустун аймагындагы кырка тоолор негизинен кеңдик багытта созулат. Эң чыгыш бөлүгүндө алар бири бирине жакындашып, Кан-Теңир (Муз-Too) тоо тоомун пайда кылат. Мында жалпы Теңир-Тоонун эң бийик жери – Жеңиш чокусу (бийиктиги 7439 *м*) жайгашкан.

Кен байлыктарынан алтын (Ак-Шыйрак кырка тоосундагы Кум-Төр кени, алтындын запасы 716,9 *т*, Тоголок, Жаңгарт, Көөлү, Эчкили-Таш), калай, вольфрам (Сары-Жаз суусунун өрөөнүндөгү Трудовой, калайдын запасы 149 миң *т*, вольфрамдыкы 95 миң *т*; Үч-Кошкон калай кениники 60,7 миң *т*); коргошун (Эки-Чат – 98,8 миң *т*), күмүш, уран (Сары-Жаз); полиметалл (Жыргалаң полиметалл кендер тобу); комплекстүү уран-молибден-ваннадий кендери, көмүр (Жыргалаң – 2235 миң *т*), Сөгөттү (11 млн *т*), цемент даярдоого жарактуу акиташ теги (Күрмөнтү), айнек куму ж. б. курулуш материалдарынын кендери бар. Дарылык касиети бар көптөгөн минералдуу ысык булактардын базасында Жети-Өгүз, Жыргалаң, Ак-Суу, Чолпон-Ата «Көгүлтүр Ысык-Көл», Тамга, «Кыргыз деңизи» ж. б. бальнеологиялык курорт, санаторийлер иштейт. Облуста дары баткактын ири кендери – Кызыл-Суу, Тамга, Жыргалаң, Күрмөнтү, Кара-Ой, Чолпон-Ата, Чок-Тал, Улаколдо табылган.

Климаты бийиктик алкактуулукка байланыштуу. Курчап турган кырка тоолор муздак абанын өрөөнгө киришине тосқоолдук кылат. Ошондой эле көлдүн жыл бою тоңбогон суусу өрөөндүн климатын жумшартып, Теңир-Тоодогу башка тоо аралык өрөөндөрдүкүнөн өзгөчөлөнүп турат. Көлдүн жээк зонасында жайы салкын, июлдун орточо температурасы 18°Сге жакын. Кышы жумшак, түштүк жана түндүк жээктеринде январдын орточо температурасы –2°С, батыш бөлүгүндө –4°С, чыгышында –10°Сге чейин. Жылдык орточо температурасы 6–7°Сдей, максимуму (мүмкүн болгон максималдуу температура) 27–30°С, минимуму –12...–18°С.




ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КАРТАСЫ



Кум-Төрдөн алтын өндүрүү.

Өрөөндүн батышынан Улан, чыгышынан Санташ шамалдары соогот. Эң катуу шамал – Уландын ылдамдыгы 25–30 *м/сек*га жетет. Улан менен Санташ бир убакта согуп, бири-бири менен беттешсе, көл үстүндө катуу толкунду пайда кылат. Көл жээктерине бриз шамалдары мүнөздүү.

Батыштан келген аба агымынын басымдуу болушу өрөөндүн батышы менен чыгышына жааган жаан-чачындын чоң айырмачылыгын пайда кылат. Өрөөндүн батышында жайгашкан Балыкчы шаарынын айланасында жылына 110 *мм* (Кыргызстандагы эң кургакчыл жер), чыгышында Түп аймагында 569 *мм* жаан-чачын жаайт. Чыгыш бөлүгүндө кар көп түшөт. Өрөөндүн батыш бөлүгүнүн жазы салкын, жайы ысык, күзү узак, кышы суук, кар жаабайт.

Ысык-Көлдүн сырты кескин континенттик кургак, катаал климаты менен айырмаланат. Жылдык орточо температурасы 3°Сден –7°Сге чейин. Кышы узак, январдын орточо температурасы –21°С (–40°Сге чейин аяз болот). Жайы кыска, салкын (абанын орточо температурасы 7°С). Көп жылдык тоң менен катар айрым жерлерде топурактын мезгилдүү тоңушу да байкалат. Сырттарда жылдык жаан-чачын 200–300 *мм*, негизинен кар түрүндө (жай мезгилинде да) жаайт. Аязсыз күндөр чанда болот.

Күнгөй Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүн жалпы аянты 221 $км^2$, Тескей Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүн аянты 1081 $км^2$ди түзөт. Күнгөй Ала-Тоодогу мөңгүлөрдүн көбү Чоң Ак-Суунун өрөөнүндө топтолгон. Тескей Ала-Тоонун көп сууларынын (Ак-Сай, Тоң, Тосор, Барскоон, Жууку, Чоң Кызыл-Суу, Жети-Өгүз, Каракол, Ак-Суу, Түргөн Ак-Суу) башталышында мөңгүлөр бар. Муз каптоонун эң ири очогу жана ири мөңгүлөр Кан-Тоо жана Жеңиш чокуларынын аймагында. Мында мөңгүлөрдүн жалпы аянты 1517 $км^2$ден ашат. Ири мөңгүлөрү: Түштүк Эңилчек (аянты 613,3 $км^2$), Кайыңды (107,5 $км^2$) ж. б.

Суулары кар-мөңгүдөн куралып, Ысык-Көл, Сыр-Дарыя, Тарим, бир аз бөлүгү Чүй (батышта) жана Иле (чыгышта) дарыяларынын алаптарына кирет. Көлгө 118 агын суу жана мезгили менен аккан өзөндөр куюп, андан бир да суу агып чыкпайт. Батыш бөлүгүнүн суулары чакан, чыгышындагы суулардын чыгымы 6–8 *м*³/*сек*дан 10–20 *м*³/*сек*га чейин көбөйөт (Түп, Жыргалаң). Ири суулары: Жыргалаң (узундугу 250 *км*), Түп (120 *км*), Каракол, Түргөн Ак-Суу, Чоң Ак-Суу, Жети-Өгүз, Жууку, Чоң Кызыл-Суу, Барскоон ж. б. сугатка пайдаланылат. Өрөөндүн батыш бөлүгүнөн Чүй дарыясы, чыгышынан Каркыра суусу (Иле суусунун алабы) агып өтөт. Ысык-Көлдүн сыртынан Нарын жана Сары-Жаз суулары башталат. Облустун аймагында дүйнөдөгү тоо көлдөрүнүн ирилеринин бири – Ысык-Көл жайгашкан.

Өрөөндүн түздүгүндө батыштан чыгышка карай таштуу бозомук күрөң, агыш күрөң, күңүрт кара коңур, кара топурактар таралган. Сырттарда бийик тоолуу, чөлдүү талаа жана талаа, чала чым көңдүү, такырлуу, тундра жана начар өөрчүгөн таштуу топурактар басымдуу.

Өсүмдүктөрдүн таралышы бийиктик алкактуулук мыйзам ченемине байланыштуу. Облустун батышында жээк түздүктөрдөгү чөлдүү алкактан башталып, жогору жагында жарым чөл жана шалбаалуу талаага өтөт, чыгышында төмөнтөн жогору карай токой-шалбаалуу талаа алкагы жайгашкан. Андан жогору бардык жерде субальп, альп жана гляциалдык-нивалдык алкактар жатат.

Батышындагы чөлдүү алкакта (1700–2200 *м* бийиктикте) учтуу күүдүрөк, Теңир-Тоо шыбагы, чекенде, көп жалбырактуу төө куйрук формациясы басымдуу. Жарым чөл алкагы 2500 *м* бийиктикке чейин жетет. Мында негизинен кавказ ак кылканы жана теңир тоо шыбагы өсөт. Бадалдардан төө куйрук басымдуу. Түздүктүн чыгыш бөлүгүн талаа алкагы ээлейт. Мында дан өсүмдүк-бетегелүү талаа, чыгышында түркүн чөп-дан өсүмдүктүү талаа менен алмашат. Шалбаалуу талаа алкагы өрөөндүн батышында тоонун бийик этектери менен орто бийиктиктеги тоолордун көлөкөлүү капталдарында, чыгышында түздүктөрдө жайгашкан. Бул алкакта чымдуу талаанын дан өсүмдүктөрү – бетеге, кыргыз ак кылканы же чөл сулуусу, түркүн чөптөр жана мезофилл тибиндеги дан өсүмдүктөрү менен аралаш өсөт. Андан жогорку токой-шалбаа-талаа алкагы жайгашкан. Токой өсүмдүктөрү карагай менен бадалдардан турат. Алардын арасында түркүн чөптүү дан өсүмдүктөрү өсөт. Тескей Ала-Тоонун токойлору парк тибине кирет: карагайлар жалгыздап же топ-топ болуп өсөт. Субальп алкагынын төмөнкү чеги өрөөндүн батышы менен чыгышында болжол менен бирдей бийиктикте (3000–3200 *м*) жатат. Мында бийик тоолуу түркүн чөп-бетеге-шалбаалуу талаа, ыраң-доңуз сырты жана дан өсүмдүктүү, түркүн чөптүү шалбаа

басымдуу. Альп алкагында (3400 *м*ден жогору) кыска чөптүү альп шалбаасы басымдуу, бадал өсүмдүктөрү өспөйт. Нивалдык алкакта аскалуу кырлар, корум, морена, кар-мөңгү жатат. Ысык-Көлдүн жээгин бойлой суулардын жайылмаларында камыш, агростис, ыраң жана жапайы арпалуу шалбаа, каксоо жерлерде чычырканак, бөрү карагат, ит мурун, чий өсөт.

Облустун сыртында шыбак-бетегелүү тоолуу талаа, ыраң-доңуз сырттуу шалбаа басымдуу; мамык чөп, эңилчек кездешет. Суунун жайылмаларында табылгы, чычырканак, кайың өсөт.

**Калкы.** Облустун калкы (2009-жылдын башында 419,7 миң) республиканын калкынын 8,4%ин түзөт; анын 123,8 миңи шаарда (жалпы калктын 29,5%), 295,9 миңи (70,5%) айыл-кыштакта турат. Көп улуттуу, көбү кыргыздар (79,4%), калгандары орус (13,2%), украин (0,6%), казак (1,7%), өзбек (0,8%), татар (0,7%), уйгур (0,1%), дунган (0,7%) ж. б. Бир *км*$^2$ жерге 10 адам (республикада 27) туура келет, ал эми Ысык-Көл ойдуңунда, айрыкча анын чыгыш бөлүгүндө бул көрсөткүч 45–60 адамга жетет. Шаарлары: Каракол (калкы 2010-жылы 66,2 миң), Балыкчы (42,3 миң), Чолпон-Ата (10,5 миң); шаарчалары: Кажы-Сай (4,2 миң), Пржевальск пристаны (2,9 миң), Жыргалаң (1,0 миң), Ак-Булак (1,0 миң), Орто-Токой (0,5 миң). Калк көп жашаган ири кыштактары: Кызыл-Суу (калкы 12,1 миң), Теплоключенка (10,8 миң), Бөкөнбаев (10,6 миң), Түп (9,8 миң), Ананьев (7,9 миң), Бостери (7,4 миң), Барскоон (6,9 миң), Саруу (6,1 миң), Даркан (6,4 миң), Григорьевка (5,1 миң). Жалпы калктын 32,6%ин (142,9 миң адам) эмгек курагына жете элек жаштар, 58,0%ин (254,3 миң) эмгек курактагылар, калган 9,4%ин (41,1 миң) эмгек жашынан өткөндөр түзөт.

**Чарбасы.** Ысык-Көл облусу республикада экономикалык жактан орто деңгээлде өнүккөн, табигый шарты жана байлыктары менен өзгөчөлөнүп турган аймак. Аймактын башкы байлыгы – тоңбогон Ысык-Көл, анын деңиз суусуна каныккан жагымдуу абасы, көл жээгиндеги куму, көптөгөн жылуу жана минералдуу суулары, ошондой эле дартка даба болуучу ылайлары, көл жээгинде курулган санаторийлер, келечектүү курорттук жана рекреациялык ресурстары. Азыр облуста «Көгүлтүр Ысык-Көл», «Чолпон-Ата», «Ысык-Көл», «Жыргалаң», «Жети-Өгүз», «Тамга», «Ак-Суу» ж. б. санаторий-курорттор (бардыгы 28) менен катар көптөгөн эс алуу үйлөрү (226), пансионаттар, балдардын эс алуу лагерлери, туристтик жана альпинисттик базалар иштеп, аларда жылына жарым миллиондон ашык киши эс алып, дарыланат.

Облуста рекреация чарбасы (эс алуу жана дарылануунун уюштуруу), анын ичинен туризм келечекте экономикасынын негизги, адистешкен тармагына айланып, көл кылаасы дүйнөлүк деңгээлдеги курорттук аймак болууга мүмкүнчүлүгү бар. Ал үчүн

бул жерде жаратылыштын кооздугу жана байлыгы жетиштүү. Өнөр жай, айыл чарба, курулуш, транспорт ж. б. экономикалык тармактар келечекте облустун рекреациялык комплексин тейлөөгө ылайыкташып өнүктүрүлмөкчү.

Чет өлкөлүк инвестицияларды таап, өндүрүшкө жаңы технологияны киргизип, аймактын экономикалык жана социалдык деңгээлин жогорулатуу үчүн облустун борборунда 1994-жылы Каракол эркин экономикалык аймагы (ЭЭА) уюшулган. «Каракол» ЭЭАга кирген ишканалар эл керектөөчү товарларды чыгарууда жана аларды сатууда, айыл чарба сырьёлорун кайра иштетүүдө жана туристтик жүрүштөрдү уюштурууда белгилүү бир деңгээлде иш аткарышканына карабастан бул ЭЭА облустун экономикасынын өсүшүнө кошкон салымы азырынча чектелүү.

Өнөр жайдын алтын казуудан башка негизги тармактарына тамак-аш, ун тартуу жана жем чыгаруу, курулуш материалдары, отун өнөр жайы кирет. Алар чыгарган негизги продукциялары: көмүр, электр плиткалары, электр жылыткычтар, цемент, мал майы, быштак жана сүзмө, арак жана спирт ж. б. Ири өнөр жай ишканалары: Балыкчыдагы «Ысык-Көл даназык», «Алтын дан» ачык акционердик коомдору, «Озеро», «Төштүк – Каракол» жоопкерчилиги чектелген коомдору, «Темир-бетон», «Каухар-Таш», «Ак-Кеме» (кеме куруу заводу), «Ак-Жылга», «Жыргалаң-шахтасы», «Улан», «Күрмөнтү цемент» ачык акционердик коомдору.

Облуста тоо-кен өнөр жайынын келечеги кең: Сары-Жаз дарыясынын алабында алтын, калай, жез, коргошун, полиметалл, вольфрам, тантал, ниобит, молибден ж. б. металлдардын кендери табылган. Сары-Жаз калай кенинин базасында «Тяншань калай» кен ылгоо комбинаты иштейт. Ал жылына 50 млн *т* кен казып, андан концентрат алып, аны Россиянын Новосибирск шаарына жөнөтүп турат. Алтын кенин казып алуучу Кум-Төр комбинаты 1996-жылдын аягынан ишке киришти. Кум-Төр алтын кени облустун Жети-Өгүз районунун сыртында деңиз деңгээлинен 3500–4150 *м* бийиктикте жайгашкан. Кенди «Кум-Төр оперейтингкомпани» биргелешкен ишканасы казып, ылгайт.

Айыл чарба тармагында 2010-жылдын башында 58 дыйкан чарба, 12 айыл чарба кооперативи, акционердик коом жана 28835 жеке дыйкан (фермер) чарба иштеген. Айыл чарба өндүрүшү дыйканчылыкта дан, картошка, мөмө-жемиш өстүрүүгө, мал чарбасында кой, уй, жана жылкы багууга адистешкен. Айыл чарбага жарактуу жери 1602,6 миң *га* (облустун жалпы аянтынын 37,1%и), анын 11,9%и айдоо жер (191,8 миң *га*), 0,6% көп жылдык мөмө-жемиш ж. б. дарактар (9,9 миң *га*), 0,9% чабынды (14,4 миң *га*), 86,4%и жайыт (1384,8 миң *га*).

Облустагы эгиндин жалпы аянты 175,4 миң *га* (республикадагы эгиндин 15,3%и), анын 93,2 миң *га*сы (53,2%и) дан, 32,9 миң *га*сы (18,8%и) картошка, 2,7 миң *га*сы (1,5%и) жашылча, 0,1 миң *га*сы (0,1%и) май берүүчү өсүмдүктөр, 46,2 миң *га*сы (26,4%и) тоют өсүмдүктөрү ээлейт (2010). Мөмө-жемиш бактары 7,9 миң *га* жерди (республиканын 17,7%) ээлейт. 2010-жылы 178,3 миң *т* дан (республикадагы дандын 11,3%), 542,3 миң *т* картошка (40,5%), 43,3 миң *т* жашылча (5,3%) жана 35,6 миң *т* мөмө-жемиш (18,4%) алынган.

Облустун түрдүү менчиктеги бардык чарбаларында 2010-жылы 174,5 миң бодо мал (республикадагы бодо малдын 13,4%и), 686,5 миң кой-эчки (13,6%и), 11,4 миң чочко (19,1%и), 76,0 миң жылкы (20,0%и), 721,1 миң үй куштары (15,2%и) болгон. 2010-жылы 42,1 миң *т* эт (тирүү салмакта; республиканын 22,5%и), 180,3 миң *т* чийки сүт (13,3%и), 1,8 миң *т* жүн (15,5%и), 74,7 млн даана жумуртка (20,0%и) өндүрүлгөн.

Облуста автомобиль, темир, аба жана суу жолдору бар. Автомобиль жолунун жалпы узундугу 6796 *км*, анын 1645 кми эл аралык, 2514 *км*и республикалык мааниде, облустук жана жергиликтүү маанидеги жолунун узундугу 2637 *км*. Жолдун 80%нен көбү асфальт менен төшөлгөн. Негизги автомобиль жолу Ысык-Көлдүн жээгин айланта курулган Балыкчы – Чолпон-Ата – Түп – Каракол – Кызыл-Суу – Бөкөнбаев – Балыкчы (жалпы узундугу 450 *км*) автомагистралы түзөт. Бул жол аркылуу облустун дээрлик бардык калктуу пункттары байланышып, негизги жүктөрү жана жүргүнчүлөрү ташылат. Облустун батышында Балыкчы шаары аркылуу Бишкек – Токмок – Балыкчы – Нарын – Торугарт жолу, чыгышында Түп – Талды-Суу – Кеген (Казакстан) жолдору өтөт. Көлдүн жээгин сырт менен байланыштырып турган Барскоон – Кара-Сай – Ак-Шыйрак – Эңилчек – Каракол автомобиль жолунун алтын, түстүү металл, курулуш материалдар ж. б. кен-байлыктарын өздөштүрүүдө, ошондой эле жайкы жайыттарды пайдаланууда мааниси чоң. Облуста жүк жана жүргүнчүлөрдү ташууда автомобиль транспортунун мааниси зор.

Балыкчы шаарына чейин темир жол жетет. Бул жолдун башка жерлер жана мамлекеттер менен экономикалык байланыш түзүүдө орчундуу мааниси бар. Республиканын башка аймактарынан айырмаланып, облуста суу жол транспорту бар. Негизинен эл чарба жүктөрү ташылат. Суу жол транспортунун келечеги кең.

Аба жол транспорту жүргүнчүлөрдү жана почта жүктөрүн ташууда маанилүү. Каракол шаарында жана Тамчыда аэропорттор бар. Аба жолу Бишкек, Жалал-Абад, Ош, Баткен жана коңшу Өзбекстандын борбору Ташкент жана Казакстандын мурунку борбору – Алматы менен байланыштырат.

Облуста 2 жогорку окуу жайында 9,3 миң студент окуп, 577 окутуучу иштеген. Облустун 6 атайын орто окуу жайында 1791 студент окуп, 211 окутуучу иштешсе, 9 кесиптик окуу жайларында (ПТУ) 2035 окуучу билим алган. Жалпы билим берүүчү 196 мектебинде 92,1 миңдей окуучу окуп, 7471 мугалим иштеген. Облуста 2 жатак-мектеп, сабактарды тереңдетип окуткан 8 мектеп, 2 гимназия, 4 лицей болгон. Жалпы мектептердин көбүндө информатика кабинеттери иштейт. Мектептерде окуулар кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

Облуста 155 китепкана (1559 миң нуска китеп), драма театр (Каракол), бир нече театр, райондук, айылдык маданият үйлөрү, мамлекеттик музейлер Каракол тарыхый-жерге таануу музейи, Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый-маданият корук музейи, Чолпон-Атадагы Казак элинин белгилүү уулу Мухтар Ауэзовдун үй-музейи ж. б. бар. Облустук, райондук жана шаардык бир нече гезит чыгат. 1981-жылдан «Ысык-Көл» радиостанциясы (кыргыз, орус тилинде) иштейт. 1992-ж. алгачкы телекөрсөтүү эфирге чыккан.

Облустук оорукана, 5 борбордук райондук оорукана, үй-бүлөлүк медициналык борбору, 105 фельдшердик-акушердик пункт, 7 санитариялык-эпидемиологиялык станция, 18 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу бар. Чолпон-Ата шаарында «SOS» Кыргызстан балдар айылы, «Алтын балалык» реабилитация борбору уюшулган.

Облуста байыркы археологиялык эстеликтерден палеолит дооруна (биздин заманга чейинки 6–4-миң жылдык) таандык байыркы көчмөндөрдүн аска бетине тарткан сүрөттөрү (Сары-Жаз сыртында, Чолпон-Атада), алгачкы темир доорундагы (биздин заманга чейинки 7–5-кылымдарга таандык), сак-усун көчмөндөрүнүн эстеликтери (Балыкчыдан Чолпон-Атага чейин, Ала-Баш тоосу ж. б.), байыркы буюм-тайым чогундулары (Таштак, Кырчын, Челпек коло буюмдары), байыркы түрк эстеликтеринен 6–10-кылымга таандык балбалдар (Ысык-Көл чөлкөмүнүн бардык аймактарында), шаар чалдыбарлары (Барскоон, Даркан, Тоң, Бар-Булак, Бостери ж. б.) ж. б. сакталган. Археологиялык эстеликтер цивилизациянын өнүгүшүнөн, жергиликтүү уруулардын басып өткөн тарыхый жолунан, көл боюнун Чыгыш, Батыш (Улуу Жибек жолу аркылуу) менен болгон экономикалык жана маданий байланыштарынан кабар берет.

Ысык-Көл облустун зор тарыхый-маданий, жаратылыш жана рекреациялык потенциалы туризм индустриясынын жана дем алуунун өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Негизги рекреациялык объектилери: Ак-Суу – Арашан, Барскоон шаркыратмасы, Жети-Өгүз аскасы, Көк-Жайык, Кырчын, Мерцбахер көлү, Сан-Таш жайлоосу ж. б. Мында 19 туристтик зона бар. Аларда саламаттыкты чыңдоочу көптөгөн мекемелер жайгашкан. Жыйырмага жакын минералдык

жана ысык суу булактары, дары-баткактары бар. Ысык-Көлдө маданий-тарыхый эстеликтеринин мамлекет тарабынан көзөмөлгө алынган 1500 археологиялык эстеликтери катталган.

## VIII. 8. 1. Облустун шаарлары

**БАЛЫКЧЫ** (1954–89-жылдары Рыбачье, 1989–92-жылдары Ысык-Көл, 1992-жылдан Балыкчы деген адепки аты кайтарылган) – Ысык-Көл облусундагы шаар. Ысык-Көлдүн батыш жээгинде, деңиз деңгээлинен 1620–1640 *м* бийиктиктен орун алган. Бишкек шаарынан 175 *км* чыгыш тарапта. Калкы 39,3 миң (2009).

Калкы көп улуттуу: кыргыз (84,5 %тен ашык), орус (10,8%), украин (0,6%), казак (1,9%), уйгур (0,6% ), татар (0,9% ), дунган (0,3% ), өзбек (0,7%) ж. б. (0,6%) жашайт. Эмгек курагындагы калктын көбү өнөр жай ишканаларында, курулушта, транспорт менен байланышта, айыл чарбасында, калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөдө, соодада, материалдык-техникалык жабдуу жана даярдоодо, өндүрүш эмес чөйрөдө эмгектенет. Ысык-Көл облусунун негизги өнөр жай борборунун бири. Ири ишканалары: «Ысык-Көлданазык» ачык акционердик кому, «Калемгер», «Көк-Ойрок» жоопкерчилиги чектелген коомдору, «Алтындан», «Каухар-Таш», «Ынтымак», «Ак-Кеме» ачык акционердик коомдору. Акыркысы Кыргызстандагы суу транспорту үчүн кемелерди куруу жана оңдоо боюнча бирден бир ишкана.

Шаар Кыргызстандагы автомобиль, темир жол жана суу жолдорунун тоому. Балыкчы шаары аркылуу Бишкек – Нарын – Торугарт, Бишкек – Каракол (Күнгөй жана Тескей аркылуу) жалпы мамлекеттик маанидеги автомобиль жолдору өтөт. Ысык-Көл боюнча суу транспорту Балыкчы шаарынан башталат. Кулан (Казакстан) – Бишкек – Балыкчы темир жолунун аяккы пункту, ошондой эле темир жол шаарды Чүй өрөөнү менен байланыштырып жүк жана жүргүнчүлөрдү ташууда маанилүү орунду ээлейт. Балыкчыдагы нефть базасы нефть продукциясын ташып келүү менен Ысык-Көл жана Нарын облустарын күйүүчү-майлоочу май менен камсыз кылат. Шаарда «Кум-Төр оперейтинг компани» ишканасын күйүүчү-майлоочу май менен камсыз кылуучу жаңы нефть базасы курулган. Азыркы учурда оор жүк, көмүр, курулуш материалдарын ж. б. кеме аркылуу ташуу кыскарган. Азыр негизинен көлгө зыян келтирбеген жүктөр ташылат. Шаарда Ысык-Көл жана Нарын облустарын материалдык-техникалык ресурстар менен жабдуучу ири кампалар, базалар дагы бар.

10 жалпы орто билим берүүчү мектеп иштейт, анын 9у орто мектеп, ошондой эле башталгыч мектеп бар. Мектепке чейинки

балдар мекемелеринде 609 бала тарбияланган. Ошондой эле спорт мектеби, үй-бүлөлүк тарбиялык борбор, мектепке чейинки пилоттук мекеме, кесиптик-техникалык окуу жайы, техникум, колледж, 13 китепкана, 6 клуб, балдардын музыкалык мектеби иштейт. Шаардык оорукана, үй-бүлөлүк медицина борбору, стоматологиялык бейтапкана, 1 санитариялык-эпидемиологиялык станция, 3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу бар.

**КАРАКОЛ** – Ысык-Көл облусунун борбору, шаар (1889–1920 жана 1939–91-жылдары Пржевальск шаары). Ысык-Көл ойдуңунун чыгыш бөлүгүндө, Тескей Ала-Тоонун этегинде деңиз деңгээлинен 1690–1825 м бийиктикте жайгашкан. Аянты 48 *км*$^2$. Калкы 63,7 миң (2009); көп улуттуу; негизгиси кыргыздар (54,4% тен ашык), калгандары орус, өзбек, татар, украин, казак ж. б. Шаардын курамына Жыргалаң, Пржевальск пристаны шаарчалары кирет.

Каракол облустун маданий жана өнөр жайлуу борбору. Негизинен тамак-аш, жеңил өнөр жайлары жана энергетикалык машина куруу өнүккөн. Караколдогу көптөгөн ишканалар, комбинаттар ж. б. мамлекеттен ажыратылып, акционердик коомдорго, коллективдүү менчикке ж. б. айландырылган. Жеңил жана тамак-аш өнөр-жайлары: «Төштүк-Каракол» (эт комбинаты) жоопкерчилиги чектелген коому, Ак-Булак акционердик коому, сүт, «Сейил» нан заводдору, пиво жана спирт өндүрүү ишканалары иштейт. Шаарда жеңил өнөр жайынын 2 чакан ишканасы иштейт («Бугу эне» тигүү фабрикасы жана бут кийим булгаары фабрикасы); машина куруу тармагында 3 ишкана болгон, кийин алар дээрлик иштебей калган. Кийин алардын базасында биргелешкен ишканалар, «Улан» жана «Ысык-Көл электро» акционердик коомдору түзүлгөн. Негизинен электр-техникалык буюмдарды (электроплитка ж. б.) чыгарат. Курулуш өнөр жайында 2 ишкана «Темир бетон» жана «Караколташ» акционердик коомдору иштейт.

Шаар Ысык-Көл облусунун бардык калктуу пункттары, ошондой эле республиканын борбору ж. б. аймактары менен автомобиль жолу аркылуу байланышат. Балыкчы темир жол бекетинен 219 *км* (автомобиль жолу боюнча) чыгышта (көл аркылуу 184 *км*), Бишкек шаарынан 386 *км*. Башка негизги жол Түп районунун аймагы аркылуу Түштүк-Чыгыш Казакстанды бириктирип турган Каракол – Бишкек – Алматы автомобиль жолу өтөт, бирок бул жол реконструкциялоого муктаж.

Каракол шаарынын түндүк-чыгышында деңиз деңгээлинен 1700 *м* бийиктикте облустун аэропорту жайгашкан. Каракол аэропортунан Бишкек, Алматы, Жалал-Абад, Ош, Талас ж. б. шаарлар менен гана катташат. Мурда суу транспортунун мааниси зор болгон. Пржевальск пристаны аркылуу Балыкчы темир жолуна маанилүү жүктөр ташылат.

Шаарда 2 кесиптик-техникалык окуу жайы, 4 техникум жана 2 жогорку окуу жайы, 14 жалпы орто билим берүүчү мектеп, анын ичинен лицей жана гимназия, 16 мектепке чейинки балдар мекемеси бар. Драма театр, жер таануу музейи, 5 клубдук мекеме, 20 китепкана, 2 кинотеатр, 12 киноустановка, балдардын музыкалык мектеби бар. Шаарда облустук оорукана, диспансер, анын ичинен кургак учук (туберкулез), 2 стоматологиялык бейтапкана, санитария-эпидемиологиялык станция жана 3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт.

**ЧОЛПОН-АТА** – шаар (1975-жылдан), Ысык-Көл районунун борбору. Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде, деңиз деңгээлинен 1610–1780 *м* бийиктикте жайгашкан. Бишкектен 255 *км* чыгыш тарапта, Балыкчы темир жол бекетинен 80 *км* аралыкта, 1930-жылы негизделген. Калкы 10,3 миң (2009).

Калкы көп улуттуу; негизинен кыргыз, ошондой эле орус, украин, казак, өзбек, уйгур, дунган, тажик ж. б. 20дан ашык улут жашайт. Эмгекке жарамдуу калктын жарымына жакыны курорт, санаторий, эс алуу жайларында, калганы өнөр жай, айыл чарба, курулуш, транспорт менен байланыш, соода жана коомдук тамактанууда ж. б. эмгектенет.

Шаардын экономикасынын негизин курорттук жана өнөр жай тармактары түзөт. Чолпон-Ата сүт комбинаты шаар калкын жана ага жакын жайгашкан калктуу пункттарды тейлейт. Калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинаттары менчиктештирилген. Шаар Ысык-Көл ойдуңунун бардык пункттары, ошондой эле республиканын борбору ж. б. райондору менен автомобиль, Ош, Алматы, Ташкент ж. б. шаарлар менен аба жолдору аркылуу байланышат. Шаарда 3 орто мектеп, 6 мектепке чейинки балдар мекемеси, маданият үйү, 5 китепкана, кинотеатр, балдардын музыкалык мектеби иштейт. Оорукана, 2 амбулатория-бейтапкана, санитария-эпидемиологиялык станция бар. «Ысык-Көл оттору» (кыргыз тилинде), «Огни Иссык-Куля» (орусча) гезиттери чыгат.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Ысык-Көл облусунун жаратылыш шарттарынын жана табигый ресурстарынын өзгөчөлүктөрү?
2. Облустун калкынын өсүү динамикасы жана жайгаштырылышынын өзгөчөлүгү?
3. Экономиканын өнүгүүсү жана өнөр жай курамы?
4. Айыл чарбасына жарактуу жерлердин курамы кандай? Тоют топтоонун булактарына түшүнүк бергиле?
5. Облуста айыл чарба сырьёлорун кайра иштетүүчү өнөр жай тармактарын иликтегиле?
6. Рекреация чарбасын түзүүнүн өзгөчөлүгү жана өнүгүү багыты.
7. Облуста транспорттун өнүгүү өзгөчөлүктөрү кайсылар?

# КЫРГЫЗСТАН ЖӨНҮНДӨ ЭҢ МААНИЛҮҮ МААЛЫМАТТАР

Кара-Кыргыз автономия облусу 1924-жылы 14-октябрда түзүлгөн.

Кыргыз АССРи 1926-жылдын 1-февралынан.

Кыргыз ССРи 1936-жылдын 5-декабрынан.

Эгемендүү Кыргыз Республикасы, Кыргызстан 1991-жылдын 31-августунан.

Борбору – Бишкек шаары (1991-жылдан; 1926-жылга чейин Пишпек; 1926–90-жылдары Фрунзе шаары).

## Географиялык абалы

Кыргызстандын аймагы түндүк жарым шардын эки географиялык алкагында – Түндүк Кыргызстан мелүүн алкактын, Түштүк Кыргызстан субтропиктик алкактын чөл зоналарында жайгашкан.

Республиканын аянты 198,5 миң *км*². Республиканын Казакстан менен чек арасы 1113 *км*ге, Өзбекстан менен 1374 *км*ге, Тажикстан менен 972 *км*ге, Кытай менен 1049 *км*ге созулат.

Республиканын аймагы батыштан чыгышка 925 *км*ге, түндүктөн түштүккө 453,9 *км*ге созулат. Чек арасынын жалпы узундугу 4508 *км*.

## Калкы

Республиканын калкы 5418,3 миң (2009); анын ичинен: шаар калкы 1846,8 миң, айыл калкы 3571,5 миң.

Калктын орточо жыштыгы: 1 *км*² жерге 27,1 адам (2009).

## Ири шаарлардын калкынын саны

(2009-жылы; миң менен)

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек | 865,1 | Каракол | 63,2 | Кара-Балта | 37,7 |
| Ош | 243,2 | Токмок | 53,1 | Нарын | 34,2 |
| Жалал-Абад | 92,1 | Өзгөн | 44,3 | Талас | 32,9 |

## Административдик бирдиктери

(2009-жылга карата)

| | |
|---|---|
| Облустар | 7 |
| райондор (шаар райондорун кошпогондо) | 40 |
| шаарлар | 25 |
| шаарчалар | 28 |
| айыл-кыштактар | 1834 |

## Административдик-аймактык бөлүнүшү

(2009-жылга карата)

| Райондун аты | Райондун борбору | Айыл округу (саны) |
|---|---|---|
| **Баткен облусу**<br>Борбору – Баткен шаары | | |
| 1. Баткен | Баткен шаары | 19 |
| 2. Кадамжай | Пүлгөн кыштагы | 11 |
| 3. Лейлек | Исфана шаары | 8 |

## Жалал-Абад облусу

Борбору – Жалал-Абад шаары

| | | |
|---|---|---|
| 1. Аксы | Кербен шаары | 12 |
| 2. Ала-Бука | Ала-Бука кыштагы | 8 |
| 3. Базар-Коргон | Базар-Коргон кыштагы | 9 |
| 4. Ноокен | Масы кыштагы | 8 |
| 5. Сузак | Сузак кыштагы | 13 |
| 6. Тогуз-Торо | Казарман кыштагы | 4 |
| 7. Токтогул | Токтогул шаарчасы | 11 |
| 8. Чаткал | Каныш-Кыя кыштагы | 2 (+2 шаарча округу) |

## Нарын облусу

Борбору – Нарын шаары

| | | |
|---|---|---|
| 1. Ак-Талаа | Баетов кыштагы | 11 |
| 2. Ат-Башы | Ат-Башы кыштагы | 11 |
| 3. Жумгал | Чаек кыштагы | 10 |
| 4. Кочкор | Кочкор кыштагы | 11 |
| 5. Нарын | Нарын шаары | 14 |

## Ош облусу

Борбору – Ош шаары

| | | |
|---|---|---|
| 1. Алай | Гүлчө кыштагы | 12 |
| 2. Араван | Араван кыштагы | 6 |
| 3. Кара-Кулжа | Кара-Кулжа кыштагы | 11 |
| 4. Кара-Суу | Кара-Суу шаары | 15 |
| 5. Ноокат | Ноокат шаары | 15 |
| 6. Өзгөн | Өзгөн шаары | 17 |
| 7. Чоң Алай | Дароот-Коргон кыштагы | 5 |

## Талас облусу

Борбору – Талас шаары

| | | |
|---|---|---|
| 1. Бакай-Ата | Бакай-Ата кыштагы | 9 |
| 2. Кара-Буура | Кызыл-Адыр кыштагы | 8 |
| 3. Манас | Покровка кыштагы | 5 |
| 4. Талас | Көк-Ой кыштагы | 13 |

## Чүй облусу

Борбору – Токмок шаары

| | | |
|---|---|---|
| 1. Аламүдүн | Лебединовка кыштагы | 17 |
| 2. Жайыл | Кара-Балта шаары | 13 |
| 3. Кемин | Кемин шаарчасы | 10 |
| 4. Москва | Беловодск кыштагы | 12 |
| 5. Панфилов | Кайыңды шаарчасы | 6 |
| 6. Сокулук | Сокулук кыштагы | 19 |
| 7. Чүй | Чүй кыштагы | 10 |
| 8. Ысык-Ата | Кант шаары | 18 |

## Ысык-Көл облусу
Борбору – Каракол шаары

| | | |
|---|---|---|
| 1. Ак-Суу | Каракол шаары | 13 |
| 2. Жети-Өгүз | Кызыл-Суу кыштагы | 13 |
| 3. Тоң | Бөкөнбаев кыштагы | 7 |
| 4. Түп | Түп кыштагы | 12 |
| 5. Ысык-Көл | Чолпон-Ата шаары | 12 |

## Транспорттук жолдордун узундугу
(2009; *км* менен)

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| автомобиль жолу | 40 000 | суу жолу | 200 | темир жолу | 470 |

Куур транспорту – республиканын аймагынан Мурабек – Ташкент – Бишкек – Алматы магистралдык газ кууру өтөт.

Кыргызстандын алгачкы троллейбус жолу 1951-жылы Бишкекте курулган. Кыргызстандын алгачкы телеграф байланышы 1873-жылы Токмок шаарында иштей баштаган.

## Башкы шаарлардын автомобиль жолдору боюнча аралыктары
(*км* менен)

**Кыргызстандын чегинде**

| | |
|---|---|
| Бишкек – Баткен | 908 |
| Бишкек — Ош (Ала-Бел ашуусу, Жалал-Абад шаары аркылуу) | 672 |
| Бишкек –– Жалал-Абад | 572 |
| Бишкек — Нарын (Балыкчы шаары аркылуу) | 310 |
| Бишкек — Каракол (Ысык-Көлдүн түндүк жээги менен) | 400 |
| Бишкек — Талас (Тараз шаары аркылуу) | 395 |
| Бишкек — Кара-Балта | 62 |
| Бишкек — Чолпон-Ата | 254 |
| Бишкек — Ош — Хорог | 1400 |
| Бишкек — Балыкчы — Торугарт | 539 |

**Шериктеш өлкөлөрдүн чегинде**

| | |
|---|---|
| Бишкек — Москва | 3793 |
| Бишкек — Алматы | 244 |
| Бишкек — Астана | 1550 |
| Бишкек — Ашгабат | 1865 |
| Бишкек — Баку (Красноводск шаар аркылуу) | 2749 |
| Бишкек — Чита | 5018 |
| Бишкек — Дүйшөмбү | 1041 |
| Бишкек — Иркутск | 3864 |
| Бишкек — Санкт-Петербург | 4472 |
| Бишкек — Новосибирск | 2014 |
| Бишкек — Омск (Павлодар аркылуу) | 2059 |
| Бишкек — Рига | 4711 |
| Бишкек — Ташкен | 584 |
| Бишкек — Тбилиси (Красноводск шаары аркылуу) | 3333 |

### Республиканын чегинен дүйнөлүк океанга чейинки аралыктар

| Республиканын чеги | Океан | Аралыгы (*км* менен) |
|---|---|---|
| Чыгыш чеги | Тынч океаны | 3830 |
| Батыш чеги | Атлантика океаны | 6530 |
| Түндүк чеги | Түндүк Муз океан | 3380 |
| Түштүк чеги | Инди океаны | 1670 |

### Табиятынын өзгөчөлүктөрү

Кыргызстан — тоолуу өлкө. Анын аймагынын 94,2% тен ашыгы деңиз деңгээлинен 1000 *м*ден жогору, ал эми 71,0% и 2000 *м*ден жана 40,8% и 3000 *м*ден жогору жатат.

Деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2750 *м*

Эң бийик жери — 7439 *м* (Жеңиш чокусу)

Эң чуңкур жери — 401,0 *м* (Лейлек районунун аймагында).

### Орографиялык ири объектилери
(узундугу *км* менен)

| Кырка тоолору | | Ойдуң, өрөөндөрү | |
|---|---|---|---|
| Академик Адышев | 110 | Ак-Сай (Батыш) | 81 |
| Алай | 350 | Ак-Сай (Мүдүрүм) | 80 |
| Алайкуу | 100 | Ак-Шыйрак | 84 |
| Ат-Башы | 140 | Алайкуу | 75 |
| Байбиче | 140 | Арпа | 60 |
| Жаңы-Жер | 104 | Ат-Башы – Кара-Коюн | 150 |
| Жетим | 120 | Балгарт | 54 |
| Жетим-Бел | 102 | Жумгал | 80 |
| Иле Ала-Тоосу | 125 | Исфара-Исфана | 120 |
| Какшаал-Тоо | 582 | Каракол | 97 |
| Курама | 120 | Кара-Кужур | 70 |
| Күнгөй Ала-Тоо | 285 | Кетмен-Төбө | 50 |
| Кыргыз Ала-Тоосу | 454 | Кочкор | 80 |
| Молдо-Тоо | 110 | Көк-Ойрок | 55 |
| Нарын | 120 | Ортоңку Нарын | 170 |
| Пскем | 141 | Сары-Жаз | 90 |
| Сары-Жаз | 113 | Соң-Көл | 60 |
| Талас Ала-Тоосу | 260 | Суусамыр | 150 |
| Тескей Ала-Тоо | 354 | Талас | 140 |
| Түркстан | 300 | Тарагай | 130 |
| Фергана | 206 | Тогуз-Торо | 66 |
| Чаткал | 225 | Фергана | 340 |
| | | Чаткал | 200 |
| | | Чүй | 220 |
| | | Ысык-Көл | 250 |
| | | Чоң Алай | 250 |

### Эң бийик чокулуу кырка тоолору

| Кырка тоо | Чокусу | Деңиз деңг. бийиктиги |
|---|---|---|
| Какшаал-Тоо | Жеңиш чокусу | 7439 *м* |
| Чоң-Алай | Ленин атн. чоку | 7134 *м* |
| Кан-Теңир | Кан-Тоо | 6995 *м* |
| Меридиан | Достук чокусу | 6800 *м* |

## Климаты. Мөңгүлөрү. Суулары

Климаты континенттүү, бийиктик алкактуулукка жараша өтө өзгөрүлмөлүү. Эң жогорку температурасы 45°С (Чүй метеостанциясы), эң төмөнкүсү – 54°С (Ак-Сай метеостанциясы). Жаан-чачын эң мол жааган жер Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталы (Ак-Терек – Каба метеостанциясы) – 1090 *мм*, эң аз жааган жер – Ысык-Көл ойдуңунун батыш чети (Балыкчы) – 144 *мм*. Мөңгүнүн жалпы саны 8208, алардын жалпы аянты 8100 *км*$^2$.

### Ири мөңгүлөрү

| Мөңгүнүн аты | Географиялык абалы | Аянты ($км^2$) | Узундугу (*км*) |
|---|---|---|---|
| Түштүк Эңилчек | Жеңиш, Кан-Тоо чокулары ченде | 632,3 | 60,5 |
| Түндүк Эңилчек | ---» -- | 215,2 | 32,8 |
| Кайыңды | --»--- | 97,2 | 29,0 |
| Корженевский | Чоң Алай кырка тоосунда | 89,4 | 21,5 |
| Петров | Ак-Шыйрак кырка тоосунда | 73,9 | 11,3 |
| Мушкетов | Сары-Жаз кырка тоосунда | 71,3 | 20,5 |

### Ири дарыялары (узундугу *км* менен)

| | |
|---|---|
| Нарын | 535 |
| Чүй | 260 |
| Көкөмерен | 199 |
| Сары-Жаз (Кыргызстандын аймагындагы бөлүгү) | 198 |
| Чаткал | 189 |
| Тар | 172 |
| Талас | 91 |

### Ири көлдөрү

| Көлдүн аты | Аянты ($км^2$) | Тереңдиги (*м*) |
|---|---|---|
| Ысык-Көл | 6236,0 | 668,0 |
| Соң-Көл | 270,0 | 13,2 |
| Чатыр-Көл | 153,5 | 16,5 |
| Сары-Челек | 4,9 | 234,0 |
| Кара-Суу (сол) | 4,2 | 150,0 |

### Ири суу сактагычтары

| Суу сактагычтын аты | Алабы | Көлөмү (млн. $м^3$) | Курулган жылы |
|---|---|---|---|
| Токтогул | Нарын | 19500 | 1974 |
| Капка (Киров) | Талас | 550 | 1975 |
| Орто-Токой | Чүй | 470 | 1957 |
| Күрп-Сай | Нарын | 370 | 1982 |
| Папан | Ак-Буура | 260 | 1981 |
| Төрткүл | Исфара | 90 | 1972 |
| Төмөнкү Ала-Арча | Чүй | 51,2 | 1965 |
| Найман | Абшыр-Сай | 40 | 1965 |

# МАЗМУНУ


Кириш сөз ........ 3

**I. КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ГЕОГРАФИЯСЫ** ........ 4

I. 1. Кыргызстандын географиялык абалы ........ 4
I. 2. Кыргызстандын табияты жана табигый ресурстары ........ 6

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ГЕОГРАФИЯСЫ** ..... 18

Кыргызстандын калкы жана алардын отурукташуусу, эмгек ресурстары

II. 1. Калктын динамикалык өсүүсүнүн өзгөчөлүгү........ 18
II. 2. Калктын табигый өсүүсү ........ 19
II. 3. Калктын курактык жана жыныстык курамы ........ 22
II. 4. Калктын миграциясы ........ 23
II. 5. Калктын жыштыгы ........ 26
II. 6. Калктын улуттук-этностук курамы ........ 29
II.7. Калктын социалдык курамы, эмгек ресурстары жана аларды пайдалануу ........ 34
II. 8. Калктын отурукташуусу, шаар калкы ........ 38
II. 9. Айыл-кыштак калкынын географиясы ........ 43

**III. КАЛКТЫ СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ ЧӨЙРӨСҮ**........ 46

III. 1. Калктын социалдык абалы жана анын өнүгүү келечеги ........ 46
III. 2. Билим берүү тармагы ........ 48
III. 3. Илим жана маданияты ........ 49
III. 4. Саламаттыкты сактоо системасы ........ 52

**IV. АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-АЙМАКТЫК БӨЛҮНҮШҮ. МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ** ........ 54

IV. 1. Административлык-аймактык бөлүнүшү........ 54
IV. 2. Мамлекеттик түзүлүшү ........ 56

**V. КЫРГЫЗСТАНДЫН ЧАРБАСЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ**........ 59

V. 1. **Өнөр жайы** ........ 62
V. 1. 1. Отун-энергетика өнөр жайы ........ 66
V. 1. 2. Тоо-кен өнөр жайы ........ 74
V. 1. 3. Машина куруу жана металл иштетүү өнөр жайы ........ 78
V. 1. 4. Химия өнөр жайы ........ 82
V. 1. 5. Токой, жыгач иштетүү жана целлюлоза-кагаз өнөр жайы.... 86
V. 1. 6. Курулуш материалдар өнөр жайы ........ 88
V. 2. **Айыл чарбасы** ........ 93
V. 2. 1. Жер фондусу жана айыл чарбасына жарактуу жердин структурасы ........ 97
V. 2. 2. Дыйканчылыгы ........ 99
V. 2. 3. Мал чарбасы ........ 107
V. 3. **Айыл чарба продукцияларын жана сырьёлорун кайра иштетүүчү өнөр жайлары** ........ 118
V. 3. 1. Тамак-аш өнөр жайы ........ 119
V. 3. 2. Жеңил өнөр жайы ........ 126
V. 4. **Рекреация чарбасы** ........ 134
V. 4. 1. Туризм ........ 144

V. 5. **Транспорт комплекси** ........ 150
V. 5. 1. Темир жол транспорту ........ 151
V. 5. 2. Автомобиль транспорту ........ 154
V. 5. 3. Аба транспорту ........ 157
V. 5. 4. Суу жол транспорту ........ 158
V. 5. 5. Куур (түтүк) жана асылма канат зым транспорту ........ 160

**VI. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК БАЙЛАНЫШТАРЫ** 161

**VII. ЭРКИН ЭКОНОМИКАЛЫК АЙМАКТАРЫ** ........ 169

**VIII. КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК РАЙОНДОШТУРУУСУ** ........ 172

VIII. 1. Бишкек – Кыргызстандын борбору ........ 173
VIII. 2. **Баткен облусу** ........ 180
VIII. 2. 1. Облустун шаарлары ........ 188
VIII. 3. **Жалал-Абад облусу** ........ 191
VIII. 3. 1. Облустун шаарлары ........ 202
VIII. 4. **Нарын облусу** ........ 211
VIII. 4. 1. Облустун шаары ........ 218
VIII. 5. **Ош облусу** ........ 220
VIII. 5. 1. Облустун шаарлары ........ 229
VIII. 6. **Талас облусу** ........ 234
VIII. 6. 1. Облустун шаары ........ 240
VIII. 7. **Чүй облусу** ........ 242
VIII. 7. 1. Облустун шаарлары ........ 249
VIII. 8. **Ысык-Көл облусу** ........ 253
VIII. 8. 1. Облустун шаарлары ........ 262

**Тиркеме:** Кыргызстан жөнүндө эң маанилүү маалыматтар ........ 265

*Окуу басылмасы*

**Бараталиев Ө., Алымкулова Н.**

# ГЕОГРАФИЯ

## Кыргызстандын экономикалык жана социалдык географиясы

9-класс үчүн окуу китеби

Оңдолуп, толукталып экинчи басылышы


Редактору *А. Мырзаев*
Худ. редактору *И. Васильев*
Картасын чийгендер: *У. Мукамбетов, О. Топбаев*
Корректору *Р. Сакелова*
Техн. редактору *М. Курбанбаева*
Компьютердик калыпка салган *Т. Сандыбаева*

Терүүгө 05.08.2011 берилди. Басууга 06.07.2012 кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x90 1/16.
Көлөмү 17,0 басма табак. Нускасы 66 230. Заказ № 103.

«Инсанат» басмасында даярдалган жана бекитилген сигналдык нускасынан
«ST.art.LTD» ЖЧК типографиясында басылды

«Инсанат» басмасы
720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Ж. Бөкөнбаев көчөсү, 99

«ST.art.LTD» ЖЧК
720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., К. Тыныстанов көчөсү, 199-46


ТАРАЗ
Мерке
Покровка
Маймак
Көк-Ой
Көк-Сай
Кызыл-Адыр
Талас
Бакай-Ата
ТАЛАС
Чат-Базар
МКЕНТ
V
Чаткал
Каныш-Кыя
Токтогул
Жаңы-Базар
Жаңы-Жол
II
Терек-Сай
КАРА-КӨЛ
Кербен
Ала-Бука
ТАШ-КӨМҮР
Кызыл-Жар
Сумсар
МАЙЛУУ-СУУ
Шамалды-Сай
Көк-Таш
Арстанбап
Масы
Базар-Коргон
Кочкор-Ата
Сузак
АНЖИЯН
КОКОН
Сыр-Дарыя
КАРА-СУУ
ФЕРГАНА
Араван
Найман
ОШ
Совет
Эски-Ноокат
Пулгөн
КЫЗЫЛ-КЫЯ
Кадамжай
Чабай
БАТКЕН
Айдаркен
Кара-Кабак
Кара-Мык
Дароот-Коргон

979213